**Абдувалиев Ибраим**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН МОРФОЛОГИЯСЫ

Абдувалиев И.

# Кыргыз тилинин морфологиясы

И. Арабаев атындагы Кыргыз  мамлекеттик университетинин окуу-усулдук бирикмесинин 2008-жылдын 10-июнундагы № 7-чечиминин негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китеби катарында уруксат кылынган (*буйрук № 389-1 2008-жылдын 27-июну*)

Бишкек 2008

ББК 81.2 Ки
А – 13

**Абдувалиев И.**

А – 13 Кыргыз тилинин морфологиясы: «Кыргыз тили жана адабияты» адистиги боюнча жогорку окуу жайлардын | студенттери үчүн окуу китеп. – Бишкек, 2008. – 284 б.

***Пикир айткандар:***

*Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетинин Окумуштуулар кеңеши (төөрагасы доцент **С. Момуналиев**);*

*Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз тил илими кафедрасы (башчысы, профессор **Т. Маразыков**);*

*Жалалабат мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасы (башчысы, доцент **А. Оморов**);*

*филология илимдеринин доктору, профессор **С. Ибрагимов**;*

*педагогика илимдеринин доктору, профессор **Б. Өмүралиев;***

*филология илимдеринин доктору, профессор **Б. Усубалиев.***

ISBN 9967 – 04 – 099 – 8

Азыркы кыргыз тилинин морфология курсу боюнча акыркы жылдарда жазылган илимий изилдөөлөрдүн, окуу куралдардын ынанымдуу тыянактарын эске алуу менен жазылып, кыргыз тилинин сөз жасоо жана сөз өзгөртүү системалары толук камтылды.

А 00000000000 – 00 ББк 00.00 Ки

ISBN 9967 – 04 – 099 – 8 Абдувалиев И., 2008

## Автордон

Азыркы кыргыз тилинин морфологиясы боюнча кңп жылдан бери студенттерге лекция окуп, жыл сайын морфологиянын ар кандай маселелерине арналган курстук жана дипломдук иштерге жетекчилик кылып келем. Окуган лекциялардын негизинде жогорку окуу жайлар щчщн окуу китеп жазып, сорос-кыргызстан фондунун конкурсунда биринчи грантты жеөип алып, окуу китебибиз 1997-жылы жарыкка чыккан (авторлошум - т. Садыков).

Андан кийин да лекцияларымды жыл сайын толуктап жщрщп, 2003-жылы кыргыз тилинин морфологиясы боюнча лекциялар курсун жогорку окуу жайлардын студенттерине окуу курал катары сунуш кылып жарыяладым.

Кыргыз тилинин морфологиясы алгач мектеп окуучулары щчщн К. Тыныстанов тарабынан жазылып, 1934-жылы жарыкка чыккан. Анда морфологиядан тышкары кыргыз тилинин тыбыштык тщзщлщшщ менен сщйлңм курулушуна да кеөири орун берилип, сңздщн тутумдук тщзщлщшщ бир топ тереө талдоого алынган. Сңз тщркщмдңрщн негизинен атоочтор жана этиштер деп эки чоө топко бңлщштщрңт. Алардын ар бирин андан ары тутумдук тщзщлщшщ боюнча топторго ажыратып окутат. Мунун ңзщ кыргыз тилинин морфологиясынын башка тилдердин таасирисиз иштеп чыккандык болуп саналат. К. Тыныстановко чейин щлгщ аларлык же кандайдыр ориентир болорлук окуу китеп же башка эмгек жазыла элек болчу.

Жок жерден жаралган кыргыз тилинин алгачкы морфологиясы эч бир тилдин грамматикасын ээрчибей, ошентип, кыргыз тилинин нукура ички табиятынан келип чыгып жаралган эле. Бирок ал ңзщнщн андан аркы ңнщгщш, толукталыш доорлорун сщргңн жок. Мындай болгондо автор ал китепти бир топ жогорку деөгээлге кңтңрң иштеп чыгып сунуш кылмак. Кыргыз тил илиминин, кыргыз тилинин грамматикасынын тагдырына андай тарых айтылбаптыр. Жарыкка чыккандан щч жылдан кийин Кызыл профессор К. Тыныстановдун китеби пайдалануудан алынып салынып (К. Тыныстанов улутчул катары репрессияга кабылып атылып кеткен эле), андан кийинки жазылган китептер орус тилинин морфологиясынын кщчтщщ таасири менен жазылып келди.

Кыргыз тилинин морфологиясы боюнча жогорку окуу жайлардын студенттери щчщн окуу китеп коллектив тарабынан жазылып, 1964-жылы жарыяланган. 1980-жылы жарыкка чыккан академиялык грамматикада (Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. 1-бңлщк. Фонетика жана морфология) морфология алда канча кеөири чагылдырылган. Ошол эле жылы С. Давлетов, С. Кудайбергеновдордун окуу китеби жаралган (Азыркы кыргыз тили:морфология, - Фрунзе, 1980). Бул китептер азыр китепканаларда бирден-экиден эле калып, библиографиялык сейрек адабияттардын катарына ңтщп кеткен.

Анын щстщнң андан берки онжылдыктар арасында кыргыз тилинин грамматикалык тщзщлщшщнщн кңп маселелери боюнча ийгиликтщщ илим-изилдңң иштери аткарылып, сңз тутуму, зат атооч, сын атооч, этиш деген сыяктуу бңлщмдңрдщн айрым тармактарына олуттуу тактоолор, толуктоолор киргизилди. Мисалы, зат атоочтун адамзаттык жана адамзаттык эмес топтору, сын атоочтун ңзгңрбңстщгщ, этиштин маанилик топтору, сңз мщчңлңрщ, сңз мщчңлңрщнщн орун тартиби ңөдщщ маселелердеги жаөылыктар кыргыз тилинин грамматикалык тщзщлщшщнщн агглютинация кубулушу деөгээлинде такталгандыгын айтып турат.

Ошентип, бир чети кыргыз тилинин морфологиясы боюнча окуулуктун тартыштыгынан, экинчи чети кыргыз тилинин грамматикасындагы жаөылыктарды,

толуктоолорду жаөы окуу китептерге киргизщщ зарылдыгынан улам ушул китепти жараттык.

Китепти жаратууда бизге чейин жарык кңргңн грамматикалардын дээрлик бардыгы, ар тщрдщщ деөгээлдерде аткарылган илимий изилдңңлңрдщн тыянактары, илимий макалаларда айтылган ойлор биз щчщн таянар тоо болду. Айрыкча академиялык басылыш «Кыргыз адабий тилинин грамматикасы (1980)» менен С. Давлетов, С. Кудайбергеновдордун (1980) грамматикасы негизги жол кңрсңткщч китептер катары кызмат кылды.

Эскерте кетчщ нерсе, китептин жазылышында ташымал эрежеси айрым сңздңрдң бузулуп: *то-олор, уу-лунуку, кан-ттыкы* дегендей болуп ташымалданды. Сңздңрдщн мындайча болуп ташымалга тщшщшщ компьютер тарабынан автоматтык тщрдң ишке ашты. Бара-бара тилдердин автоматтык тщрдң которулуу мщмкщнчщлщгщнщн улам арта беришин, компьютерлердин кңбңйң беришин, ңркщндңй беришин эске алып, биз китебибизде ташымалдын компьютер тарабынан автоматтык тщрдң аткарылышына жол бердик.

Кол жазманы окуп чыгып, биз щчщн баалуу сын-пикир айткан профессорлор Б. Ңмщралиев, С. Ибрагимов, Б. Усубалиев, С. Шатманов, А. Биялиев, Т. Маразыковдорго, доценттер Ж. Дщйшеев, И. Султаналиев, А. Оморовдорго жана Ж. Баласагын атындагы КУУнун кыргыз тил илими кафедрасынын жамаатына, ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин Окумуштуулар кеөешинин мщчңлңрщнң, ЖаМУнун мамлекеттик тил жана окутуунун методикасы кафедрасынын жамаатына тереө ыраазычылык билдиребиз.

Кандайдыр пикирлер, сын айтуулар болсо, акыйкатына жараша чын ыкластан кабыл алып, ыракмат айтабыз. Дарегибиз: 700000 Жалалабат, Ленин кңч., 57.

# ГРАММАТИКА

## Адабияттар

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Бишкек, 2003. 5-10-б.

**2. Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997. 5-12-б.

**3. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 3-11-б.

**4. Кыргыз** адабий тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 81-85-б.

**5. Кыргыз** тили. Энциклопедиялык окуу куралы. Бишкек, 2004. 148-б.

**6. Кыргыз** тилинин грамматикасы: морфология. Фрунзе, 1964. 5-10-б.

**7. Орузбаева Б.Ө.** Лингвистикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фрунзе, 1972.

## Жалпы маалымат

Грамматика грекчеден которгондо *«окуу жана жазуу өнөрү»* дегенди билгизет. Грамматика тил илиминде төмөндөгүдөй маанилерде колдонулат:

1. Тилдеги сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн курулушу, ички түзүлүшү. Тилдин ички табияты. Бул маанисинде биз тигил же бул тилдин грамматикалык түзүлүшүн элестетебиз. Мисалы, кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшү.

2. Тилдин грамматикалык түзүлүшүн, башкача айтканда, сөздөрдүн өзгөрүү мыйзамченемдиктерин, сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдүн типтерин үйрөтүүчү тил илиминин бир тармагы. Бул маанисинде биз тигил же бул тилдеги сөздөрдүн түзүлүшүн, сөз өзгөртүү системасын, сөз айкаштарынын табиятын, сүйлөм түзүлүш мыйзамченемдиктерин, сүйлөмдөрдүн типтерин, түрлөрүн окуп үйрөнүүнү түшүнөбүз.

Мисалы, кыргыз тилинин сөздөрүнүн түзүлүшүн, сөз өзгөртүү системасын, сөз айкаштарынын табиятын, сүйлөм түзүлүш мыйзамченемдиктерин, сүйлөмдөрүнүн типтерин, түрлөрүн кыргыз тилинин грамматикасы окутуп үйрөтөт.

3. Тигил же бул тилдин грамматикалык түзүлүшүн мүмкүн болушунча толук чагылдыра иликтеп жарык көргөн илимий эмгек, же тилдин түзүлүшү боюнча жазылган окуу китеп. Бул маанисинде биз конкреттүү тигил же бул тилдин теориялык

маселелерин иликтеген окуу китепти, же эмгекти түшүнөбүз. Мисалы, Кыргыз адабий тилинин грамматикасы (Фрунзе, 1980).

Бирок, грамматиканын бул маанилери бирин бири толуктап, кандайдыр ажырагыс биримдикте колдонула берет.

## Грамматикалык түзүлүш

Грамматикалык түзүлүш сөздүн жана сүйлөмдүн курулушу, уюшулушу деген түшүнүктү берет. Эгерде тилдин **тыбыштык түзүлүшүндө** фонема катары бири-биринен айырмаланган тыбыштар, интонация жана акцент каражаттары (мис., *басым*) тууралуу сөз болсо, тилдин **лексикалык түзүлүшүндө** сөз, туруктуу сөз айкаштары (фразеологизмдер), алардын келип чыгышы, лексикалык көп жактуу маанилери жөнүндө сөз болот. Ал эми **грамматикалык түзүлүштө** болсо, сөздүн, сөз айкаштарынын жана сүйлөмдүн эмнеден куралгандыгы, алардын өзгөрүү өзгөчөлүктөрү, ички табияттары тууралуу сөз болот.

Типологиялык (морфологиялык) түзүлүшү жактан агглютинациялык тилдер тобуна кирген кыргыз тилинде сөздүн уңгусу бир нече уландыларды кабыл ала берет. Бирок сөздүн сырткы турпаты салыштырмалуу туруктуу бойдон калат. Уңгуга жалганган мүчөлөр (морфемалар) да өз орундары менен маанилерин сактап жүрүп олтурат. Кандайдыр башка грамматикалык маани берүү зарылдыгы пайда болгон болсо, тиешелүү дагы башка мүчө (морфема) өз орду менен келип жалгана берет.

Мисалы, *илгичте, илгичимде, илгичимдеби, илгичтеримдеби* деген сөздөрдүн ар бириндеги ар башка грамматикалык маанилерди ар башка мүчөлөр билдирип жатат. *Илгичте* деген сөз менен кайсы бир буюмдун илинип турганын түшүнүп турабыз. Мына ошол грамматикалык маанини табыш жөндөмөсүнүн *-да (-те)* мүчөсү билдирип турат, экинчи сөздө *(илгичимде)* жекелик сандагы биринчи жакка таандык маани кошулду эле, ага таандык *(-ым)* мүчө жалганды, үчүнчү сөздөгү *(илгичимдеби)* грамматикалык суроо маанини *-бы* мүчөсү,

төртүнчү сөздөгү *(илгичтеримдеби)* көптүк сан маанисин *-лар (-тер)* мүчөсү туюндуруп турат.

Келтирилген мисалдардагы ар кандай грамматикалык маанилерди сөзгө улам жаңыдан жалгана берген ар башка мүчөлөр (морфемалар) билдирди. Алар ошол сөздөгү өзүнөн башка мүчөлөргө кандайдыр өзгөчө таасир тийгизген жок, ар бир жаңы мүчө жалганганда мурункулары өз тыбыштык турпаттарын гана эмес, лексика-грамматикалык маанилерин да сактап жүрүп отурду.

Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн түзүлүшүндө мына ушундай кубулуш, агглютинация кубулушу мүнөздүү. Башкача айтканда, кыргыз тилиндеги сөздөрдө уңгуга (негизге) удаа курандылар, уландылар биринен сала бири тыбыштык түзүлүшүн да, маанилерин да сактап, жалганып кете берер мүмкүнчүлүктөр бар.

## Грамматиканын түрлөрү

Максаты, милдети, изилдөөлөрдү камтуу обөектиси жана жазылыш стили боюнча грамматиканын бири-биринен айырмаланган бир нече түрлөрү бар.

**1. Нормативдик грамматика** тигил же бул тилдин түзүлүшүн, андагы илимий жактан толук далилденген талашсыз эрежелерди өз ичине камтыган грамматика болуп эсептелет. Буга мектептерге, орто жана жогорку окуу жайларга арналган грамматикалар кирет. Мындай грамматикалар өкүмөт тарабынан бекитилген атайын программалардын негизинде жазылат.

Нормативдик грамматикалардын алда канча өркүндөтүлүп, тилдин түзүлүшүн тереӊ иликтеп, бардык маселелерин камтыган, атайын тематикалык, ысымдык, терминдик ж.б. көрсөткүчтөр менен жабдылган басылмасы **академиялык грамматика** деп аталат. Кыргыз тилинде мындай грамматика али жарала элек.

**2. Илимий грамматикада** тилдин түзүлүшүндөгү тигил же бул кубулуштар ар тараптуу илимий көз караштардын

негизинде тереңдетилип, ар кандай талаш-тартыш маселелери менен кошо берилет. Илимий иликтөөлөрдүн мүнөзүнө жараша ал тарыхый грамматика жана сыпаттама грамматика деп экиге бөлүнөт.

**Тарыхый грамматика (диахрондук грамматика** деп да аталат) тилдин грамматикалык түзүлүшүн тарыхый өсүп-өнүгүш процессинде териштирет. Азырынча кыргыз тилинин мындай мазмундагы грамматикасы жарала элек.

**Сыпаттама грамматика (дескриптивдик грамматика** деп да аталат) тилдин түзүлүшүндөгү ар түрдүү кубулуштардын бардыгын азыркы учурдун гана көз карашынан туруп баштан-аяк иликтеп чыгат.

**3. Салыштырма грамматика** тектеш тилдердин грамматикалык түзүлүшүндөгү жалпылыктар менен айырмачылыктарды аныктоо максатын көздөп, өз ара салыштырууларды жүргүзөт. Мунун байыркы жазма эстеликтердин материалдарын пайдалануу менен иликтөөлөрдү жүргүзгөн **салыштырма-тарыхый грамматика** деген өзгөчө түрү да бар.

Салыштырма грамматиканын өзгөчө түрү болуп тектеш эмес тилдердин материалдарын салыштырып изилдеген грамматика эсептелет. Мындай грамматика типологиялык жана генетикалык жактан ар башка топторго жаткан тилдердин грамматикалык түзүлүшүндөгү жалпылык жана айырмачылыктарды иликтеп, жалпы тил илиминдеги айрым теориялык маселелердин чечилишин көздөйт.

## Грамматиканын бөлүмдөрү

Грамматика бири-биринен изилдөө максаты жана изилдөө алкагы боюнча айырмаланган эки бөлүмдөн турат: морфология, синтаксис.

**Морфология** – тил илиминин грамматикалык курулушунун алгачкысы. Ал сөздөрдүн түрдүү грамматикалык касиеттерин ачып, ар кандай грамматикалык маанилерди, грамматикалык мани берүүчү каражаттарды изилдеп үйрөтөт.

**Синтаксис** болсо, тилдин грамматикалык курулушунун андан аркысы. Синтаксисте сөз айкаштары, алардын типтери, айкашкан сөздөрдүн өз ара карым-катыш байланыштары, сүйлөм, сүйлөмдүн түзүлүшү, түрлөрү, мүчөлөрү окутулат.

Айрым учурларда грамматика окуу китептерине тилдин фонетика бөлүмүн да кошуп жарыялашат. Синтаксис грамматиканын экинчи бөлүмү болуп морфологиядан кийин окутулат.

Бул китеп «кыргыз тилинин морфологиясы» деп аталып, мында грамматиканын биринчи бөлүмү, морфология тууралуу гана сөз болот.

## Грамматикалык маанилер

Сөздөр лексикалык маани менен катар грамматикалык маанилерге да ээ болот. Кандайдыр ойду туюндуруш үчүн сөздөр бири-бири менен байланышка түшүп сүйлөмгө айланат. Сүйлөмдү жараткан сөздөрдүн мындай карым-катышы грамматикалык маанилердин жардамы аркылуу жүзөгө ашат. Грамматикалык маанилер сөздүн лексикалык маанисин өзгөртпөйт, аны ар түрдүү кырдаалдарга ылайыкташтырат. Мисалы: *Эсен, шаар, оку* деген сөздөрдүн ар бири өзүнчө лексикалык мааниге ээ болуп турат. *«Эсен* - киши, *шаар* - көп калк жашаган жер, *оку* - катты окуу, билим алуу». Эми ушул эле сөздөр бири-бири менен байланышка түшүп, сүйлөм болуп ойду туюндурду дейли: *Эсендер шаарда окушат* дегенде *а*р бир сөздүн лексикалык мааниси сакталды. Бирок *Эсен, шаар, оку* деген үч сөз бири-бири менен карым-катышка түшүп, грамматикалык маанилерге ээ болду. Сүйлөм болуп, ой туюндурулду.

Грамматикалык маанилерди экиге бөлүп карайбыз:

**1) жалпы категориялык грамматикалык маанилер;**
**2) жеке грамматикалык маанилер.**

**Жалпы категориялык грамматикалык маанилерге** төмөн-дөгү грамматикалык маанилер кирет: заттык маани, белгилик маани, сын-сыпаттык маани, сан-өлчөмдүк маани, кыймыл-аракеттик маани ж.б. Мисалы, *алма, калпак, жылдыз, улак* деген сыяктуу сөздөрдүн заттык; *кызыл, көк, момун, сымбаттуу, ачуу, узун* деген сыяктуу сөздөрдүн сын-сыпаттык; *алты, тогуз, он жети, бешинчи, отуз биринчи* деген сыяктуу сөздөрдүн сан-өлчөмдүк; *ойно-, же-, бас-, айт-, отур-, тур-* деген сыяктуу сөздөрдүн кыймыл-аракеттик; *азыр, бүгүн, кечээ, эртең* деген сыяктуу сөздөрдүн мезгилдик маанилери жалпы категориялык грамматикалык маанилер болуп эсептелет. Сөздөрдүн жалпы категориялык грамматикалык маанилери алардын лексикалык маанилерине жакын болот.

**Жеке грамматикалык маанилерге** жөндөмө, сан, жак, таандык, чак, ыңгай, мамиле, даража, суроо ж.б. маанилер кирет.

Мисалы, *«Назгүлдүн ыры гезитке чыгыптыр»* деген сүйлөмдөгү сөздөрдүн грамматикалык маанилерине талдоо жүргүзүп көрөлү.

***Назгүлдүн*** деген сөздүн грамматикалык маанилери:

1) затты (кишини) атоо мааниси; Бул маани – жалпы категориялык грамматикалык маани. ***Назгүлдүн*** деген сөз *Назгүл, Назгүлгө, Назгүлдү, Назгүлдө, Назгүлдөн, Назгүлдүн, Назгүлүм, Назгүлүң, Назгүлүңүз, Назгүлүбүз* ж.б. болуп ар кандай турпатта өзгөрүп келе берсе да, анын «затты *(биерде* кишини) атоо» мааниси өзгөрбөйт.

2) жекелик санда атоо мааниси;

3) кандайдыр бир нерсени өзүнө тиешелүү кылуу мааниси.

*ыры* деген сөздүн грамматикалык маанилери:

1) атооч жөндөмөдө атоо мааниси;

2) жекелик санда атоо мааниси;

3) 3-жакка таандык кылып атоо мааниси.

*гезитке* деген сөздүн грамматикалык маанилери:

1) затты атоо мааниси;

2) багыт мааниси менен, башкача айтканда, барыш жөндөмөдө атоо мааниси;

3) жекелик сан мааниси;

*чыгыптыр* деген сөздүн грамматикалык маанилери:

1) кыймыл-аракет мааниси;

2) жекелик сан мааниси;

3) 3-жак мааниси;

4) капыскы өткөн чак мааниси.

Бул сөздөрдөгү грамматикалык маанилердин биринчилери жалпы категориялык маанилер, ал эми экинчи, үчүнчү, (төртүнчү) маанилер жеке грамматикалык маанилер болуп саналат.

Сөз түрдүү формада өзгөрүлүп кетсе да андагы жалпы категориялык грамматикалык маани өзгөрбөй кала берет. Жеке грамматикалык маанилер болсо, өзгөрүлө берет. Мисалы, *ойно, ойнодук, ойногула* деген сөз формаларынын баарында тең, кыймыл-аракеттик маани (жалпы категориялык маани) сакталып турат, жеке грамматикалык маанилер башка-башка болуп өзгөрүп кетти: *ойно* (2-жак, жекелик сан, келер чакта буюруу маанилери), *ойнодук* (1-жак, көптүк сан, өткөн чакта жайынча айтылган маанилери), *ойногула* (2-жак, көптүк сан, келер чакта буюруу маанилери).

## Грамматикалык маани берүүчү каражаттар

Сөздөрдөгү грамматикалык маанилер тиешелүү грамматикалык каражаттар аркылуу ишке ашат. Кыргыз тилинде төмөнкүдөй грамматикалык каражаттар бар:

1) уланды мүчөлөр: келем *(-ым)*, уулуңа (*-ың, -а*), кызынын (*-ы, -нын*);

2) кызматчы сөздөр: сен *жөнүндө,* ой *тууралуу,* мал *го,* окуу *гана,* ал *үчүн;*

3) сөздүн лексика-грамматикалык маанилер боюнча топторду түзүшү: *таш, тамчы, орок, арпа, кагаз, акыл, бакыт* өңдүү сөздөрдө грамматикалык заттык маанилер; *же-, ич-, кел-, ойно-, сүйлө-, байка-* өңдүү сөздөрдө грамматикалык кыймыл-аракет маанилери; *беш, он жети, алтынчы, төртөө* өңдүү сөздөрдө грамматикалык сан-өлчөм маанилери; *кызыл, көк,*

*сулуу, таттуу* өңдүү сөздөрдө грамматикалык сын-сыпат маанилери бар;

4) интонация: *мен* жайынча туюндуруу мааниси*, мен?* суроо мааниси*, Бол!* буюруу мааниси*, Кап!* өкүнгөндүк маани, *Токто, токто!* ачууланып буюруу мааниси менен айтылды;

5) басым: *Сатып бересиң.* (Басым *и* тыбышына түшүп, грамматикалык буюруу маани менен айтылды); *Сатып бересиң!* (Басым экинчи *е* тыбышына түшүп, сөз грамматикалык өкүм буюруу мааниси менен айтылды).

## Грамматикалык форма

Грамматикалык каражаттар сөздүн грамматикалык формаларын уюштурат. Демек, ар кандай грамматикалык маани сөзсүз түрдө белгилүү грамматикалык формалар аркылуу ишке ашат. Грамматикалык форманы сөз формасы деп да айта беребиз.

**Сөздүн бир же бир нече жеке грамматикалык маанилер боюнча бири-биринен айырмаланган турлөрү анын грамматикалык формалары деп аталат.**

Мисалы: *жер, жердин, жерге, жерди, жерде, жерден, жери, жерим, жериң, жериңиз, жериме, жериңди, жериңер, жерибиз, жерибизде* деген сөздөрдүн бардыгы **жер** деген бир эле сөздүн ар түрдүү формалары болуп саналат. Бардыгында тең **жер** деген сөздүн лексикалык мааниси сакталып турат, бирок ар биринин ар башка грамматикалык маанилери бар. Ошентип, грамматикалык формалар сөзгө жаңы грамматикалык маани алып келет дагы, жаңы лексикалык маани жарата албайт.

Кээ бир сөздөр өзгөрүлбөй бир гана грамматикалык формада болот. Мисалы, *менен, жана, көздөй, үчүн, да, го, ох, ах* ж.б.

Грамматикалык формалар грамматикалык каражаттар аркылуу жана каражаттары жок эле да туюндурулат. Башкача айтканда, материалдык жактан туюндурулган формалар жана материалдык жактан туюндурулбаган (нөл форма) формалар болот.

Грамматикалык маани берип турган башка формалардан атайын тилдик каражаттар жалганып уюшулган сөз формаларын **материалдык жактан туюндурулган форма** дейбиз. Мисалы, *«Акылдуунун сөзү кыска, айта салса – нуска».* Мындагы *Акылдуунун* деген сөз формасы өзүнө байланышкан нерсенин *(сөзү)* кимге тиешелүүлүгүн билгизип турат. Мына ушул грамматикалык маани атайын тилдик каражат *-нын* мүчөсү аркылуу туюндурулду. Демек, *акылдуу* деген сөздүн *акылдуунун* деген формасы материалдык жактан туюндурулган форма болуп эсептелет. Мисалыбыздагы *сөзү* деген сөз формасы заттын 3-жакка таандык болуп аталышын билдирип, материалдык жактан *-ы (-у)* мүчөсү менен туюндурулуп турат. Эгерде, *«Китеп – билим булагы»* деген мисалдагы *китеп* деген *сөз* формасын алсак, заттын аталышын билдирди, бирок эч кандай мүчө жалганган жок, башкача айтканда, материалдык жактан туюндурулган жок (нөл форма).

Эч кандай мүчөнүн жардамысыз эле уюшулган грамматикалык форма **материалдык жактан туюндурулбаган форма** (нөл форма) деп аталат.

## Грамматикалык категория

**Тиешелүү грамматикалык каражаттар аркылуу туюндурулуп, бири-биринен айырмаланган жекече грамматикалык маанилердин жыйындысы грамматикалык категория деп аталат.** Кыргыз тилинин грамматикасында сан, жөндөмө, таандык, жак, чак, мамиле, ыңгай ж.б. грамматикалык категориялар бар.

**Жөндөмө категориясын** туюндуруучу грамматикалык каражаттар – жөндөмө мүчөлөрү. Ар бир жөндөмөнүн мүчөсү башка жөндөмө мүчөсүнөн өзгөчөлөнгөн жекече грамматикалык маанини түшүндүрөт. Бардык жөндөмөлөрдүн мүчөлөрү жалпысынан атоо, бир нерсеге тиешелүүлүк, багытталгандык, бир нерсенин орду, эмнеде, каерде экендиги, кыймыл-аракеттин башталган жери сыяктуу жекече грамматикалык маанилердин жыйындысын билдирет. Бул грамматикалык маанилер атооч сөздөрдү сүйлөм ичинде бири-бири менен жана башка сөздөр

менен байланыштыруу кызматын аткарып, өзүнчө жалпылыкты түзөт. Мына ушул жалпылыктын негизинде бул каражаттардын грамматикалык маанилери чогулуп келип жөндөмө категориясын түзүп турат.

**Жак категориясын** туюндуруучу грамматикалык каражаттар – жак мүчөлөрү. Ар бир жактын мүчөсү башка жак мүчөлөрдөн айырмаланган жекече грамматикалык маанилерге ээ. Мисалы, *-мын (-м)* кыймыл-аракеттин же баяндоонун сүйлөп жаткан тарапка, башкача айтканда, биринчи жакка тиешелүүлүгүн, *-сың (-сыз)* экинчи жакка тиешелүүлүктү билдирген маани берет. Мына ушул жак мүчөлөрдүн бардыгы жалпысынан тигил же бул жакка тиешелүүлүк маанилерди бергендиктен, алардын грамматикалык маанилери чогулуп келип жак категориясын түзөт.

**Суроолор**

1. Грамматика деген эмне?
2. Тилдин грамматикалык түзүлүшү дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
3. Грамматиканын кандай түрлөрү бар?
4. Грамматикалык маани деп эмнени айтабыз?
5. Грамматикалык маанилердин кандай түрлөрү бар?
6. Кыргыз тилинин грамматикалык маани берүүчү каражаттары кайсылар?
7. Грамматикалык форма тууралуу айтып бергиле.
8. Грамматикалык категория деп эмнени айтабыз?
9. Грамматика бөлүмүнө тиешелүү тесттерди бөлүп алып, аларга жооп бергиле, жообуңарды текшерип көргүлө.

# СӨЗД/Н ТУТУМУ

## Адабияттар

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Бишкек, 2003. 11-30-б.

**2. Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997. 13-37-б.

**3. Абдулдаев Э., Давлетов С.** ж.б. Кыргыз тили. Techинституттардын педагогикалык факультеттери үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1986.

**4. Грамматика** киргизского чзыка. Часть 1. Фонетика и морфология. Фрунзе, 1987.

**5. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 11-38-б.

**6. Давлетов С., Мукамбаев Ж.,** Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бөлүм. Педагогикалык окуу жайлары үчүн. Фрунзе, 1982.

**7. Кудайбергенов С.** Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү системасы. Фрунзе, 1957.

**8. Кудайбергенов С.** Кыргыз тилиндеги этишти жасоочу кээ бир мүчөлөр. Фрунзе, 1966.

**9. Кудайбергенов С.** Кыргыз тилинде этиштин жасалышы. Ф., 1979.

**10. Кыргыз** адабий тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 85-133-б.

**11. Кыргыз** тилинин грамматикасы: морфология. Фрунзе,1964.10-32-б.

**12. Мукамбаев Ж., Осмонкулов А.** Кыргыз тилинин морфемалык сездүгү. Фрунзе, 1979.

**13. Орузбаева Б. О.** Словообразование в киргизском языке. Ф., 1964.

**14. Орузбаева Б. Ө.** Сөздүн курамы. Бишкек, 2000.

**15. Садыков Т.** Основы кыргызской фонологии и морфонологии. Бишкек, 1992.

**15. Шүкүров Ж.** Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр. Фрунзе, 1955.

## Жалпы маалымат

Атоо кызматын аткарган тилдин негизги материалдык бирдиги сөз болуп эсептелет. Сөз эмнеден куралат, башкача айтканда, сөздүн тутумунда эмнелер бар, сөздүн тутуму эмнелерден турат? Сөздүн чыныгы ички табиятын аныктоо үчүн мына ушул суроолорго жооп бериш керек.

Сөз – тилдин эң негизги материалдык бирдиги. Сөздө анын ички табиятын мүнөздөгөн маани-мазмуну жана сырткы турпатын мүнөздөгөн тыбыштык түзүлүшү болуп, бири-биринен ажырагыс эки тарабы бар.

Сөздүн бири-биринен ажырагыс ушул эки тарабына сересеп салып көрөлү.

**1). Сөздүн ички табиятын мүнөздөгөн маани-мазмуну** болот деп айттык. Ар бир сөз өзүнүн мааниси же маанилери менен жашайт. Ал ошол маанилери менен сөз болот дагы, биз тилди пайдаланганда айта турган оюбузду туюндурат. Маани болбосо, сөз болбойт. Сөздүн маанилери **лексикалык маанилер** жана **грамматикалык маанилер** болуп экиге бөлүнөт.

Сөздүн лексикалык маанилери тууралуу тил илиминин лексикология бөлүмүндө кеңири айтылган. Ал эми грамматикалык маанилери тууралуу жогоруда грамматика бөлүмүндө сөз болду.

**2). Сөздүн сырткы турпатын мүнөздөгөн тыбыштык түзүлүшү** болот деп айттык. Сөздөрдүн сырткы турпатын анын

**тыбыштык түзүлүшү, муун түзүлүшү** жана **морфемалык түзүлүшү** деп үч башка карайбыз.

**а). Тыбыштык түзүлүшү** боюнча кыргыз тилиндеги сөздөр бир эле тыбыштан жана эки же андан көп тыбыштардан да курала берет. Мисалы: *ээ(үй ээси), оо (жүк ооду), уу (ууга чыктык), уу (уу ичти)* деген сөздөрдүн ар бири бир эле тыбыштан турат. Ал эми *үй, ай, тоо, өт, ак, ут-, же-, ал-* деген сөздөрдүн ар бири эки тыбыштан турса, *ата, эне, сен, баш, жүн, тон, кел-, жүр-, кой-* деген сөздөрдүн ар бири үч тыбыштан, *арка, эрке, март, чана, кара, айыл, ырда-, отто-, тарт-, сана-* деген сөздөрдүн ар бири төрт тыбыштан, *китеп, улага, жашыл, мойун, койун, токой, менен, айкын, байка-, чайка-* деген сөздөрдүн ар бири беш тыбыштан турат. Алты тыбыштан *(каймак, кыштак, салмак, мамиле, кереге),* жети тыбыштан *(жөнөкөй, камылга, керебет),* сегиз тыбыштан *(замандаш, жагалмай, күрсүлдө-)* жана андан көп тыбыштардан турган сөздөргө да мисалдар келтирүүгө болот.

Сөздөрдүн канча тыбыштан тургандыгы грамматикада анча мааниге ээ боло бербейт.

**б). Муун түзүлүшү** боюнча да сөздөр бир муундуу, эки же андан көп муундуу болот. Муун – тилдеги сөздөрдүн айтылыш ыргактары болуп эсептелет. Муундун ***ачык муун, жабык муун, туюк муун*** деген үч түрү бар. Булар тууралуу азыркы кыргыз тилинин **фонетика** бөлүмүндө айтылган.

**в). Морфемалык түзүлүшү** боюнча кыргыз тилиндеги сөздөр ар бири өз алдынча мааниге жана кызматка ээ болгон **мүчөлөрдөн** турат. Сөздүн тутумундагы мына ушул мүчөлөр анын морфологиялык жактан түзүлүшүн (курулушун) шарттайт.

**Морфема сөздүн андан ары тутумдарга (мүчөлөргө) бөлүнбөй, кандайдыр маани берип турган эң кичинекей морфологиялык бирдиги болуп эсептелет.** Мисалы: *Алатоо көрккө келбейт эл болбосо.* (Барпы) Мисалдагы *Алатоо* деген татаал сөздүн тутумундагы жөнөкөй сөздөрдүн ар бири бирден гана морфемадан (мүчөдөн) турат, *көрк-кө* деген сөз эки морфемадан (мүчөдөн) турат, *кел-бе-й-т* деген сөз төрт морфемадан (мүчөдөн) турат, *эл* деген сөз бир морфемадан

(мүчөдөн) турат, *бол-бо-со* деген сөз үч морфемадан (мүчөдөн) турат.

Кээ бир сөздөр мүчөлөнбөйт, башкача айтканда, тутумунда бир эле мүчө (морфема) болот: *ой, сан, жаа, тоо, жылкы, кайт-, ут-, ме-, жан-, ээ, суу, ата, той, ой, алты, чапан, саман* ж.б. Кээ бир сөздөр болсо, тарыхый өсүп-өнүгүшү, башкача айтканда, келип чыгышы изилденип, белгилүү болгондо гана мүчөлөнөт, морфемаларга ажырайт.

Мисалы: **сүйлө** деген сөз эки мүчөдөн турат. Биринчи мүчөсү *сөз,* бул – уңгусу (салыштыр: өзбекче *сузла*), ал эми экинчи мүчөсү – курандысы, *-ла*; **жорго** деген сөз да тарыхый келип чыгышы боюнча мүчөлөнөт: *жор-* деген унгу *жорт- (жортуп келатат)* деген сөздө сакталып турат, мындагы *-т* аркылуу мамиленин көрсөткүчү; салыщтырсак, монгол тилинде *жор-* «бас-, жүр-» деген мааниде колдонулат. Ал эми *-га* этиштен атооч жасоочу өнүмсүз куранды, бул куранды *билге* – «акылман», *тилке* деген сөздөрдүн тутумунда да бар *(бил- ге, тил-ке).*

Көпчүлүк сөздөр кыргыз тилинде оңой эле мүчөлөнөт (морфемаларга ажырайт): *ойло (ой-ло), жаанда (жаа-н-да), китепканачы (китеп-кана-чы)* ж.б.

## Сөз мүчөлөрү[1]

Сөздөрдүн тутумунда, бирөө болобу, экөө болобу, сөз мүчөлөрү (морфемалары) болот. Жалпы лингвистикада сөз мүчөлөрүн морфемалар деп аташат. **Морфема (сөз мүчөсү)** тууралуу жогоруда айтылды. Кыргыз тилинде маани-мазмундук белгилери боюнча өз ара жалпылыкты түзүп турган сөз мүчөлөрүнүн (морфемалардын) үч түрү бар. Алар:

**Уңгу** (сөздүн уңгусу, башкача айтканда, сөздүн **уңгу мүчөсү).**

[1] Китепте *мүчө* деген термин *морфема* деген терминдин ордуна колдонулду. Чынында *мүчө* деген сөз *сүйлөм мүчөсү* деген мааниде колдонулса, сүйлөмдүн тутумундагы сөздөрдүн бардыгы тууралуу кеп жүрөт. Башкача айтканда, сүйлөмдөгү бардык сөздөр - сүйлөмдүн мүчөлөрү. Ал эми *сөз мүчөлөрү* десек эле анын (сөздүн) лексикалык маани берип турган бөлүгү *уңгу* деп аталып, *мүчө* болбой калат. Логикага сыя бербейт. *Сүйлөм мүчөсү* деген сыяктуу эле сөздүн тутумундагы кандайдыр мааниге ээ болгон бардык бөлүктөр *сөз мүчөлөрү* болуш керек.

**Куранды** (сөздүн **куранды мучөсү).**

**Уланды** (сөздүн **уланды мүчөсү).**

Сөз мүчөлөрү (морфемалар) бардык сөздөрдө дайым эле толук катыша бербейт. Кээ бир сөздөр жалаң эле уңгудан турат: *үй, жоо, ат, апа, жүрөк, кулак, баатыр, кумурска* ж.б. Булардын ар биринде сөздүн бир гана мүчөсү бар, ал – уңгу. Башкача айтканда, бул сөздөрдөн бардыгы – уңгулар.

Кээ бир сөздөр уңгу жана куранды мүчөлөрдөн турат: *үй-чу, жоо-кер, ый-ла-, сөз-мөр, уч-куч, жүрөк-түү, баатыр-дык* ж.б. Булардын ар бири эки мүчөдөн (уңгу, куранды) турат.

Уңгу жана уланды мүчөлөрдөн турган сөз формалары да бар: *апа-м, кулак-тын, айт-па, жүрөг-үм, ат-ың* ж.б. Булардын ар бири эки мүчөдөн (уңгу, уланды) турат.

Уңгу, куранды жана уланды мүчөлөрдөн турган формалар да бар: *кий-им-ди, ой-мог-ум, ач-кыч-ыңыз* ж.б. Булардын ар бири үч мүчөдөн (уңгу, куранды, уланды) турат.

Бир нече курандылуу сөздөр да болот: *китеп-кана-чы, бас-ма-кана, жаз-уу-чу* ж.б.

Бир нече уландылуу сөз формалары да болот: *мектеб-иң-е, ата-м-дын, үй-лөр-ү* ж.б.

Ошентип, сүйлөмдүн тизмегинде сөздөр өздөрү туюндурган лексикалык жана грамматикалык маанилерине жараша тиешелүү түрдө жалаң гана уңгудан туруп да, курандылуу болуп да жана уланды мүчөлөр менен да уюшулуп, ар кандай формада келе берет: *уюм, уйчу, жоокерлер, жүрөккө, жүрөктүү, баатырсың, баатырдык* ж.б.

Тилдин жандуу көрүнүшүндө, ошентип, сөз мүчөлөрү кырдаалдарга жараша бири-бири менен айкашып келе берет. Мына ошол айкашууларда сөз мүчөлөрү тыбыштык жактан дайым эле бир калыпта боло бербейт. Уңгу гана тыбыштык өзгөрүүлөргө учурабай туруктуу жашайт[2]. Ал эми курандылар менен уландылар болсо, ар кандай айкалыштарда өздөрү жалганган уңгудагы үндүү, үнсүз тыбыштардын мүнөзүнө

---

[2] Кыргыз тилинде ат атооч уңгулардын гана айрымдары өзгөрүүлөргө *(мага, сага, ага, аныкы, анда, муну* ж. б.) учурайт. Зат атоочтордо болсо, *айыл - айлы, эрин - эрди, ийин - ийни* деген сыяктуу айрым эле уңгуларда өзгөрүүлөр болот. Этиштерде *таап , саап, каап* деген өңдүү гана өзгөргөн формалар жолугат.

жараша көбүнчө өзгөрүп айтылып колдонулат. Ошентип, курандылар менен уландыларды алар жалгана турган уңгу мүчөлөрдөгү тыбыштарга карата өзгөрүп, же өзгөрбөй айтылыштары боюнча **ээрчиме мүчөлөр** жана **ээрчибес мүчөлөр**[3] деп эки топко бөлөбүз.

## Ээрчиме мүчөлөр

**Ээрчиме мүчөлөр** тутумундагы үндүү жана үнсүз тыбыштары өзгөрүп кете берген мүчөлөр болуп эсептелет. Мына ошондой өзгөрүүлөргө карата ээрчиме мүчөлөр өз ара **туруктуу мүчөлөр, оошмо мүчөлөр** жана **сыйлыгышма мүчөлөр** болуп да бөлүнөт.

**1. Туруктуу мүчөлөр** сөздөрдө ар кандай тыбыштык айкалыштар менен келсе да өзүнүн башталыш үнсүз тыбышын сактап жүрүп олтурат. Булар адатта *ч, с, м* тыбыштары менен башталган мүчөлөр. **Курандылардан мисалдар:**

***-чы:*** *уйчу, короочу, арабачы, ишчи, көмүрчү* ж.б.

***-ча:*** *кыргызча, орусча, жаңыча, эскиче, бүгүнчө* ж.б.

***-ма:*** *басма, оймо, түймө, күрмө, сайма* ж.б.

***-са:*** *сууса-, акса-, мойсо-, жаңса-; дөңсө, жеңсе, колоңсо* ж.б.

***-сы:*** *баатырсы-, жакшысы-, кыйынсы-, семизси-, өйдөсү-, улуусу-* ж.б.

***-сын:*** *мыктысын-, баатырсын-, өйдөсүн-, теңсин-, тыңсын-, акылдуусун-, ишкердүүсүн-* ж.б.

***-сыра:*** *уйкусура-, алсыра-, кансыра-, этсире-* ж.б.

***-чан:*** *атчан, тончон, күрмөчөн, кийимчен* ж.б.

**Уландылардан мисалдар:**

***-са:*** *барса, келсе, окуса, айтса* ж.б.

***-сы:*** *атасы, энеси, окуусу* ж.б.

Мисалга алынган мүчөлөрдүн, башкача айтканда, туруктуу мүчөлөрдүн баштапкы тыбышы эч өзгөрүлбөй сактала берет.

**2. Оошмо мүчөлөр** жалганган уңгунун (же негиздин) акыркы муунундагы тыбыштарга карай өзгөрө берет.

---

[3] Орузбаева Б.О. Словообразование в киргизском языке. Фрунзе, 1964. 62-б.

**Курандылардан мисалдар:**

***-лык:*** *тоолук, айылдык, жолдоштук, тердик* ж.б.

***-дай:*** *үйдөй, тоодой, кишидей, аттай, топтой* ж.б.

***-ыра:*** *жаркыра-, калтыра-, күркүрө-, мөлтүрө-* ж.б.

***-коол:*** *тоскоол, өткөөл, ургаал* ж.б.

***-ла:*** *майла-, музда-, суула-, ойло-, сүйлө-, түздө-, иште-, тиште-, тилде-, жээкте-, даңкта-, айтта-* ж.б.

**Уландылардан мисалдар:**

***-нын:*** *үйдүн, эненин, талаанын, иштин, колдун* ж.б.

***-га:*** *балага, тоого, отко, кемеге, кыштакка* ж.б.

***-лар:*** *дарактар, көлдөр, чалдар, энелер, иттер* ж.б.

**3. Сыйлыгышма мүчөлөр** үндүү тыбыш менен аяктаган уңгуга (же негизге) жалганганда баштапкы үндүү тыбышы түшүп калат.

**Курандылардан мисалдар:**

***-оо:*** *ойло- + -оо = ойлоо, байла- + -оо = байлоо* ж.б.

***-ыш:*** *таany- + -ыш = тааныш, окшо- + -ыш = окшош, күүлө- + -ыш = күүлөш* ж.б.

***-ык:*** *какшы- + -ык = какшык, калтыра- + -ык = калтырак, жылтыра- + -ык = жылтырак* ж.б.

***-ым:*** *кура- + -ым = курам, чыда- + -ым = чыдам* ж.б.

***-ынды:*** *асыра- + -ынды = асыранды, ташта- + -ынды = таштанды, ула- + -ынды = уланды* ж.б.

**Уландылардан мисалдар:**

***-ым:*** *эне + -ым = энем, бала + -ым = балам* ж.б.

***-ыш:*** *ийле- + -ыш = ийлеш: ийлешчи, байла- + -ыш = байлаш: байлашып кой, сана- + -ыш = санаш: санашып кой* ж.б.

***-ың:*** *ата + -ың = атаң, чана + -ың = чанаң* ж.б.

## Ээрчибес мүчөлөр

**Ээрчибес мүчөлөр** уңгунун (же негиздин) акыркы муунундагы тыбыштарга карата өзгөрүлбөй жалганат. Ээрчибес мүчөлөрдүн үнсүз тыбыштары да, үндүү тыбыштары да өзгөрбөй өз турпаттарын сактап келет. Алардын дээрлик бардыгы кабыл алынган мүчөлөр. Булар саналуу гана. **Мисалы:**

***-кор:*** *малкор, жемкор, сүткор, бозокор* ж.б.
***-кеч:*** *кыялкеч, арабакеч, асылкеч, мээнеткеч* ж.б.
***-кер:*** *кызматкер, айыпкер, ишкер* ж.б.
***-стан:*** *Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан* ж.б.
***-изм:*** *социализм, жыргализм* ж.б.

Сөздүн мүчөлөрү, башкача айтканда, морфемалар (**уңгу, куранды, уланды)** маани-мазмундары жана сөз тутумундагы аткарган кызматтары боюнча бири-биринен айырмаланышат.

## Уңгу

**Уңгу - сөздүн эң негизги мүчөсү, андан ары мүчөлөнбөй лексикалык маани берип турган бөлүгү.** Ал лексикалык маани менен кошо грамматикалык маани да туюндурат. Уңгу туюндурган грамматикалык маанилер көбүнчө жалпы категориялык маани болуп, сөздүн лексикалык маанисине жакын келет. Ошондуктан, сөздүн бул мүчөсүн - уңгуну, лингвистикада **семантикалык мүчө (семантикалык морфема)** деп да аташат.

Кыргыз тилиндеги уңгу өз алдынча толук кандуу сөз болуп кызмат кыла алат. Мисалы: ***иш,*** *иш-мер, иш-чи;* ***адеп,*** *адеп-түү, адеп-сиз;* ***ук-,*** *ук-тур-уу, ук-ку-лук-туу* ж.б.

Кыргыз тилиндеги уңгуларды маанилерине карата эки топко бөлөбүз: **эркин уңгу, байланышма уңгу[4].**

1). **Эркин уңгу** – кошумча мүчө (морфема) жалганбай турса деле өз алдынча сөз болуп, лексикалык маани бере ала турган уңгу. Мындай уңгулар куранды же уланды мүчөлөр жалганган учурда да, жалганбай турган учурда да өзүнчө лексикалык мааниси менен айтыла берет: *тап- (тапты, таппа, тапкыч), ут- (уттум, утук), чач (чачтын, чачым, чачтуу), жай (жайлоо, жайды), ылдам (ылдамда- ылдамдык, ылдамдануу), тегирмен (тегирменчи, тегирменге, тегирменде)* ж.б.

2). **Байланышма уңгу** – жандуу тилде башка бир мүчөнүн (морфеманын) жалганып турушу менен гана колдонулуучу уңгу: *мыкчы, мыкый, тегерек, тоголок* ж.б. Мындагы уңгулардын ар

[4] Эркин уёгу, байланышма уёгу тууралуу тъмъндъг\ эмгекти пайдаланып жаздык: Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980.13-14-б.

бири тутумундагы *-чы, -й, -ык* курандыларынын жардамы менен гана лексикалык маани берип турат, алдагы курандыларсыз алар айтылган лексикалык маанилердеги сөз болбой калат. Башкача айтканда, мисалдагы сөздөр *мык, мыкы, тегер, тогол* турпатында колдонулбайт. *Акса-, байка-, жайпа-, жалбар-, жалын-, жаңса-, какша-, көксө-, сыла-, таймаш-, тыңша-, чурка-, эңсе-* сыяктуу этиштердин уңгулары да – байланышма уңгулар. Булардын тутумундагы куранды мүчөлөр оңой эле ажыратылат, бирок, курандыларын ажыратканыбыздан кийин калган бөлүгү – уңгу – өз алдынча так маани бере албай калат. Бул сөздөр тутумундагы куранды мүчөлөр менен байланышып гана толук кандуу сөз болуп колдонулат, ошондо гана лексикалык маани берет. Ошондуктан, мындай сөздөрдүн уңгуларын байланышма уңгулар деп айтабыз. Кыргыз тилинде байланышма уңгулар абдан эле аз.

## Курандылар

Кийинки мезгилдерде бул термин ***сөз жасоочу мүчөлөр*** деп аталып жүрөт. Терминдин негизги талаптарынын бири кыскалык, ошондуктан китепте К. Тыныстанов колдонгон термин, ***куранды*** термини колдонулду. Курандылар (куранды мүчөлөр) сөздүн тыбыштык турпатын, грамматикалык формасын гана эмес, лексикалык маанисин да өзгөртөт. Жаңы лексикалык маани, жаңы сөз жаратат. Демек, курандылар сөз жасайт.

Кыргыз тилинде куранды мүчөлөр бир топ арбын. Алар зат атоочтун курандылары, сын атоочтун курандылары, этиштин курандылары, тактоочтун курандылары болуп бөлүнөт.

Куранды мүчөлөрдү сөз жасайт дедик. Курандыларды сөз жасоо кызматынын мүнөзүнө, сөз жасоо кудуретине жараша **өнүмдүү курандылар, аз өнүмдүү курандылар** жана **өнүмсүз курандылар** деп үчкө бөлөбүз[5] . Курандылар тууралуу толук маалымат жана аларга мисалдар төмөндө, тиешелүү сөз түркүмдөрүндө берилди.

---

[5] Орузбаева Б.О. Словообразование в киргизском языке. Фрунзе, 1964.

**Өнүмдүү курандылар.** Өнүмдүү курандылар ар кандай сөздөрдөн сөз жасаганга жөндөмдүү болуп, абдан көп сөздөрдү жасай берет. Булар түрдүү турпаттагы уңгуларга (негиздерге) жалгана берүүгө ийкемдүү келет. Кыргыз тилинде мында курандылар бир топ арбын. Мисалы: Зат атоочтун **-чы** курандысы: *малчы, окуучу, тамырчы, айдоочу, катчы, жолчу, өтүкчү, базарчы, бекерчи* ж.б.; этиштин курандысы **-ла:** *ойло-, бийле-, бойло-, жайла-, тордо-, боола-, суула-, ыйла-, көчөлө-* ж.б.

**Аз өнүмдүү курандылар.** Аз өнүмдүү курандылар саналуу гана сөздөрдү жасайт. Булар ар кандай эле уңгуларга (негиздерге) жалгана берүүгө анчалык ийкемдүү эмес. Мисалы: **-мер:** *ишмер, сөзмөр;* -дар: *кабардар, карыздар, кусадар, жарадар, өкүмдар;* **-анак:** *сүзөнөк, кабанак, тебенек.*

**Өнүмсүз курандылар.** Өнүмсүз курандылар тилдин азыркы жашап турган этабында сөз жасабай калган, жасаса да жалгыз-жарым гана сөздөрдү жасайт. Буларды сөздүн тутумунан ажыратуу бир топ кыйын. Өнүмсүз курандыларды бөлүп көрсөтүүдө сөздүн тутуму көбүнчө тарыхый жактан иликтенип, тарыхый уңгусу табылып мүчөлөнөт. Мисалы: *-кел, -дач, -кыс, -тык, -шык* деген сыяктуу курандылар бирден гана сөздү жасайт: *эткел, кырдач, таңкыс, жантык, кыйшык.* Ал эми байыркы учурларда сөздөрдү жасаган *-га* курандысы азыр сөз жасабайт, *жорго, жылга, билге* деген сөздөрдүн тутумунда уңгуга сиңирилип калган. Бул сөздөрдүн тутумунан байыркы куранды катары гана ажыратып көрсөтүүгө (*жор-го, жыл-га, бил-ге*) болот.

## Уландылар

Уландылар кийинки мезгилдердеги окуу китептерде ***сөз өзгөртүүчү мүчөлөр*** деп жазылып жүрөт. Бул аталыш терминдик талаптарга жооп бере бербейт, ошондуктан китепте К. Тыныстанов колдонгон термин, ***уланды*** термини колдонулду. Уландылар сөздүн лексикалык мааниси менен жалпы категориялык грамматикалык маанисин өзгөртпөйт. Алар сөзгө

жалганып, анын жеке грамматикалык маанилерин өзгөртүп, сөздүн ар түрдүү формаларын жасайт. Мисалы: *Кечээ атам менен шаарга бардым* деген сүйлөмдөгү *ата, мен, шаар, бар* деген сөздөрдөгү мүчөлөр (*-ым, -га, -ды, -ым*) ошол сөздөрдүн лексикалык жана жалпы категориялык грамматикалык маанилерин өзгөрткөн жок. Жаңы, жеке грамматикалык маанилерди алып келди: **-ым** (атам) жекелик сандагы биринчи жакка таандык маанини; **-га** (шаарга) багыт маанисин; **-ды** (бардым) айкын өткөн чак маанисин; **-ым** (бардым) жекелик сандагы биринчи жак маанисин алып келди.

Кыргыз тилиндеги уланды мүчөлөр булар:

1) жөндөмө мүчөлөрү (*-нын, -га, -ны, -да, -дан*);

2) таандык категориясынын мүчөлөрү (*-ым, -ың, -ыңыз, -сы, -ы, -быз, -ңар, -ңыздар*);

3) көптүк санды уюштуруучу мүчө (*-лар*);

4) жакты билдирген мүчөлөр (*-мын, -быз, -сың, -сыңар, -сыз, -сыздар*);

5) чак мүчөлөрү: *-ды, -ган, -ыптыр, -чу* ж.б.);

6) мамиле мүчөлөрү: *-каз, -кар* ж.б.);

7) ыңгай көрсөткүчтөрү: *-са, -гай* ж.б.;

8) терс маани мүчөсү (*-ба*);

9) суроо маани мүчөсү (*-бы*).

Булардын ар бири жалганган сөзгө тиешелүү грамматикалык маанилерди гана алып келет. Сөздүн формасын эле өзгөртүп, лексикалык маанисин өзгөртпөйт.

## Негиз

**Сөздүн уланды мүчөсүн алып таштагандан калган бөлүгүн сөздүн негизи дейбиз.** Сөздүн негизи туруктуу болбойт, анын негиз экендиги конкреттүү сүйлөмдө же текстте гана белгилүү болот. Кыргыз тилиндеги сөздүн негизи уланды мүчөлөрдү гана кабыл албастан, куранды мүчөлөрдү кабыл алып, өзгөрүп башка негиз болууга да жөндөмдүү келет. Мисалы: *Таалайга дилгир элимдин тарыхын кенен жазбасам.* (А. Токомбаев) Мисалдагы *таалайга* деген сөздүн негизи

*таалай,* ал эми *Таалайлууга теңелбе* деген мисалдагы *таалайлууга* деген сөздүн негизи *таалайлуу* деп жаңы негиз болду.

Ошентип, сөздүн негизи конкреттүү тексттин өзүндө аныкталат. *Койчу койлорду короого айдады* деген сүйлөмдөгү биринчи сөздүн негизи *койчу,* экинчи сөздүн негизи *кой,* үчүнчү сөздүн негизи *короо,* төртүнчү сөздүн негизи *айда-* болот.

Кыргыз тилиндеги сөздүн негизи түзүлүшү боюнча **тубаса негиз** жана **туунду негиз** деп экиге бөлүнөт.

**1. Лексикалык мааниси жана түзүлүшү боюнча андан ары тутумдарга ажыратылбаган негиз тубаса негиз деп аталат.**

**Мисалы:** *эл, ата, комуз, акыл, айт-, ут-* ж.б. сөздөр ушул турушунда эле лексикалык мааниге ээ болуп, ар кандай грамматикалык маанилерди кабыл алууга жөндөмдүү. Сөздөрдүн жасалышы үчүн да, сөздөрдүн өзгөрүшү үчүн да негиз болуп кызмат кыла берет. Ич ара мүчөлөргө (морфемаларга) ажыратылбайт. Ошондуктан булар тубаса негиздер болуп саналат.

Тубаса негиз сөздүн уңгусуна дал келет. *Билимдүүнүн билими кишиге жугат.* Мисалдагы *кишиге, жугат* деген сөздөрдүн негиздери – тубаса негиздер *(киши, жук-).* Ал эми *кишиге, жугат* деген сөздөрдүн уңгусу да *киши, жук-.*

**2. Тутумунда куранды мүчөсү бар, башкача айтканда, куранды мүчө менен жасалган негиз туунду негиз деп аталат.**

**Мисалы:** *элчи (эл + чи), айтыш (айт + ыш), өтмөк (өт + мөк), аталуу (ата + луу), комузчу (комуз + чу), акылман (акыл + ман)* ж.б. сөздөр ушул турушу менен эле, башкача айтканда, куранды мүчөлөрү менен эле сөздөрдүн жасалышы үчүн да, сөздөрдун өзгөрүшү үчүн да негиз болуп кызмат кылат. Бирок, көрүнүп тургандай, андан ары мүчөлөнөт, башкача айтканда, булардын тутумунда уңгу менен куранды мүчөлөр бар. Булар – туунду негиздер.

Туунду негиз сөздүн уңгусуна дал келбейт. *Билимдүүнүн билими кишиге жугат.* Мисалдагы *билимдүүнүн, билими* деген

сөздөрдүн негиздери – туунду негиздер *(билимдүү, билим),* анткени, булардын экөөнүн тең уңгусу *бил-,* биринчиси *билим* деген сөздөн (*билим* деген негизден) *-луу* курандысы аркылуу, экинчиси болсо, *бил-* деген сөздөн (уңгудан же уңгуга дал келген негизден) *-ым* курандысы аркылуу жасалган.

Морфологиялык жол менен сөздөрдүн жасалышы сөздөрдүн негизинен башталат, башкача айтканда, ар кандай куранды мүчөлөр негизге (же тубаса негизге, же туунду негизге) жалганат. **Мисалы:** *ишчи* десек, куранды *(-чы)* тубаса негизге (уңгуга) жалганды; *жазуучу* десек, куранды *(-чы)* туунду негизге жалганды. Эгерде андан ары *жазуучулар* дей турган болсок, бул сөздүн негизи *жазуучу* болуп, уланды мүчө *(-лар)* ошого жалганып жатат.

## Сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби

Кыргыз тилинде сөздүн тутумундагы мүчөлөр белгилүү бир орун тартип менен келет[6]. Анткени, агглютинация дайыма уңгудан (же негизден) кийин маанилик тартип менен биринен сала бири чиркешип келе берген сөз мүчөлөрү аркылуу туюндурулат. Кыргыз тилинде анын ички табиятына ылайык дайыма биринчи орунда, башкача айтканда, сөздүн башталышы болуп уңгу келет.

Кабыл алынган айрым сөздөрдө гана уңгудан мурда жалганган мүчөлөр бар: *бейадеп, бейкапар, натуура, найынсап* ж.б. Бул көрүнүш деле кыргыз тилиндеги сөздөрдө сөз мүчөлөрүнүн белгилүү тартип менен жайгашыш ыраатына таасир эте бербейт. Болгону ошол саналуу гана сөздөрдө сөз жасоочу каражат (сөзалды мүчө) уңгудан мурда келет: *адеп – бейадеп, капар – бейкапар, туура – натуура, ынсап – найынсап* ж.б. Анан калса, сөзалды мүчөлөрү бар сөздөрдүн дээрлик бардыгы башка тилдерден кабыл алынып өздөштүрүлгөн. Алар ошол тилдердеги сөзалды мүчөлөрү бар турпаты менен кабыл алынып өздөштүрүлгөн. Демек, кыргыз тили үчүн мындай

[6] Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997. 18-б.

сөздөр негиз катары болуп, сөз мүчөлөрүнүн орун тартип мыйзамына карама-каршы келбейт.

Сөздөрдө сөз мүчөлөрүнүн жайгашыш ырааты атоочтордо бир башка жана этиштерде бир башка болот. Себеби, атоочтордогу жана этиштердеги грамматикалык категориялар бири-бирине дал келе бербейт. Башкача айтканда, атооч сөздөр башкача ыкта, этиш сөздө башкача ыкта өзгөрөт. Ошентип, төмөндө биз атооч сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби менен этиш сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартибин өз-өзүнчө карайбыз.

## Атооч сөздөрдөгү
## сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби

Атооч сөздөр деп **зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атоочторду** айтабыз. Грамматикалык белгилери боюнча этиштин **кыймыл атооч** жана **атоочтук** өзгөчө формалары да атоочтор сыяктуу өзгөрүүлөргө дуушар болот. Акыркылары, кыймыл атооч менен атоочтуктар – туунду формалар. Ошондуктан, булардагы сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби да атооч сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартибиндей эле болот. Кыймыл атоочтор менен атоочтуктардан мисал келтиргенде биерде алардын этиш уңгулары эске алынбады, анткени, жогоруда айтылгандай, алардагы мүчөлөрдүн жайгашыш орун тартиби кыймыл атооч, атоочтук болуп турган негиздерден башталат.

Атооч негиздерге (уңгуларга) уланды мүчө жалгангандан кийин эч качан куранды мүчө жалганбайт. Демек, курандылар жалганса, негизге гана жалганат, ал эми уланды мүчөлөр болсо, негизге да (анын ичинде **уңгуга** да) жана уландылардан кийин да жалгана берет.

**Мисалы:** *ырчы, эмчи, орундук, курдаш* деген сөздөрдө куранды мүчөлөр (*-чы, -дык, -даш)* тубаса негиздерге (уңгуларга) жалганды; *басмакана, башкармалык, саймачы, сырдама* деген сөздөрдө куранды мүчөлөр*(-лык, -чы, -ма, -кана)*

туунду негиздерге, башкача айтканда, курандылардан кийин келип жалганды.

*Ырдын, үйгө, кызым* деген сөздөрдө уландылөр *(-дын, -га, -ым)* тубаса негиздерге (уңгуларга) жалганды; ал эми *ырчылар, эмчини, орундукта, курдашым* деген сөздөрдө болсо, уланды мүчөлөр *(-лар, -ни, -да, -ым)* туунду негиздерге жалганды, башкача айтканда, сөздөгү куранды мүчөлөрдөн кийин жалганды. *Ырчыларга, курдашымдын* деген мисалдарда болсо, уланды мүчөлөр *(-га, -дын)* сөздөрдүн негизине жалганган уландылардан *(-лар, -ым)* кийин келип жалганды.

Сөздө бир нече куранды мүчөлөр биринин артынан бири келиши да мүмкүн: *башкармалык, котормочу* ж.б.

Ошентип, кыргыз тилинде атооч сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби: ***1) уңгу, 2) куранды, 3) уланды*** ырааты менен келет. Бул орун тартипте ***уңгу*** менен ***куранды*** экөө ушундай ыраат катарынан жазбай келет, бир нече курандылар келсе да, сөздөгү курандылар туюндурган маанилерине жараша маанилик ыраат-катары сакталып келе берет. Анткени, уңгу өзүнчө келсе да, уңгуга куранды жалганып келсе да, булар сөздүн негизин түзөт. Ал эми ***уландыларда*** болсо, салыштырмалуу туруктуу орун тартиби болот. Атооч негиздерде адегенде көптүк сандын мүчөсү *(-лар),* андан кийин жакчыл жана жалпы таандык уландылар *(-ныкы, -ым, -ың, -ыңыз, -ы, -сы* ж.б.), андан кийин жөндөмө *(-нын, -га, -ны, -да, -дан)* мүчөлөрү жана алардан кийин, адамзаттык атооч болсо, анда жак уландылары *(-мын, -сың, -сыз* ж.б.) келет. Суроо маанисинин *(-бы)* мүчөсү сөздүн акырынан орун алат.

Мисалы:

| | |
|---|---|
| *апа-лар* | *апа-лар-ыбыз-сыңар-бы* |
| *апа-лар-ыбыз (-ныкы)* | |
| *апа-лар-ыбыз-дын* | |
| *апа-лар-сыңар* | *(апа-быз)* |
| *апа-лар-ыбыз-сыңар* | *(апа-быз-дын)* |
| *апа-лар-быз* | *(апа-сыңар)* |
| | *(апа-быз-сыз)* |

*(ana-быз)*
*(ana-быз-сыз-бы)*

Курандылуу сөздөрдөн мисал келтирели:

*ор-ок-чу-лар*
*ор-ок-чу-лар-ыбыз (-ныкы)*
*ор-ок-чу-лар-ыбыз-дын*
*ор-ок-чу-лар-сыңар*
*ор-ок-чу-лар-ыбыз-сыңар*
*ор-ок-чу-лар-быз*
*ор-ок-чу-лар-ыбыз-сыңар-бы*

Ошентип, атоочтордо сөз мүчөлөрүнүн биринен кийин бири келе турган орун тартиби негизинен төмөндөгүдөй схемада жүрөт:

**Негиз (уңгу *же* уңгу + куранды) + уланды (көптүк сан, таандык, жөндөмө,** *адамзаттык атоочтордо* **жак, суроо мүчөсү).** Муну төмөндөгүдөй кылып таблица түрүнө келтирип көрсөтүүгө болот.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.<br><br>Атооч негиздер (уңгулар). Мис. *эне, ой, от, казык* ж.б. | 2.<br><br>*-лар* | 3.<br>*-ым (-м)*<br>*-ың (-ң)*<br>*-ы (-сы)*<br>*-ыбыз (-быз)*<br>*-ыңар (-ңар)*<br>*(-лары)* | 4.<br><br>*-ныкы* | 5.<br>*-нын*<br>*-га*<br>*-ны*<br>*-да*<br>*-дан*<br>*-сыз*<br>*-сыздар*<br>*-ыңыз*<br>*-ыңыздар*<br>*-(а)т*<br>*(-ыш -а -т)* | 6.<br>*-мын*<br>*-м*<br>*-быз*<br>*-сың*<br>*-сыңар* | 1.<br>*-бы*<br>*-чы* |

## Этиш сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби

Этиш сөздөрдө сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби атоочтордукунан бир аз башкача болот. Анткени, этиштерде

атоочтордон айырмаланган грамматикалык категориялар бар. Анын үстүнө этиш сөздөр – абстракттуу сөздөр. Алардын турпат-көрүнүштөрүн (реалийлерин) көрүүгө, кармоого мүмкүн эмес.

Этиш сөздөрдө да курандылар жалганса, негизге гана жалганат, ал эми уланды мүчөлөр болсо, негизге да (анын ичинде ***уңгуга*** да) жана уландылардан кийин да жалгана берет. **Мисалы:** *созгула-, кирин-, сүйүн-* деген сөздөрдөгү курандылар *(-гыла, -ын)* негиздерге (уңгуларга) жалганып келди. Ал эми *созгулады, киринбе, сүйүнгөн* деген сөздөрдөгү уландылар *(-ды, -ба, -ган)* туунду негиздерге, *созд*у, *сүйб*ө деген сөздөрдөгү уландылар болсо, тубаса негиздерге (уңгуларга) жалганып турат.

Ошентип, этиш сөздөрдө сөз мүчөлөрүнүн жайгашыш орун тартиби төмөндөгүдөй ыраатта жүрөт.

Негиз (же *уңгу*), мамиле мүчөлөр, терс маани мүчөсү, чакчылдын мүчөсү (же чакчылдын мүчөсү + жардамчы этиш), чак жана ыңгай көрсөткүчтөрү, жак жана сан көрсөткүчтөрү, өтүнүч жана суроо маанисинин мүчөлөрү.

Муну төмөндөгүдөй кылып таблица түрүнө келтирип көрсөтүүгө болот.

| 1. | 2. | 3. | 4. | 5. | 6. | 7. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Этиштик негиздер Мис.: *уч-, өрдө-, ачыл-, ал-* ж.б. | *-ын*<br>*-ыл*<br>*-ыш*<br>*-тыр*<br>*-кар*<br>*-кыр*<br>*-каз*<br>*-ар*<br>*-ыз*<br>*-сөт*<br>*-т* | *-ба* | *-ып*<br>*-а*<br>*-е*<br>*-й* | *-ды*<br>*-ган*<br>*-чу*<br>*-ып*<br>*-ыптыр*<br>*-тыр*<br>*-ар (-бас)*<br>*-гын*<br>*-гыла*<br>*-сын*<br>*-гай*<br>*-мак*<br>*-макчы*<br>*-са*<br>*(-чы)* | *-мын*<br>*-м*<br>*-быз*<br>*-сың*<br>*-сыңар*<br>*-сыз*<br>*-сыздар*<br>*-ыңыз*<br>*-ыңыздар*<br>*-(а) т*<br>*(-ыш-а-т)* | *-бы*<br>*-чы* |

Этиш сөздөрдө сөз мүчөлөрүнүн биринен кийин бири келип жайгашыш ырааты ушул тартипте жүрөт. Этиш сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн сөзгө жалганыш катар тартиби ушул тартипти сактап келе берет.

Бул, албетте, этиштик негиздерге (уңгуга да) сөз мүчөлөрүнүн мүмкүн болушунча бардыгынын биринен сала биринин ырааттуу жалганыш мүмкүнчүлүгүнө дал келет. Акыйкатында, кыргыз тилиндеги тубаса этиштерге да, туунду этиштерге да алдагы мүчөлөрдүн бардыгы эле жалганып келе бербейт. Тилдин жандуу жүрүшүндө, башкача айтканда, сүйлөшүп жаткан учурда ар бир сөзгө мүмкүн болгон бардык мүчөлөрдү жалгай бербейбиз. Анткени, сүйлөшкөндө ой мааниси менен сөздөр ар кайсы учурда ар башка формада келип колдонулат.

Анан калса, кыргыз тилинде ар кандай этиштик негиздерге сөз мүчөлөрүнүн, айрыкча уланды мүчөлөрдүн жалганыш же жалганбаш мыйзамченемдиктери болот. Жогорку таблицадагы мүчөлөрдүн да айрымдарынын биринен кийин биринин жалганыш же жалганбаш мыйзамченемдиктери бар. **Мисалы:** *өрдө-, уч-, ачыл-, ал-* деген сыяктуу этиштик негиздерге (уңгуларга) мамиле мүчөлөрүнүн ичинен *-ын, -ыл, -каз, -кар* деген түрлөрү жалганбайт.

Этиштин терс маани мүчөсү болсо, өзүнөн мурда келүүчү мамиле көрсөткүчтөрүнүн бардыгына тең жалгана берүүгө жөндөмдүү.

Этиштин терс маани берүүчү мүчөсүнөн кийин чакчылдын *-а, -е* мүчөлөрү келбейт. Бул көрүнүштүн өзүнчө мыйзамы бар: үндүү тыбыштар менен аяктаган этиштерге чакчылдын *-ып* жана *-й* мүчөлөрү гана жалганат да, *-ып* мүчөсүнүн баштапкы тыбышы, үндүү тыбыш, сыйлыгышып түшүп калат. Ал эми терс маани мүчөсү үндүү тыбыш менен аяктайт.

Андан кийинки катарда турган **чак** жана **ыңгай** көрсөткүчтөрү да өздөрүнөн мурун келе турган чакчыл мүчөлөрдүн баарына эле жалгана бербейт. Булардын ичинен чакчыл мүчөлөрдөн кийин келип жалгана бергени жалгыз гана капыскы өткөн чактын мүчөлөрү болуп эсептелет *(-ып, -ыптыр,*

*-тыр).* Этиштин чактары менен ыңгайларын билдирген грамматикалык каражаттар (мүчөлөр) өздөрүнөн мурунку катар тартипте турган мүчөлөрдү аттап түшүп эле этиштик негиздерге түздөн-түз барып жалганууга жөндөмдүү мүчөлөр болуп саналат. **Мисалы:** *айтты, бекиген, майлачу, өрдөсө, учар, укмак, ойлогун* ж.б.

Чак жана ыңгай мүчөлөрүнөн кийинки катар тартипте келе турган **жак** жана **сан** көрсөткүчтөрү болсо, жалгана турган сөз формаларын ылгабайт. Булар да өздөрүнөн мурда келүүчү мүчөлөрдүн айрымдарын аттап барып жалгана бериши мүмкүн, бирок, милдеттүү түрдө чакчыл мүчөлөрүнөн кийин гана жайгашышат. **Мисалы:** *айтамын, бекийт, майлайсыз* ж.б.

Ал эми акыркы катардагы суроо маанисинин мүчөсү *(-бы)* өзүнөн мурда келүүчү грамматикалык каражаттарды эч ылгабайт, бардыгына тең жалгана берет. Өтүнүч маанисин берүүчү мүчө болсо *(-чы),* экинчи жактын көрсөткүчтөрүнөн кийин гана келет.

Этиш сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби биротоло аныкталды деген ойдон алыспыз. Анткени, бул маселе кыргыз тил илиминде жаңыдан гана[7] колго алынып, азырынча өзүнүн изилдөөчүсүн күтүп турат.

## Сөз жасоо

Пикир алмашуу карым-катышындагы эң негизги тилдик бирдик – сөз. Сөздөрдүн бара-бара эскирип, унутулуп калаары, алардын маанилеринин өзгөрүп кетиши, маанилердин көбөйүп кетиши жана жаңы сөздөрдүн да пайда болушу тууралуу лексикологияда айтылган. Тилдин лексикалык корунун жаңы сөздөр менен улам толукталып байый бериш процесси башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөр жана тиешелүү морфологиялык көрүнүш, сөз жасоо процесси аркылуу ишке ашат.

---

[7] Давлетов С., Садыков Т., Абдувалиев И. Порядковое членение глагольных словоформ в киргизском языке. - Тюркология-88 / Тезисы докладов и сообщений 5-й Всесоюзной тюркологической конференции (07.09.1988). Фрунзе: Илим, 1988. 170-171-б.

Сөз жасоо тил илиминин өз алдынча бөлүмү катары да каралат. Өзбек лингвисттери, мисал үчүн, сөз жасоону лексикология, грамматика сыяктуу эле бөлүм[8] деп кабыл алып грамматика жазышкан.

Кыргыз тилинде сөз жасоо боюнча Ж. Шүкүров, Б.Ө. Орузбаева, С. Кудайбергеновдор атайын илим-изилдөө иштерин жүргүзүшүп, монографиялар жарыялашкан. Айрыкча академик Б.Ө. Орузбаева кыргыз тилиндеги сөз жасоо проблемаларын өтө терең изилдеп[9], анын теориялык маселелерин, кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жасалыш жолдорун ачып көрсөткөн.

Бирок, азырынча кыргыз тилинде сөз жасоону тил илиминин өз алдынча бөлүмү катары бөлүп көрсөткөн окуу китеп али жарала элек. Дээрлик бардык окуу китептерде[10], академиялык грамматикада[11] да ал морфологиянын тутумунда каралып келет.

Сөз жасоо чынында эле лексикология менен морфологиянын экөөнө тең тиешеси бар илим. Анын лексикологияга жакындыгы тилдеги лексикалык байлыкты иликтейт. Сөздөрдүн кантип жасалып, кайдан келип каларын, лексиканын толукталуу мыйзамдарын ачып көрсөтөт.

Ал эми морфологияга жакындыгы сөздөрдүн жасалышында алардын тутумдук түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү көрсөткөндүгүндө жатат. Сөздүн морфологиялык жол менен жасалышында да, синтаксистик жол менен жасалышында да анын тутумдук түзүлүшү иликтенбей калбайт. Ошентип, сөз жасоо тил илиминин өз алдынча бөлүмү болсо да морфологиянын сөздүн тутуму деген бөлүмү менен ажырагыс биримдикте каралат. Анткени, ар кандай сөздүн жасалышында грамматикалык каражат катары эсептелген курандылар да,

[8] Шаабдурахманов Ш. ж. б. Хозирги узбек адабий тили. Тошкент. 1980. 167-б.

[9] Орузбаева Б. О. Словообразование в киргизском языке. Фрунзе, 1964; Сөздүн курамы. Бишкек, 2000.

[10] Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. Фрунзе, 1964; Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980; Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997.

[11] Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе,1980.

бири-бири менен биригип бир сөз болгон уңгулар да сөздүн тутумундагы мүчөлөр (морфемалар) болуп саналат.

Мына ушул жагдайлар бул окуу ктепте сөз жасоону тил илиминин морфология бөлүмүнүн тутумунда карап чагылдырууга мүмкүнчүлүк берди.

Жандуу көрүнүш болуп эсептелген тилдин сөздүк корунда өзгөрүүлөр болуп, өнүгүү процесси тынымсыз жүрүп турат. Себеби, турмуш бир ордунда катып калып, бир калыпта болбойт. Адамзат ар качан алдыга, жакшы жашоого, дүйнөнү дагы да терең таанып билүүгө, дагы да терең өздөштүрүүгө умтула берет.

Демек, жаратылыш сырларын улам жаңыдан тереңдете өздөштүрүүлөр ишке ашып, табияттын таанып билине элек купуя сырлары адам акылына туруштук бере албай тааныла, билине берет. Ал эми бул процесстер, ар бир жаңы ачылыштардын, жаңыдан таанылып билинген жаратылыш сырларынын тилибиздеги жаңыча аталыштары менен коштолуп жүрүп олтурат. Башкача айтканда, лексика толукталат. Албетте, лексика мамиле-катнашта болгон тилдерден даяр сөздөрдү кабыл алуу менен да толукталат. Бирок, мындай процесске карганда тилдин өзүнүн ички ресурстарынын эсебинен толукталуусу бир топ арбын жана мол болот. Тилдин өзүнүн ички табиятына ылайык жаңы сөздөр жаралат. Куранды мүчөлөр ишке кирет, эки же андан көп сөздөр бир маани жаратуу үчүн биригишет. Ошентип, морфологиялык процесс жүрөт.

Сөз жасоо эки мааниде колдонулат.

1) тилдеги атайы каражаттар аркылуу жаңы сөздөрдүн жасалышынын белгилүү мыйзам тартиби, эрежелери, жолдору;

2) жаңы сөздөрдүн пайда болушу тууралуу илим.

Биз бул жерде сөз жасоонун алдагы биринчи маанисинде иш алып барабыз. Сөздүн жасалышы белгилүү деңгээлде грамматикалык кубулуш болуп саналат. Башкача айтканда, жаңы сөздүн пайда болушу үчүн тилдик бирдиктердин аракети, сөздөрдүн же сөз мүчөлөрүнүн (морфемалардын) бири-бири менен карым-катышка түшкөн аракеттеринин натыйжасы талап

кылынат. Жаңы маани берүү үчүн, жаңы маани жаратуу үчүн тыбыштык жаңы курам, мурдагылардан башкача сырткы турпат жаралыш керек да, алар ошол жаңы маани маңызын өзүнө сиңирип алыш керек.

Ошентип, тил илиминде сөз жасоонун өзүнчө маанилери, типтери жана жолдору болот.

## Сөз жасоо мааниси[12]

**Сөз жасоо мааниси** бир же бир нече туунду сөздү өз ичине камтып, алардын бардыгына бирдей таралат. Бул жагынан сөз жасоо мааниси сөз түркүмүнүн жалпы категориялык маанисине окшоп кетет. Бирок, аталган эки маанинин ортосунда орчундуу айырма бар. Сөз түркүмүнүн жалпы категориялык мааниси ошол түркүмгө кирген сөздөрдүн бүтүндөй бардыгына тиешелүү болсо, сөз жасоо мааниси ошол түркүмдөгү сөздөрдүн айрымдарына гана тиешелүү болот. Демек, сөз жасоо маанисинин таралуу чөйрөсү тар. **Мисалы:** *агар-, көгөр-, карар-, жашар-, кыскар-* деген атоочтон жасалган туунду этиштер «негиз аркылуу туюндурулган белгиге ээ болуу» деген маани боюнча өз ара жалпылыкты түзүп турат. Бул - аталган туундулардын сөз жасоо мааниси. Ушул маани аркылуу өздөрү жасалган *ак, көк, кара, жаш, кыска* сөздөрүнүн маанисинен айырмаланат. Бирок, бул маани этиш түркүмүндөгү бардык этиштерге милдеттүү түрдө тарала бербейт. Ошондуктан, муну жалпы категориялык маани деп кароого мүмкүн эмес, ал тек гана аталган туундуларды өз ичине камтып турат.

Сөз жасоо мааниси сөздүн лексикалык маанисинен да айырмаланат. Сөздүн лексикалык мааниси ал сөздүн керт башына гана таандык болсо, сөз жасоо мааниси эки же андан көп туунду сөзгө таандык болот. Ошондой эле бирдей сөз жасоо маанисине ээ болгон сөздөр, адатта, бирдей сөз жасоо каражаттары менен да мүнөздөлөт. **Мисалы:** *агар-, көгөр-, карар-, жашар-, кыскар-* сөздөрүн жасоодо бир гана каражат

[12] Тъмънк\ китеп боюнча жазылды: Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттери \ч\н окуу китеп. -Бишкек, 1997. 22-б.

колдонулду. Ал - атоочтон этиш жасоочу *-ар* курандысы. Демек, сөз жасоо мааниси куранды мүчө аркылуу берилет, ал эми лексикалык маани бүтүндөй бир сөз аркылуу туюндурулат. Бул жогорудагы эки маанинин ортосундагы дагы бир айырмачылык.

## Сөз жасоо тиби

«Сөз жасоо тиби дегенибиз – туунду сөздөрдүн айрым-айрым топторго бириктирүүгө мүмкүнчүлүк берген формалдык-семантикалык түзүлүш схемасы (формуласы)» деп жазат С. Давлетов[13]. Бул деген бир типте жасалган сөздөрдүн негиздери бир түркүмдө болуп, бардыгынын курандысы бир эле куранды дегендик болуп саналат. **Мисалы:** *сынык, чирик, жарык, жабык, бузук, өсүк* деген сөздөрдүн уңгулары *(сын-, чири-, жары-, жап-, буз-, өс-)* бир түркүмдөгү сөздөр, бардыгы этиштер, ал эми булардан бир эле куранды мүчө *(-ык)* жаңы сөз жаратып жатат, натыйжада бул сөздөр бир эле лексика-грамматикалык жалпылыкта турат, башкача айтканда, жасалган сөздөрдүн бардыгы зат атоочтор. Демек, бул сөздөр - бир типте жасалган сөздөр.

Дагы бир мисал келтирели: *байла-, сүйлө-, сыйла-, ыйла-* деген туунду сөздөр да сөз жасоонун бирдей тиби менен жасалган. Анткени, негиздери *(боо, сөз, сый, ый)* - зат атоочтор, бардыгында тең бир эле куранды *(-ла)* катышып турат, натыйжада жасалган жаңы сөздөрдүн бардыгы этиштер.

Келтирилген мисалдарды С. Давлетов жазгандай кылып схемага келтирсек, төмөндөгүдөй болот.

Биринчи мисал

**этиштик негиздер** + куранды ***-ык*** = **атооч сөздөр**

Экинчи мисал

**атооч негиздер +** куранды ***-ла*** = **этиш сөздөр**

Ошентип, сөз жасоонун тиби үчүн төмөнкүдөй жалпылыктардын болушу шарт:

1) жасала турган сөздөрдүн негиздеринин бирдей сөз түркүмүндө турушу;

[13] Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 25-б.

2) негиз менен жаңыдан жасалган сөздүн ортосунда маанилик жалпылыктын болушу, башкача айтканда, жаңы сөздүн маанисинин негиз берген маани менен байланышып турушу;

3) жаңыдан жасалган сөздөрдөгү сөз жасоо маанисинин бирдей болушу;

4) жаңыдан жасалган сөздөрдү алардын негиздеринен айырмалоочу грамматикалык каражаттардын (курандылардын) бирдей болушу;

5) жаңыдан жасалган сөздөрдүн бирдей сөз түркүмүндө болушу.

**Мисалы:** *оймо, чийме, сүзмө, түймө, сайма, кырма* деген сөздөрдүн жасалышы бир типте болду, анткени, буларда жогорудагы беш шарт сакталып турат.

- бардыгынын негиздери*(ой-, чий-, сүз-, түй-, сай-, кыр-)* бирдей сөз түркүмүндө (этиш) турат;

- жасалган сөздөрдүн мааниси негиздердин мааниси менен байланышат: *ой- оймо, чий- чийме, сүз- сүзмө, түй- түймө, сай- сайма, кыр- кырма;*

- жасалган сөздөрдүн сөз жасоо мааниси бирдей - «негиздин маанисинин натыйжасы катары туюндурулган зат» деген маани бардыгына таандык;

- жасалган сөздөрдү алардын негиздеринен *-ма* курандысы, бир эле каражат айырмалап турат, башкача айтканда, бул сөздөрдүн бардыгы бир куранды менен жасалган;

- жаңыдан жасалган сөздөр бирдей сөз түркүмүндө турат, бардыгы – зат атоочтор.

## Сөз жасоо жолдору

Кыргыз тилинде жаңыдан жасалган сөздөр бир топ арбын. Алардын ар кандай ыктар, амалдар менен жасалгандыгына карай өзүнчө бөтөнчөлүктөрү бар. **Мисалы:** *малчы, басма, ачыткы, сына-, көбөй-* деген сөздөр негизге куранды мүчөлөрдүн жалганышы менен жасалса, *байке, таята, быйыл, аткулак, Каракол, Жаныбек* деген сөздөр эки сөздүн кошулуп,

лексикалык бир маани билдириши аркылуу жасалган. Ошентип, сөздөрдүн жасалыш ыгындагы айырмачылыктарга карата кыргыз тилинде сөз жасоонун эки жолу болот: **сөз жасоонун морфологиялык жолу** жана **сөз жасоонун синтаксистик жолу.**

Тил илиминде айтылып жүргөн сөз жасоонун **лексика-семантикалык жолун** С. Давлетов лексикалык маанилер алкагында карап, лексикологиянын обөектиси деп эсептейт[14]. Биз да ушул көз караштты колдоп, төмөндө сөз жасоонун аталган эки жолу тууралуу сөз кылабыз.

## Сөз жасоонун морфологиялык жолу

Негизге куранды мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу сөздөрдүн жасалыш ыгы сөз жасоонун морфологиялык жолу деп аталат. **Мисалы:** *саанчы, илимпоз, энелик, түймө, тоют, тончон, ырда-, сана-, байы-, көбөй-, көнүк-, тамчыла-, тарсылда-, чыркыра-* ж.б. сөздөр куранды мүчөлөрдүн (*-чы, -поз, -лык, -ма, -ыт, -чан, -ла, -ай, -ык, -а, -ы, -чыла, -ылда, -ыра*) жардамы аркылуу морфологиялык ык менен жасалды.

Сөз жасоонун морфологиялык жолу менен жасалган туунду сөздөр кыргыз тилинде абдан көп. Морфологиялык жол менен сөз жасай турган курандылар да мол.

Куранды мүчөлөр, алардын бөлүнүштөрү жана башка касиеттери жогоруда «курандылар» деген темада кеңири айтылды. Мына ошол курандылар аркылуу сөздөрдүн жасалышына мисалдар жана курандылардын маанилери төмөндө тиешелүү сөз түркүмдөрүндө кеңири айтылат.

## Сөз жасоонун синтаксистик жолу

Эки же андан көп сөздөрдүн биригиши аркылуу жаңы сөздөрдүн жасалыш ыгы сөз жасоонун синтаксистик жолу деп

---

[14] Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 26-27-б.

аталат. **Мисалы:** *агайын, кайната, бүгүн, айбалта, кумшекер, ашказан, үй-жай, ата-бала, кыз-кыркын, курал-жарак, баш бак-, кол кой-, көз сал-, Сагыналы, Мукамбеткалый, Сатыбалды, Арчатору, Аккыя, Онбиржылга, Чатыркөл* ж.б. сөздөр эки (үч) сөздүн биригип бир маани бериши аркылуу жасалган, башкача айтканда, сөз жасоонун синтаксистик жолу менен жасалган. Кыргыз тилинде мындай ык менен жасалган сөздөр өтө көп.

**Мисалы,** зат атоочтор: *кыларкан, таяке, оозеки, жетата, көккытан, аткулак, бакажалбырак, ташкөмүр, бала-бакыра, ыйкы-тыйкы, күч-кубат, Сатыбалды, Токтобүбү, Турусбек, Ысыккөл, Шамалдысай, Чоңсарой, Акталаа* ж.б.

Сын атоочтор: *боз ала, жээрде кашка, кызыл ала* ж.б.

Сан атоочтор: *он бир, кырк сегиз, бир жүз отуз беш, алты миң сегиз жүз токсон төрт, экиден бир, үч-үчтөн, төрттөн бир, төрт-беш, жыйырма-отуз, бирин-серин* ж.б.

Ат атоочтор: *кимдир бирөө, кайсы бир, эч качан, эч бир, ар ким, ар нерсе, алда ким, эмне кылып жатат?* ж.б.

Этиштер: *ала кел-, бара бер-, келе бер-, байкай кой-, окуп чык-, тоюп ал-, ырдап кой-, капа бол-, көз сал-, тил ал-, кол кой-, жол чал-, тырп эт-, жарк эт-, чү де-, кош де-, жылт кой-, чөк түш-* ж.б.

Тактоочтор: *ары-бери, бат-бат, бетме-бет, анча-мынча, эртели-кеч, анда-санда, алда кайда, ар дайым* ж.б.

Синтаксистик жол менен жасалган сөздөр – татаал сөздөр. Ошондуктан, төмөндө татаал сөздөрдүн түрдүү касиеттерине, түрлөрүнө өзүнчө токтолобуз.

## Татаал сөздөр

Татаал сөздөр жөнөкөй сөздөрдөн тутумдук түзүлүшү менен айырмаланат. Бирок, булар деле тутумунда эки же андан көп сөз болгонуна карабай лексикалык бир гана маанини билдирет. Демек, татаал сөздөр сүйлөмдө сүйлөмдүн бир эле мүчөсүнүн милдетин аткарат.

Татаал сөздөрдүн айрым топтору жөнөкөй сөздөрдөн грамматикалык маанилери боюнча да айырмаланат. **Мисалы:** *киши-кара, бала-чака, мал-сал, эгин-тегин* деген сыяктуу татаал сөздөрдө дайыма көптүк сан мааниси кошо болот.

Татаал сөздөрдүн грамматикалык жактан уюшулушу өтө ар түрдүү. Эки же андан көп компоненттерден тургандыктан алардын ортосунда бири-бирин байланыштырып турган синтаксистик байланыш бар. Ошондуктан, аларды грамматикалык жактан уюшулушу жана тутумдук түзүлүшү боюнча төмөндөгүдөй топторго бөлүштүрүп карайбыз:

**1. Ыкташуу байланышы** менен уюшулган татаал сөздөр. Кыргыз тилиндеги татаал сөздөрдүн басымдуу бөлүгү ушул ык менен уюшулган. Аларды биз тутумундагы сөздөрдүн (негиздердин) маанисине, мүнөзүнө жана түркүмдүк өзгөчөлүгүнө жараша андан ары дагы бөлүштүрөбүз:

а) жалаң атоочтордун айкашынан турган татаал сөздөр: *каржилик, таштүлөк, өнөржай, ашказан, бүгүн, чоңата, Соңкөл, Ылайталаа, Сарыжаз, Жоошбай, Алмагүл, Турганбай, илимий даража, айылдык кеңеш, беш айлык, эл аралык* ж.б.

б) атоочтор менен этиштердин айкашынан турган татаал сөздөр: *кол сал-, жакшы көр-, жок кыл-, өч ал-, дем ал-, баш ий-, пайда бол-, баш бак-* ж.б.

в) чакчылдар менен байланышып уюшулган татаал сөздөр: *бара бер-, жаза сал-, тура тур-, кийе кой-, окуп жибер-, кайтып кел-, байкай кой-* ж.б.

г) тактоочтор менен айкашып уюшулган татаал сөздөр: *тез тез, ары бери, алда кайда* ж.б.

д) тууранды сөздөр менен байланышып уюшулган татаал сөздөр: *тарс эт-, жылт эт-, чү де-, жылт кой-* ж.б.

**2. Таандык байланыш** менен уюшулган татаал сөздөр: *бирдин айы, бештин айы, шайлоо комиссиясы, төрөт үйү, окуу бөлүмү* ж.б.

**3. Башкаруу байланышы** менен уюшулган татаал сөздөр: *жолго сал-, жандан кеч-, көзгө түш-, колго сал-, күнүн көр-, тилден кал-, жокко чыгар-, баш жаз-, жооп бер-, өкүттө кал-* ж.б.

**4. Тең байланыш** аркылуу уюшулган татаал сөздөр. Мындай ык менен уюшулган татаал сөздөр да кыргыз тилинде бир топ арбын. Булар да өз ара бири-биринен айырмаланган топторго бөлүнөт:

а) түгөйлөрүнүн бардыгы лексикалык маани берип турган сөздөрдөн (негиздерден) уюшулган татаал сөздөр: *тоо-таш, курал-жарак, күч-кубат, азап-тозок, алыш-бериш, эрди-катын, кадыр-барк, ал-абал, кылык-жорук, ит-куш, курт-кумурска* ж.б.

б) түгөйлөрүнүн бири лексикалык маани бере албаган сөздөрдөн (негиздерден) уюшулган татаал сөздөр: *кыз-кыркын, китеп-митеп, бала-бакыра, эгин-тегин, кийим-кечек* ж.б.

в) түгөйлөрүнүн бардыгы лексикалык маани бере албаган сөздөрдөн (негиздерден) уюшулган татаал сөздөр: *ыйкы-тыйкы, ыпыр-сыпыр, олку-солку, быт-чыт, үрөң-бараң* ж.б.

Тутумдук түзүлүшү боюнча кыргыз тилиндеги татаал сөздөрдүн үч түрү бар[15]. Алар: **кош сөздөр, кошмок сөздөр** жана **кыскартылган сөздөр.**

## Кош сөздөр

Маанилик же уйкаштык жагынан жупташып келип бир гана лексикалык мааниге ээ болгон татаал сөздөр кош сөздөр деп аталат. **Мисалы:** *күч-кубат, бала-чака, алдым-жуттут, алай-дүлөй, чымын-чиркей* ж.б.

Кош сөздөр түгөйлөрүнүн (компоненттеринин) берген маанилерине жараша өз ара топторго бөлүнөт.

1. Түгөйлөрүнүн бардыгы өз алдынча лексикалык мааниге ээ боло алган кош сөздөр: *ата-эне, жер-суу, короо-короо, таңгак-таңгак, өйдө-төмөн, кайгы-капа, жан-жаныбар, соода-сатык, кой-эчки* ж.б. Кош сөздөрдүн бул тобун С. Давлетов андан ары дагы үчкө бөлгөн:

а) **Карама-каршы кош сөздөр. Т**үгөйлөрү өз ара карама-каршы мааниде болуп кош сөз жаралат: *оң-терс, чоң-кичине, кары-жаш, улуу-кичүү, жакшы-жаман, асты-үстү, алды-арты, күн-түн, дос-душман.*

[15] Давлетов С., Кудайьергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 29-б.

б) **Маанилеш кош сөздөр. Т**үгөйлөрү өз ара бири-бирине синоним маанилерде келип кош сөз жаралат: *сак-саламат, аман-эсен, күч-кубат, жарды-жалчы, кедей-кембагал, алдуу-күчтүү, ачык-айкын.*

в) **Түркүмдөш кош сөздөр. Т**үгөйлөрүнүн экөө тең бир текте же бир сөз түркүмүндө келип, кош сөз жаралат: *алма-өрүк* (экөө тең жемиш), *идиш-аяк* (экөө тең буюм), *курт-кумурска, казан-аяк, чымын-чиркей, музоо-торпок, кой-козу, кулун-тай* ж.б.

2. Түгөйлөрүнүн бири өз алдынча лексикалык мааниге ээ боло албаган кош сөздөр: *аке-жаке, айыл-апа, жорук-жосун, жаман-жуман, жыт-жыбыр, жоон-жолпу, будуң-чаң, оңой-олтоң, кең-кесири, кийим-кечек* ж.б.

3. Түгөйлөрүнүн бардыгы өз алдынча лексикалык мааниге ээ боло албаган кош сөздөр: *оргу-баргы, уйгу-туйгу, үрүл-бүрүл, илең-салаң, кым-куут, бака-шака, акыр-чикир, быт-чыт* ж.б.

Кош сөздөрдү жалпы категориялык грамматикалык маанилерине карай да өзүнчө топторго бөлүштүрөбүз.

1. Жалпылап топтоштуруу маанилерин билдирген кош сөздөр: *бала-бакыра, эли-журт, агайын-тууган, жер-суу, чымын-чиркей, азык-түлүк, ыпыр-сыпыр* ж.б.

2. Болжолдоп чамалоо маанилерин билдирген кош сөздөр: *беш-алты, бирин-серин, отуз-кырк, аз-маз, жарым-жарты* ж.б.

3. Чектөө, жиктөө маанилерин билдирген кош сөздөр: *алды-арты, алыс-жакын, ак-кара, тарам-тарам, узун-узун, бетме-бет, жекеме-жеке, теңме-тең* ж.б.

4. Ойдун, процесстин кайталанышын, созулушун билдирген кош сөздөр: *бара-бара, кайта-кайта, жыла-жыла, сылай-сылай, бырс-бырс, улам-улам, ыйлап-сыктап* ж.б.

5. Күчөтүү, сапатты арттыруу маанилерин билдирген кош сөздөр: *чоң-чоң, узун-узун, көп-көп, түрмөк-түрмөк, машине-машине* ж.б.

Кош сөздөр татаал сөздөрдүн башка түрлөрүнөн жазылышы боюнча араларына дефис (-) коюлуп жазылышы менен да айырмаланат. Булар жупташып бириккен татаал

сөздөр. Дефис бириктирүү маанисине ээ. Дефис аркылуу кош сөздөрдүн эки же андан көп тутумдары биригип турат.

## Кошмок сөздөр

Тутумдашкан эки же андан көп сөздүн (негиздин) ортосундагы синтаксистик байланыш мааниси солгундап же жоголуп, алар биригип лексикалык бир гана мааниге ээ болуп калат. Мына ушундай татаал сөздөр кошмок сөздөр деп аталат. **Мисалы:** *айбалта, аткулак, балчелек, колжазма, ишбилги, аккөңүл, ачкүсөн, көккытан, эчкемер, көзайнек, демалыш, чыпетме, атбагар, орунбасар, Мукамбеткалый, Тилебалды, Жетөгүз, Салкынтөр, Базаркоргон* ж.б.

Кошмок сөздөрдө тутумдарынын жекече тургандагы маанилери эске алына бербейт. Алар биригип бир маани берет. Бирок, кандайдыр деңгээлде кошмок сөздүн тутумундагы жөнөкөй сөздөрдүн мааниси менен кошмок сөз маанисинде байланыштын болушу мүмкүн.

Кыргыз тилинде кошмок сөздөр өтө эле көп. Алардын уюшулуш, куралыш, түзүлүш өзгөчөлүктөрү да өтө ар түрдүү. Анткени, кошмок сөздөр дээрлик бардык сөз түркүмдөрүн камтып, бир тобу эки башка сөз түркүмүнө жата турган сөздөрдүн (негиздердин) биригишинен келип чыккан.

Кошмок сөздөрдө экиден ашык лексикалык маанидеги сөздөр биригип, башка лексикалык маани жаратат да, башкача грамматикалык маанилердин жаралышына негиз болуп кызмат кылуу милдетин аткарат. Булардын мына ушундай татаал табияты кыргыз тил илиминде азырынча өз изилдөөчүсүн күтүп келет. Ошондуктан, биз кошмок сөздөрдү бул эмгегибизде тигиндей-мындай деп топторго бөлүштүргөн жокпуз. Кошмок сөздөрдүн бөлүнүшү боюнча Б. Ө. Орузбаеванын[16] эмгегин кароону сунуш кылабыз.

Кыргыз тилинде кошмок сөздөрдүн жазылышы да бир беткей эмес. Бир тобу бириктирилип жазылса, башкалары бөлөк-бөлөк жазылат. Чынында эле *кулак сал-, дит бак-, кол*

[16] Орузбаева Б.О. Словообразование в киргизском языке. Фрунзе, 1964. 184-222-б.

*кой-, ала кел-, таап ал-* деген өңдүү этиштерди, *кара сур, кызыл ала, кара күрөң, мала кызыл* деген сыяктуу сын атоочторду, *он беш, отуз сегиз, эки жүз элүү алты, эки жарым* өңдүү сан атоочторду, *кимдир бирөө, кайсы бир, эч качан, эч кандай* сыяктуу ат атоочторду, *ар дайым, ар убак, алда кайда, алда качан* өңдүү тактоочторду, *ойлоп табуучу, башкы командачы, пайдалуу кен, кенже лейтенант, маданий турмуш, Кыргыз улуттук университети, Бириккен улуттар уюму* деген сыяктуу зат атоочторду бириктирип жазуу бир топ опурталдуу.

Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин жаңы редакциясында кошмок сөздөрдүн көпчүлүгүн бириктирип жазуу сунуш кылынган[17]. *Аткулак, аттиш, акмай, алакөөдөн, ачкөз, ачарбак, бакажалбырак, биртууган, бешилик, бозулан, баңгизат, жансоога, жибеккурт, желаргы, жетата, зымтор, ишөргүү, ишсапар, көзайнек, карөзгөй, көкжал, колжазма, кызкуумай, кырарка, канталамай, кумшекер, күнкарама, көзайнек, окчонтой, орунбасар, сүттикен, чегара, эрсайыш, эстутум, Карабулак, Кызкүйөө, Кудайберген, Семизбел, Таабалды, /чтерек, Чымкоргон* сыяктуу кошмок сөздөр *таята, таяке, чоңене, быйыл, бүгүн, көкмээ, оозеки, басмайыл, чүгой, төөматек, жанбаш* деген кошмок сөздөрдөй эле биригип, лексикалашып, бир маани берип турат. Булардын бардыгы ушул турпаты менен жазылып, ар кандай сөздүктөрдө ар бири ушул турпаты менен өз-өзүнчө макала болуп келип, реестрге чыгып жазылууга укуктуу.

## Кыскартылган сөздөр

Сөздөрдүн кыскартылып биригишинен жасалган татаал сөздөр кыскартылган сөздөр деп аталат. **Мисалы:** *шаарком, профсоюз, КР, БУУ ж.б.* Мындай сөздөр кыргыз тилинде анча көп эмес. Анткени, булар ойлоп табылып жасалган татаал сөздөр. Кыскартып жазуу сөздүн же сөздөрдүн кайсы муунунан, кайсы тамгасынан кыскартуу ыңгайына жараша жүрөт да, чыгармачылык менен ой жүгүртүүнү талап кылат. Кыргыз

[17] Кыргыз жазуусунун жаңы редакциясы. Бишкек, 2002.

тилинде азырынча мындай салт калыптана элек, көбүнчө башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөр менен кыскартылган сөздөр жаралат. Кыскартууларда, айрыкча муун же сөздүн тыбыштык башка бөлүктөрүнөн кыскартууларда грамматикалык бирдиктүү эреже иштелип чыга элек.

Кыргыз тилинде сөздөр эки жол менен кыскартылып бириктирилип татаал сөздөр уюшулуп жүрөт.

1. Сөздөрдүн тутумундагы муундардан, морфемалардан кыскартып бириктирүү аркылуу уюшулуп кыскартылган сөздөр. **Мисалы:** *боршайком* (борбордук шайлоо комиссиясы), *шайлооком* (шайлоо комиссиясы), *облсот* (областтык сот), *райборбор* (райондун борбору), *ЖоКе* (Жогорку Кеңеш), *райакимчилик* (райондук акимчилик), *ЖаМУ* (Жалалабат мамлекеттик университети), *БатМУ* (Баткен мамлекеттик университети) ж.б.

Кыскартылган сөздөрдүн жаралышындагы бул ыкма азыркы кыргыз тилинде анча өнүгө бербей келет. XX кылымда пайда болгон *Кыргызмамбас, Кыргызокуупедмамбас* сыяктуу сөздөр эскирип архаизмдерге айланып калды.

2. Баш тамгаларды бириктирүү аркылуу уюшулган кыскартылган сөздөр. **Мисалы:** *БУУ* (Бириккен улуттар уюму), *КР* (Кыргыз Республикасы), *КУУ* (Кыргыз улуттук университети), *ИИМ* (Ички иштер министрлиги), *ТИМ* (Тышкы иштер министрлиги), *БГУ* (Бишкек гуманитардык университети), *ж.б.* (жана башка), *ж.б.у.с.* (жана башка ушул сыяктуу), *б.а.* (башкача айтканда), *б.э.ч.* (биздин эрага чейин) ж.б.

Баш тамгаларынан кыскартылган сөздөрдө татаал сөз болуп, анын эки уңгусунун тең баш тамгалары кыскартылса, экинчи уңгунун баш тамгасы кичине тамга менен жазылат. **Мисалы:** *ЖаМУ* (Жалалабат мамлекеттик университети) ж.б.

Кыскартылган сөздөрдүн жаралышындагы бул ыкма азыркы кыргыз тилинде өз ордуна ээ болуп калыптанып баратат.

**Суроолор**

1. Сөз, сөздүн ички табияты менен сырткы турпаты тууралуу айтып бергиле.

2. Сөздүн мүчөлөрү деген эмне? Сөздүн тутумунда эмне деген мүчөлөр (морфемалар) болот?

3. Ээрчиме жана ээрчибес мүчөлөр жөнүндө өз оюңарды ортого салгыла.

4. Уңгу, уңгунун түрлөрү.

5. Сөздүн кандай мүчөлөрү курандылар деп аталат?

6. Сөздүн кандай мүчөлөрү уландылар деп аталат?

7. Сөздүн негизи деген эмне? Уңгу жана негиз.

8. Сөздөгү мүчөлөрдүн орун тартиби. Атооч сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби кандай болот?

9. Этиш сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби кандай болот?

10. Сөз жасоо тууралуу айтып бергиле.

11. Сөз жасоо мааниси, сөз жасоо тиби дегенде эмнени түшүнөбүз?

12. Сөз жасоонун жолдору.

13. Сөз жасоонун морфологиялык жолу.

14. Сөз жасоонун синтаксистик жолу.

15. Татаал сөздөр, алардын бөлүнүштөрү тууралуу өз оюңарды ортого салгыла.

16. Эмне үчүн татаал сөздөрдүн бир бөлүгү бириктирилип, бир бөлүгү бөлөк-бөлөк жазылат?

17. Сөздүн тутуму тууралуу кыскача чыгарма жазгыла.

# СӨЗ Т/РК/МДӨР/

**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Бишкек, 2003. 31-33-б.

**2. Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997. 38-45-б.

**3. Азыркы** кыргыз тили. Сөз түркүмдөрү. 2-бөлүм. Фрунзе, 1958.

**4. Батманов И. А.** Части речи в киргизском языке. - «Вопросы языкознания», 1955. № 2.

**5. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 38-40-б.

**6. Кыргыз** адабий тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 134-145-б.

**7. Кыргыз** тилинин грамматикасы: морфология. Фрунзе, 1964. 33-44-б.

**8. Орузбаева Б. Ө.** Лингвистикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фрунзе, 1972.

**9. Сартбаев К. К.** Классификация частей речи в киргизском языке. Фрунзе, 1975.

## Жалпы маалымат

Тил дегенде көбүнчө ал тилдеги сөздөрдү түшүнөбүз. Ал эми тилде сөздөр өтө көп да, алар өтө ар түрдүү. Алсак, *тоо,*

*таш, киши, айбан, аюу, кетмен, күрөк, китеп, чапан, тал, терек, аары, чымчык, баш, бут, тынчтык, убакыт* сыяктуу сөздөр бар. Анан дагы *кел-, жүр-, ал-, бер-, ич-, чык-, жалбар-, жүгүр-, ойно-, сүйлө-, сайра-, карма-, отур-, тур-* өңдүү; *ак, кызыл, жашыл, буурул, тору, ачуу, таттуу, момун, коркок, узун, кыска* өңдүү; *бир, эки, үч, беш, он жети, кырк алты, төртүнчү, отуз сегизинчи* өңдүү ж.б. толуп жаткан сөздөр маанилик топторго бириккени менен жалпы мааниси боюнча ар бир топ бири-биринен айырмаланышат.

Байкап көрсөк, бул сөз топторунун биринчилери (*тоо, таш* ж.б.) кандайдыр нерселердин, түшүнүктөрдүн аттарын, экинчилери (*кел-, жүр-* ж.б.) кыймыл-аракеттерди, үчүнчү топтогулары (*ак, кызыл* ж.б.) кандайдыр касиеттерди, андан кийинкилери (*үч, беш* ж.б.) эсепти билдирип, ар бири өз-өзүнчө түркүмдөрдү түзүп турат. Булардан башка да түркүмдөр бар. Бул түркүмдөрдүн ар биринде сөздөр өз ара маанилик жалпылыкка ээ болгон топтор болуп саналат. Ошентип, тилдеги сөздөр жалпы грамматикалык маанилерине, жалпылык белгилерине (лексика-грамматикалык белгилерине) жараша сөз түркүмдөрүнө бөлүнөт.

Тилдеги сөздөрдү лексика-грамматикалык белгилерине карай топтоштуруу, башкача айтканда, сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүү атайын принциптерге ылайык ишке ашат. Кыргыз тилинде сөздөр сөз түркүмдөрүнө **маанилик (семантикалык** деп да аталат), **морфологиялык** жана **синтаксистик** принциптердин негизинде топтоштурулат.

**1. Маанилик (семантикалык) принцип.** Сөздөрдү түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн өтө байыркы жана эң негизги принциби болгон бул принцип кыргыз тилиндеги сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүдө да башкы ролду ойнойт. Сөздөрдү жалпы категориялык грамматикалык маанилери боюнча топтоштуруу бул принциптин негизги мазмунун түзөт. Анткени жалпы категориялык маанилер сөздөрдүн лексикалык маанилерин абстракциялап, жалпылаштырып, аларды ошол категориялык маанилик окшоштук белгилери боюнча топтоштурат. Мисалы, жалпы категориялык заттык маани ар

кандай нерселердин, жаныбарлардын, кишилердин, жер-суу обөектилеринин, асман телолорунун, буюмдардын, абстракттуу түшүнүктөрдун аттарын жалпылаштырып, аларды өзүнчө бир түркүмгө бириктирет. Ошентип, *киши, жылкы, орок, жол, дарыя, казан, бакыт* ж.б. сөздөрдүн чоң тобу лексикалык маанилери боюнча өз ара бири-биринен айырмаланарына карабастан зат атооч деген түркүмгө кирет. Анткени булардын бардыгы заттык маанини, заттын атын билдирет.

Ал эми жалпы категориялык кыймыл-аракет маанилери башка бир сөздөр тобун кыймылдоо, аракеттенүү, кандайдыр абалда болуу жана ар түрдүү кыймылдык процесстерди жалпылаштырып билдирип тургандыктары боюнча аларды өзүнчө башка бир түркүмгө, этиш деген түркүмгө бириктирип турат.

Сөздөрдө маанилик белгилери менен кошо сырткы турпатындагы ар кандай өзгөрүү өзгөчөлүктөрү да болот. Мына ошол бөтөнчөлүктөрү да аларды тиешелүү топторго бөлүштүрүүдө көмөкчү мааниге ээ. Ошондуктан сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыратып топтоштурууда дагы эки принцип (морфологиялык, синтаксистик) колдонулат.

**2. Морфологиялык принцип.** Бул принцип сөздөрдү сөз түркөмдөрүнө бөлүштүрүүдө сөз өзгөртүү системасын жетекчиликке алат. Тагыраак айтканда, сөздөр жөндөмө, жак, таандык, чак, мамиле, ыңгай, даража, сан ж.б. граматикалык категориялар боюнча өзгөрүү же өзгөрбөө өзгөчүлүктөрүнө жараша түркүмдөргө бөлүнөт. Кайсы бир сөздөрдүн тигил же бул сөз түркүмүнө жатаарын маанилик принцип аныктай албаса, морфологиялык принцип жардамга келет. Мисалы, *жаңы үй, жаңырган үй* деген айкалыштарда *жаңы, жаңырган* деген сөздөрдүн экөө тең сапаттык белгини, касиетти билдирип турат. Жалпы категориялык маанилери боюнча алар бир топко, бир түркүмгө жатыш керек. Бирок, булардын морфологиялык түзүлүшүндө олуттуу айырмачылыктар бар. Биринчиси *(жаңы)* белгинин, касиеттин түрдүү даражаларын билгизе алат: *жаңы үй, жаңыраак үй, эң жаңы үй, жапжаңы үй,* ал эми экинчиси *(жаңырган)* белгинин, касиеттин мындай даражаларын көрсөтө

албайт. Анан дагы *жаңы* уңгу түрүндө, ал эми *жаңырган* деген сөздө уңгудан башка да мүчөсү бар. Ошондуктан, *жаңы* сын атооч болот дагы, *жаңырган* этиштин атоочтук деп аталган туунду формасы болуп эсептелет. Сөздөр морфологиялык түзүлүшү боюнча сөз түркүмдөргө ажыратылды.

**3. Синтаксистик принцип.** Бул принцип сөздөрдүн синтаксистик кызмат аткаруу мүмкүнчүлүктөрүнө, башкача айтканда, сүйлөмдө аткарган кызматына жараша сөз түркүмдөрүнө тактык, аныктык киргизет. Мисалы, зат атооч сөздөрдүн сөз айкашындагы, сүйлөмдөгү аткарган кызматтары этиш сөздөрдүн сөз айкашындагы жана сүйлөмдөгү аткарган кызматы менен дал келбейт. Кыскасы, бул принципте сөздөрдүн синтаксистик кызматы, башка сөздөр менен айкашуу мүмкүнчүлүгү, айкашкан сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору (ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык) жана сүйлөмдө алган орду көңүл чордонунда турган болот.

## Сөз түркүмдөрүнүн бөлүнүшү

Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрү жалпы категориялык грамматикалык маанилеринин өзгөчөлүгү боюнча топторго бөлүнөт.

**1. Маани берүүчү** же **негизги сөз түркүмдөр.** Буга зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш жана тактоочтор кирет. Булар өз алдынча лексикалык мааниге ээ болуп, сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарып, кээде өз алдынча сүйлөм да боло ала турган сөздөр болуп саналат.

**2. Өзгөчө сөз түркүмдөр.** Булар сырдык сөздөр менен тууранды сөздөр. Негизги да, кызматчы да сөз түркүмдөрүнө кошулбаган бул сөз түркүмдөрү кишинин ички сезимин билдирип жана ар кандай табыштарды, көрүнүштөрдү туурап айтылган сөздөр болуп эсептелет.

**3. Кызматчы сөз түркүмдөр.** Булар өз алдынча лексикалык толук мааниге ээ болбойт. Сүйлөмдө сөз менен сөздү, же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырып, алардын ортосундагы ар түрдүү карым-катыштарды шарттап турат.

Башкача айтканда, лексикалык толук маанилүү сөздөрдөгү кошумча ар түрдүү грамматикалык маанилерди жаратат. Кызматчы сөз түркүмдөрү булар: байламталар, бөлүкчөлөр, жандоочтор жана кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр.

Ошентип, кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрдү төмөндөгүдөй кылып бөлүштүрүп, топтоштурабыз:

**I Маани берүүчү сөз түркүмдөр**

1. Зат атооч
2. Сын атооч
3. Сан атооч
4. Ат атооч
5. Этиш
6. Тактооч

**II Өзгөчө сөз түркүмдөр**

7. Сырдык сөздөр
8. Тууранды сөздөр

**III Кызматчы сөз түркүмдөр**

9. Байламталар
10. Бөлүкчөлөр
11. Жандоочтор
12. Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр.

**Суроолор**

1. Сөз түркүмдөрү деп эмнени айтабыз?
2. Сөздөр түркүмдөргө кандай принциптердин негизинде бөлүштүрүлөт?
3. Сөз түркүмдөрү кандай топторго бөлүнөт?
4. Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүн атап көрсөткүлө.
5. Сөз түркүмдөрү тууралуу кыскача чыгарма жазгыла.

# ЗАТ АТООЧ

**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Бишкек, 2003. 34-70-б.

**2. Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997.

**3. Абдулдаев Э., Давлетов С.** ж.б. Кыргыз тили. Фрунзе, 1986.

**4. Батманов И. А.** Грамматика киргизского языка. Ч. 3. Фрунзе, 1940.

**5. Грамматика** киргизского чзыка. Ч. 1. Фонетика и морфология. Фрунзе, 1987.

**6. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 41-89-б.

**7. Давлетов С., Мукамбаев Ж., Турусбеков С.** Кыргыз тилинин грамматикасы. 1 бөлүм. Педагогикалык окуу жайлары үчүн. Фрунзе, 1982.

**8. Дыйканов К.** Имя существительное в киргизском языке. Ф., 1955.

**9. Кудайбергенов** С. Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү системасы. Фрунзе, 1957.

**10. Кудайбергенов** С. Кыргыз тилиндеги таандык категориясы: тарыхый грамматиканын материалдарынан. Фрунзе, 1961.

**11. Кыргыз адабий** тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 145-222-б

**12. Кыргыз тилинин** грамматикасы: морфология. Фр., 1964. 45-120-б.

**13. Турсунов** А. Кыргыз тилиндеги грамматикалык жөндөмөлөр. -Китепте: Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерктери. Фрунзе, 1965.

**14. Тыныстанов К.** Кыргыз тилинин морфологиясы. Фрунзе, Кырмамбас, 1934.(Латын арибы менен).

**15. Юнусалиев Б. М.** Киргизский язык. -Китепте: Языки мира. Т. 2. Тюркские языки. М., Наука, 1966.

## Жалпы маалымат

**Заттардын, буюмдардын, жан-жаныбарлардын, абстракттуу тушүнүктөрдүн, ар кандай көрүнүштөрдүн, кубулуштардын аттарын билдирип,** *ким?* **жана** *эмне?* **деген суроолорго жооп берген сөздөр зат атоочтор деп аталат.** Мисалы: *тоо, топурак, күмүш, үй, кийиз, кол, бут, кийик, аюу, бөдөнө, кумурска, жүрүш, мелдеш, сүйүү, чагылган, козголоң, мөндүр, шамал* ж.б.

Зат атооч атооч сөз түркүмдөрүнүн ичинен эң негизгиси. Кыргыз тилинин сөздүк корунун да басымдуу бөлүгүн зат атооч

сөздөр түзөт. Зат атоочтун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланып, өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар:

1. Ар кандай нерселердин, жандуу жана жансыз заттардын, түрдүү түшүнүктөрдүн аталыштарын билдирип, заттык маанини туюндурат.

2. Өзүнө тиешелүү сөз өзгөртүү системасына ээ, башкача айтканда, анын зат атоочко гана тиешелүү болгон жөндөмө, таандык категориялары бар. Зат атоочтор мындан тышкары *сан* жана *жак* категориялары боюнча да өзгөрөт. Зат атоочтун *сан* жана *жак* категориялары менен өзгөрүшү сүйлөм ичиндеги башка сөздөрдүн таасиринен келип чыкпастан, заттардын өздөрүнүн эсебинен жана тигил же бул жакка эгедер экендигинен улам пайда болот.

3. Өзүнө гана тиешелүү, башкача айтканда, зат атоочторду жасоочу куранды мүчөлөрү бар. Мисалы:

***-чы:*** *малчы, айдоочу, жазуучу, шыбакчы;*

***-ма:*** *керме, түймө, сүзмө, сайма;*

***-ым:*** *басым, билим, келишим, чечим* ж.б.

4. Башка сөздөр менен синтаксистик байланышка түшпөстөн туруп, **каратма сөз** да боло алат. Мисалы: – ***Ханым,*** *сакалдуу десеңиз мында теке турат, теке менен сүйлөшүңүз, – деп элчи бала текени агыта берди.* (Жомок).

5. Жеке өзүнчө туруп, кандайдыр тыянактуу ойду туюндуруп, **атама сүйлөм** да боло алат. Мисалы: ***Түн...*** *Асман ачык... Мончоктой тизилип көк деңизинде сүзүп жүргөн сансыз жылдыздар бири-бирине ым кагышып жымыңдашат.* (К.Баялинов).

6. Сүйлөмдө эч бир сөзгө багынбай келгенде ээлик милдетти аткарып, баяндоочту өз ыгына карай ээрчитет. Мисалы: *Өз ара маектеше* ***жумушчулар*** *иштеп жатышкан эле.* (Т.Сыдыкбеков).

7. Сүйлөмдө башка сөздөр менен байланышып, багыныңкы абалда келгенде сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнүн милдетин да аткарат. Мисалы: *Анын колу баласына жетпей калды.* (Б.Усубалиев). *Көрсө, биз ал анын сырын таятамдан сурабай калыппыз.* (Д.Сулайманов).

8. Зат атоочтор энчилүү аттар болуп айтылышка да жөндөмдүү. Мисалы: *седеп, Седеп* – кыздын аты; *кабыл, Кабыл* – баланын аты; *акыл, Акыл, Акылбек, Акылай* – энчилүү аттар.

## Зат атоочтордун лексика-тематикалык топтору

Зат атооч сөздөр берген жалпы категориялык грамматикалык маанилерине карай лексика-тематикалык бир нече топтордон турат. Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

1. Кишинин аты-жөнү, башкача айтканда, аты, атысмы, бүлөяты (фамилиясы)жана туугандык аталыштары: *Айгүл, Чолпон, Калыбек, Эрмек, Асанов, Айтмамбетова, Сапар кызы, Адыл уулу, ага, эже, бала, чоңата, жезде, жеңе, апа* ж.б.

2. Айбандардын, канаттуулардын, курт-кумурскалардын жана сууда жашаган жаныбарлардын аттары: *арыстан, суур, момолой, чымын, чиркей, аары, кекилик, ителги, улар, жагалмай, бака, балык, жылан, жылкы, уй, топоз* ж.б.

3. Адамдын жана жаныбарлардын дене түзүлүшүнүн аттары: *баш, бут, бел, кол, далы, манжа, чыканак, ашык, шыйрак, кулак, мээ, арка, омуртка, жамбаш, куйрук, канат, согончок, өпкө, боор, жүрөк, мүйүз, тизе, туяк, ичеги* ж.б.

4. Дарак, бадал, өсүмдүктөрдүн жана жашылча-жемиштердин аттары: *арпа, буудай, сулу, таруу, кызылча, арча, карагай, кайың, тал, терек, четин, алма, өрүк, жаңгак, бетеге, эрмен, жоогазын, кызылча, пахта, тамеки, табылгы, ыргай* ж.б.

5. Металл, металл эмес заттардын аттары: *алтын, күмүш, коргошун, жез, кычкылтек, суутек, коло, темир, болот, нефть, газ, натрий, калий, фосфор, гелий* ж.б.

6. Буюмдардын, эмгек куралдарынын, машинелердин жана алардын тетиктеринин аттары: *араа, автомат, автомобиль, казан, табак, чака, чыны, бычак, жууркан, килем, кийиз, ээр, найза, соку, трактор, самолет, пароход, троллейбус, дөңгөлөк, поршень, затвор, сүмбө, сеп, болт, гайка, шайба, педал, күлүч, дамкрат, керки, күрөк, балка* ж.б.

7. Тамак-аш, азык заттардын аттары: *айран, нан, чай, май, каймак, эт, палоо, сорпо, дымдама, чучук, казы, карта, боорсок, кесме, бал, кант, момпосуй, шоколад, торт* ж.б.

8. Илим, билим, чыгармалардын, гезит-журналдардын аттары: *адабият,биология, зоология, химия, физика, математика, экология, дене тарбия, фармакология, «Манас», «Курманбек», «Келкел», «Саманчынын жолу», «Эсимде», «Эркинтоо», «Кыргыз Туусу»* ж.б.

9. Мезгил-ченем аталыштары: *жаз, күз, кыш, жай, жыл, кылым, түш, бешим, шашке, ишемби, жекшемби, күн, түн, мөөнөт, түгөл, кеч, таң, куптан* ж.б.

10. Географиялык жана астрономиялык обөектилердин аттары: *Баткен, Бишкек, Суусамыр, Каракол, шаар, кыштак, ашуу, кыр, деңиз, ойдуң, көл, үркөр, Жетиген, Көнөк, Тараза, Болгария, Татарстан, Украина* ж.б.

11. Жаратылыш кубулуштарынын аттары: *жамгыр, бороон, шамал, куюн, мөндүр, бурганак, керимсел, добул, чагылган, туман, кар, жел, сел* ж.б.

12. Коомдук көрүнүштөрдүн, окуялардын, мекемелердин, уюмдардын ж.б. аттары: *майрам, айт, той, аш, конференция, митинг, репрессия, мектеп, университет, китепкана, музей, театр, Кыргыз улуттук университети, Кыргыз техникалык университети, акционердик коом* ж.б.

13. Абстракттуу түшүнүктөрдүн, сапаттын, белгилердин аттары: *бакыт, таалай, ырыс, кут, баам, ырым, ой, акыл, эс, мүнөз, уйку, кыял, элес, муң, сулуулук, жакшылык, жалкоолук, кубаныч, сүйүнүч, ырыскы, тартип* ж.б.

14. Кыймыл-аракет аттары: *жүрүш, күрөш, ойлоо, туюу, сезүү, басым, согуш, чыгым, чалгын, секирүү, жолугушуу, узатуу, айтыш* ж.б.

## Тубаса жана туунду зат атоочтор

Зат atooч сөздөр морфологиялык түзүлүшүнө карай тубаса жана туунду болуп экиге бөлүнөт.

Андан ары мүчөлөргө (морфемаларга) ажыратууга мүмкүн болбогон зат атооч сөздөр тубаса зат атоочтор деп аталат. Мисалы: *кол, баш, апа, китеп, тегирмен, Адыл, Сайкал, Суусамыр* ж.б. Мындай зат атоочтор андан ары мүчөлөнбөйт.

**Туунду уңгу же бириккен уңгулардан турган зат атоочтор туунду зат атооч деп аталат.** Булар курандылар аркылуу же уңгу бирикмелери менен жасалган зат атооч сөздөр болуп эсептелет. Мисалы: *окуучу, койчу, чалгы, орок, оймок, келин, эгин, куурдак, басым, кийим, таята, кайнага, аткулак, ашказан, сүттикен, Каракол, Тогузбулак, Апсамат, Мураталы* ж.б.

Туунду зат атоочтор куранды мүчөлөрдүн жардамы менен же уңгу бирикмелери аркылуу жасалат дедик. Айрым энчилүү аттардын тутумунда да куранды мүчөлөр болот. Мисалы: *Карагаты, Алматы, Долоноту, Чырпыкты, Жошолу* деген сөздөр *-луу* (байыркы *-лы* > *-ты*) курандысы менен, *Көңдүк, Жиптик -лык* курандысы менен, *Жолчу, Жоочу, Тойчу -чы* курандысы менен, *Алгыр, Өткүр -кыр* курандысы менен жасалган. Ал эми *быйыл, таята, байке, чоңата, бешбармак, ашказан, ташбака, бала-чака, үй-бүлө, тогузкоргол, улактартыш, Арчатору, Кубанычбек, Кызылүңкүр, Аларча* өңдүү туунду зат атоочтор уңгу бирикмелеринен турат.

Уңгу бирикмалеринен турган энчилүү аттар абдан көп: *Алыкул, Айтмамбет, Айымкан, Жумакан, Таттыбүбү, Сыдыкбек, Мукамбеткалый, Турсуналы, Кумтөр, Аксай, Чоңсарой, Жаңарык, Каралма, Кумарык, Каралма, Карой, Карабалта, Ташкөмүр, Көгжаңгак, Каракече, Төөашуу, Бээсыйбас, Тайбуурул, Алгара, Сарала* ж.б.

## Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор

Тутумуна карай (составына карай) зат атооч сөздөр жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Жөнөкөй зат атоочтор бир эле уңгудан туруп, өз алдынча толук лексикалык маани берет. Мисалы: *кымыз, айран, шаар, тоо, бакыт, мөндүр, канат, жагалмай,* ж.б.

Татаал зат атоочтор эки же андан көп уңгудан туруп, лексикалык толук бир гана маани билдирет. Мисалы: *оозеки, байке, ташбака, бешбармак, ашказан, бала-бакыра, кыз-кыркын, келин-кесек, улактартыш, тогузкоргол, Арчатору, Бөрүбасар, Каракулжа, Салкынтөр, Адамкалый, Сурабалды* ж.б.

Жөнөкөй зат атоочтор да, татаал зат атоочтор да сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат. Мисалы: *Баягы «Жолборс терисин кийген баатырды» которуп жүргөнүмдө ден соолугум азыркыга караганда кыйла мыкты экен, - деди.* (К. Сактанов). Мындагы *«Жолборс терисин кийген баатырды»* деген татаал зат атооч толуктоочтун, ал эми *ден соолугум* деген татаал зат атооч ээнин милдетин аткарды.

## Энчилүү жана жалпы аттар

Жаратылыштагы заттар, жаныбарлар, нерселер эсепсиз. Ошондуктан алар жалпы аталыштарынан тышкары өздөрүнө окшош же бирөңчөй башка заттардан, нерселерден, жаныбарлардан айырмаланган аталыштарга да муктаж. Антпегенде биз, мисалы, кайсы бир кишини миңдеген башка адамдардан, кандайдыр бир жаныбарды (мисалы *итти, атты)* башка ошол типтеги жаныбарлардан (башка *иттерден*, башка *аттардан*) ажыратып чакыра албайбыз. Мына ушундай зарылчылыктардан улам бирөңчөй заттардын ичинен кайсы бирине өзгөчө ат берип, аны башкаларынан ажыратып атап билебиз.

Ошентип, бардык зат атооч сөздөр заттарды атоо касиети боюнча энчилүү жана жалпы аттар болуп эки топко бөлүнөт.

**Жалпы аттар** бир тектеги заттарды, жан-жаныбарларды, башка түшүнүктөрдү жалпы жонунан бириктире атайт. Мисалы: *ата, эне, киши, бала, небере, таята, жазуучу, мерген, токой, карышкыр, китеп, ыр, көмүр, кыял, ой* ж.б.

Алсак, ***бала*** же ***мерген*** дегенде биз бир гана баланы же мергенди эмес миңдеген *баланы, мергенди* түшүнөбүз. Балдар да мергендер да көп. Алардын бардыгын ушул сөздөр менен

жалпылап атайбыз. Демек, *бала, мерген* деген зат атоочтор - жалпы аттар. Анткени, *бала, мерген* деген сөздөр тигил же бул заттын гана мүнөздүү болгон жекече өзгөчөлүгүнө жараша энчиленип берилген ат эмес. *Бала* жаш адамга же кээде жаш жаныбарга тиешелүү жалпы аталыш болуп эсептелет, *мерген* аңчылык кылган адамдардын бардыгын атай турган сөз. Булар бирөңчөй болгон заттарды, жаныбарларды, башка түшүнүктөрдү жалпылап атайт.

Жалпы аттар сүйлөмдүн башына келсе гана баш тамга менен жазылып, калган учурларда дайыма кичине тамга менен жазылат.

**Энчилүү аттар** кандайдыр бир тектеги заттардын, жан-жаныбарлардын ичинен бирөөн бөлүп көрсөтүп, ошонун өзүнө гана тиешелүү ат болуп эсептелет. Башкача айтканда, затка же жаныбарга, көбүнчө адамга энчиленип коюлат: *Асан, Назима, Жамийла, Асанов, Чолпонбаева, Тоголок Молдо, Аккула, Телтору, Сарала, Бөрүбасар, Нарын, Тогузбулак, Тоң, Кыргызстан, /ркөр, «Зарыгам», «Сынган кылыч», «Кыямат»* ж.б.

Энчилүү аттар төмөнкүдөй тематикалык топтордон турат:

1. Кишилердин аттары, бүлөаттары (фамилиялары), ылакап аттары, атысмылары: *Айсалкын, Жамийла, Данияр, Жаныбек, Табышалиев, Ахунбаев, Ачылова, Култегин, Тоголок Молдо, Балка, Элебаевич, Исаковна* ж.б.

2. Жаныбарларга энчиленип коюлган аттар: *Аккула, Алгара, Сарала, Чалкуйрук, Тайтору, Тайбуурул, Мааникер, Кумайык, Жолборс, Алгыр* ж.б.

3. Жер-суу аттары: *Аксай, Атбашы, Бишкек, Алматы, Жазы, Кеңкол, Соңкөл, Улуучат, /чдөбө, Барскоон, Оргочор, Чүй, Арал, Бакайата, Кызылсеңир, Калмаккырчын ж.б.*

4. Астрономиялык аттардын да энчилүү аттары болот: *Алтынказык, Сатурн, Марс, Жетиген, Көнөк, Саманчы жолу* ж.б.

5. Китеп, газета, журналдардын, чыгармалардын аттары: *«Келкел», «Манас», «Көк асаба», «Кыргыз туусу», «Эркинтоо»,*

*«Алатоо», «Эсимде», «Түгөйүм», «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт», «Абийир кечирбейт», «Атанын тагдыры»* ж.б.

6. Тарыхый окуялардын, мамлекет, мекеме, уюмдардын аттары: */ркүн, Кыргыз Республикасы, Түркия, Германия, Айыл чарба министрлиги, Бириккен улуттар уюму, Ош мамлекеттик университети, Кыргызтелеком акционердик коому* ж.б.

7. Орден, медаль, наамдардын аттары: *«Даңк» медалы, Кыргыз эл баатыры, Баатыр эне, Кыргыз республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери, Кыргыз республикасынын эл артисти, Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген мугалими* ж.б.

Кыргыз тилинде энчилүү аттар жалпы аттардан айырмаланып, сүйлөмдүн ортосунда да, аягында да дайыма баш тамга менен жазылат.

Тилде энчилүү аттардан жалпы атка жана, тескерисинче, жалпы аттан энчилүү атка айланган кубулуштар да арбын. Мындай маанилик жылыштар дайыма болуп турат.

Мисалы, кишиге ысым катары коюлган *Анар, Тилек, Кеңеш, Сейил, Кабыл, Токтосун, Эсен, Аман* деген сөздөр жалпы аттардан энчилүү аттарга айланган. Мисалы: *Асан анар сатып келди. Аскар окуумду улантам деп тилек кылды. Касым жакшы кеңеш берди. Бак аралап сейилдеп жүрдүк. Ал жоош, кабыл бала. Айтчы, токтосун, мынча зуулдатпай, аман, эсен экенибизде түшүп калалы* деген сүйлөмдөрдөгү *анар, тилек, кеңеш, сейил. кабыл, токтосун, эсен, аман* деген сөздөр – жалпы аттар. *Анар үчүнчү курста окуйт. Шаардан Тилек менен Кеңеш келип калды. Балдарымдын улуусу Сейил, ортончусу Кабыл, кичүүсү Эсен. Токтосун менен Аман экөө бир класста окуган* деген сүйлөмдөрдөгү *Анар, Тилек, Кеңеш, Сейил, Кабыл, Токтосун, Эсен, Аман* деген сөздөр – энчилүү аттар.

Ал эми бүткүл дүйнөлүк мааниге ээ болгон *ом* (өткөргүчтөгү каршылыкты өлчөө бирдиги), *ампер* (электр тогунун күчүн өлчөө бирдиги), *кулон* (электр тогун өлчөөнүн бирдиги), *вольт* (электр тогунун чыңалуусун өлчөө бирдиги), *рентген* (рентген нуру), *герц* (термелүү жыштыгынын бирдиги), *боткин* (сарык оорусу), *август* (август айы) сыяктуу сөздөр

энчилүү аттардан, ошол түшүнүктөрдү ойлоп тапкан окумуштуулардын аттарынан жалпыланган түшүнүккө өтүп, жалпы ат болуп калган.

Энчилүү аттар жекелик санда гана айтылат, жалпы аттар болсо, жекелик санда да, көптүк санда да айтыла берет. Мисалы: *Сапар, Кеңеш, Нарын, Каракол, Тайбас.* Булар жекелик санда гана айтылат. Ал эми *окуучу, тоо, көйнөк, кекилик* деген сыяктуу жалпы аттар *окуучулар, тоолор, көйнөктөр, кекиликтер* болуп көптүк санда да айтыла берет, көптүк сандын *-лар* мүчөсүн кабыл алат.

Энчилүү аттарга да көптүктүн мүчөсү *(-лар)* уланып айтылышы мүмкүн. Бирок, бул учурда, жогоруда белгиленгендей, *-лар* мүчөсү жалганган сөздө көптүк сан эмес, жалпылоо мааниси, же божомол мааниси туюндурулат.

Мисалы: *Чолпондор сынак тапшырып чыгышты.* Бул жерде бир нече *Чолпондор* эмес, Чолпон жана башка бир нече студент (же окуучу) тууралуу чамалап-жалпылоо маанисинде айтылган сөз болду. *Кулүктөр ушу Токмокторго барып калды.* Бул сүйлөмдө бир нече *Токмок* шаары тууралуу сөз жүргөн жок. *Токмок шаарынын ар жак, бер жагына* же *айланасына* күлүктөр келип калды деген божомол маани берилип жатат. Энчилүү аттарга жалганган *-лар* мүчөсү өз маанисинде (сан көрсөткүчтөрү) эмес, өтмө маанилерде (божомол) колдонулду.

## Жандуу жана жансыз заттар

Кыргыз тилинде зат атоочтор жаратылышынан эле жандуу заттар жана жансыз заттар болуп бөлүнөт. Өзүндө табигый кыймыл-аракети бар болгон зат атоочтор – жандуу заттар: *адам, айбан, арыстан, ат, төө, чымын, курт, балык, бүркүт, улар* ж.б. Ал эми өзүндө табигый кыймыл-аракети жок зат атоочтор – жансыз заттар: *аска, зоо, токой, дарыя, үй, китеп, арпа, алма, автомобиль,телевизор, ачкыч, пахта, пияз, тал, терек* ж.б.

Кыргыз тили үчүн зат атооч сөздөрдүн табиятынан эле минтип *жандуу заттар* жана *жансыз заттар* болуп бөлүнүшү бири-биринен айырмаланган өзгөчө грамматикалык маанилерге

ээ боло бербейт. Анткени, бул эки топтогу сөздөр бири-биринен кандайдыр грамматикалык белгилери, же сөз өзгөртүүчүлүк белгилери, касиеттери боюнча айырмаланбайт. Жандуу заттар менен жансыз заттар сан категориясы боюнча өзгөргөндө да, таандык болуп өзгөргөндө да, жөндөмө категориясы боюнча өзгөргөндө да бири-биринен өзгөчөлөнбөйт. Башкача айтканда, сан, таандык жана жөндөмөлөр боюнча жандуу заттар кандай болуп өзгөрсө, жансыз заттар да так ошондой болуп өзгөрөт.

Ошондуктан, кыргыз тилинин грамматикасында зат атооч сөздөрдү *жандуу заттар* жана *жансыз заттар* деп бөлүп көрсөтүп окутуунун зарылдыгы жок.

## Адамзаттык жана адамзаттык эмес заттар

Зат атоочторду жооп берген суроолоруна жана грамматикалык өзгөрүү өзгөчөлүктөрүнө жараша адамзаттык зат атоочтор жана адамзаттык эмес зат атоочтор деп бөлүштүрсөк болот[18].

**Адамзаттык зат атоочтор** дайыма адамды билдирет, же адамга тиешелүү болот да, *ким?* деген суроого жооп берет. Мисалы: *бала, аба, карындаш, сиңди, чоңата, чоңене, куда, мугалим, комузчу, капитан, курдаш, аспирант, окуучу, Айдай, Гулбарчын, Кадыралы, Садыкова, Жакиева, Жамгырчиев* ж.б. Адамзаттык зат атоочтор адамзаттык эмес зат атоочтордон айырмаланып, *ким?* деген гана суроого жооп берет, зат атоочтун грамматикалык категориялары менен гана эмес, этиштин жак категориясы менен да өзгөрөт. Анткени, адамзатты билдирген зат атоочтор биринчи жана экинчи жактардын ээси болуп кызмат кылышат. Биринчи жак сүйлөп жатып, экинчи жак аны тыңшайт, жооп да кайтарат. Ал эми адамзатты билдирбеген зат атоочтор *эмне?* деген суроого жооп берип, этиштин жак категориясы менен өзгөрбөйт. Анткени, алар биринчи жана экинчи жактардын ээси боло албайт, башкача айтканда, алар сүйлөбөйт да, тыңшашпайт.

[18] Кыргыз тилинде зат атоочторду мындай кылып бъл\шт\р\п окутууну алгач С.А. Давлетов кийирген: Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 45-46-б.

Адамзаттык зат атоочтордун жак категориясы боюнча өзгөрүшү төмөндөгүдөй болот.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | чоңата - мын | чоңата - быз |
| 2 | чоңата - сың | чоңата - сыңар |
| | чоңата - сыз | чоңата - сыздар |
| 3 | чоңата | чоңата (лар) |

| | | |
|---|---|---|
| 1 | аспирант - мын | аспирант - пыз |
| 2 | аспирант - сың | аспирант - сыңар |
| | аспирант - сыз | аспирант - сыздар |
| 3 | аспирант | аспирант (тар) |

Кээде адамзаттык заттарга да *эмне?* деген суроо берилиши мүмкүн. Мисалы: *«Аалынын аялы төрөдү дейт, эмне тааптыр?» «Уул тааптыр.» «Кечээ бир абышка менен баратыпсың. Ал киши эмнең болот?» «Таятам болот.»* Бул жерде *«уул», «таятам»* деген сөздөргө карата «*эмне?*» деген суроо берилип жатат. Бирок, бул сүйлөмдөрдөгү «*эмне?*» деген суроолор жана талап кылынган жооптор адамзаттык маанилерден (адамзатты билдирген касиеттерден) ажыраган жок.

**Адамзаттык эмес зат атоочтор** адамдан башка бардык зат атоочтор болуп, *«эмне?»* деген суроого жооп берет. Мисалы: *арыстан, жолборс, төө, кумурска, бүркүт, булут, дептер, калем, көйнөк, чагылган, ой, санаа, Тайбуурул, Бөрүбасар, Телтору* ж.б. Адамзаттык эмес зат атоочтор жак категориясы менен өзгөрбөйт. Эч убакта *«мен төөмүн, сен төөсүң»,* же *«чагылганмын, чагылгансың, чагылгансыз»* деп айтпайбыз.

Айрым гана учурларда стилдик максаттар менен адамзаттык эмес заттар жак мүчөлөрүн кабыл алышы мүмкүн. Мисалы: Урушкан учурда кишилер бирин-бири *«ит», «чочко», «итсиң», «чочкосуң»* деп сөгүп, айта беришет.

Сахналык чыгармаларды аткарууда да «сен мышыксың, бул чычкан» деп ролдорду бөлүштүргөн учурлар болот. Бирок,

мындай шарттарда *ит, чочко, мышык, чычкан* деген сыяктуу сөздөр киши маанисинде, адамзаттык маанилерде колдонулат.

## Конкреттүү жана абстракттуу заттар

Табияты боюнча зат атоочтордун бардыгы бирдей болбойт. Алардын бир тобу көз менен көрүүгө же кол менен кармоого мүмкүн болгон заттардын жана кубулуштардын аттарын билдирсе, бир тобу акылга сала баамдап-байкап, оюбузда жана эсибизде гана тута алчу түшүнүктөрдүн аттарын билдирет.

Башкача айтканда, зат атоочтордун бир тобунда материалдуулук бар болсо, экинчи бир тобунда идеялуулук бар. Мына ушундай өзгөчөлүктөрүнөн улам аларды конкреттүү жана абстракттуу заттар деп экиге бөлөбүз.

**Конкреттүү заттар деп көз менен көрүп элестетүүгө, кол менен кармап саноого мүмкүн болгон заттарды айтабыз:** *жеңе, ини, чапан, китеп, коон, улак, козу, жалбырак, тоо, таш, Жамийла, Сыдыкбеков* ж.б. Буларды, биринчиден, көз менен көрүп, кадимкидей элестетүүгө, экинчиден, кармалап сезип, кабыл алууга болот, үчүнчүдөн, мындай заттарды бирден терип санай да алабыз.

Конкреттүү заттар сан атоочтор менен айкаша берет. Бул учурда алардагы конкреттүүлүк андан бетер артат: *үч бала, он коон, кырк улак, экинчи үй, жетинчи кабат* ж.б. Сын атоочтор менен да айкашып келүүгө жөндөмдүү: *чоң бала, токойлуу талаа, тору бээ, бийик үй, тондуу киши, сырдаш курбу* ж.б.

**Абстракттуу заттар деп көрүүгө, элестетүүгө, кармалап сезип туюуга, саноого мүмкүн болбогон заттарды айтабыз.** Абстракттуу заттарды биз акыл-эсибизде, баамыбызда, оюбузда гана тутабыз: *акыл, кыял, санаа, укук, сүйүнүч, мамиле, жаңылык, дыйканчылык* ж.б. Буларды кармалап сезип туюуга, көрүүгө, элестетүүгө мүмкүн эмес. Абстракттуу зат атоочтор **с**ан атооч менен айкаша бербейт. Айрым бир учурларда гана **с**ан атооч менен айкашып айтылып, ал ыкташуу байланышы аркылуу ишке ашат: *Эки санаа бир басса, эсиң калабы.*

Кээде абстракттуу зат атоочтор конкреттүү зат атоочторго тиешелүү касиетке да ээ болуп калышы ыктымал, мындай учурда абстракттуу заттарда ошол абстракттуулуктун натыйжасы катары кандайдыр предметтүүлүк жаралат. Мисалы: *Ошол учурда башыма эки ой келди. Өтүлгөн тема боюнча терең түшүнүк алдык.* Көрүнүп тургандай, мындай учурда предметтүүлүк конкреттүү шарт-кырдаалдан улам пайда болот. Жалпы эле *ой* эмес, бизге белгилүү *эки ой* келди; жалпы эле *түшүнүк* эмес, *өтүлгөн тема боюнча терең түшүнүк* алдык. Демек, кырдаалга ылайык жалпы түшүнүктөр конкреттештирилди.

## Сан категориясы

**Заттардын жалгыз экенин жана эки же андан көп да экенин туюндурган грамматикалык маанилердин жыйындысы зат атоочтун сан категориясы деп аталат.**

Ошентип, зат атооч сөздөр жекелик санда жана көптүк санда айтыла берет. Анткени заттар, буюмдар жалгыз да, көп да болушу мүмкүн. Көптүк сандагы зат атоочтор эки же андан көп бирөңчөй заттарды атайт: *козулар, инилер, көлдөр, китептер, жолдоштор, балыктар, чиркейлер* ж.б.

Жекелик сан менен көптүк санды бири-биринен айырмалап турган грамматикалык каражат көптүктүн *-лар* мүчөсү болуп эсептелет. Кыргыз тилинде бул мүчө уңгудагы үндүү, үнсүз тыбыштарга карата өзгөрүп, 12 вариантта колдонулат.

*-лар* мүчөсүнүн тыбыштык өзгөрүүлөрү төмөндөгүдөй болот. Сөз үндүү тыбыштар менен аяктап келсе, көптүк мүчөсүнүн (*-лар*) үндүү тыбышы мындай болуп өгөрөт:

а
ы — а (-лар, -дар, -тар)
у
о — о (-лор, -дор, -тор)
э
— е (-лер, -дер, -тер)
и
ө
— ө (-лөр, -дөр, -төр)
ү

Ар кандай сөздөргө жалганганган учурларда *-лар* мүчөсүнүн баштапкы үнсүз тыбышынын өзгөрүп айтылышы төмөндөгүдөй болот:

| | |
|---|---|
| /ндүү менен аяктаган сөздөрдө | ***л*** |
| ***й, р*** тыбыштары менен аяктаган сөздөрдө | ***л*** |
| ***л, м, н, ң*** жана жумшак үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | ***д*** |
| Каткалаң үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | ***т*** |

Алтай тилинде болсо, *-лар* мүчөсүнүн он алты (16) варианты бар *(-нар, -нер, -нор, -нөр* деген түрлөрү да айтылат), өзбек тилинде бир эле вариантта *(-лар)* колдонулат.

Зат, буюм, нерсе, кубулуш, окуя аттарынын жеке, жалгыз экендигин билдирген учуру жекелик сан, ал эми эки же андан көп экендигин туюндурган учуру көптүк сан деп аталат. Көптүк санды билдирген зат атоочторго *-лар* мүчөсү жалганат: *тоо - тоолор, шаар - шаарлар, китеп - китептер, үй - үйлөр, бала - балдар* ж.б.

Кыргыз тилинде айрым зат атоочтор *-лар* мүчөсү жалганбай туруп эле көптүк санды туюндура берет. Мисалы, жалпылама маани берген сөздөр ошол турушу менен эле көптүк санды билдирет: *мал, куш, журт, калк, кой, эчки, жылкы, таш, кыш, кум* ж.б.

*Абдыкул мал айдап келатат. Атам жылкы багат. Садыбакас бир машине кыш түшүрд*ү деген сүйлөмдөрдөгү *мал, жылкы, кыш* көптүк сан маанисинде айтылып жатат, алардын жалгыздан эмес экендиги өзүнөн-өзү белгилүү.

Кыргыз тилинде зат атоочтун көптүк сан маанилери морфологиялык, синтаксистик жана лексикалык жолдор менен уюшулат.

Көптүк сандын **морфологиялык жол** менен уюшулушу *-лар* мүчөсү аркылуу ишке ашат: *Кийинки учурда түшүмө тоолор көп кирчү болду.* (Ж.0смонкулов) *Снаряд ойгон чуңкурларга далдаланып, артка чуркадык.* (К.Сактанов).

Заттардагы көптүк сан мааниси **синтаксистик жол** менен да уюшулат. Синтаксистик жол менен көптүк сандын уюшулушу төмөндөгүдөй болот:

1) Кош сөздөр аркылуу көптүк сан маанилери берилет: *бала-бакыра, жууркан-төшөк, кары-жаш, катын-калач, көйнөк-көнчөк, кыз-кыркын, машина-машина, эрди-катын, эт-мет, идиш-аяк, ит-куш, улуу-кичүү, үймөк-үймөк, коңшу-колоң* ж.б.

Буларга *-лар* мүчөсү жалганып айтыла бериши да мүмкүн: *Жууркан-төшөктөрүн жыйнап кирди*.

2) Зат атоочтордун эсептик жана чамалама сан атоочтор менен айкалышы аркылуу көптүк сан маанилери *-лар* мүчөсү уланбай туруп эле уюшулат: *он кой, үч бала, сегиз китеп, жыйырма чакты студент, алты кыз, эки калем, он сегиз миң аалам, үч жүз алтымыш беш күн* ж.б.

3) Бирөңчөй мүчөлөргө *-лар* мүчөсү жалганбаса да жалпылагыч сөз кошо айтылып көптүк маани уюшулат: *Адыл, Самат, Асылкан, Самара, бардыгы бир курста окушат.*

**Лексикалык жол** менен да көптүк сан маанилери уюшулат:

1. Бирөңчөй заттарга карата жалпылама атоо мааниси бар зат атоочторго -*лар* мүчөсү жалганбай туруп эле көптүк сан маанилери туюндурула берет: *Качкын аба бармактайынан мал менен өскөн адам эле.* (О. Айтымбетов) *Эртеси ойгонсо, кар жаап жатыптыр.* (А. Мырзаев) Мисалдардагы *кар, мал* деген

сөздөр көптүк сан маанисин да туюндуруп турат. Анткени, жалгыз кар жааган жок жана бир эле мал тууралуу сөз болгон жок.

Бирөңчөй заттарга карата жалпылама атоо маанисин билдирген зат атоочторго төмөндөгүдөй сөздөр кирет: *адам, жылкы, журт, калк, кой, эчки, мал, куш, кум, жыгач, таш, кыш, мөндүр* ж.б. Буларга *-лар* мүчөсүнүн жалганышы зарыл эмес.

2. Жаратылышынан эле кош буюмду, экөө экендикти билдирген зат атооч сөздөр да *-лар* мүчөсү жалганбай туруп эле көптүк сан маанисинде колдонулат: *кабак, кайчы, көз, көлөч, кол, кулак, ийин, жамбаш, тизе, өтүк, чокой, мээлей, бут* ж.б. Буларга кээде *-лар* мүчөсү жалгана бериши да мүмкүн.

Кыргыз тилинде жалаң гана жекелик сан түрүндө жана жалаң гана көптүк сан түрүндө айтыла турган зат атооч сөздөр да учурайт. Жекелик санда гана айтылуучу зат атооч сөздөр:

1) Жаратылыш кубулуштары: *жаан, жамгыр, бурганак, чагылган, жарык, иңир, таң, караңгы, асман, суук, шоокум, шамал, жел, сыдырым, керимсел, бороон* ж.б.

2) Жыл мезгилдери: *жаз, жай, күз, кыш, март, бугу, теке, август, дүйшөмбү, жума, ишемби* ж.б.

3) Абстракттуу маанидеги сөздөр: *балалык, дыйканчылык, актык, аталык, энелик, атак, акыл, эс, акыйкат, айып, тилек, кайгы, даңк, азап, бакыт, тазалык, сулуулук, урмат* ж.б.

4) Энчилүү аттар: *Бишкек, Ош, Алматы, Бээжин, Көкөмерен, Торугарт, /чдөбө, Узакбай, Арчатору, Чынара, Кубатбеков* ж.б.

5) Металл, металл эмес заттардын, тамак-аш азык заттарынын аттары: *алтын, күмүш, коргошун, жез, калай, сүт, айран, жуурат, каймак, ун, талкан, кымыз, май, палоо, лагман* ж.б.

6) Жалгыз экендиги анык болгон дене мүчөлөрүнүн аттары: *колко, омуроо, төш, көкүрөк, ооз, бел, моюн* ж.б.

Бул топтогу зат атоочтордун айрымдарына көптүк сандын мүчөсү (*-лар*) жалганышы мүмкүн. Бирок, мындай учурда алар

көптүк санды эмес, жалпылоо же болжолдоо маанилерин билдирет.

Мисалы: *Дүйшөмбүлөргө карап келип калабыз.* Мисалда *дүйшөмбүлөргө* деген сөздөгү *-лар* мүчөсү көптүк санды эмес, *дүйшөмбү* же *шейшембиде* келе тургандык тууралуу сөз болду. Кайсы күнү экени божомол айтылып жатат.

*Аттардын алды Нарындарга жетип калды.* Мисалда *Нарындарга* деген сөздөгү *-лар* көптүк санды эмес, *Нарындын айланасы* деп, аттардын кайсы жерге жеткендигин болжолдоп билдирип жатат.

## Таандык категориясы

Кыргыз тилинде зат атоочтор жекелик санда да, көптүк санда да кимдир бирөөгө же кандайдыр бир затка таандык болуп айтылыш мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы, *кызым* деген сөздөгү *-ым* мүчөсү ошол сөздү сүйлөп жаткан жакка (1-жакка) таандык экенин билдирсе, *кызың* деген сөздөгү *-ың* мүчөсү ошол сөздү угуп жаткан жакка (2-жакка) таандык экенин билдирет. Ал эми *кызы* деген сөздөгү *-ы* мүчөсү үчүнчү жакка - сөзгө аралашпаган жакка, башка бирөөгө таандык кылып турат. *Мектептики* деген сөздөгү *-тики (-нықы)* мүчөсү кайсы бир затты, нерсени *мектепке* таандык кылып көрсөтүп турат.

Ошентип, **заттардын кимдир бирөөгө же кандайдыр бир затка таандык болуп айтылыш маанилеринин жыйындысы таандык категориясы деп аталат.**

Кыргыз тилинде зат атоочтун таандык маанилери эки жол менен туюндурулат:

**Морфологиялык жол** (таандык мүчөлөр аркылуу).

**Синтаксистик жол** (таандык мүчөсү жок туруп эле).

**Морфологиялык жолдо** сөзгө таандык мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу таандык маанилер уюшулат. Кыргыз тилиндеги таандык мүчөлөр уюштурган маанилерине карай эки топко бөлүнөт: **жакчыл таандык мүчөлөр, жалпы таандык мүчө.**

**Жакчыл таандык мүчөлөр** зат атооч сөздөргө жалганып, аларды тиешелүү бир жакка таандык кылып көрсөтөт. Ар бир жактын өзүнүн жекелик жана көптүк сандагы таандык мүчөлөрү бар.

**Биринчи жак** - сүйлөп жаткан тараптын өзү. Аны **мен** (көптүк санда **биз)** деген жактама ат атооч аркылуу туюндурабыз. Мына ошол биринчи жакка таандык этип айтуу үчүн *менин ...-ым* (мисалы: *менин балам), биздин ...-ыбыз* (мисалы: *биздин балабыз*) деп айтабыз. Кыргыз тилинде кайсы бир затты биринчи жакка таандык кылган мүчөлөр *-ым (-м), -ыбыз(-быз)* болуп эсептелет.

**Экинчи жак –** сүйлөп жаткан кишинин сөзү багытталып, аны угуп, сөзгө аралашып турган тарап. Жөнөкөй түрүндө **сен** (көптүк санда **силер)** жана сылык түрүндө **сиз** (көптүк санда **сиздер)** деген жактама ат атоочтор аркылуу берилет. Мына ошол экинчи жакка таандык этип айтуу үчүн *сенин ...-ың* (мисалы: *сенин балаң), силердин ...-ыңар* (мисалы: *силердин балаңар), ал эми* сылык түрүндө *сиздин ...-ыңыз* (мисалы: *сиздин балаңыз), сиздердин ...-ыңыздар* (мисалы: *сиздердин балаңыздар)* деп айтабыз. Экинчи жактын таандык мүчөлөрү болуп жекелик санда *-ың (-ң), -ыңыз (-ңыз),* көптүк санда *-ыңар (-ңар), -ыңыздар (-ңыздар)* эсептелет.

**/чүнчү жак** – сөз же ой багытталып, бирок сөзгө катышпаган тарап. /чүнчү жак **ал** (көптүк санда **алар)** деген жактама ат атооч аркылуу уюшулат. Мына ошол үчүнчү жакка таандык этип айтуу үчүн *анын ...-ы(-сы)* (мисалы: *анын кызы, баласы),* көптүк санда *алардын ...-ы(-сы)* (мисалы: *алардын кызы, баласы)* деп айтабыз. /чүнчү жактын көптүк сан таандыгы жекелик сандагыдай *-ы (-сы)* болуп айтылат. Бирок, кээде *-лар* мүчөсү менен да айтыла берет: *алардын кыздары, алардын балдары.*

Жакчыл таандык мүчөлөр

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1-жак | *-ым (-м)* | *-ыбыз (-быз)* |

| | | |
|---|---|---|
| 2-жак | *-ың (-ң)* | *-ыңар (-ңар)* |
| | *-ыңыз (-ңыз)* | *-ыңыздар (-ңыздар)* |
| 3-жак | *-ы (-сы)* | *-ы(-сы), -лары* |

Аягы үнсүз тыбыштар менен аяктаган зат атоочтордун жакчыл таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү төмөндөгүдөй болот.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1 -жак | *кызым, колум* | *кызыбыз, колубуз* |
| 2 -жак | *кызың, колуң* | *кызыңар, колуңар* |
| | *кызыңыз, колуңуз* | *кызыңыздар, колуңуздар* |
| 3 -жак | *кызы, колу* | *кызы, колу (кыздары,* |

Аягы үндүү тыбыштар менен аяктаган зат атоочтордун жакчыл таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү төмөндөгүдөй болот.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| *1 -жак* | *энем, топчум* | *энебиз, топчубуз* |
| *2 -жак* | *энең, топчуң* | *энеңер, топчуңар* |
| | *энеңиз, топчуңуз* | *энеңиздер, топчуңуздар* |
| *3 -жак* | *энеси, топчусу* | *энеси, топчусу (энелери, топчулары)* |

**Жалпы таандык** мүчө бирөө эле: ***-ныкы.*** Ал зат атоочторго жалганып, кандайдыр башка затты же кимдир-бирөөнү ошол затка таандык кылып көрсөтөт. Мисалы: *Быйыл Базарбайдыкына кыштап чыгышы да кыйынга түштү.* (М. Элебаев) Кайсы бир нерсе (*үй*) *Базарбайга* таандык болуп жатат.

Жалпы таандык мүчө жак менен санды көрсөтпөйт. Ошондуктан анын мааниси абстракттуу болот. Сүйлөмдөр тизмегинде (контекстте) конкреттүүлүккө ээ болот. Жалпы таандык мүчө уңгудагы тыбыштарга карата бир нече түрдө

өзгөрүп келе берет: *мектептики, шаардыкы, үйдүкү, Жолондуку, Жоомарттыкы, Аалыныкы, Өзгөндүкү* ж.б.

Жалпы таандык мүчө жакчыл таандык мүчөдөн кийин да жалгана берет.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1 -жак | *кызымдыкы* | *кызыбыздыкы* |
| 2 -жак | *кызыңдыкы* | *кызыңыздыкы* |
| | *кызыңардыкы* | *кызыңыздардыкы* |
| 3 -жак | *кызыныкы* | *кызыныкы* *( кыздарыныкы)* |

Таандык маанилердин берилишинин экинчи жолу болуп **синтаксистик жол** эсептелет. Таандык маанилер таандык мүчөлөрсүз эле уюшулушу да мүмкүн. Мындай учурда сөз айкашынын экинчи түгөйү ээленүүчү, башкача айтканда, таандык болуучу зат болуп, биринчи түгөйү ээлөөчү, башкача айтканда, өзүнө таандык кылуучу түгөй болуп айтылат. Таандык маанилердин синтаксистик жолу төмөнкүдөй ыкмалар менен ишке ашат.

1. Сөз айкашынын биринчи түгөйү илик жөндөмөсүндөгү ат атооч болуп келет: *биздин ой, биздин максат, биздин класс, силердин кызыкчылык, сиздердин айыл, сиздин тилек* ж.б.

2. Сөз айкашынын биринчи түгөйү *-лык* мүчөсү аркылуу уюшулган катыштык сын атооч болуп келет: *айылдык бала, жаштык өмүр, окуучулук мезгил, студенттик күндөр, шаардык кыз, элеттик жигит* ж.б.

Таандык мааниге ээ болуп турган зат атооч сөздүн сүйлөмгө катышкан-катышпаганына жана грамматикалык белгилерине жараша аныктык-тактык, жалпылык маанилерге ээ болот.

а). Ээлөөчүсү, башкача айтканда, аныктагычы катышпай турганда жакчыл таандыкта айтылган зат атоочтордо кандайдыр жалпылык маани болот да, ээлөөчүсү (аныктагычы) конкреттүү болбойт. Мисалы: - *Апам келатат! Бир маалда чыйылдап ийди.* (Б.Усубалиев) *«Жүрөгү түшкөн турбайбы!» - апасынын азалуу*

*үнү угулду.* (О. Айтымбетов) Бул мисалдардагы *апам, жүрөгү* деген зат атоочтор ээлөөчүлөрү катышпай туруп таандык болуп айтылды. Ошондуктан аларда жалпылык маани басымдуулук кылып, конкреттүүлүк жок.

Ээлөөчүлөрү көмүскөдө калган учурдагы бардык жактар боюнча таандык өзгөрүүлөр таблица түрүндө төмөнкүдөй болот.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1 -жак | *үйүм, агам* | *үйүбүз, агабыз* |
| 2 -жак | *үйүң, агаң* | *үйүңөр, агаңар* |
| | *үйүңүз, агаңыз* | *үйүңүздөр. агаңыздар* |
| 3 -жак | *үйү, агасы* | *үйү, агасы (үйлөрү, агалары)* |

б). Ээлөөчүсү (аныктагычы) катышып турганда жакчыл таандык мүчөлүү зат атоочтор өздөрү да конкреттүүлүккө ээ болуп, ээлөөчүсү (аныктагычы) да конкреттүү жак (киши же кандайдыр бир зат) экени даана байкалып айтылат.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1-жак | *Менин үйүм, агам* | *Биздин үйүбүз, агабыз* |
| *2*-жак | *Сенин үйүң, агаң*<br>*Сиздин үйүңүз,* | *Силердин үйүңөр, агаңар*<br>*Сиздердин үйүңүздөр, агаңыздар* |
| 3-жак | *Анын үйү, агасы* | *Алардын үйү, агасы (үйлөрү, агалары)* |

/чүнчү жактын ээлөөчүсу (аныктагычы) катары адамзаттык эмес заттар да келе берет. Эгерде алар жактама ат атоочтордон турса, конкреттүүлүк контекстте гана белгилүү болот. Мисалы: *Кой короого келди. Алардын маараганы дегеле басылчудай эмес.*

Эгерде ээлөөчү (аныктагыч) биринчи жактын өзү болсо, анда жакчыл таандык мүчөлүү зат атоочтун өзүндө да, аныктагычында да конкреттүүлүк байкалат. Мисалы: *Уулумдун мектебине барып, чогулушка катыштым.*

Ээлөөчүдөгү илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүп калган учурда эки компонент бири-бири менен өтө тыгыз байланышат.

Көпчүлүк учурда мындай айкалыштар татаал сөзгө өтүп кетет. Анткени ээлөөчү дайыма атооч сөз же атоочтук болуп келет: *Бишкек шаары, балдар дүйнөсү, казак талаасы, чак категориясы, эр таалайы, Эркиндик гүлбагы* ж.б. Ал эми *корбашы, миңбашы, жүзбашы, топбашы, Атбашы, Суубашы* деген өндүү татаал айтылыштар биротоло лексикализацияланып, кошмок сөзгө айланып кеткен.

Айрым зат атоочторго жакчыл таандык мүчөлөр жалганганда алардын уңгусу өзгөрүүгө учурайт: *айыл – айлым, айлың, айлыңыз, айлы; орун – ордум, ордуң, ордуңуз, орду* ж.б. Мындай зат атоочтор төмөнкүлөр: *айыл, дайын, кийим, кайын, моюн, коюн, оюн, жыйын, эрин, орун, карын, мурун, жарым, пейил* ж.б.

## Жөндөмө категориясы

Башка сөз түркүмдөрдөн айырмалап, зат атоочтун өзүнө гана тиешелүү грамматикалык категорияларынын бири жөндөмө категориясы. Жөндөмө категориясы атооч сөздөрдү бири-бири менен же башка сөздөр менен байланыштырып, айтайын деген ойду түшүндүрүү үчүн сүйлөмдүн туура уюшулушун шарттап турат. Демек, ал зат атоочко гана эмес, заттык мааниде колдонулган учурда сын атоочко да, сан атоочко да, ат атоочко да, кыймыл атоочко да, атоочтуктарга да тиешелүү категория болуп эсептелет.

Кыргыз тилинде жөндөмө категориясын түзүп турган алты жөндөмө бар. Алар **атооч, илик, барыш, табыш, жатыш** жана **чыгыш** жөндөмөлөрү. Булардын ар биринин өзүнө тиешелүү суроолору жана грамматикалык маанилери бар.

Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөрдү берген маанилерине карай А. Турсунов[19] **грамматикалык жөндөмөлөр** (атооч, илик, табыш) жана **мейкиндик жөндөмөлөр** (барыш, жатыш, чыгыш) деп эки топко бөлгөн.

[19] Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттерине арналган окуу китеби. -Фрунзе, 1964. - 62-б.

**Мейкиндик жөндөмөлөрдө** турган сөздөр сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин багытын, турган ордун же башталган жерин билдирет. Булар мейкиндиктеги аракет-мамилелерге байланыштуу грамматикалык маанилерди туюндурат. Мисалы, **барыш** жөндөмөсү кыймыл-аракеттин багытын, барып тийер жерин билдирет; **жатыш** жөндөмөсү кыймыл-аракеттин аткарылыш ордун, мезгилин билдирет; **чыгыш** жөндөмөсү кыймыл-аракеттин башталыш, пайда болуш ордун, мезгилин билдирет.

**Грамматикалык жөндөмөлөрдүн** болсо, мейкиндикке анча тийешеси жок. Булар ар кандай грамматикалык мамилелерди билдирет. Мисалы, **атооч** жөндөмөсү заттарды жөн гана атайт, **илик** жөндөмөсү заттардын таандык болуп айтылышын шарттайт, **табыш** жөндөмөсү болсо, заттарды обөект кылып көрсөтөт.

Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөрдү С. А. Давлетов алардын башка сөздөр менен синтаксистик байланыштарга түшүү касиеттерине жараша **тике жөндөмө** жана **кыйыр жөндөмөлөр** деп эки топко бөлүп, минтип жазган:

> «Тике жөндөмө ошол сөздүн башка сөзгө багыныңкы же багыныңкы эмес абалда экендигин айкын билгизе албайт. Бирок речте ал басымдуу түрдө багынычсыз абалда, кээде гана багыныңкы мүнөздө колдонулат. Мындай жөндөмө катары атооч жөндөмөсү эсептелет.
>
> Кыйыр жөндөмөлөр синтаксистик жактан ар дайым башка сөзгө багыныңкы мүнөздө болот. Буга атоочтон башка: илик, барыш, табыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрү кирет»[20]

Жөндөмөлөрдүн берген маанилери грамматикалык маанилер болуп эсептелет. Ар бир жөндөмөнүн өзүнө гана тиешелүү жооп берер суроолору жана ага жараша ар түрдүүчө маанилери, грамматикалык каражаттары (жөндөмө мүчөлөрү) бар.

## Атооч жөндөмө

[20] Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология фак. студ-ри үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1980. 64-б.

Атооч жөндөмөсү заттарды атап гана көрсөтөт. Ал бардык заттарды таандык эмес түрүндө да, тигил же бул жакка, же затка таандык түрүндө да атай берет. Бардык зат атооч сөздөрдүн баштапкы формасы алардын атооч жөндөмөсүндө турган турпаты менен көрсөтүлөт. Азыркы кыргыз тилиндеги атооч жөндөмөсүндө төмөндөгүдөй грамматикалык маанилер болот.

1. Заттарды таандык эмес абалда атоо мааниси: *ата, эне, уул, кыз, окуучу, жомок, кагаз, үй, кыштак, билим, сабоо, буудай, кант, палоо, орок, курак, арыз, аң-сезим, күч-кубат, аткулак, кошаяк, кумшекер, Адыл, Сабира, Жамийла, Сыдыкбеков, Тоголок Молдо, Суусамыр, Бишкек, Украина, Кытай Эл Республикасы* ж.б.

Мисалы: *Күз келип, буудай бышып калган.* Бул жерде *буудай* деген сөз атооч жөндөмөсүндө туруп, таандык эмес абалда атоо маанисин туюндурду.

2. Заттарды биринчи жакка таандык кылып атоо мааниси: *атам, энем, уулум, кызыбыз, окуучум, жомогум, кагазым, үйүбүз, кыштагым, билимим, сабоом, буудайым, кантым, палоом, орогум, күрөгүм, арыз-муңум, аң-сезимим, күч-кубатыбыз, Адылым, Жамийлам, Бишкегим, Кыргызстаным* ж.б. Мисалы: *Күз келип, менин эккен буудайым бышып калган.* Бул жерде *буудайым* деген сөз атооч жөндөмөсүндө туруп, биринчи жакка таандык кылып атоо маанисин туюндурду.

3. Заттарды экинчи жакка таандык кылып сылык атоо мааниси: *атаңыз, энеңиз, уулуңуз, кызыңыз, окуучуңуз, жомогуңуз, кагазыңыз, үйүңүз, кыштагыңыз, билимиңиз, сабооңуз, буудайыңыз, кантыңыз, күрөгүңүз, арыз-муңуңуз, аң-сезимиңиз, күч-кубатыңыз, Адылыңыз, Сабираңыз, Бишкегиңиз, Кыргызстаныңыз* ж.б.

Мисалы: *Күз келип, сиздердин да буудайыңыздар бышып калган.* Бул жерде *буудайыңыздар* деген сөз атооч жөндөмөсүндө туруп, экинчи жакка таандык кылып сылык атоо маанисин туюндурду.

4. Заттарды экинчи жакка таандык кылып одоно атоо мааниси: *атаң, энең, уулуң, кызың, окуучуң, жомогуң, кагазың, үйүң, кыштагың, билимиң, сабооң, буудайың, кантың, палооң,*

*орогуң, күрөгүң, арыз-муңуң, аң-сезимиң, күч-кубатың, Адылың, Сабираң, Бишкегиң, Кыргызстаның* ж.б.

Мисалы: *Күз келди, сенин эккен буудайың бышып калгандыр.* Бул жерде *буудайың* деген сөз атооч жөндөмөсүндө туруп, экинчи жакка таандык кылып одоно атоо маанисин туюндурду.

5. Заттарды үчүнчү жакка таандык кылып атоо мааниси: *атасы, энеси, уулу, кызы, окуучусу, жомогу, кагазы, үйү, кыштагы, билими, сабоосу, буудайы, канты, палоосу, орогу, күрөгү, арыз-муңу, аң-сезими, күч-кубаты, Адылы, Сабирасы, Жамийласы, Бишкеги, Кыргызстаны* ж.б.

Мисалы: *Күз келип, Коңурөлөңдүн буудайы бышып калган.* Бул жерде *буудайы* деген сөз атооч жөндөмөсүндө туруп, үчүнчу жакка таандык кылып атоо маанисин туюндурду.

6. Башка заттардын аталган затка таандык экендигин билдирип атоо мааниси: *атамдыкы, энеңиздики, уулунуку, кызымдыкы, окуучулардыкы, кагаздыкы, үйдүкү, кыштактыкы, билимдики, сабоонуку, буудайдыкы, канттыкы, палоонуку, ороктуку, күрөктүкү, арыз-муңдуку, аң-сезимдики, күч-кубаттыкы, Адылдыкы, Жамийланыкы, Бишкектики, Кыргызстандыкы* ж.б.

Мисалы: *Мындай аппак нандар, албетте, ак буудайдыкы болот.* Бул жерде *буудайдыкы* деген сөз атооч жөндөмөсүндө туруп, нандын аталган затка (буудайга) таандык экендигин билдирип атоо маанисин туюндурду.

7. Заттарды көптүк санда атоо мааниси: *аталар, знелер, уулдар, кыздар, окуучулар, жомоктор, кагаздар, үйлөр, кыштактар, сабоолор, ороктор, күрөктөр, Адылдар, Жамийлалар* ж.б.

Мисалы: *Күз келип, силердин да буудайыңар бышып калгандыр.* Бул жерде *буудайыңар* деген сөз атооч жөндөмөсүндө туруп, экинчи жакка таандык кылып көптүк санда атоо маанисин туюндурду. *Шаарыбыз өсүп, түптүз көчөлөргө бийик-бийик үйлөр курула баштады.* Бул жерде *үйлөр* деген сөз атооч жөндөмөсүндө туруп, көптүк санда атоо маанисин туюндурду.

## Илик жөндөмө

Заттардын кимге жана эмнеге тиешелүү (таандык) экендигин билдирип, дайыма таандык мүчөлүү сөздөр менен айкашып келет. Илик жөндөмөсүнүн грамматикалык каражаты *–нын* мүчөсү, ал сөздөрдөгү үндүү жана үнсүз тыбыштарга карата 16 түрдө өзгөрүп колдонулат. Илик жөндөмөнүн мүчөсүнүн толук түрү *-нын, -нин, -нун, -нүн, -дын, -дин, -дун, -дүн, -тын, -тин, -тун, -түн* болуп 12, кыскарган түрү болсо *-ын, -ин, -ун, -үн* болуп 4 түрдө (вариантта) өзгөрүп келет.

Азыркы кыргыз тилинде илик жөндөмөсүнүн гана эмес, бардык жөндөмөлөрдүн мүчөлөрүнүн тыбыштык түзүлүшүнүн өзгөрүп айтылышы үндөштүк (сингармонизм) мыйзамынын негизинде жүзөгө ашат. Түрк тилдеринин ичинде үндөштүк (сингармонизм) мыйзамы жакшы сакталып, төл сөздөрдө анын туруктуу сакталышы боюнча кыргыз тили өзгөчөлөнүп турат. Кыргыз тилинде эрин күүсү да (*жол, жолго, жолдош, жолоочу, жолукту, жолугушуу* ж.б.), таңдай күүсү да (*кыр, кырка, кырга, кырдын, кырка, кырканын* ж.б.) катуу сакталат.

/ндөштүк (сингармонизм) мыйзамы башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдө бузулуп айтылган учурлар бир топ арбын. Мисалы: *мугалим, соодагер, бейкуттук, телефон, геометрия* ж.б.

Илик жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн ар кандай шарттарга жараша тыбыштык жактан өзгөрүүлөргө учурап айтылышы төмөндөгүдөй болот.

Сөз үндүү тыбыштар менен аяктап келсе, жөндөмө мүчөнүн үндүү тыбышы төмөндөгүдөй болуп өзгөрөт:

а > ы (-нын, -дын, -тын, -ын)

ы
о
→ у (-нун, -дун, -тун, -ун)
у
э
→ и (-нин, -дин, -тин, -ин)
и
ө
→ ү (-нүн, -дүн, -түн, -үн)
ү

Жөндөмө мүчөнүн баштапкы үнсүз тыбышынын өзгөрүшү төмөндөгүдөй жүрөт:

| | |
|---|---|
| /ндүү менен аяктаган сөздөрдө | ***н*** (-нын, -нин, -нун, -нүн) |
| Жумшак жана уяң үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | ***д*** (-дын, -дин, -дун, -дүн) |
| Каткалаң үнсүз менен аяктаган сөздөрдө | ***т*** (-тын, -тин, -тун, -түн) |

Кыргыз тилинде илик жөндөмөсү дайыма таандык мүчөлүү сөздөр менен айкашып келет дедик, ошол таандык мүчөлүү сөздөр анын аныкталгычы болуп эсептелет. Мисалы: *баланын китеби, эчкинин сүтү, тоонун жели, атырдын жыты, үйдүн чатыры* ж.б.

Илик жөндөмөсүндөгү сөз этиштин формалары менен айкашып колдонулса, ошол этиштин формасы да заттык мааниде болуп таандык айтылышта келет. Мисалы: *коноктордун чакырылышы, сырдын билингени, мугалимдин айтканы, жаңы мектептин ачылышы* ж.б. Мисалдардагы *китеби, сүтү, жели, жыты, чатыры, чакырылышы, билингени, айтканы* деген сөздөр таандык формада туруп, илик жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашып, аныкталып турат. Булар – **аныкталгычтар.** Ал эми илик жөндөмөсүндөгү сөздөр – **аныктагычтар** (башкача айтканда, аныктоочтор). Демек,

илик жөндөмөсү сүйлөмдө көбүнчө аныктоочтун милдетин аткарат.

Илик жөндөмөсү төмөндөгүдөй грамматикалык маанилерди билдирет.

1. Аныктала турган заттын кимге, эмнеге таандык болуп турганын көрсөтөт. Мисалы: *Атам, ыраматылык, кумурсканын да уясын бузба дечү эле.* («Кутбилим»)

2. Заттын кайдан, эмнеден келип чыкканын, жасалган тегзатын билдирет. Мисалы: *Курманжандын өзүнөн тараган уул-кыз эки жүздөн ашып кеткен болучу.* (Т. Касымбеков)

3. Аныктала турган затты кандайдыр заттын, кандайдыр бүтүндүн бөлүгү кылып көрсөтөт. Мисалы: *А, Камчымдын бүлдүргөсү турбайсыңбы, ананайын...* (Т. Касымбеков)

4. Аныктала турган заттын тууганддык, бирге болгондук жактан катыштык жагдайын билдирет. Мисалы: *Баягы Кадыркулдун уулу деле быйыл окууга кетиптир.*(«Эркинтоо»)

5. Аныктала турган заттын мезгилге, мейкиндикке карата белгисин билдирет. Мисалы: *Кара булгаары капталган кичинекей тактанын үстүндө жатыптыр.* (Ө. Даникеев)

6. Аныктала турган зат билдирген белгинин, касиеттин кимгедир, эмнегедир тиешелүүлүгүн туюндурат. Мисалы: *Төмөнкү сай тараптан дарыянын басаң шары угулат.* (Ш. Абдыраманов)

7. Аныктала турган зат сын атооч, сан атооч, атоочтуктардан болсо, кандайдыр сапаттык даража, же жиктөө маанилерин билдирет. Мисалы: *Колубузга ышкындын солкулдагы тийгенин кара.* (О. Айтымбетов)

8. Кайталанып айтылган атоочтордун биринчисине жалганып, күчөтүү маанилерин да билдирет. Мисалы: *Футбол чемпионатында Бразилиянын курама командасы мыктылардын мыктысы болуп чыкты.* («Заман-Кыргызстан»)

9. «Өз» деген аныктама ат атооч менен айкашып келип, кандайдыр окшоштуруу маанисин билдирет. Мисалы: *Ырдаганын карасаң, кадимки айтылуу Мусанын эле өзү.*

Сүйлөмдө илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлбөй да, түшүрүлүп да айтыла берет. Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү

түшүрүлбөй айтылганда таандык кылуу маанилери ачык, даана, так, анык туюндурулат: *Жаныбектин ыры, атамдын китеби, Суусамырдын суугу, Бишкектин көчөлөрү, китептин бети, казандын кулагы, үйдүн чатыры, автомобилдин тетиги* ж.б.

Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп айтылганда таандык кылуу маанилеринде аныктык белгилер туюндурулбай калат, абстракттуулук маани пайда болот: *комуз күүсү, тоо жели, гезит кагазы, Кыргызстан жаштары* ж.б. Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп айтылган айкаштардын айрымдары лексикалашып, татаал сөзгө да айланып кеткен: *үй иши, конок каадасы, Суусамыр жайлоосу; Жол азабы - көр азабы.* (Макал)

Ыр саптарында да илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп айтылган учурлар болот. Мисалы: *Ай нуру бизге түгүлдү, Алтыным, аччы көңүлдү.* (Фольк.) Бул учурда, ыр саптарында, конкреттүүлүк маани сактала берет.

## Барыш жөндөмө

Барыш жөндөмөсү сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, айтыла турган ойдун жана сөздүн багытын, аткарылар ордун билдирип, *кимге? эмнеге? каякка?* деген суроолорго жооп берет. Барыш жөндөмөсүнүн грамматикалык каражаты *-га.* Бул тыбыштык өзгөрүүлөргө карай бир нече варианттарда колдонулат. Толук түрү: *-га, -ге, -го, -гө, -ка, -ке, ко, -кө;* үчүнчү жактын таандык мүчөсүнөн кийин: *-на, -не, -но, -нө;* кыскарган түрдө: *-а, -е, -о, -ө* болуп өзгөрөт.

Барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн тыбыштык өзгөрүүлөрү төмөндөгүдөй болот.

Сөз үндүү тыбыштар менен аяктап келсе, жөндөмө мүчөнүн үндүү тыбышы төмөндөгүдөй болуп өзгөрөт:

а
ы — а (-га, -ка, -на, -а)
у
о — о (-го, -ко, -но, о)
э*
— е (-ге, -ке, -не, -е)
и
ө
— ө (-гө, -кө, -нө, ө)
ү

**Эскертүү:** Кыргыз тилинде э жана *е* тамгалары бир эле тыбышты билдирет.

Жөндөмө мүчөнүн баштапкы үнсүз тыбышынын өзгөрүшү төмөндөгүдөй жүрөт:

| | |
|---|---|
| /ндүү менен аяктаган сөздөрдө | ***г*** (-га, -го, -ге, -гө) |
| Жумшак жана уяң үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | ***г*** (-га, -го, -ге, -гө) |
| Каткалаң үнсүз менен аяктаган сөздөрдө | ***к*** (-ка, -ко, -ке, -кө) |

Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр этиш сөздөр менен айкашып келет да синтаксистик башкаруу байланышын түзөт. Алар багыт маанисин билдиргендиктен дайыма кыймыл-аракетти талап кылып турат.

Барыш жөндөмөсү төмөндөгүдөй грамматикалык маанилерди туюндурат.

1. Кыймыл-аракеттин барып тийер ордун билгизет да, *кайда? каякка?* деген суроолорго жооп берип калат. Мисалы: *Төрдө Айша апа, анын тизесине жөлөнүп Изат олтурат.* (Ө. Даникеев)

2. Сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин кимге, эмнеге багытталганын билдирет. Мисалы: *Ээрчишип мектеп тарапка баратышты.* («Кут билим»)

3. Барыш жөндөмөсү багыт мааниси менен кошо иштин, ойдун аткарылыш максатын да билдирет. Мисалы: *Билим берүү рынок талабына шайкеш өнүгүүгө тийиш.* («Кут билим»)

4. Барыш жөндөмөсү кыймыл-аракеттин, ойдун, иштин аткарылар мезгилин, өлчөмүн да билдирет. Мисалы: *Бул жер азыр көл бетинен бир миң төрт жүз метрге бийиктик кылат.* (А. Саспаев) *Аламан байгеде аттарды keминде он чакырым аралыкка койо беришет.* («Советтик Кыргызстан»)

5. Этиштин тиешелүү мамиле формалары менен айкашып келип, барыш жөндөмөсүндөгү сөз сүйлөмдөгү логикалык субъект маанисин да билдирет. Мисалы: *Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат.* (Макал)

6. Этиштин тиешелүү мамиле формалары менен айкашып келип, барыш жөндөмөсүндөгү сөз сүйлөмдөгү обьект маанисин да билдирет. Мисалы: *Мурзаке көрдүйнөгө алданбай, байланбай куштардай эркин, нарктуу жашады.* («Кыргызстан маданияты»)

Барыш жөндөмөсү *дейре, жараша, караганда, карай, карата, чейин* деген сыяктуу жандоочтор менен айкаша айтылып, тиешелүү ошол жандоочтордун маанилерин да кабыл ала берет. Мисалы: *Купелүү вагондордо бир топ күн жүрөр узак жолдун ылайыгына жараша тирилик орноду.* (Ч. Айтматов) Мисалдагы *ылайыгына* деген сөз барыш жөндөмөсүндө айтылып, *жараша* деген жандооч аркылуу «ылайыкташуу» маанисин туюндуруп турат.

«Орхон-енисей эстеликтеринде болсо барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү төмөкүдөй формада кездешет:

1) -га, -ге, -ка, -ке: *орыз-га* – ырыска; *йазы-ка* – жайыкка; *йир-ке* – жерге.

2) -а, -е - жактама ат атоочтон жана 1, 2, 3-жактын таандык мүчөлөрүнүн жекелик түрүнөн кийин: *маӊ-а* – мага, *сиз-е* – сизге; *каганыӊ-а* – ханыңа, *йириӊ-е* – жериңе, *марым-а* – мугалимиме, *черигиӊ-е* – армиясына *(аскериңе* болуш керек - И. А.), *сабын-а* – сөзүнө, *илин-е* – мамлекетине. Бирок 1-жактын таандык мүчөсүнөн кийин барыш жөндөмөсүнүн **-ка, -ке** формасында да улана берген: *оглумка* – уулума, *элимке* – элиме.

3) Орхон жазмасында барыш жөндөмөсүнүн *-гару, -геру* формасы да колдонулган. Бул эки мүчөдөн турат: барыштыкы **-га, -ге** жана багыт жөндөмөсүнүнкү **-ру:** *огуз-гару* – огузга, *ил-геру* – алдыга, чыгышка.

4) Барыш жөндөмөсү **-йа** формасында да колдонулган: *йыра-йа* – түндүккө, *куры-йа* – батышка, *бери-йа* – түштүккө.

Байыркы эстеликтерде барыштын *-гару* мүчөсү айрым сөздөргө жалганганда башкы же аяккы тыбышы түшүп айтылып, түрдүү формада колдонулган: **-ару < (г)ару:** *баң-ару* – мага, *оң-ару* – ага, *субың-ару* – суусуна, **-ар < (г) ар(у):** *аң-ар* – ага, *муң-ар* – буга, **-ра < (га)ру:** *өң-ре* - алга карай, *ич-ре* - ичке, *таш-ра* - тышка, сыртка; **-кер (-гар, -кар) -гар(у):** *өлүмкер* - өлүмгө.

Барыш жөндөмөсүнүн байыркы **-гару (-ру)** мүчөсү кыргыз тилинде калдык катары төмөнкү тактоочтордун тутумунда сенек болуп сакталып калган: *жогору, илгери, тышкары, ичкери, ары, бери*»[21]

## Табыш жөндөмө

Табыш жөндөмө кыймыл-аракет, же айтыла турган ой барып тийе турган, же багытталып жаткан затты (обөектини) көрсөтөт. Ошондуктан ал сүйлөмдө кыймыл-аракет тике багытталган обөект болуп кызмат кылат да, *кимди? эмнени?* деген суроолорго жооп берет. Синтаксистик жактан тике толуктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: *Эй, бала!.. Айткандарың төгүн чыкса, эмне болоруңду билесиңби?* (Т.Абдумомунов) Көмүскөдөгү ээнин эмнени билери анын өзүнүн «*эмне болор*» абалына багытталып жатат. *Ушундан соң Каражал короолорду кыдырып жок издегенин токтотту.* (С.Станалиев) Сүйлөмдүн ээси Каражалдын кыдырып жок издеген аракети *короолорго* барып тийип жатат.

Табыш жөндөмөсүнүн грамматикалык каражаты *-ны,* ал бир нече вариантта өзгөрүп колдонулат. Таандык мүчөлөр уланбаган учурларда *-ны, -ны, -ну, -нү, -ды ,-ди, -ду, -дү, -ты, -ти, -ту, -тү, -ы, -и, -у, -ү* болуп өзгөрүп айтылат. Ал эми таандык мүчөлөр уланып келген сөздөрдө болсо, табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн өзгөрүп колдонулушу бир топ татаал.

Жекелик жана көптүк санда экинчи жактын жакчыл таандык мүчөсү (*-ы, -сы; -лары*) жалганып келген сөдөргө жалганганда табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү үндүү тыбышын түшүрүп жалганат (*калпаг-ы – калпаг-ы-н, сөйкө-сү – сөйкө-сү-н; китеп-тер-и – китеп-тер-и-н*). Жалпы таандык мүчөсүнөн кийин да ушул көрүнүштө өзгөрөт (*алма-ныкы-н; ата-м-дыкы-н, ата-ң-дыкы-н*).

---

[21]Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттерине арналган окуу китеби. - Фрунзе, 1964. - 65-66-б.

Сөз үндүү тыбыштар менен аяктап келсе, жөндөмө мүчөнүн үндүү тыбышы төмөндөгүдөй болуп өзгөрөт:

а
ы → ы (-ны, -ды, -ты, -ы)

о
у → у (-ну, -ду, -ту, -у)

э
и → и (-ни, -ди, -ти, -и)

ө
ү → ү (-нү, -дү, -тү, -ү)

Жөндөмө мүчөнүн баштапкы үнсүз тыбышынын өзгөрүшү төмөндөгүдөй жүрөт:

| | |
|---|---|
| /ндүү менен аяктаган сөздөрдө | ***н*** (-ны, -ну, -ни, -нү) |
| Жумшак жана уяң үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | ***д*** (-ды, -ду, -ди, -дү) |
| Каткалаң үнсүз менен аяктаган сөздөрдө | ***т*** (-ты, -ту, -ти, -тү) |

**Жөнөкөй жөндөлүштө** *-ны, -ни, -ну, -нү, -ды, -ди, -ду, -дү, -ты, -ти, -ту, -тү;* **таандык жөндөлүштө** а) жекелик сандагы биринчи жана экинчи жактын таандык мүчөлөрүнөн кийин кыскарган түрдө *-ы, -и, -у, -ү;* б) жалпы таандык жана жекелик сандагы үчүнчү жактын таандык мүчөлөрүнөн кийин өзгөчө кыскарган түрдө *-н* болуп өзгөрүп келет.

«Орхон-енисей (байыркы түрк рун) эстеликтеринде табыш жөндөмөсүнүн үч түрдүү мүчөсү кездешет:

1) зат атоочтон кийин ***-ыг, -иг, -г:*** *будун-ыг* – элди, *күмүш-иг* – күмүштү, *элчи-г* – элчини;

2) ат атоочтон кийин ***-ны, -ни:*** *бу-ны* – муну, *биз-ни* – бизди;

3) таандык уландылардан кийин ***-ын, -ин, -н:*** *кызым-ын* – кызымды, *йегин-им-ин* – жээнимди, *ташы-н* – ташын"[22].

Табыш жөндөмөсү төмөндөгүдөй грамматикалык маанилерди билдирет.

1. Сүйлөмдөгү кыймыл-аракет тике багытталып турган затты (обөектини) билдирет. Мисалы: */чүнчү күнү Бешмойнокту ашып, Апактын белине чыктык.* (Ж. Осмоналиев)

«Табыш жөндөмөнүн бул мааниси – негизги маани, ал өзү жалганган сөздүн өтмө маанидеги төмөнкүдөй топтогу этиштерге багыныңкы байланышта болушу менен шартталып турат:

а) күч-аракетти билдирген этиштер менен: *эгинди сеп-, көйнөктү тик-, душманды өлтүр-, үйдү кур-, нанды же-, кымызды ич-, малды бак-, упчуну сор-, чөптү чап-, сууну сеп-, короону шыпыр-* ж.б.

б) акыл-эс аракетин билдирген этиштер менен: *өткөндү эсте-, кайгы-капаны унут-, сабакты бил-, ата-энени ойло-* ж.б.

в) сүйлөө этиштери менен: *жомокту айт-, сөздү сүйлө-, оюңду билдир-* ж.б.

г) туюм-сезим аракетин билдирген этиштер менен: *кепти ук-, ишти байка-, баланы кара-, көптү көр-, окууну каала-* ж.б.

д) белгилүү бир нерседен өтүү маанисин билдирген кыймыл этиштер менен: *ашууну аш-, сууну кеч-* ж.б.

Өтпес этиштер, адатта, сүйлөм ичинде табыш жөндөмөсүндөгү сөздүн болушун талап кылбайт. Бирок алар аркылуу мамиледе айтылса, этиштин өйдөкү семантикалык топтору сыяктуу эле табыштагы сөздү багындырып, багыныңкы сөз аркылуу обөектилик маанинин туюнтулушун шарттап турат. Салыштыр: *бала уктады – баланы уктатты, кыз ойноду – кызды ойнотту, конок кетти – конокту кетирди, эне сүйүндү – энени сүйүнттү, жумушчу чарчады – жумушчуну чарчатты, алма түштү – алманы түшүрдү, келин келди – келинди келтирди, от күйдү – отту күйгүздү, учкуч учту – учкучту учурду* ж.б"[23].

2. Төл жана бөтөн сөздө айтылганда табыш жөндөмөсү кээде кыймыл-аракетти аткарган тарапты (логикалык субөектини) да билдирет. Мисалы: *Канчалык асыраган менен карышкырды кишиге кол салбайт деш кыйын.* («Эркинтоо»)

3. Сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин бүтүндүн бир бөлүгүнө багытталганын билдирет. Бул учурда дайыма илик жөндөмөсү менен айкашып келет. Мисалы: *Ээрдин кашын бекем кармап келатты.* (Ж. Осмонкулов)

---

[22]Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. Жогорку окуу жайларыныи филология фак-ринин студенттерине арналган окуу китеби. Фрунзе, 1964. 67-б.

[23] Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайлардын филол. фак. студенттери \ч\н окуу китеп. -Бишкек, 1997. -66-б

4. Табыш жөндөмөсүндөгү сөз *карай, көздөй* деген жандоочтор менен кошо айтылып, багыт маанисин билдирет. Мисалы: *Өрүктүдө жаттыңар, Өйүздү көздөй аттыңар.* (Ж. Бөкөмбаев)

Кыргыз тилинде табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп да, түшүрүлбөй да айтыла берет. Төмөндөгүдөй учурларда табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлбөй айтылат:

а) бир нерсени же түшүнүктү конкреттештирип, дааналап-тактап, кандайдыр басым менен айтсак: *шаарды араладык, үйдү шыбадым, атты каңтардың* ж.б.

б) табыш жөндөмөдөгү сөз ат атооч болсо: *сени көрдүм, мени ук, аны таштаба, эмнени айтасың* ж.б.

в) табыш жөндөмөдөгү сөз кыймыл атооч же атоочтук болсо: *окууну бүттүм, сугарганды билет, өткөндү эстедик, кутуларды ойлогула* ж.б.

г) табыш жөндөмөдөгү сөз затташкан сын атооч же сан атооч болсо: *жакшыларды тосушту, тебетейлүүнү аңдыгын, бирди коштум, бешти алып салдыңбы, он экинчини алдым* ж.б.

д) табыш жөндөмөдөгү сөз энчилүү аттардан болсо: *Адылды урбагыла, Аккуланы каңтардым, «Кыяматты» сатып алдык* ж.б.

е) табыш жөндөмөдөгү сөз таандык болуп турса: *атаңды тааныдыңбы, колумду кармаба, мектептикине тийбегиле, оюбузду айтабыз* ж.б.

ж) табыш жөндөмөдөгү сөз жандоочтор менен келсе: *үйдү көздөй басты, айылды карай баратат* ж.б.

з) табыш жөндөмөдөгү сөз менен этиш сөздүн ортосуна кандайдыр башка сөз кошулуп айтылган учурларда: *талды жакшы багуу керек, катты узак жаздым, ырды биз да жазабыз, жүктү аягына чейин ташыдыңарбы, тамакты түгөтө ичтик* ж.б.

Төмөндөгүдөй учурларда табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп айтылат:

а) абстракттуулук маани басымдуулук кылып, табыш жөндөмөдөгү сөз этиш менен жанаша айтылганда: *мал багуу -*

*жакшы иш, кат жаздым, ыр жазгыла, жүк ташыдыңарбы, тамак ичтик* ж.б.

б) табыш жөндөмөнүн мүчөсү бирөңчөй мүчөлөрдун эң акыркысынан башкаларында түшүрүлүп айтылат: *тоо, токой, талааларды басып өттүк; Айым, Жамийла, Асел, Саадаттарды көрдүм* ж.б.

## Жатыш жөндөмө

Кыймыл-аракеттин аткарылыш ордун, мезгилин же кайсы бир заттын каякта, кайда экенин билдирип, *кимде? эмнеде? (качан? кайда? кайсы жерде?)* деген суроолорго жооп берет. Мисалы: *Өз атаң Эр-Күлчур он төртүндө жортуулга аттанган.* (Т. Сыдыкбеков) *Кече уруяттан кийин, тиги дөбөдө бир жаман там болор эле.* (Ч. Айтматов) *Ырас, акыркы бюродо ал Кошойго ачууланып эң катаал сүйлөдү.* (К. Акматов)

Жатыш жөндөмөнүн грамматикалык каражаты (мүчөсү) *-да.* Ал уңгудагы үндүү, унсүз тыбыштарга карата өзгөрүп, 12 түрдө айтылат. Жөнөкөй жөндөлүштө: *-да, -де, -до, -дө, -та, -те, -то, -тө;* таандык жөндөлүштө: *-нда, -нде, -ндо, -ндө* болуп өзгөрөт.

Сөз үндүү тыбыштар менен аяктап келсе, жөндөмө мүчөнүн үндүү тыбышы төмөндөгүдөй болуп өзгөрөт:

а, ы, у → а (-да, -та, -нда)
о → о (-до, -то, -ндо)
э, и → е (-де, те, -нде)
ө, ү → ө (-дө, -тө, -нтө)

Жөндөмө мүчөнүн баштапкы үнсүз тыбышынын өзгөрүшү төмөндөгүдөй жүрөт:

| | |
|---|---|
| /ндүү менен аяктаган сөздөрдө | ***д*** (-да, -до, -де, -дө) |
| Жумшак жана уяң үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | ***д*** (-да, -до, -де, -дө) |
| Каткалаң үнсүз менен аяктаган сөздөрдө | ***т*** (-та, -то, -те, -тө) |

Жатыш жөндөмөдөгү сөздөр төмөндөгүдөй грамматикалык маанилерди берет.

1. Жатыш жөндөмөсү кыймыл-аракеттин каякта болор ордун көрсөтөт. Мисалы: *Унчукпай жатып үйүндө, «Узак жолун» улаган.* (К. Маликов) *Көрүп турбайсыңбы, жанымда жолоочум бар.* (К. Жусупов) *Сиздин жыйналышта сүйлөгөн сөзүңүз элге жакты.* («Кыргыз Туусу»)

2. Кыймыл-аракеттин, анын аткарылышынын мезгилин билгизет. Мисалы: *Ортодо алоолонгон от Текештин сөөгүн сызгырып күйгүзүп жатканда бирде бири ооз ачпады.* (Т. Сыдыкбеков) *Убагында сөз табылбай калат, анын качан кереги жокто табылганын айтпайсыңбы.* (К. Жусупов)

3. Затташкан сан атоочтор менен айтылып, ченем маанисин да билдирет. Мисалы: *Уулум быйыл тупатуура он алтыда.* (Б. Усубалиев) *Асел экинчи курсту бүтүргөн, быйыл үчүнчүдө.* («Аалам»)

4. Кандайдыр аныктай турган тиешелүүлүк маани да билдирет. Мисалы: *Жердин жети катмарына жеткен акылыбыз адамга калганда чолок турбайбы.* (Т. Абдумомунов)

5. Кайсы бир заттын же кандайдыр бир касиеттин кимде, эмнеде экендигин да билгизет. Мисалы: *Акыл айтсаң тыңшабайт, Акмактын көркү жемеде.* (Токтогул) *Агай, агай, журнал Жумалиевде, - деп безилдеп жиберди Калый.* («Алатоо»)

Жатыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтор сүйлөмдө көбүнчө орун жана мезгил бышыктоочтордун милдетин аткарат. Кээде толуктооч да болуп кетет. Мисалы: *Жапарда эч кандай күнөө жок болучу.* (А. Токомбаев) Айрым учурларда баяндоочтун да

милдетин аткарып калат. Мисалы: *Тулпар тушунда, күлүк күнүндө.* (Макал)

## Чыгыш жөндөмө

Кыймыл-аракеттин башталган жерин, учурун жана заттын же анын кандайдыр касиетинин пайда болуш булагын билгизип, *кимден? эмнеден? (кайдан? каяктан? качантан?)* деген суроолорго жооп берет. Мисалы: *Кытайдан келген пил, соорусун тасма тил.* (Табышмак)

Чыгыш жөндөмөнүн грамматикалык каражаты *-дан.* Ал уңгудагы үндүү, үнсүз тыбыштарга карата өзгөрүп, бир нече вариантта айтылат.

Жөнөкөй жөндөлүштө: *-дан, -ден, -дон, -дөн, -тан, -тен, -тон, -төн;* таандык жөндөлүштө болсо, *-(д)ан, -(д)ен, -(д)он, -(д)өн* жана *-нан, -нен, -нон, -нөн* болуп өзгөрөт. Бул өзгөрүүлөрдүн ичинен *-нен, -нөн* формалары айрым аягы ичке үндүү тыбыштар менен аяктаган жөнөкөй жөндөлүштөгү сөздөргө да жалганышы мүмкүн: *кшииден - кишинен, кемеден - кеменен, төөдөн – төөнөн* ж.б.

Сөз үндүү тыбыштар менен аяктап келсе, жөндөмө мүчөнүн үндүү тыбышы төмөндөгүдөй болуп өзгөрөт:

а, ы, у → а (-дан, -тан, -нан, -ан)
о → о (-дон , -тон)
э, и → е (-ден, -тен, -нен, -ен)
ө, ү → ө (-дөн, -төн, -нөн, -өн)

Жөндөмө мүчөнүн баштапкы үнсүз тыбышынын өзгөрүшү төмөндөгүдөй жүрөт:

| | |
|---|---|
| /ндүү менен аяктаган сөздөрдө | ***д*** (-дан, -дон, -ден, -дөн) |
| Жумшак жана уяң үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдө | ***д*** (-дан, -дон, -ден, -дөн) |
| Каткалаң үнсүз менен аяктаган сөздөрдө | ***т*** (-тан, -тон, -тен, -төн) |

Чыгыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтор төмөндөгүдөй грамматикалык маанилерди берет.

1. Сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин башталган жерин билдирет. Мисалы: */йдөн ала кийиз менен көлдөлөңдү алып келгиле.* (Т.Сыдыкбеков) *Жедеп түгөнүп, соолуп калганбы, эч кимдин көзүнөн кылайып жаш да чыкпайт.* (М.Элебаев).

2. Сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин болуп өткөн жерин билдирет. Мисалы: *Кыра тууралган бешбармактан экөө алма-телме алып, табакты заматта түбүнө түшүрүштү.* (Э.Турсунов) *Жети, сегиз үйдөн тиленип, экөөнөн кур чыктым.* (М.Элебаев).

3. Сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин пайда болгон, башталган мезгилин билгизет. Мисалы: *Сизди «өлдү» деп уккандан үч айдан кийин күйөөгө тийгенмин.* (К. Жантөшев).

4. Заттын кайдан келгенин, эмнеден келип чыкканын билдирет. Мисалы: *Күмүштөн сөйкө такканбыз, күн тийбес жерге бакканбыз.* (Фольк.)

5. Сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин аткарылыш себептерин билгизет. Мисалы: *Уялганынан улам Беккулдун көздөрү жер карап турду.* (М.Элебаев).

6. Сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин кандайдыр бир затка, бүтүн нерсеге, анын кайсы бир жерине таралгандыгын, таасир эткенин билдирет. Мисалы: *Конокту колтуктан алып жакшылап атказдык, байке.* (Ж.Осмоналиев).

7. Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөз сандык же сапаттык салыштыруу маанисин да билдирет. Мисалы: *Каадалуу коноктордон бетер көлдөлөңдүн тээ төр жагына барып отурдук.* (Т.Сыдыкбеков) *Бала балдан таттуу, небере жандан таттуу.* (Макал).

8. Кайталанып айтылган сөздөрдүн биринчи түгөйү чыгыш жөндөмөдө айтылса, күчөтүү маанисин билгизет. Мисалы: *Ушул ишти аткарат деп сизден көптөн көп өтүнөбүз.* (К.Жантөшев) *Ачыктан ачык каршы чыккандар болгон жок.* («Аалам»).

9. Чыгыш жөндөмөсү бөлчөк санды да уюштурат. Мисалы: *Алып келген алмаӊдын үчтөн экиси таптакыр жарабайт.* (С.Сасыкбаев).

## Жөндөлүш

**Зат атоочтордун жана жалпы эле атооч сөздөрдүн жөндөмө мүчөлөрү менен өзгөрүшүн жөндөлүш дейбиз.**

Кыргыз тилинде жөндөлүштүн типтери маселеси анча тактала элек. А.Турсунов жөндөмөлөр жана жөндөмөлөрдүн маанилери жөнүндө кеӊири жазып, бирок жөндөлүш тууралуу эч нерсе айткан эмес[24]. С.А.Давлетов жөндөлүштүн типтерине атайын көӊүл бөлүп, зат атоочтун жөндөлүшүн «үч типке бөлүнөт: 1) таандык мүчөсүз сөздөрдүн жөндөлүшү; 2) таандык мүчөлүү сөздөрдүн жөндөлүшү; 3) аягы катар үнсүз (*ск, нк, фт, нг, нд, мн*) менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү»[25] деп жазган. Т.Садыков болсо, жалаӊ эле зат атоочтордун эмес, «жалпы эле атооч жана айрым затташкан жаксыз этиш сөздөрдүн» да жөндөлө тургандыгын эске алып, жөндөлүштүн **жөнөкөй жөндөлүш, татаал жөндөлүш** деген эки түрү бар дейт[26]. А.Турсунов менен С.А.Давлетов да башка атоочтор менен этиштин айрым формаларынын жөндөлө турганын танышпайт, бирок алар алдагы ойлорун нукура зат атоочтор тууралуу сөз болгондо гана айтышкан.

Кыргыз тилинде аягы *нк, ск, фт, кт, нг, нд, мн* тыбыштары менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү алардын аягына бир үндүү тыбыштын кошулуп жазылышы гана болбосо, жөнөкөй жөндөлүштөн айымасы жок.

[24] Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. -Фрунзе, 1964. -61-73-б.

[25] Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. -Фрунзе, 1980. -73-74-б.

[26] Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: морфология. -Бишкек, 1997. -71-б.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| А | Минск | нефть | танк | банк |
| И | Минскинин | нефтинин | танканын | банканын |
| Б | Минскиге | нефтиге | танкага | банкага |
| Т | Минскини | нефтини | танканы | банканы |
| Ж | Минскиде | нефтиде | танкада | банкада |
| Ч | Минскиден | нефтиден | танкадан | банкадан |

Бул жерде *танк, банк* деген сөздөрдүн жөндөлүшүн кыргыз тилинин нукура өз табиятына ылайык келтирип бердик. «Жөндөлүштүн үч тиби бар» деген көз караштын эрежеси боюнча бул сөздөр жөндөлгөндө унгудан кийин «а» эмес, «ы» тыбышы жалганыш керек эле. Бул сыяктуу сөздөрдүн бардыгы акыркы эле элүү жылдыкта кабыл алынып, алардын жазылышы «орус тилинен, же ал аркылуу башка тилдерден келип кирген сөздөр орусча кандай айтылса, ошондой айтылып, орусча кандай жазылса, ошондой жазылат» деген эрежеге ылайыкташып, нукура кыргызча болбой калган.

Ал эми ***гонг, ринг, фонд*** сыяктуу кабат үнсүздөр менен аяктаган сөздөрдүн жөндөлүшү «орусча кандай жазылса, ошондой жазылат» деген эрежеге эмгиче ылайыкташа бербей келет. Булар көбүнчө *гонгдун, рингдин, фонддун; гонгго, рингге, фондго; гонгду, рингди, фондду; гонгдо, рингде, фонддо; гонгдон, рингден, фонддон* болуп эле жазылып жүрөт. Мындай болгондо да сөздөр жөнөкөй жөндөлүштүн эрежеси менен жөндөлүп жатат.

Кыргыз тилинде аягы кош үнсүздөр менен бүткөн төл сөздөр да *(ант, кант, карт, Көгарт, Торугарт, даңк, калп, салт* ж.б.), орус тилинен эмес башка тилдерден кабыл алынган сөздөр да *(март, барк, дарт* ж.б.) бар. Булардын бардыгы орус тилинен келип кирген ***гонг, ринг, фонд*** деген сөздөр сыяктуу эле жөнөкөй жөндөлүштө, башкача айтканда, таандык мүчөлөрү жок сөздөрдөй болуп жөндөлө берет.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | кант | Торугарт | салт |
| И | канттын | Торугарттын | салттын |
| Б | кантка | 1оругартка | салтка |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Т | кантты | Торугартты | салтты |
| Ж | кантта | Торугартта | салтта |
| Ч | канттан | Торугарттан | салттан |

Ошентип, кыргыз тили үчүн жөндөлүштүн эки эле тиби бар. Алар: **а) жөнөкөй жөндөлүш** жана
**б) таандык жөндөлүш.**

## Жөнөкөй жөндөлүш

Таандык мүчөлөр уланбай турган сөздөрдүн жөндөмөлөр боюнча өзгөрүшү жөнөкөй жөндөлүштү түзөт. Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | жууркан | кекилик | кармооч |
| И | жууркандын | кекиликтин | кармоочтун |
| Б | жуурканга | кекиликке | кармоочко |
| Т | жууркaнды | кекиликти | кармоочту |
| Ж | жууркaнда | кекиликте | кармоочто |
| Ч | жууркaндан | кекиликтен | кармоочтон |

Кыргыз тилинде жөнөкөй жөндөлүш менен жөндөлгөн сөздөрдүн уңгусу тыбыштык өзгөрүүлөргө учурабайт. Уңгудагы үндүү жана үнсүз тыбыштарга жараша жалганган жөндөмө мүчөлөрдөгү үндүү жана үнсүз тыбыштар гана өзгөрүүлөргө учурайт.

Сөздөр үндүү тыбыштар менен аяктаганда:

| | *а,ы* | *о,у* | *э (е), и* | *ө, ү* |
|---|---|---|---|---|
| А | | | | |
| И | нын | нун | нин | нүн |
| Б | га | го | ге | гө |
| Т | ны | ну | ни | нү |
| Ж | да | до | де | дө |
| Ч | дан | дон | ден | дөн |

Сөздөр *р, з, л, м, н, ң, й, в* үнсүз тыбыштары менен аяктаганда:

| | *а,ы* | *о,у* | *э (е), и* | *ө, ү* |
|---|---|---|---|---|
| А | | | | |
| И | дын | дун | дин | нүн |
| Б | га | го (га) | ге | гө |
| Т | ды | ду | ни | нү |
| Ж | да | до (да) | де | дө |
| Ч | дан | дон (дан) | ден | дөн |

Сөздөр *к, п, т, с, ф, х, ч, ш* тыбыштары менен аяктаганда:

| | *а,ы* | *о,у* | *э (е), и* | *ө, ү* |
|---|---|---|---|---|
| А | | | | |
| И | тын | тун | тин | түн |
| Б | ка | ко (ка) | ке | кө |
| Т | ты | ту | ти | тү |
| Ж | та | то (та) | те | тө |
| Ч | тан | тон (тан) | тен | төн |

**Эскертүү:** Кыргыз тилинде жумшак *б, г, д* үнсүз тыбыштары сөздүн аягына келбейт. Башка тилдерден өздөштүрүлгөн *гонг, ринг, герб, бильярд, раунд, Санкт-Петербург, Бранденбург, Гамбург* өңдүү айрым гана сөздөр аягы кош үнсүз менен бүткөнүнө карабай (*нг, рг, рб, рд, нд*) жөнөкөй жөндөлүш үлгүсүндө (аягына үндүү тыбыш кошулбай эле) өзгөрүп колдонулуп келет.

Кош сөздөр жана тутумдары айрым-айрым жазылган кошмок сөздөр да жөнөкөй жөндөлүштө жөндөлүп, алардын акыркы түгөйлөрү гана жөндөмө мүчөлөрүн кабыл алып өзгөрөт. Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | бала-бакыра | кыз-кыркын | жарым арал |
| И | бала-бакыранын | кыз-кыркындын | жарым аралдын |
| Б | бала-бакырага | кыз-кыркынга | жарым аралга |
| Т | бала-бакыраны | кыз-кыркынды | жарым аралды |
| Ж | бала-бакырада | кыз-кыркында | жарым аралда |
| Ч | бала-бакырадан | кыз-кыркындан | жарым аралдан |

## Таандык жөндөлүш

Аягы таандык мүчөлөр менен бүткөн зат атоочтордун жөндөлүшүн таандык жөндөлүш деп айтабыз. Анткени, жекелик жана көптүк сандагы бардык үч жактын мүчөлөрү жана жалпы таандыктын мүчөсү менен келген сөздөрдүн бардыгы бир типте болуп жөндөлө бербейт. Жекелик сандагы экинчи жактын таандык мүчөсүнүн сылык (*-ңыз*) түрү жана көптүк сандагы жакчыл таандык мүчөлөр менен келген сөздөр жөнөкөй жөндөлүшкө окшош (таандык мүчөлөр уланбай турган сөздөрдүн жөндөлүшүндөй) болуп жөндөлөт. Ал эми жекелик сандагы жакчыл таандык (экинчи жактын таандык мүчөсүнүн сылык *-ңыз* түрүнөн башка) мүчөлөр жана жалпы таандык мүчө менен келген сөздөрдүн жөндөлүшү таандык мүчөлөр уланбай турган сөздөрдүн жөндөлүшүнөн айырмаланып жөндөлөт. Таандык жөндөлүштө да сөздүн негизи (уңгусу) өзгөрбөйт.

Жекелик сандагы биринчи жактын жана экинчи жактын жөнөкөй түрүндөгү таандык мүчөсү менен келген сөздөрдүн жөндөлүшү.

| | *а, ы* | *о, у* | *э (е), и* | *ө, ү* |
|---|---|---|---|---|
| А | *(-м, -ым; -ң, -ың)* | *(-м, -ум; -ң, -уң)* | *(-м, -им; -ң, -иң)* | *(-м, -үм; -ң, -үң)* |
| И | -дын | -дун | -дин | -дүн |
| Б | -а | -о (-а) | -е | -ө |
| Т | -ды | -ду | -ди | -дү |
| Ж | -да | -до (-да) | -де | -дө |
| Ч | -дан | -дон (-дан) | -ден | -дөн |

Жекелик жана көптүк сандагы үчүнчү жактын таандык мүчөсү менен келген сөздөрдүн жөндөлүшү.

| | *ы, у* | *и* | *ү* |
|---|---|---|---|
| А | *(атасы, колу)* | *(энеси, иши)* | *(төөсү, үйү)* |
| И | -нын, -нун | -нин | -нүн |
| Б | -на | -не | -нө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Т | -н | -н | -н |
| Ж | -нда | -нде | -ндө |
| Ч | -нан | -нен | -нөн |

Жөндөлүштүн бул түрүнө таандык мүчөлөр уланган бардык атоочторду, башкача айтканда, затташкан сын атоочторду, затташкан сан атоочторду, заттык мааниде колдонулган кыймыл атоочтор менен атоочтуктарды да кошууга болот. Анткени, таандык мүчөлүү мындай сөздөрдүн жөндөмөлөр боюнча өзгөрүшү таандык мүчөлүү зат атоочтордон айырмаланбайт.

Ат атоочтордун да бир тобу жөндөлгөндө ушундай көрүнүшкө дуушар болот. (Ат атоочтордун жөндөлүшү ат атооч сөз түркүмүнүн тиешелүү бөлүмүндө каралат).

Экинчи жактын жекелик сандагы сылык түрүнүн таандык мүчөсү жана көптүк сандагы бардык жактын таандык мүчөлөрү менен келген зат атоочтордун жөндөлүшү жөнөкөй жөндөлүштөгүдөй көрүнүшкө ээ болот. Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | агаңыз | үйүбүз | айлыңар |
| И | агаңыздын | үйүбүздүн | айлыңардын |
| Б | агаңызга | үйүбүзгө | айлыңарга |
| Т | агаңызды | үйүбүздү | айлыңарды |
| Ж | агаңызда | үйүбүздө | айлыңарда |
| Ч | агаңыздан | үйүбүздөн | айлыңардан |

## Жакталыш

(Зат атоочтун жакталышы)

Тилдин жандуу жашашы адамдардын пикир алышуусунда өзгөчө ишке ашат. Ал эми пикир алышууда сөздү айтып жаткан киши (биринчи жак) менен сөздү тыңшап жаткан киши (экинчи жак) өз ара аракетте болот. Пикир алышуу учурунда сөзгө катышпагандар (үчүнчү жак) – аракетте болбогондор, тууралуу да кеп жүрө берет.

Биринчи жак менен экинчи жак дайыма адамзаттык заттар болот. Анткени, пикир алышкандар, башкача айтканда, сүйлөп жаткандар менен тыңшап жаткандар адамдар гана болушат. Ал эми үчүнчү жак адамзаттык заттар да, адамзаттык эмес заттар да боло берет.

Кыргыз тилинде адамзатты билдирип, адамзатка тиешелүү болгон зат атоочтор гана жак боюнча өзгөрөт, башкача айтканда, жакталат: *атамын, энесиң, студентсиз, ишкерсиздер, жылкычымын, уялашсыңар, илимпозбуз, Эсенмин, Калыйсың, Чолпонбаевасыз, Таабалдиевичсиң* ж.б.

Адамзаттык эмес зат атоочтор жак боюнча өзгөрбөйт, башкача айтканда, жакталбайт. Кыргыздар *төөмүн, атсың, жыгачсыз, топураксыңар, чөпсүң* деп айтпайт. Айрым өзгөчө учурларда гана *итсиң, малсыңар* (урушканда), *пилмин, карышкырсың* (роль аткарганда) деп колдонулушу мүмкүн. Бирок, мындай учурларда да ошол сөздөр кишини билдирип, адамзаттык зат атооч маанисине ээ болот.

Адамзаттык мааниде болуп затташкан сөздөр да жак мүчөлөрүн кабыл алат: *мыктысың, коркоксуң, атсызбыз, аюудайсыз, айылдыксыңар, багарымсың, билгенимин, биринчисиң, бешөөсүздөр, үч-үчтөнсүңөр, он чактыбыз* ж.б.

Кыргыз тилинде жак мүчөлерүнүн толук жана кыскарган түрлөрү бар. Зат атоочко, деги эле атоочторго анын толук түрү гана мүнөздүү. Жак категориясы жана жак мүчөлөрү тууралуу кеңири маалымат төмөндө **этиш сөз түркүмүндө** берилет. Анткени, бул категория көбүрөөк этишке тиешелүү.

Кыргыз тилинде жак мүчөлөрү төмөнкүдөй формадагы адамзаттык зат атоочторго же кишини билдирип айтылган атоочторго жана атоочтуктар менен кыймыл атоочторго жалганат:

1. Уңгу зат атоочторго: *атамын, энесиң, баласыз, баатырсыздар, молдобуз, студентсиңер* ж.б.

2. Туунду зат атоочторго: *атчанмын, тончонсуң, илимпозбуз, күйөрманбыз, ишкерсиз, уялашсыңар, сырдашмын, айдоочумун* ж.б.

3. Адамдардын аты, бүлөяты (фамилиясы), атысмы (атасынын аты) жана ылакап (псевдоним) аттарына: *Эсенмин, Жамийласың, Чолпонбаевасыз, Кабыловсуң, Жумабековичмин, Карыпбек кызысың, кичине баласыз* ж.б.

4. Кишини билдирип айтылган **жатыш** жана **чыгыш** жөндөмөлөрүндөгү атооч сөздөргө: *үйдөмүн, шаардасың, жайлоодосуңар, тыштамын, отуздамын, бишкектенмин, айылдансың, мыктылардансыңар, үчүнчү курстанбыз* ж.б.

5. Орун жана орунду тактоо маанилерин билдирип турган татаал -*дагы* мүчөсүнөн кийин да (адамзаттык мааниде болсо) жалганат: *жайлоодогумун, оюмдагысың, шаардагысыз* ж.б.

6. Адамзаттык мааниде келип затташкан атооч сөздөргө: *мыктысың, коркоксуң, аюудайсың, жөөмүн, тилектешмин, менмин, сенсиң, ошолсуң, кимсиң, экинчимин, тогузунчусуз, алтообуз, беш-бештенсиңер, он беш чактыбыз* ж.б.

7. Заттык мааниде колдонулган тактоочторго да жалгана берет: *азбыз, көпсүңөр, арткысың, ылдаммын, ылдамсыз* ж.б.

8. Адамзатты билдирген атооч сөздөргө жалганган **биринчи** жана **экинчи** жактардын таандык мүчөлөрүнөн, кээде **жалпы таандык** мүчөсүнөн кийин да жалгана берет: *уулумсуң, жээнимсиз, жакшыларыбыз, мыктыларысыңар, сүйгөнүмсүң, апамдыкымын, Жамийланыкысың, багарымсың, күлбөсүмсүң* ж.б.

9. Кишини, анын кесибин билдирген **куранды** мүчөлөрдөн кийин да жалганат: *айылдыксың, балалуумун, китепсизмин* ж.б.

Зат атоочтордун жана башка атооч сөздөрдүн жак боюнча өзгөрүшү **атоочтордун жакталышы** деп аталат. Бул **этиштердин жакталышынан** дайыма жак мүчөлөрдүн толук түрүн гана кабыл алышы менен айырмаланат.

Жак боюнча адамзаттык гана зат атоочтордун өзгөрүшү жана ал өгөрүштө жак мүчолөрдүн толук түрүнүн гана колдонулушу жак мүчөлөрдүн маанилик табияты менен да шартталат. Анткени, жак мүчөлөр биринчи жана экинчи жактарда эле болот. /чүнчү жакты тейлөөчү жак мүчө жок. Ал эми биринчи жак менен экинчи жак кишини гана билдирет. Биринчиси сүйлөп жаткан жакты, экинчиси аны тыңшап, жооп

берип жаткан жакты көрсөтөт. Демек, бул эки жактын мүчөлөрү жалганган атооч сөздөр адамды жана адамга тиешелүү болгон затты же заттык түшүнүктү гана билдирет.

Келип чыгыш тегин алып карасак да, биринчи жактын мүчөсү *(-мын, -быз)* менен экинчи жактын мүчөсү *(-сың, -сыз)* тиешелүү жактама ат атоочтордон келип чыккан.

Зат атоочтун, дегеле атоочтордун жак боюнча өзгөрүшүнүн терс формасы дайыма атооч сөздөн кийин *эмес* деген сөздүн кошо айтылышы менен туюндурулуп, атоочко жалгануучу жак мүчө да ошол *эмес* деген сөзгө өтүп кетет.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1-жак | *бала эмес-мин* | *бала эмес-пиз* |
| 2-жак | *бала эмес-сиң* | *бала эмес-сиңер* |
| | *бала эмес-сиз* | *бала эмес-сиздер* |
| 3-жак | *бала эмес* | *бала эмес* |

Атооч сөздөрдүн ичинен ат атоочтордун жакталышында өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар. Бул айрыкча жактама ат атоочтордун жакталышынан көрүнөт. Анткени, жактама ат атоочтордун өздөрү ошол үч жактын көрсөткүчтөрү болуп эсептелет. Айталы, *«мен»* (көптүк санда *«биз»*) ат атоочу биринчи жакты көрсөткөндүктөн экинчи жана үчүнчү жактардын мүчөлөрүн кабыл албайт. Биринчи жактын мүчөсү менен гана өзгөрө алат: *менмин, бизбиз.* Ал эми *«сен»* (көптүк санда *«силер»,* сылык түрү *«сиз», «сиздер»*) деген ат атооч экинчи жактын мүчөсү менен гана өзгөрөт: *сенсиң, сизсиз, силерсиңер, сиздерсиздер.* **Мисалы:** *Ак туйгун менмин талпынган, ак пери сенсиң калкымдан.* (А.Токомбаев) *Көзүңө көрүнгөндүн баары менмин, жалдырап сени тилсиз карап турган.* (О.Султанов).

Ал эми үчүнчү жактын жактама ат атоочу *(«ал», «алар»)* жак мүчөлөрүн кабыл албайт.

Атооч сөздөрдөгү жак мүчөлөр жакчыл таандык мүчөлөрдөн төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат:

1. Таандык мүчөлөр сөздөрдү үч жактын бирине таандык, тиешелүү кылып көрсөтсө *(апам, апаң, апаңыз, апасы),* жак мүчөлөр сөздөрдү ошол жактардын тигил же мунусунун өзү катары көрсөтөт *(апамын, апасың, апасыз, апа).*

2. Таандык мүчөлөр атооч сөздөргө гана жалганат, ал эми жак мүчөлөр атоочторго да, этиштерге да жалгана берет.

3. Таандык мүчөлөргө дайыма басым түшүп турат, ал эми атооч сөздөргө жалганган жак мүчөлөргө басым түшпөйт: *биздин энебиз, сиздин энеңиз; биз кишибиз, сен окуучусуң, сиз мыктысыз.* Мисалдарда таандык мүчөлөр уланган сөздөрдө басым салт катары сөздүн аяккы муунуна түшүп, таандык уландысы басым менен айтылды *(биздин энебиз),* ал эми жак мүчөлөр менен келген сөздөрдө басым салтты бузуп, уңгунун акыркы муунунда кала берип, акыркы муунга – жак мүчөгө, түшкөн жок *(биз кишибиз).*

4. Таандык мүчөлүү атооч сөздөр дайыма илик жөндөмөсүндөгү сөз менен айкашып келип, синтаксистик жактан таандык байланышта: *менин энем, сенин балаң, сиздин атаңыз,* ал эми жак мүчөлүү атооч сөздөр дайыма атооч жөндөмөсүндөгү сөз менен айкашып келип, синтаксистик жактан ээрчишүү байланышында болот: *мен барам, сиз барасыз, мен баламын, сен жазуучусуң.*

5. Таандык мүчөлүү атооч сөздөр жөндөлөт, ал эми жак мүчөлүү атооч сөздөр жөндөлбөйт. Анткени, таандык мүчөлөр заттык атоо маанисин жоготпойт, сактайт, ал эми жак мүчөлөр заттык атоо маанисине баяндоо, жыйынтыктоо (предикаттык) маанилерин кошумчалайт.

6. Таандык мүчөлүү атооч сөздөр сүйлөмдө көбүнчө ээ, толуктооч, кээде бышыктоочтун да милдетин аткарат, ал эми жак мүчөлүү атооч сөздөр сүйлөмдө көбүнчө баяндоочтук милдетти аткарат.

## Зат атоочтун жасалышы

Зат атооч сөздөрдүн морфологиялык курамы өтө ар түрдүү болуп, жогоруда көрсөтүлгөндөй, бир нече лексика-

тематикалык топтордон турат. Уңгу (тубаса) зат атоочтор сан жагынан өтө арбын болгону менен зат атоочтордун басымдуу бөлүгүн туунду зат атоочтор түзөт, алар сөз жасоонун морфологиялык жана синтаксистик жолдору менен жасалат.

Зат атоочтордун морфологиялык жол менен жасалышы атооч уңгуларга жана этиш уңгуларга зат атоочтун курандыларынын жалганышы аркылуу ишке ашат.

Зат атоочту жасоочу курандылардын бир тобу (мисалы: *-лык, -чыл, -чан, -дар, -кор, -кер, -ма, -ынды, -гыч)* сын атоочту жасоочу курандылардын катарында да бар.

Мындай курандылар менен жасалган сөздөрдүн зат атооч же сын атооч экендигин дайыма контекст аркылуу айырмалайбыз. Зат атоочтор өз алдынча эле туруп, заттык атоо маанисин туюндура алса, сын атоочтор дайыма өз аныкталгычы менен кошо келгенде гана затты аныктоо, башкача айтканда, сын-сыпат, касиет маанилерин туюндура алат. (Сын атооч бөлүмүн караңыз). Ошондой болсо да кыргыз тилинде зат атоочту жасоочу курандылар өтө арбын.

## Морфологиялык жол менен жасалышы

Куранды мүчөлөр аркылуу уюшулган зат атоочтор морфологиялык жол менен жасалган зат атоочтор болушат. Зат атоочту жасоочу курандыларды ***атооч сөздөрдөн зат атооч жасоочу*** жана ***этиш сөздөрдөн зат атооч жасоочу*** курандылар деп шартту түрдө экиге бөлүп көрсөтөбүз. Куранды мүчөлөрдүн сөз жасоо мүмкүнчүлүгүнө жараша аларды ***өнүмдүү, аз өнүмдүү, өнүмсүз курандылар*** деп бөлүштүрөбүз. Анткени, кайсы бир курандылар көп сөздөрдү жасоого жөндөмдүү болсо, башка бирөөлөрү азыраак эле сөздөрдү жасайт. Ал эми дагы башка мүчөлөр өтө эле аз сөздөрдү жасайт, же азыркы учурда сөз жасай албай калган.

### Атооч сөздөрдөн зат атооч жасоочу курандылар
### Өнүмдүү курандылар

***-кана:*** *аткана, ашкана, бажыкана, басмакана, бейтапкана, дааратгкана, дарскана, доктуркана, дымкана, жатакана, иткана, ишкана, кептеркана, китепкана, малкана, мантыкана, мейманкана, оорукана, отункана, саманкана, тооккана, уйкана, чайкана, чочкокана, эмкана* ж.б.

***-лаш:*** *айылдаш, атаандаш, аталаш, авторлош, боордош, бөтөлкөлөш, жашташ, жердеш, жолдош, замандаш, калемдеш, кандаш, карындаш, кесиптеш, классташ, коңшулаш, короолош, курбалдаш, курдаш, курсташ, күндөш, кызматташ, мекендеш, пикирлеш, санаалаш, сырдаш, тилектеш, улутташ, уялаш, цехтеш, чектеш, эмчектеш, энелеш* ж.б.

***-лык:*** *айлык, актык, аталык, аштык, байлык, балалык, башкармалык, белдик, бешилик, бирдик, достук, жаштык, жекелик, жөнөкөйлүк, жылдык, ийнелик, ичкилик, ишмердик, кедейлик, көктүк, көптүк, майлык, марттык, министрлик, ооздук, сактык, суулук, тазалык, теңдик, тердик, туштук, уйкулук, үчүлүк, чоңдук, эрдик* ж.б.

***-чы:*** *айдоочу, бадачы, балыкчы, буфетчи, бүркүтчү, дарчы, дүкөнчү, жазуучу, жесекчи, жетекчи, жүргүнчү, ишчи, кампачы, катчы, койчу, компьютерчи, малчы, окуучу, оюнчу, өтүкчү, сатуучу, сугатчы, тегирменчи, токойчу, токуучу, уйчу, улакчы, чоорчу, ырчы* ж.б.

***-чылык:*** *азчылык, акимчилик, арзанчылык, ачкачылык, багбанчылык, барчылык, дыйканчылык, жазуучулук, жокчулук, жоокерчилик, жумушчулук, журтчулук, зарылчылык, ишкерчилик, каатчылык, көпчүлүк, кулчулук, кымбатчылык, кыргызчылык, мусулманчылык, мүмкүнчүлүк, пахтачылык, пендечилик, соодагерчилик, сынчылык, тууганчылык, тынччылык, элчилик* ж.б.

## Аз өнүмдүү курандылар

***-ак:*** *атак, бубак, ичек, кабак, кезек, конок, курак, кумак, машак, мойнок, өзөк, сабак, тикенек, челек* ж.б.

***-дырык:*** *бөлтүрүк, булдурук, кашкалдырык, кескелдирик, көзүлдүрүк, көмөлдүрүк, кыпчылдырык, моюнтурук, ооздурук, сагалдырык, тамандырык* ж.б.

***-кер:*** *айлакер, айыпкер, боорукер, жароокер, жасакер, жоопкер, ишкер, кызтаткер, пахтакер, саяпкер, соодагер, талапкер, үмүткөр* ж.б.

***-кеч:*** *арабакеч, араккеч, асылкеч, зыянкеч, кадыркеч, кирекеч, төөкеч* ж.б.

***-кор:*** *анткор, ашкор, жемкор, кункор, күнкор, сыйкор, чайкор, араккор, дүнүйөкор* ж.б.

***-поз:*** *ашпоз, илимпоз, катынпоз, кумарпоз, оюнпоз, өнөрпоз, ышкыбоз* ж.б.

***-стан:*** *Башкыртстан, Казакстан, Кыргызстан, Моголстан, Ооганстан, Өзбекстан, Тажикстан, Татарстан, Түркстан* ж.б.

***-тай:*** *агатай, акетай, байкетай, балатай, жеңгетай, инитай, күлчөтай* ж.б.

***-ча:*** *бакча, белесче, белче, жаздыкча, жолчо, көлчө, көрпөчө, кудача, кутуча, ээрче* ж.б.

***-чык:*** *айчык, боточук, капчык, көлчүк, кылчык, менчик, оюнчук, чыбырчык* ж.б.

## Өнүмсүз курандылар

***-а:*** *карта, keче, уча*

***-ай:*** *жубай, көкөй, кумай, өгөй*

***-аке:*** *байке (байаке), тайаке*

***-алак:*** *кызалак, сагалак, сугалак, тоголок (томолок), шапалак, эселек, эбелек*

***-ан:*** *атан, эрен, Жолон*

***-аң:*** *бошоң, жашаң, картаң, кечең, кыраң, түзөң, эртең*

***-ас:*** *белес, жонос, күнөс*

***-ат:*** *канат, колот, элет*

***-гай:*** *карагай, күнгөй, тескей, ыргай*

***-гак:*** *капкак, кыргак, чоркок*

***-гый:*** *кудагый*

***-дан:*** *чыгдан, чырагдан*
***-ек:*** *койонек, кыргыек*
***-жын:*** *дөнөжүн, кунаажын, мегежин*
***-күр:*** *түпкүр*
***-күч:*** *түпкүч*
***-лак:*** *тайлак*
***-мак:*** *башмак, ичмек, кезмек, көлмөк, токмок*
***-ман:*** *койчуман, уйчуман, шайман*
***-мар:*** *ишмер, катмар, сөзмөр, шакмар*
***-мач:*** *жармач, тилмеч*
***-са:*** *дөңсө, жеңсе, колоңсо*
***-тай:*** *жолтой (ак жолтой, кара жолтой)*
***-так:*** *жеңилтек, коңултак*
***-ча***: *алча, жашылча, кызылча*
***-ча:*** *кудача, моюнча*
***-чак:*** *дүмүрчөк, келинчек, козучак, кулунчак, моюнчак*
***-чар:*** *букачар, жээнчер, текечер, тогончор*
***-чын:*** *кулакчын*
***-ык:*** *ичик, капчык, көчүк, томук, учук*
***-ыр:*** *дүмүр, өңүр.*

## Этиштен зат атооч жасоочу курандылар
## Өнүмдүү курандылар

***-ак(-ык):*** *азык, белек, бутак, бычак, жарак, жатак, жүрөк, жыртык, калак, карек, катык, кетик, конок, кошок, күрөк, кыйык, орок, өтөк, табак, таяк, тешик, төшөк, тузак, турак, түшүнүк, шыбак, элек* ж.б.

***-арман:*** *аларман, берерман, билерман, иштерман, качарман, кетерман, көрөрман, көчөрман, күйөрман, окурман, өлөрман, сатарман, сүзөрман, тегирмен, туярман, чабарман* ж.б.

***-гы:*** *ачыткы, бузуку, иритки, каргы, керги, керки, көчкү, күйдүргү, сапыргы, сасыткы, сокку, сузгу, сүргү, сыдыргы, тамызгы, тарткы, теминги, тепки, тутку, түрткү, уютку, үшкү, чалгы, чапкы, шыпыргы* ж.б.

***-гын:*** *качкын, келгин, куугун, кыргын, өткүн, солгун, сүргүн, ташкын, төркүн, тургун, туткун, учкун, чалгын, чачкын, экин* ж.б.

***-гыч:*** *атагыч, аткыч, ачкыч, баскыч, бургуч, жазгыч, жырткыч, илгич, кергич, кескич, кыргыч, отургуч, өчүргүч, семирткич, соргуч, сузгуч, сүзгүч, сызгыч, тазалагыч, таңгыч, тапкыч, тепкич, тешкич, туткуч, түпкүч, учкуч* ж.б.

***-к (-ык):*** *азгырык, айкырык, айрык, ачык, бакырык, бузук, бөлүк, жарак, жарык, жатык, жашык, жекирик, жетик, жөлөк, каткырык, кетик, кошкурук, курак, күйүк, күрөк, кылык, кыштак, оюк, сурак, тарак, тешик, тилик, тирек, түкүрүк, тырмак, тытык, үзүк, үшүк, ысык* ж.б.

***-м (-ым):*** *агым, алым, арым, аттам, атым, басым, билим, бөлүм, бүркүм, бүтүм, жаттам, жутум, ишеним, каттам, келишим, кесим, кийим, ойлом, оюм, өлүм, өлчөм, татым, токтом, тутум, түшүм, тилим,ууртам, уюм, чагым, чечим, чыдам* ж.б.

***-ма:*** *бакма, басма, бастырма, баяндама, бөлмө, бурама, бүрмө, жазма, жайма, жапма, жарма, кабылдама, каттама, керме, кесме, колдонмо, кыйма, кырма, мүнөздөмө, оймо, оромо, сайма, созмо, сокмо, сормо, сүзмө, сызма, тапшырма, терме, тизме, тосмо, төкмө, түймө, чалма* ж.б.

***-мак:*** *жандырмак, жедирмек, жыдымак, иймек, илмек, каймак, кайырмак, куймак, кысмак, оймок, өрмөк, өтмөк, сокмок, сыйыртмак, табышмак, тырмак, үймөк, чакмак, чертмек* ж.б.

***-н (-ын):*** *агын, жаан, жыйын, келин, муун, саан, сайроон, сүрөөн, талоон, толкун, төгүн, түйүн, тыгын, үркүн, чийин, чыгаан, эгин* ж.б.

***-нды (-ынды):*** *агынды, алкынды, жугунду, жуунду, казынды, кесинди, коронду, куранды, күрөндү, кырынды, Сатынды, суранды, сүрүндү, таштанды, тепсенди, Тиленди, Төлөндө, төлөндү, туунду, уланды, ураанды, чачыранды, шиленди, тыпырынды* ж.б.

***-ооч:*** *айкындооч, аныктооч, атооч, баяндооч, бышыктооч, жандооч, жөлөөч, кармооч, тактооч, тирөөч, толуктооч, аймооч, тырмооч* ж.б.

***-оочу:*** *айтуучу, алуучу, аткаруучу, атуучу, башкаруучу, баштоочу, жазуучу, жашоочу, иштөөчү, көрүүчү, окуучу, сатуучу, тазалоочу, токуучу* ж.б.

***-ш (-ыш):*** *алыш, барыш, батыш, бурулуш, буруш (бөлчөк), жатыш, жүрүш, конуш, кубулуш, курулуш, күрөш, оодарыш, сайыш, согуш, сөгүш, талаш, (улак) тартыш, тигиш, уруш, чабыш, чыгыш, эңиш* ж.б.

***-ч (-ыч):*** *аяныч, багыныч, булганыч, жалыныч, жийиркенич, жөлөнүч, калканч, коркунуч, кубаныч (кубанч), күйүнүч, өкүнүч (өкүнч), сагыныч, сүйөнүч (сүйөнч), сүйүнүч, таарыныч, таяныч, тынч, урунч* ж.б.

***-ылдак:*** *арылдак, дарылдак, дуулдак, дүмпүлдөк, дүрүлдөк, дырылдак, карсылдак, карылдак, корулдак, кырылдак, тарсылдак, тоңкулдак, түйүлдүк, түрсүлдөк, чырылдак, шырылдак* ж.б.

## Аз өнүмдүү курандылар

***-аан:*** *булаан, жыгааи, кыраан, сайроон, сүрөөн, талоон, чыгаан, чыкыроон* ж.б.

***-гак:*** *айгак, баткак, безгек, каткак, өткөк, сайгак, соргок, тайгак, таңгак, тоскок, туткак, түргөк* ж.б.

***-ган:*** *алаган, бабырган, жараткан, капкан, көбүргөн, талкан, тууган, чагылган, чалкан* ж.б.

***-ды:*** *бышты, күйдү (ич күйдү), тууду (уюм тууду), учту (учту-учту)* ж.б.

***-л (-ыл):*** *жыргал, курал, куурал, мүчөл, союл, уюл, Оңол (Оңолкан)* ж.б.

***-лга (-ылга):*** *демилге, жасалга, жөрөлгө, каалга, камылга, таралга, токулга, тосулга, өбөлгө, өтөлгө* ж.б.

***-макей:*** *алмакей, жемекей, ичмекей, качмакей, көчмөкей, тосмокей, чалмакей* ж.б.

***-мал:*** *ачымал, жашамал, катымал, көзөмөл, отомол, өтөмөл, саамал, ташымал, жоромол* ж.б.

***-мыш:*** *болмуш, жазмыш, кылмыш, тарамыш, турмуш, тушамыш, уламыш, Кыдырмыш, Тентимиш, Тилемиш, Токтомуш, Төлөмүш* ж.б.

***-нч (-ныч):*** *булганч, күйүнүч, таяныч (таянч), сураныч (суранч), сүйүнүч (сүйүнч)* ж.б.

***-оо:*** *аштоо, бүлөө, жайлоо, камоо, кароо, каттоо, отоо, өгөө, сабоо, суроо, тергөө, толгоо, шайлоо, шылтоо* ж.б.

***-т (-ыт):*** *жайыт, кечит, кийит, күйүт, көчөт, курут, куут, тоют, туут, чабыт, чекит* ж.б.

***-уу:*** *бөлүү, жазуу, кечүү, күйүү, окуу, сызуу, сүйүү, тартуу, чакыруу* ж.б.

***-уучу:*** *жазуучу, көрүүчү, окуучу, сатуучу, терүүчү* ж.б.

***-чак:*** *бөлчөк, илинчек, көбүрчөк, селкинчек, таңылчак, кемирчек, түйүнчөк, эмчек* ж.б.

***-чы:*** *жамынчы, салынчы, жөлөнчү, сүйөнчү, сүйүнчү, таянчы, төшөнчү* ж.б.

## Өнүмсүз курандылар

***-а:*** *бөлө, жара, жая (жайа), жыра, кыя (кыйа)*
***-ага:*** *босого, иреге, кемеге, керege, төтөгө, улага, томого*
***-ака:*** *алака, жарака*
***-аке:*** *жалжаке, чалжаке, чойоке*
***-алак:*** *жапалак, жаталак, көпөлөк, эбелек, шапалак*
***-ан:*** *айран, бычан, жылан, калкан, чаян (чайан)*
***-анак:*** *көзөнөк, көрнөк, көрөнөк, таканак, чыканак*
***-аса:*** *аласа, берессе, өлөсө, тубаса*
***-ат:*** *өлөт, түгөт*
***-ач:*** *калач, көмөч*
***-аша:*** *борошо, каяша, киреше, тийеше, чыгаша*
***-га:*** *кабырга, омуртка, тепке, тутка, чыпка*
***-ган:*** *чагылган, көбүргөн*
***-галак:*** *кайкалак, сыйгалак, тайгалак, тоңголок*
***-гылык:*** *алгылык, ичкилик, көргүлүк*

***-дак:*** *быштак, куурдак, түйдөк, шырдак*

***-ды:*** *каралды, эмди (кысыр эмди)*

***-дык:*** *калдык, кестик, сийдик*

***-й:*** *куркулдай, куурай*

***-лжы:*** *аралжы*

***-лык:*** *ойдук, чукулук*

***-мамыш:*** *билмемиш, болмомуш, көтөрмөмүш, укмамыш, көрмөмүш*

***-ман:*** *көчмөн*

***-манчык:*** *сүймөнчүк*

***-мач:*** *айырмач, жаңылмач, жармач, колтурмач*

***-мачык:*** *кырмычык, термечик*

***-мжы:*** *коромжу, курамжы, сурамжы*

***-мта:*** *байламта, курамта*

***-мча:*** *алымча, кошумча*

***-нак:*** *көрнөк, жарнак*

***-нчы:*** *жамынчы, тиленчи, төшөнчү*

***-оок:*** *кармоок, тырмоок, чырмоок*

***-оол:*** *бөгөөл, бөкөөл, жасоол, кароол, такоол, тогоол*

***-оон:*** *талоон, сүрөөн*

***-пооч:*** *айланпооч*

***-ты:*** *шашты, (жарты, чакты)*

***-уур:*** *кыпчуур, чукуур, чымчуур, шимүүр*

***-чык:*** *жылчык, кабырчык, көбүрчүк, үйрөнчүк*

***-ы:*** *соку*

***-ыл:*** *жыргал, куурал*

***-ымта:*** *барымта*

***-ымча:*** *алымча, кошумча*

***-ың (-ң)****: дүрбөлөң, козголоң*

## Тууранды сөздөрдөн жасалган зат атоочтор

Тууранды сөздөрдөн жасалган зат атоочтор аз эле болгондуктан, мындай курандыларды өнүмдүү, өнүмсүздөргө бөлбөдүк.

***-а:*** *бака, карга*

***-аң:*** *борпоң*

***-лак (-алак):*** *шапалак*

***-дак:*** *чардак*

***-кырык:*** *бакырык, бышкырык, каткырык, кошкурук, үшкүрүк, түкүрүк, чүчкүрүк, эчкирик*

***-ылдак:*** *дүмпүлдөк, тарсылдак, тырсылдак, тоңкулдак, түрсүлдөк, карсылдак* ж.б.

## Зат атоочтордун синтаксистик жол менен жасалышы

Зат атоочтор эки же андан көп уңгулардын (сөздөрдүн) биригишинен да жасалат. Мындай сөздөр татаал зат атоочтор болушат. Синтаксистик жол менен жасалган зат атоочторду, татаал зат атоочторду, ***кош зат атоочтор, кошмок зат атоочтор, кыскартылган зат атоочтор*** деп топторго бөлүштүрөбүз.

Татаал зат атоочтордун тутумундагы уңгулар (сөздөр) маанилик жактан бири-биринен ажырагыс болот. Алар ошол турушу менен биригип туруп бир эле лексикалык маани берет. Сүйлөмдүн да бир эле мүчөсүнүн милдетин аткарат.

Татаал зат атоочтордун, дегеле татаал сөздөрдүн, жөнөкөй сөздөрдөн айырмасы, алар жөнөкөй сөздөрдөй болуп эрин жана таңдай күүсү менен өзгөрө бербейт. Биринчи түгөйдө ичке үндүүлөр же эринчил үндүүлөр болсо, экинчи түгөйдө жоон үндүүлөр же эринчил эмес үндүүлөр боло бериши мүмкүн. Татаал зат атоочтордогу үндөштүк мыйзамы анын ар бир түгөйүнүн өзүнүн гана чегинде жүрөт.

## Кош зат атоочтор

Тутумдары бири-бири менен карама-каршы же жакындык (синонимдик) маанилери боюнча жупташып айтылган татаал зат атоочтор кош зат атоочтор деп аталат. Кош сөздөрдү тутумундагы ***түгөйлөрүнүн түзүлүшү, түгөйлөрүнүн өз маанилери*** жана ***алардын ортосундагы маанилик мамилелери*** боюнча бөлүштүрүүнү сунуш кылабыз.

Кош зат атоочтор дайыма эки гана тутумдан турат да, тутумундагы ***түгөйлөрүнүн түзүлүшү*** боюнча төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт.

1. Эки түгөйү тең уңгу түрүндө келген кош зат атоочтор: *ата-бала, ата-эне, үй-жай, жип-шуу, аш-той, арыз-муң, кой-эчки, алма-өрүк* ж.б.

2. Түгөйлөрүнүн бири уңгу, экинчиси туунду түрүндө келген кош зат атоочтор: *аң-сезим, кыз-келин, дос-жолдош, жекеме-жеке* ж.б.

3. Түгөйлөрүнүн экөө тең туунду түрүндө келген кош зат атоочтор: *жыртык-тешик, жыйын-терим, оймо-чийме, алымча-кошумча, агайын-тууган* ж.б.

4. Биринчи түгөйүн өзгөртүп же окшоштуруп уйкаштырып, кайталап айтылган кош зат атоочтор: *май-сай, эт-мет, нан-пан, киши-миши, чай-пай, сүт-мүт, отун-сотун* ж.б.

***Түгөйлөрүнүн өз маанилери*** боюнча төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт.

1. Түгөйлөрүнүн экөө тең өз алдынча мааниге ээ болгон кош зат атоочтор: *ата-бала, агайын-тууган, бак-дарак, кайгы-капа, күч-кубат, казан-аяк, курт-кумурска, күн-түн, үй-жай* ж.б.

2. Түгөйлөрүнүн бири өз алдынча маани бербеген кош зат атоочтор: *азык-түлүк, бала-чака, кийим-кечек, кир-кок, будуң-чаң, келин-кесек* ж.б.

3. Түгөйлөрүнүн экөө тең өз алдынча маани бербеген кош зат атоочтор: *алай-дүлөй, ыпыр-сыпыр, жыз-быз, апырык-сапырык, үрөң-бараң* ж.б.

***Түгөйлөрүнүн ортосундагы маанилик мамилелери*** боюнча төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт.

1. Түгөйлөрү бири-бири менен карама-каршы мааниде байланышып келген кош зат атоочтор: *ата-эне, жер-суу, ата-бала, ага-ини, кыз-жигит, келим-кетим, киреше-чыгаша, аял-эркек, дос-душман, күн-түн, чоң-кичине, оң-терс, улуу-кичүү* ж.б.

2. Түгөйлөрү бири-бирине мааниси боюнча жакын (синоним) болуп байланышып келген кош зат атоочтор: *аман-*

*эсен, жарды-жалчы, күч-кубат, кат-кабар, ал-абал, кеп-сөз, курал-жарак* ж.б.

3. Түгөйлөрү бири-бири менен окшош текте болуп байланышып келген кош зат атоочтор: *кант-чай, баш-шыйрак, ээр-токум, ичек-карын, үй-жай, курт-кумурска, сакал-мурут* ж.б.

## Кошмок зат атоочтор

Тутумдары бири-бири менен мааниси боюнча ыкташып же таандык болуп байланышкан татаал зат атоочтор кошмок зат атоочтор деп аталат. **Мисалы:** *аяккап, аткулак, бешбармак, жүзүкара, көкбөрү, окчонтой, сүттикен, корбашы, ишбилги, Атбашы, Бегимаалы, Кудайберген, Карабалта* ж.б.

Кошмок зат атоочтор тутумундагы түгөйлөрүнүн өз ара ***байланышуу жолдору*** жана ***сөз түркүмдүк белгилери*** боюнча топторго бөлүнөт.

***Түгөйлөрүнүн өз ара байланышуу жолдору*** боюнча төмөндөгүдөй топтордон турат.

1. Түгөйлөрүнүн өз ара ыкташуу байланышы аркылуу тутумдашуусунан турган кошмок зат атоочтор: *бешатар, кошаяк, жетата, төөкуш, аткулак, колгап, кайната, аккуу, балтажутар, эстутум, ишсапар, баңгизат, Ырыскелди, Мукамбеткалый, Тилебалды, Төрөкул, Карабалта, /чдөбө, Чатыркөл* ж.б.

2. Түгөйлөрүнүн өз ара таандык байланыш аркылуу тутумдашынан турган кошмок зат атоочтор: *окуу жылы, төрөт үйү, карылар үйү, тап күрөшү, Кыргызстан аба жолдору, Бишкек гуманитардык университети* ж.б.

***Түгөйлөрүнүн сөз түркүмдук*** белгилери боюнча төмөндөгүдөй топтордон турат.

1. Бардык түгөйлөрү зат атоочтон турган кошмок зат атоочтор: *аткулак, ашказан, бакажалбырак, кыларкан, окчонтой, аяккап, малдогдур, ташкөмүр, сүттикен, Атбашы, Бегимаалы* ж.6.

2. Түгөйлөрүнүн бири сын атоочтон турган кошмок зат атоочтор: *аксакал, карасөз, сарымай, ачарбак, Аксарай, Алабел, Каракулжа, Кеңкол, Сарыбай, Аккан* ж.б.

3. Түгөйлөрүнүн бири сан атоочтон турган кошмок зат атоочтор: *жетата, кыркаяк, биртууган, миңтамыр, кошаяк, төртамал, үчилтик* ж.б.

4. Түгөйлөрүнүн бири этиштен турган кошмок зат атоочтор: *жанартоо, күнкарама, келинжүгүн, балтажутар, башкесер, орунбасар, ойлоп табуучу, эчкиге төө сатам, Айтол, Жолболду, Теңирберди, Бээсыйбас, Бөрүбасар* ж.б.

5. Бардык түгөйлөрү этиштен турган кошмок зат атоочтор: *кireберish*

## Кыскартылган зат атоочтор

Татаал сөздөрдүн кыскартылган түрү толугу менен зат атоочко тиешелүү болот. Жогоруда ***кыскартылган сөздөр*** деген теманы карагыла.

Кыргыз тили үчүн кыскартылган сөздөрдүн дээрли бардыгы жаңы сөздөр болуп саналат. Бул көрүнүш кылымдан бери калыптануу жана өнүгүү процессин баштан кечирип келатат.

Баш тамгаларынан кыскартылган зат атоочтор. Мисалы: КУУ – *Кыргыз улуттук университети,* БУУ – *Бириккен улуттар уюму,* ИИМ – *Ички иштер министрлиги,* ЖК – *Жогорку Кеңеш,* ТИМ – *Тышкы иштер министрлиги,* ж.б. – *жана башка*, б.а. – *башкача айтканда*;

Баштапкы муунунан кыскартылган зат атоочтор. Мисалы: ЖаМУ – *Жалалабат мамлекеттик университети,* боршайком – *борбордук шайлоо комиссиясы,* райкеңеш – *райондук кеңеш* ж.б

**Суроолор**

1. Зат атоочко толук аныктама бергиле.

2. Зат атоочторду мүмкүн болушунча бардык лексика-тематикалык топторго ажыраткыла.

3. Абстракттуу жана конкреттүү зат атоочтордун бири-биринен айырмаланган белгилерин ачып көрсөткүлө.

4. Зат атоочтордун энчилүү жана жалпы аттар болуп бөлүнүшү.

5. Адамзаттык зат атоочтордо кандай грамматикалык белгилер бар?

6. Адамзаттык эмес зат атоочтордун грамматикалык белгилери.

7. Зат атоочтун грамматикалык категориялары кайсылар?

8. Көптүк сан жана анын туюндурулушу.

9. Таандык маанилер. Таандык маанилерди туюндуруучу грамматикалык каражаттар.

10. Жөндөлүш, жөндөлүштүн түрлөрү тууралуу өз оюңарды айткыла.

11. Ар бир жөндөмөнүн мүмкүн болушунча бардык грамматикалык маанилерин айтып бергиле.

12. Зат атооч жасоочу курандыларга өзүңөрдүн мисалыңарды келтиргиле.

13. Кыскартылган зат атоочтордун сөздүгүн түзүп чыккыла.

14. Зат атооч сөз түркүмү боюнча кыскача чыгарма жазгыла.

# СЫН АТООЧ

**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Бишкек, 2003. 71-84-б.

2. **Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997. 96-112-б.

3. **Абдуллаев Э., Давлетов С.** ж.б. Кыргыз тили. Ф., 1986. 151-160-б.

4. **Грамматика** киргизского литературного языка. Часть 1. Фонетика и морфология. Фрунзе, 1977.

5. **Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе: Мектеп. 1980. 89-109-б.

6. **Давлетов С.,** Мукамбаев Ж., Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бөлүм. Педагогикалык окуу жайлары үчүн. Фрунзе, 1982.

7. **Кудайбергенов С.** Сын атооч, сан атооч жана буларды мектепте окутуу. Фрунзе, 1960.

8. **Кыргыз адабий** тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 222-235-б.

9. **Кыргыз тилинин** грамматикасы: морфология.Фрунзе,1964.121-133-б.

10. **Уметалиева Б.** Имя прилагательное в современном кыргызском языке. Фрунзе, 1965.

## Жалпы маалымат

**Заттардын, буюмдардын, нерселердин ар түрдүү заттык түшүнүктөрдүн сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, тулкусун, кебетесин, көлөмүн, ченемин же башка белгилерин көрсөтүп, *кандай? кайсы?* деген суроолорго жооп берген сөздөрдү сын атооч дейбиз.** Мисалы: *Оромол салган башы - алтын, олоңдой кара чачы - алтын.* (Барпы) *1286-жылы Хайду хан Монголияга чоң жортуул жасаган.* (Кыргыздар. 1. 227-б.) *Байкасам, байым түш көрдүм, башкача сонун иш көрдүм.* («Манас»).

Сын атоочтор лексика-грамматикалык маанилери жагынан да, морфологиялык курулуш өзгөчөлүгү, башкача айтканда, сөз өзгөртүү, сөз жасоо жагынан да, сүйлөмдөгү синтаксистик кызматы жагынан да өзүнө тиешелүү белгилери бар сөз топтору болуп эсептелет.

Сын атоочтор накта сын атоочтук мааниде туруп, эч бир өзгөрбөстөн зат атооч сөздөргө айкаша келет да алардын түрдүү касиеттерин, сын-сыпат белгилерин көрсөтөт. Дайыма зат атооч сөздөр **аныкталгыч** болуп, сын атооч сөздөр алардын тигил же бул касиетин, сыпатын **аныктагыч** болуп келет. Мисалы: *Эски*

*үлгүдө жасалган оор үстөл, калың айнек үстөлдүн бетинде.* (М. Макенбаев) Бул жерде *эски, оор, калың* деген сын атоочтор *үлгү, үстөл, айнек* деген зат атооч сөздөр менен айкаша келип, алардын тиешелүү касиеттерин аныктады. Ал эми зат атоочтор аныкталгычтар болуп турат.

Сын атоочторду өзүнчө сөз түркүмү катары көрсөтүп, башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап турган төмөнкүдөй мүнөздүү белгилери бар:

1. Сын атооч сөздөр заттагы, буюмдагы, нерседеги, ар түрдүү заттык түшүнүктөгү сапаттын, касиеттин, белгинин аз же көп, күчтүү же начар, чоң же кичине экенин билдирген даража категориясы боюнча өзгөрөт: *көк, көгүш, көгүрөөк, көпкөк, көкмөк, көгүлтүр, өтө көк; кызыл, кызылыраак, кызгылт, кызгыч, кызгылтым, өтө кызыл, кыпкызыл; кара, карамтыл, карараак, каралжын, чым кара, капкара; сонун, сонунураак, сопсонун, сонун-сонун, эң сонун; эттүү, эттүүрөөк; акылсыз, акылсызыраак, өтө акылсыз, өтө эле акылсыз, акылсыздын акылсызы* ж.б.

2. Сын атоочтун өзүнө гана тиешелүү куранды (сөз жасоочу) мүчөлөрү бар. Мисалы: ***-луу:*** *ойлуу, билимдүү, келбеттүү, кылкандуу;* ***-сыз:*** *күчсүз, пайдасыз, адилетсиз, малсыз, китепсиз, кантсыз;* ***-дай:*** *суудай, оттой, тоодой, жыландай, Чубактай;* ***-гыч:*** *сезгич, ташыгыч, билгич, тапкыч, көрөгөч* ж.б.

3. Накта өз маанисинде турганда сын атоочко сан, жөндөмө, жак жана таандык категориялар мүнөздүү эмес, башкача айтканда, накта сын атооч маанисинде колдонулган учурда сын атооч сөздөр таптакыр өзгөрбөйт.

4. Сүйлөмдө сын атооч сөздөр көбүнчө **аныктоочтун** милдетин аткарат: *Жалындуу жаштардын колунан баары келет.* Кээде **баяндоочтун** милдетин да аткарат: *Бешенең чолпон жангандай, беш үркөр чыга калгандай; Биз эски, балдар жаңы, шаар жаңы.* (А. Осмонов) Этиштер менен айкашып келип, кээде **бышыктоочтун** милдетин да аткарат: *Таалайга дилгир элимдин, тарыхын кенен жазбасам.* (А. Токомбаев).

## Сын атооч
## сөздөрдүн лексика-тематикалык топтору

Сын атооч сөздөр лексикалык маанилерине карай төмөндөгүдөй тематикалык топтордон турат:

1) өңдү, түстү билдирген сөздөр: *көк, ак, кызыл, сары, кара, күрөң, жээрде, тору, куба, кочкул* ж.б.

2) заттын ички, сырткы көрүнүш белгилерин билдирген сөздөр: *түз, ийри, тоголок, сүйрү, бийик, узун, чоң, тар, кууш, бүкүр, жантык, кыйшык, кыңыр, чалыр, терең, калың, кең, кырдач, жапыз, жука, тайыз, жумуру, жалпак, аксак* ж.б.

3) кулк-мүнөздөгү өзгөчөлүк белгилерди билдирген сөздөр: *акылдуу, акмак, жоош, тентек, сылык, сылаңкороз, көйрөң, коркок, өткүр, момун, чатак, курч, шок, эпкиндүү, асыл, жакшы, жаман, сыпайы, кырс* ж.б.

4) даам, жыт өзгөчөлүк белгилерин билдирген сөздөр: *таттуу, даамдуу, ачуу, ширин, жыттуу, кыйгыл, кермек, кычкыл, коңурсук, сасык* ж.б.

5) жылуулук өзгөчөлүктөрдү билдирген сөздөр: *суук, жылуу, ысык, муздак, салкын, мээлүүн, жылымык, кайнак* ж.б.

6) заттагы катуу, жумшак, салмак, көлөм сапаттарды билдирген сөздөр: *катуу, борпоң, жумшак, орто, майин, семиз, арык, толук, бош, оор, жеңил* ж.б.

7) материалын, эмнеден жасалгандыгын, кайдан келип чыккандыгын, тегин заттын белгиси катары билдирген сөздөр: *токойлуу, балалуу, оттуу, малдуу, бактылуу, суусуз, акылсыз, бактысыз, таштак, баткак, ылайка, айылдык, шаардык, классташ, жердеш, сырдаш, акылдаш, санаалаш, уялаш* ж.б.

8) мезгилдик, мейкиндик түшүнүктөрдү заттын белгиси катары көрсөткөн сөздөр: *кышкы, түнкү, жазгы, сырткы, жазындагы, ошондогу, эртеңки, быйылкы, былтыркы, кечки, үйдөгү, мындагы, тигиндеги, шаардагы* ж.б.

## Жөнөкөй жана татаал сын атоочтор

Сын атооч сөздөр тутумуна карата жөнөкөй жана татаал сын атоочтор болуп бөлүнөт.

***Жөнөкөй сын атоочтор*** бир гана сөздөн (уңгудан) турат: *ак, жашыл, кара, буурул, таттуу, кызык, акылдуу, адилеттүү, тоодой, белгисиз* ж.б. Мисалы: *Сапардын калың бети ого бетер тултуюп чыкты.* (Ж.Мавлянов) *Жер ыйлаган, жер солкулдаган катуу чабыш.* (Т.Сыдыкбеков)

***Татаал сын атоочтор*** болсо, эки же андан көп унгудан туруп, заттагы, нерседеги бир гана белгини, касиетти, сапатты билдирет: *көк ала, сары тору, мала кызыл, бүркүт кабак, ынды кара, улуу-кичүү, кызыл-тазыл, ысык-суук, бийик-бийик, коомдук-саясий* ж.б. Татаал сын атоочтор сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат. Мисалы: *Таңдын үлбүрөгөн аппак шооласы да түрү суук темирлерден айбыккандай, араңжан жылжыган тейде көзөнөктөрдөн төгүлүп турат.* (М.Макенбаев) *Анын кара тору жүзүнөн тер тыпылдап кетип жатты.* (Б.Усубалиев). *Анын бир апта мурдагы кара кочкул мээр нуру бозомук тарта баштаган эле*… (К.Акматов)

Мисалдардагы *түрү суук, кара тору* деген татаал сын атоочтор сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн, аныктоочтун милдетин аткарып турат.

## Сын атоочтун түрлөрү

Сын атооч сөздөр тутумдук түзүлүшү жана морфологиялык өзгөрүү өзгөчөлүктөрү боюнча бирдей эмес. Кээ бир сын атооч сөздөр затка тиешелүү белгини, касиетти, сапатты анын өз мазмунуна, келбетине карата эле билдирсе, кээ бир сын атоочтор мындай касиеттерди башка заттар же башка белгилер аркылуу туюндурат. Айрым бир сын атоочтор касиет, белги, сапаттын түрдүүчө өзгөргөн абалын да билдире берер өзгөрүүлөргө дуушар боло алса, башка бир сын атоочтор мындай өзгөрүүлөргө дуушар боло албайт.

Кыргыз тилинде сын атооч сөздөр мына ушундай маанилик жана грамматикалык түзүлүш өзгөчөлүктөрү боюнча эки чоң топтон турат:

**- сапаттык сын атоочтор,**
**- катыштык сын атоочтор.**

## Сапаттык сын атоочтор

Сапаттык сын атоочтор заттардагы табигый белгилерди, өзгөчөлүктөрдү, касиеттерди түздөн-түз эле билдирет. Алардын мындай мүмкүнчүлүгү башка сөздөрдүн катыштыгы жок эле ишке ашат. Сапаттык сын атоочтордун дээрлик бардыгы тубаса сын атоочтор болуп эсептелет. Мисалы: *кызыл, сары, ак, түз, кең, тар, чоң, курч, шок, бош, көк* ж.б.

Сапаттык сындар - сын атоочтордун негизги уюткусу. Анткени сын атоочторго сөз түркүмү катары тиешелүү болгон өзгөчөлүктөр биринчи кезекте ушул сапаттык сындардын табиятында болот. Булар көпчүлүк туунду сын атоочторго жана даража формаларынын жасалышына негиз болуп кызмат кылат.

Ошентип, жогоруда белгиленгендей, сапаттык сын атоочтор тубаса сын атоочтор болушат. Бирок, мындай бүтүм - шарттуу түрдө гана чыгарылган бүтүм. Анткени, тарыхый жагынан алып караганыбызда, кээ бир сапаттык сындар туунду сөздөр болуп чыгат. Мисалы: *ала* деген сапаттык сын атооч сөз *ал, ак* деген эки сөздүн биригишинен келип чыккан. Монгол тилинде анын толук формасы айтылат: *алаг морь - ала ат; узун* деген сын атооч сөздүн да туунду экенин ага уңгулаш болгон *узак, узар* деген сөздөр менен салыштырып баамдайбыз. Тилибиздин азыркы учур абалынан караганыбызда булар (*ала, узун*) тубаса уңгу катары кабыл алынат. Тарыхый иликтөөлөр жүргүзүлбөгөн нормативдик грамматикаларда мындай сөздөр тубаса уңгулар болуп талдоого алына берет.

Сапаттык сын атоочтор катыштык сын атоочтордон төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат.

1. Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү уңгу сөздөр, ал эми катыштык сын атоочтордун бардыгы туунду сөздөр болуп саналат.

2. Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү өз ара антонимдик катыштарды түзө алат: *чоң - кичине, ак - кара, жоон - ичке, тар - кең, узун - кыска* ж.б.

3. Сапаттык сын атоочтордун дээрлик бардыгы заттардагы касиеттин, белгинин деңгээлин көрсөтүп, даража көрсөткөчтөргө ээ болот. Мындай көрсөткүчтөргө катыштык сын атоочтордун айрымдары гана ээ болот.

**Катыштык сын атоочтор**

Катыштык сын атоочтор заттардагы белгилерди, өзгөчөлүктөрдү, касиеттерди башка заттар, башка нерселер, башка түшүнүктөр аркылуу билдирет. Башкача айтканда, заттардагы сапат белгилер башка бир сөздөрдүн катыштыгы менен түшүндүрүлөт.

Кыргыз тилинде сын атооч сөздөрдүн көпчүлүгүн катыштык сын атоочтор түзөт. Анткени, катыштык сын атоочтор башка сөздөрдөн жасалат да, түп уңгусу сын-сыпаттын, касиеттин, белгинин эмнеден келип чыккандыгын, кандай затка байланыштуулугун билдирет. Мисалы: *тончон* киши (*тон* деген сөздөн келип чыккан), *мөмөлүү* дарак (*мөмө*), *акылдуу кыз* (*акыл*), *таттуу* тамак (*таты-*), *жыттуу* чөп (*жыт*), *ысык* чай (*ысы-*), *толук* орто билим (*тол-*), *оттуу* жылга (*от*), *баткак* жол (*бат-*), *катуу* шамал (*каты-*), *ылайка* суу (*ылай*), *суусуз* чөл (*суу*), *сырдаш* курбу (*сыр*), *бактысыз* киши (*бакты - бакыт*), *таштак* жол (*таш*), *тандалма* жыйнак (*тандал-*), *күйүмдүү* бала (*күйүм*) ж.б.

Катыштык сын атоочтордун маанилери ар түрдүү болот. Алар билдирген сапаттык, белгилик, касиет маанилер тиешелүү уңгулардын маанилерине жараша айтылат. Ошондуктан, катыштык сын атооч сөздөр маанилик белгилери боюнча төмөнкүдөй топторду түзөт:

1. Заттын белгиси, касиети катары мезгилдик түшүнүктү билдирген катыштык сын атоочтор: *түнкү сугат, кышкы сессия, бүгүнкү лекция, күзүндөгү окуя.* Мисалы: *Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө артык.* (Макал)

2. Орун, мейкиндик түшүнүктөрдү заттын белгиси, касиети катары туюндуруучу катыштык сын атоочтор: *жайлоодогу мал, үйдөгү буюм, айылдагы мектеп* ж.б. *Мисалы: Айылдагы мектептердин абалы менен таанышып кайтышты.*

3. Кандайдыр заттын же абстракттуу түшүнүктүн бар же жок экендигин анын белгиси, касиети катары туюндуруучу катыштык сын атоочтор: *тондуу бала, бактылуу кыз, айсыз түн, суусуз талаа, жыттуу самын, таштак жол, баткак көчө* ж.б. Мисалы: *Валянын жылдыздуу бети албырып чыкты.* (Ж.Мавлянов) *Жылуу үйгө киргени денеси жибий түшүп, заматта уйкусу келди.*

4. Кандайдыр топ, пикирдештик, аймак боюнча жалпылыкты заттын белгиси катары көрсөткөн катыштык сын атоочтор: *айылдык кыз, сырдаш курбу, курсташ балдар, классташ бала, сапарлаш киши* ж.б. Мисалы: *Он жыл өтүп, курсташ балдар бүгүн биринчи жолу чогулуп отурушат.*

## Сын атоочтун даражалары

Заттардагы, буюмдардагы, нерселердеги, ар түрдүү заттык түшүнүктөрдөгү сын-сыпат, өң, түс, даам, тулку, кебете, көлөм, ченем же башка белгилер, касиеттер бирдей боло бербейт. Бирөңчөй заттарда да алдагыдай касиеттер бирдей болбойт. Мына ушул ар түрдүүлүк, бирдей эместик, башкача айтканда, сын-сыпат касиеттердин салыштырмалуулук белгилери сын атоочтун даража категориясы аркылуу туюндурулат.

Кыргыз тилинде сын атоочтун төрт даражасы бар: ***жай, басаңдатма, салыштырма, күчөтмө.***

**1. Жай даража.** Жай даражадагы сын атоочтор заттардын сын-сыпатын, белгилерин жайынча атайт. Мисалы: *Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат.* (Макал) *Түндө түшүмдө эски кыштак кириптир.* (М.Гапаров) *Эки көзү чекчейген, кара сакалы уйпаланып кеткен, үрөйү учуп, оозу жарым ачыла акактап алган.* (Б.Усубалиев).

Жай даражаны уюштуруучу грамматикалык каражат болбойт. Сын атооч сөздөрдүн бардыгы жай даражада турат.

**2. Салыштырма даража.** Салыштырма даража заттын сын-сыпат белгисин башка белгиге, же башка заттын сын-сыпат белгисине салыштырып билгизет. Салыштырма даражада заттын белги, сапат же касиеттеринин башка заттагы белги, сапат же касиетерден ашыгыраак же кемирээк, көбүрөөк же азыраак экендиги көрсөтүлүп, кайсы бир даражада басаңдатуу, же күчөтүү маанилери кошо болот.

Салыштырма даража төмөнкү жолдор аркылуу уюшулат:

а) *-ыраак (-раак)* мүчөсүнүн сын атооч сөздөргө жалганышы аркылуу: *агыраак, көгүрөөк, жыттуураак, көбүрөөк, таттуураак, бийигирээк, жапысыраак, таштуураак, күчтүүрүүк, чөптүүрөөк, таштагыраак, тентегирээк, сулуураак, эттүүрөөк, баткагыраак* ж.б. Мисалы: *Ал бийигирээк жерде туруп альт, өз жигиттерине опурула баштады.* (А.Стамов) *Андан арыбиз куушураак жолго түштүк.* («Алатоо»).

б) Салыштырылуучу зат чыгыш жөндөмөдө аталат да, сын атоочко *-ыраак(-раак)* мүчөсү жалганат: *менден чоңураак, иттен жапысыраак, Асандан кичирээк* ж.б. Мисалы: *Аркы суудан берки суу улуураак турбайбы, аркы кыздан берки кыз сулуураак турбайбы.* (Фольк) *Мындан чоңураак киши деп элестетчүмүн. (* К. Жантөшев).

в) Салыштырылып жаткан сөз чыгыш жөндөмөдө айтылып, сын атооч сөзгө *-ыраак(-раак)* мүчөсү жалганбай келсе да салыштыруу мааниси уюшулуп айтылат. Мисалы: *Кечээ мен окуган китептен кызык экен. Анын бою Адылдан узун го.*

Кыргыз тилинде салыштырма даражанын күчөтүп салыштыруу жана басаңдатып салыштыруу маанилери да бар деп айттык. Мындай маанилер атайын башка бир грамматикалык каражат менен туюндурулбай, салыштырма даражанын контексттеги маанилери менен эле туюндурулуп айтыла берет. Мисалы: *сылык киши, сылыгыраак киши, бир аз сылыгыраак киши, анча-мынча сылыгыраак жайы бар киши, өтө сылыгыраак киши.*

**3. Басаңдатма даража.** Басаңдатма даража заттын сын-сыпат белгисинин демейдегиден төмөндүгүн, демейдегиге жете бербегендигин көрсөтөт. Булар өң-түс маанидеги сын атоочтордон төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулат:

*-ыш: агыш, көгүш;*

*-гыл: киргил, кочкул;*

*-ылжым (-ылжын): көгүлжүм (көгүлжүн), каралжын;*

*-ылтыр: көгүлтүр;*

*-гыч: саргыч, бозгуч, кызгыч;*

*-гылт: кызгылт, сургулт;*

*-гылтым: кызгылтым, көгүлтүм;*

*-омук: бозомук;*

*-ымтыл: карамтыл, көгүмтүл.*

Салыштырма даражанын *-ыраак* мүчөсүнүн маанисинде да басаңдатма даражанын мааниси болорун жогоруда айттык.

Басаңдатма даража *бир аз, анча-мынча* деген өңдүү сөздөрдүн сын атоочторго кошулуп айтылышы менен да уюшулат: *бир аз жакшы, анча-мынча дурус.* Мисалы: *Бир аз жакшы чапан кийсең болмок экен, балам. Окуучулардын анча-мынча мыктылары олимпиадага тандалды.*

**4. Күчөтмө даража.** Күчөтмө даража заттын сын-сыпат белгисинин демейдегиден арбын, жогору, күчтүү деңгээлде экенин билдирет да төмөндөгүдөй жолдор менен уюшулат:

1. Сын атооч сөздөрдүн биринчи муунунун өзгөрүп кайталанып айтылышы аркылуу: *кыпкызыл, кыпкыска, жапжашыл, таптаттуу, бопбош, супсулуу, сапсары, жупжумшак, жапжакшы, капкара* ж.б. Мисалы: *Жүрөктө турду жаңырып, ыпысык сүйүү обону.* (С.Тургунбаев).

2. Сын атооч сөздөрдүн кайталанып айтылышы аркылуу уюшулат, бул учурда сын атоочтордун биринчиси илик жөндөмөдө, экинчиси 3-жакка таандык болуп айтылат: *көктүн көгү, бийиктин бийиги, тереңдин тереңи, акылдуунун акылдуусу, баткактын баткагы, ысыктын ысыгы, ылайканын ылайкасы* ж.б.

3. *Эң, аябай, өтө, абдан, эбегейсиз, ашкан, мүлдө, чым, чымкый, чылк, эпсиз* деген сыяктуу күчөткүч сөздөрдүн

жардамы менен уюшулат: *эң сонун, аябай кызык, өтө жаман, чымкый кызыл, абдан чоң, эбегейсиз бийик, ашкан айлакер, чым кара* ж.б. Мисалы: *Өтө жаман өзүн мактайт. (Макал) Чымкый кызыл көйнөгү сыдырымга желбиреп турат.* (Б.Усубалиев)

4. Чыгыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтун жардамы аркылуу: *койондон жапыс, бүркүттөн алгыр, аттан да күлүк, сүттөн ак, көмүрдөн да кара, үйдөн да чоң* ж.б. Мисалы: *Мен койондон жапыс болоюн, сен бүркүттөн алгыр бол.* («Эр Төштүк»).

5. Кээ бир сын атоочтордун кайталанып кош сөз түрүндө айтылышы аркылуу: *бийик-бийик, терең-терең, ширин-ширин, узун-узун, семиз-семиз, чоң-чоң, арык-арык* ж.б. Мисалы: *Ээ, уулум, мен өмүрүмдө чеги жок бастым, эчен узак-узак жолдорду...* (К. Сабыров) *Узун-узун уз келет, узун бойлуу кыз келет.* (Фольк).

6. Санды билдирген жана сан атооч сөздөргө *эсе* деген сөздүн кошулуп айтылышы менен да сын атоочтордо күчөтмө маани жаралат: *көп эсе жакшы, он эсе мыкты* ж.б. Мисалы: *Мындан жүз эсе, мындан миң эсе курч кайрат, майтарылбас эрдик менен, керек болсо канды суудай төгүп, аябастан жанды кечип күрөшүш керек.* (К.Акматов)

7. *Жаман, иттей, өлгүдөй* деген сөздөрдүн өтмө мааниде колдонулуп, сын атоочтор менен бирге айтылышы аркылуу: *жаман катуу, жаман жеңил, жаман сулуу, иттей жоош, иттей таттуу, өлгүдөй сонун* ж.б.

## Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу

Сын атооч сөздөр дайыма **аныктагыч** болуп, аны менен айкашып турган зат атоочтор **аныкталгычтар** болушат. Сүйлөм тизмегинде кээде аныкталгыч сөз түшүп да кала берет. Мындай учурда сын атооч сөз аныкталгычтын ордуна колдонулуп, анын грамматикалык маанилерин да өзүнө кабыл алат. Мисалы: *Мыкты студенттердин берген жооптору бизди ыраазы кылат.* Бул жерде *мыкты* деген сын атооч *студенттердин* деген зат атоочту аныктап турат. Зат атоочтун

*мыкты* экендиги аныкталды. Ушул эле сүйлөм *студенттердин* деген зат атоочтун түшүрүлүшү менен да айтыла берет: *Мыктылардын берген жооптору бизди ыраазы кылат.* Аныкталгыч сөз *(студенттердин)* түшүп калды эле, анын грамматикалык каражаттарын (көптүк сандын *-лар,* илик жөндөмөсүнүн -*нын* мүчөлөрүн) аныктагыч сөз *(мыкты* деген сын атооч*)* өзүнө кабыл алып айтылып жатат. Башкача айтканда, сын атооч зат атооч сөздүн маанисинде колдонулду.

Ошентип, сын атооч **заттанып** кетет да, зат атоочтун категориялары боюнча өзгөрө берет. Мындай учурда сын атоочтор жөндөлөт, таандык мүчөлөрдү кабыл алат, адамзаттык мааниде келсе жакталат, көптүк сан көрсөткүчүн да кабыл ала берет.

Ошентип, заттык мааниде колдонулган сын атоочтордун өзгөрүшү төмөндөгүдөй болот.

1. Заттанган сын атоочтор жакчыл таандык мүчөлөрдү да, жалпы таандык мүчөнү да кабыл ала берет: *Бир кездеги жароокер* ***ырысташым*** *Шайыргүлдүн атын булгагым келбеди.* (Т.Абдумомунов) *Керемет бар сенде кышты жай кылар. Келчи, келчи, кыш чилдеде,* **кымбатым.** (С. Жусуев) *Кызарып бышкан алмасың,* ***кызылың*** *өчүп калбасын.* (Эл ыры) *Аргымактын* ***жакшысы*** *азыраак оттоп, көп жуушайт, азаматтын* ***жакшысы*** *азыраак сүйлөп, көп тыңшайт.* (Макал) *Жакшы кишиден сурасаң сура, асти* ***жамандыкын*** *сураба.* (Макал).

2. Заттанып айтылган сын атоочтор жөнөкөй жөндөлүштө да, таандык жөндөлүштө (татаал жөндөлүштө) да зат атоочтордой болуп өзгөрө берет.

Жөнөкөй жөндөлүш

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | жашыл | тоголок | айылдык |
| И | жашылдын | тоголоктун | айылдыктын |
| Б | жашылга | тоголокко | айылдыкка |
| Т | жашылды | тоголокту | айылдыкты |
| Ж | жашылда | тоголокто | айылдыкта |
| Ч | жашылдан | тоголоктон | айылдыктан |

Таандык жөндөлүш

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | жашылым | тогологу | сырдаштыкы |
| И | жашылымдын | тогологунун | сырдаштыкынын |
| Б | жашылыма | тогологуна | сырдаштыкына |
| Т | жашылымды | тогологун | сырдаштыкын |
| Ж | жашылымда | тогологунда | сырдаштыкында |
| Ч | жашылымдан | тогологунан | сырдаштыкынан |

3. Заттанган сын атоочторго көптүк сандын көрсөткүчү зат атоочтордой эле жалгана берет: *Атайын күткөн күрсүчөндөр, найзачандар айкырык салды.* (Т.Сыдыкбеков) *Актар караларга мат койду.* («Мурас»).

4. Сын атоочтор адамзаттык зат атоочторду алмаштырып заттанса, жак мүчөлөрүн кабыл алат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| I- жак | жакшымын | балалуумун | шаардыкпыз |
| 2-жак | жакшысың | балалуусуң | шаардыксыңар |
| | жакшысыз | балалуусуз | шаардыксыздар |
| 3-жак | жакшы | балалуу | шаардык(тар) |

5. Илик жөндөмөсүндөгү атооч сөз менен айкашып, үчүнчү жак жекелик санда айтылса да, заттанып кетет: *Өтүктүн* ***жылуусун*** *алдым. Көйнөктүн* **кызылынан** *ал. Китептин* ***кызыктуусун*** *танда.*

**Сын атоочтун жасалышы**

Сын атооч сөздөрдүн морфологиялык курамы өтө ар түрдүү. Уңгу сын атоочтор сан жагынан анча көп эмес: *көк, боз, чоң, бош, ак, куу* ж.б. Сын атоочтордун көпчүлүгү туунду сын атоочтор, алар сөз жасоонун морфологиялык жана синтаксистик жолдору менен жасалат.

Сын атоочтордун морфологиялык жол менен жасалышы атооч уңгулар жана этиш уңгуларга сын атоочтун курандыларынын жалганышы аркылуу жүзөгө ашат.

Сын атоочту жасоочу курандылардын бир тобу (мисалы: *-лык, -чыл, -чан, -дар, -кор, -кер, -ма, -ынды, -гыч)* зат атоочту жасоочу курандылардын катарында да бар. Мындай көрүнүш сын атооч сөздөрдүн көбүнчө затташып кетип, зат атооч катары колдонулуш өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт.

Мындай курандылар менен жасалган сөздөрдүн зат атооч, же сын атооч экендигин дайыма контекст аркылуу айырмалайбыз. Адатта зат атоочтор өзүнчө туруп, аларда заттык атоо мааниси басымдуу болсо, сын атоочтор дайыма өз аныкталгычы менен кошо келет да, заттык атоо мааниси эмес, затты аныктоо, башкача айтканда, заттын сын-сыпат, касиеттерин билдирген маанилерде болот. Мисалы: *Атам жакты иштеп сыйлык алды.* («Кырчын») Мында *сыйлык* деген сөз атооч маанисин билдирет, заттын атын атады, башкача айтканда, *-лык* мүчөсү менен жасалган зат атооч. *Эми кыштык отунубузду тамдын бир жагына жыйып салабыз да, жерге самандан калыңыраак төшөп таштап, окууну баштай беребиз.* (Ч.Айтматов) Бул жерде *кыштык* деген сөз аныктоо маанисин билдирди, аныкталгыч сөздүн *(отун)* кандай (кайсы?) экендигин көрсөтүп, *-лык* мүчөсү менен жасалган сын атооч болуп турат, башкача айтканда, бул жерде сын атооч жасалды.

Ошентип, сын атооч жасоочу курандыларга аяр мамиле кылып, аларды дайыма контекст аркылуу аныктап түшүнүү зарыл деп эсептеп, төмөндөгү мисалдарда куранды мүчөлөр менен жасалган сын атоочторду алардын аныкталгычтары менен кошо келтирдик.

### Морфологиялык жол менен жасалышы

Куранды мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулган сын атоочтор сөз жасоонун морфологиялык ыгы менен жасалган сын атоочтор болушат. Сын атоочту жасоочу курандыларды ***атооч сөздөрдөн сын атооч жасоочу*** жана ***этиш сөздөрдөн сын атооч жасоочу*** курандылар деп бөлүп көрсөттүк. Куранды мүчөлөрдүн алардын сөз жасоо мүмкүнчүлүгүнө ылайык ***өнүмдүү, аз өнүмдүү, өнүмсүздөрүн*** айрым-айрым келтирдик.

### Атооч сөздөрдөн сын атооч жасоочу курандылар

### Өнүмдүү курандылар

Кыргыз тилиндеги дээрлик бардык куранды мүчөлөр уңгудагы (негиздеги) тыбыштарга карата өзгөрүп, бир нече варианттарда колдонулат. Биз төмөндө алардын баштапкы формасы деп эсептелген түрүн гана келтирдик.

***-луу*** мүчөсү (байыркы формалары *-лыг, -лык, -лы, -ты)* өтө көп сын атоочторду жасап, эң өнүмдүү куранды болуп эсептелет. Бул куранды төмөнкүдөй маанилердеги сын атоочторду жасайт:

1. Заттагы кандайдыр бир нерсенин бар экендигине байланыштуу касиетти билдирет: *канаттуу* куш, *кумдуу* жер, *дарактуу* кыштак, *токойлуу* талаа, ж.б.

2. Аныкталгыч сөздүн өзүндө кандайдыр сапаттын, касиеттин бар экендигин билдирет: *акылдуу* кыз, *эстүү* бала, *таланттуу* жаштар, *тартиптүү* окуучу, *билимдүү* студент ж.б.

3. Аныкталгыч сөздөгү сапаттык белги болуп эсептелген нерсенин арбын, мол же көп экендигин билдирет: *оттуу* жер, *таштуу* жол, *чөптүү* аянт, *сүттүү* уй, *кылкандуу* дан ж.б.

***-сыз*** курандысы менен жасалган сын атоочтор *-луу* курандысы аркылуу жасалган сын атоочторго карама-каршы маани берет, башкача айтканда, бул эки мүчө бири-бирине антоним мүчөлөр болуп саналат. *-сыз* курандысы жалганып атооч сөздөрдөн жасалган сын атоочтор төмөнкүдөй маанилерди билгизет:

1. Аныкталгыч сөздөгү кандайдыр бир нерсенин жок экендигине байланыштуу касиетти билдирет: *суусуз* жер, *китепсиз* окуучу, *үйсүз* киши, *кантсыз* чай ж.б.

2. Аныкталгычтагы кандайдыр сапаттын, касиеттин аз экендигин, жетиштүү эместигин билгизет: *алсыз* адам, *эссиз* кыз, *акылсыз* бала ж.б.

3. Аныкталгыч сөздөгү кандайдыр сапаттын, касиеттин жок экендигин билгизет: *тартипсиз* окуучу, *адилетсиз* иш, *даамсыз* тамак, *түссүз* өң *ж.б.*

4. «Сан», «эсеп» деген сөздөргө жалганып келсе, аныкталгычтагы ошол касиеттин молдугун, көптүгүн билдирет: *сансыз* дүйнө, *эсепсиз* мал ж.б. *Эпсиз (эпсиз көп)* деген сөз да «арбын» же «өтө эле мол» маанилерин берет.

***-дай*** курандысы (байыркы формасы *-так, -даг)* атооч сөздөрдүн дээрлик бардыгына жалганып сын атоочту жасоого жөндөмдүү. Ал төмөнкүдөй маанилерди берет:

1. Аныктагычтагы сапаттык белгинин кандайдыр башка затка окшоштук касиетин билгизет: *балдай* таттуу, *калемпирдей* ачуу, *булактай* тунук, *суудай* таза ж.б.

2. Аныктагычтын форма, көлөм, чоңдук белгилеринин кандайдыр башка затка окшоштук болгон касиетин билдирет: *мончоктой* жаш, *кенедей* акыл, *карышкырдай* сүр, *аюудай* айбат, *кылдай* ичке ж.б.

3*. Кыймыл-аракеттин аткарылышына, жүрүшүнө окшош белгилерди, касиетти билгизет: *оттой* күйөт, *балыктай* сүзөт, *чоң кишидей* сүйлөйт, *кишидей* бас ж.б.

**Эскертүү:** Ушул маанисинде тактооч сөз түркүмүнүн эрежесине туура келет, бирок, биринчиден, сапат маани күчтүү болуп, экинчиден сын атоочту жасоочу мүчө сөз жасап жаткандыктан булар сын атоочтор болот.

4. Аныкталгыч болуп келген сын атоочтогу касиеттин молдугун, арбындыгын, күчтүүлүгүн, көптүгүн билдирет: *сүттөй* ак, *темирдей* катуу, *үйдөй* чоң ж.б.

***-лык*** курандысы (теги боюнча байыркы *-лы, -лыг* мүчөсү менен байланышат) аркылуу жасалган сын атоочтор да бир топ арбын, алар төмөнкүдөй маанилерди берет:

1. Аныкталгычтын мезгилдик өлчөм, ченем касиетин билдирет: *кыштык* отун, *жылдык* киреше, *айлык* маяна; *Күндүк* өмүрүң болсо, түшкүсүнө жорго мин. (Макал)

2. Аныкталгычка арналуу касиетти билдирет: *күздүк* буудай, *жемдик* арпа, *комуздук* жыгач, *көйнөктүк* кездеме ж.б.

3. Аныкталгычтын көлөмдүк өлчөм, ченем касиеттерин билгизет: *бир чакалык* бал, *беш сомдук* акча, *литрдик* идиш, *үч арабалык* чөп ж.б.

4. Аныкталгычтын башка затка тиешелүүлүк касиетин билгизет: *окумуштуулук* даража, *студенттик* күндөр, *тармактык* илим, *класстык* чогулуш ж.б.

5. Аныкталгычтын тегине жараша орундук касиет белгисин түшүндүрөт: *айылдык* врач, *шаардык* кыз, *бишкектик* окумуштуу, *элеттик* балдар, *суусамырлык* чабан ж.б.

***-лаш*** курандысы. Бул куранды этиш жасоочу *-ла* жана мамилелик *-ыш* мүчөлөрүнүн биригишинен келип чыккан. *-лаш* менен жасалган сын атоочтор төмөнкүдөй маанилерге ээ:

1. Тууганчылык тек-жай касиетти билгизет: *аталаш* ини, *эмчектеш* балдар, *энелеш* эки бир тууган ж.б.

2. Аныкталгычтын орундук тек-жай касиет белгисин аныктайт: *айылдаш* кыздар, *жердеш* киши ж.б.

3. Аныкталгычтын жашташ, куракташтык касиетин билдирет: *курсташ* балдар, *классташ* кыздар, *замандаш* курбу, *курбалдаш* бала ж.б

4. Аныктагычтын кимдир бирөө менен кандайдыр пикирдештик касиетин билдирет: *санаалаш* теңтуштар, *тилектеш* дос, *кесиптеш* курбу, *кызматташ* киши ж.б.

5. Аныкталгычтагы белгиге ортоктош, биргелештик белгилерди көрсөтөт: *сырдаш* курбу, *өңдөш* балдар, *акылдаш* теңтуш ж.б.

***-чыл*** курандысы аркылуу уюшулган сын атоочтор төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1. Аныкталгычтын жөндөм, шык белгилерин көрсөтөт: *ойчул* киши, *баамчыл* бала ж.б.

2. Аныкталгычтагы көндүм, адат болуп кеткен белги касиеттерди билгизет: *эмгекчил* киши, *уйкучул* адам, *суучул* жигит ж.б.

3. Аныкталгычтын кандайдыр башка затка ыктагандык касиетин билдирет: *тууганчыл* бий, *жердешчил* жетекчи ж.б.

***-чан*** курандысын да биз өнүмдүүлөрдүн катарына коштук, анткени ал кийинки кездерде кабыл алынган жаңы сөздөрдүн көпчүлүгүнө жалганууга жөндөмдүү болуп баратат. Мындай сын атоочтор төмөнкүдөй маанилерге ээ:

1. Аныкталгычтын кийген кийимине карата касиетин билгизет: *кийимчен* бала, *жемпирчен* киши, *майкечен* спортсмен, *тончон* абышка, *жынсычан* кыз, *курткачан* жигит ж.б.

2. Аныкталгычтын унаасынын, улоосунун түрүнө байланыштуу өзгөлөнгөн белгисин билдирет: *атчан* аксакал, *төөчөн* киши, *велосипедчен* спортсмен, *мотоциклчен* жигит ж.б.

3. Аныктагычтын алып жүргөн, көтөргөн буюму боюнча башкалардан айырмаланган белгисин көрсөтөт: *жаачан* спортсмен, *мылтыкчан* мерген, *калканчан* жоокер, *найзачан* желдет, *сумкачан* бала, *баштыкчан* аял ж.б.

## Аз өнүмдүү курандылар

***-кы**** курандысынын сын атооч жасоочу мүмкүнчүлүгү чектелүү. Бул куранды менен жасалган сын атоочтор төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1. Аныктагычтын мезгилдик касиетин билдирет: *кышкы* таң, *жайкы* оюндар, *кечки* убак, *түнкү* кооздук ж.б.

2. Аныкталгычтын мейкиндиктеги абалына карата белгисин көргөзөт: *четки* үй, *ортоңку* эшик ж.б.

3. Аныкталгычтын орундук абал белгисин билгизет: *кемедеги* киши, *үйдөгү* буюм ж.б.

***-кер*** курандысы теги боюнча иран тилдеринен келип кирген. Төмөнкүдөй маанилерди берет:

1. Аныкталгычтын кулк-мүнөзүнө, сапатына карата кандайдыр белгисин көрсөтөт: *боорукер* адам, *айыпкер* киши, *кылмышкер* бирөө ж.б.

2. Аныкталгычтын кандайдыр бир буюмду мыкты пайдаланган, өнөрдү жакшы өздөштүргөн касиеттерин билдирет: *найзакер* желдет, *пахтакер* келин, *ишкер* адам ж.б.

***-кор.*** Бул куранды (келип чыгышы боюнча бул иран тилдеринин *-кер* мүчөсү менен тектеш) аныкталгычтын кандайдыр нерсеге жакындыгын, аны өзүнө өнөкөт адат катары пайдалангандык белгисин көрсөтөт: *камкор* жигит, *мансапкор* адам, *канкор* душман, *дүйнөкор* киши, *күнкор* бала ж.б.

***-поз*** курандысы да чыгыш теги боюнча иран тилдеринен өздөштүрүлгөн. Аныкталгычтын кандайдыр ишти, өнөрдү, адатты кесип катары өздөштүрүү белгисин көрсөтөт: *илимпоз* киши, *ышкыбоз* адам, *өнөрпоз* жигит, *кумарпоз* бала ж.б.

## Өнүмсүз курандылар

***-көй*** курандысы аныкталгычтагы кандайдыр өнөкөт сапаттык белгини билдирет: *намыскөй* бала, *тамашакөй* киши, *амалкөй* адам.

***-дар*** курандысы жалганган заттын аныкталгычта бар экендигин, ага тиешелүү болгондугун көрсөтөт: *карыздар* киши, *кабардар* адам, *жарадар* жоокер, *кусадар* жүрөк, *өкүмдар* улук.

***-ий*** курандысы аныкталгычта кээ бир абстракттуу түшүнүктөрдүн бар экендигин түшүндүрөт: *илимий* даража, *тарыхый* окуя, *саясий* портрет, *табигый* көрүнүш, *рухий (руханий)* дүйнө, *диний* китеп.

***-дак*** курандысы жалганган заттын аныкталгычта мол экендигин билдирет: *таштак* жол, *кумдак* жер, *саздак* токой, *муздак* жел.

***-мер*** курандысы аныкталгычта кандайдыр заттын арбын экендигине байланыштуу касиетти билдерет: *ишмер* жигит, *сөзмөр* киши.

***-аң*** курандысы аныкталгычтагы касиеттин, сапаттын салыштырмалуу төмөн, аз же кичирээк экенин билдирет: *түзөң* жер, *жашаң* чөп, *кыраң* жер.

***-сөөк*** курандысы аныкталгычтагы бир нерсеге берилгендик касиетти билдирет: *баласаак* киши, *үйүрсөөк* айгыр.

***-караак*** курандысы аныкталгычтын бир нерсеге берилгендик касиетин көрсөтөт: *оюнкараак* бала.

***-кел*** курандысы аныкталгычтын сапатында кайсы бир заттын мол экендигин билгизет: *эткел* жигит.

***-дач*** курандысы аныкталгычтын тулкусундагы өзгөчөлүк касиетти билдирет: *кырдач* мурун.

***-өм*** курандысы кайсы бир затты аныкталгычтын белгиси катары көрсөтөт: *көркөм* сөз.

***-гыл*** курандысы менен аныкталгычтын тутумунда тигил же бул заттын бар экендиги көрсөтүлөт: *киргил* суу, *кычкыл* зат.

***-тал*** курандысы аныкталгычтагы белгинин өтө назик экенин билдирет: *сезимтал* жүрөк.

### Этиштерден сын атооч жасоочу курандылар
### Өнүмдүү курандылар

***-ма*** курандысы этиш сөздөргө жалганып төмөнкүдөй маанилердеги сын атоочторду жасайт:

1. Аныкталгычтагы башка бир зат аркылуу пайда болгон касиетти билдирет: *дүүлүктүрмө* дары, *ууктурма* газ, *ээликтирме* адат ж.б..

2. Аныкталгычтын кандайдыр кыймыл аракеттен улам ишке ашуучу касиетин көрсөтөт: *ачылма* эшик, *эзилме* бойок, *эшилме* кум, *асынма* сумка ж.б.

3. Аныкталгычтын кайсы бир аракеттин натыйжасы менен жасалгандык же бир нерсеге окшогондук белгисин билгизет: *чийме* каш, *өрмө* камчы, *тордомо* буюм, *бүкмө* бычак, *оомо* чал ж.б.

***-ык*** курандысы кыймыл-аракет аныкталгычтын убактылуу белгиси, касиети экендигин билдирет: *бузук* дубал, *сынык* отургуч, *ачык* дүкөн, *оюк (ой-ык)* жер, *күйүк* жыгач, *какшык* сөз, *ыйлаак* бала *(ыйла-ык), туйлаак* жылкы, *ойноок* бала, *жылтырак* көйнөк, *калтырак* кол ж.б.

***-ынды*** курандысы этиш сөз билдирген кыймыл-аракеттин натыйжасында аныкталгыч ээ болгон касиетти билгизет: *уланды* мүчө, *асыранды* бала, *туунду* сөз, *тууранды* эт, *кесинди* сызык, *таштанды* буюм ж.б.

***-гыс*** курандысы аныкталгычтын табиятына карама-каршы келген этиштик белгини көрсөтөт: *унутулгус* күндөр, *ажырагыс* жолдош, *кеткис* так, (кол) *жеткис* жай ж.б.

## Аз өнүмдүү курандылар

***-чаак*** курандысы өзү жалганган этиш сөздөгү кыймыл-аракеттин кишиде өнөкөт адат болуп кылгандык белгисин көрсөтөт: *тарынчаак* киши, *мактанчаак* бала, *эринчээк* адам, *кызганчаак* аял, *урушчаак* кошуна ж.б.

***-ыңкы*** курандысы аныкталгычтын кандайдыр бир кыймыл-аракеттик абалга дуушар болгондук касиетин билдирет: *бозоруңку* өң, *салыңкы* кабак, *жүдөңкү* кебете, *көтөрүңкү* үн, *кубарыңкы* жүз, *азыңкы* абал ж.б.

***-гыч*** курандысы аныкталгычтын кайсы бир кыймыл-аракетке жөндөмдүү, шыктуу экендигин билгизет: *сезгич* орган,

*көрсөткүч* курал, *соргуч* кагаз, *көрөгөч* көз, *жазгыч* акын, *байкагыч* оюнчу ж.б.

***-анак (-анаак)*** курандысы жаныбарларга тиешелүү өнөкөт белгилерди билдирет: *сүзөнөк (-сүзөнөөк)* уй, *кабанак* ит, *тебенек* жылкы, *качанаак* ат.

***-ыш*** курандысы аныкталгычтын кандайдыр башка зат же түшүнүк менен жалпылыгы бар экендик касиетин билдирет: *окшош* киши, *тааныш* бала, *бураш* жыгач.

## Өнүмсүз курандылар

***-гыр*** курандысы кайсы бир аракеттин натыйжасын аныкталгычтын белгиси катары көрсөтөт: *алгыр* куш, *өткүр* жигит.

***-калак (-калаң)*** курандысы кыймыл-аракеттин өзүн аныкталгычтын мүнөзүндөгү белги катары көрсөтөт: *шашкалак (шашкалаң)* киши, *күйкөлөк* адам.

***-гак*** курандысы аныкталгычтын ошол кыймыл-аракет менен мүнөздөлөр белгисин билдирет: *соргок* адам, *тайгак* жер.

***-ым***: ажырым* иш, *бышырым* (эт).

***-гыл:*** *киргил* суу, *ачкыл* даам, *быткыл, кычкыл* даам, *кочкул* түс.

***-коол*:*** *москоол* киши, *ургаал* нерсе.

***-ыл:*** *батыл* киши, *жашыл* чөп, *жеңил* жүк.

***-чүк:*** *үйрөнчүк* бала, *сүймөнчүк* кызматкер.

***-гач:*** *кыйгач* кесинди.

***-ын***: агын* суу, *бүтүн* жумуртка, *жашырын* сыр, *саан* уй, *узун* сызык, *жоон* жыгач.

***-ар:*** *жанар* тоо, *кекээр* сөз.

***-ка***: кыска* жол, *кырка* тоо.

***-шы:*** *жакшы* бала.

***-кыс:*** *таңкыс* буюм.

***-тык:*** *жантык* жер.

***-шык:*** *кыйшык* көз *(< кый-)*.

***-ыз:*** *семиз* эт *(< семир-), тыгыз (тыкыс).*

***-гай:*** *ыңгай* жер *(< ың=оң), жалакай* мүнөз *(жалкоо).*

***-каак:*** *жабышкаак* чөп, *илешкээк* желим.

## Синтаксистик жол менен жасалышы

Эки же андан көп уңгу биригип, заттагы бир белгини, бир эле сапатты же бир гана касиетти билдирсе, синтаксистик жол менен жасалган сын атоочтор болушат. Буларды, адатта, татаал сын атоочтор дейбиз. Синтаксистик жол менен жасалган сын атоочторду да көбүнчө контекст аркылуу ажыратабыз.

***Кош сын атоочтор*** түгөйлөрүнүн маанилерине жараша төмөнкүдөй топтордон турат:

1. Ар бир түгөйү маанилеш же карама-каршы болуп, өз алдынча маанисин сактаган кош сын атоочтор: *кара-кочкул, улуу-кичүү, жылуу-жумшак, жакшы-жаман* ж.б.

2. Ар бир түгөйү өз маанилерин сактоо менен кайталанып айтылуу аркылуу уюшулган кош сын атоочтор: *чоң-чоң, бийик-бийик, аппак-аппак, түркүн-түркүн, узун-узун* ж.б.

3. Бир түгөйү өз алдынча маанисин сактап, экинчиси өз алдынча мааниге ээ болбогон сын атоочтор: *жоон-жолпу, кызыл-тазыл, оңой-олтоң, майда-чүйдө, таттуу-маттуу, жаман-жуман, тааныш-мааныш* ж.б.

4. Эки түгөйү тең өз алдынча мааниге ээ болбогон кош сын атоочтор: *үрөң-бараң, уйгу-туйгу, илең-салаң, олур-болур, оргу-баргы* ж.б.

***Кошмок сын атоочтор*** түгөйлөрүнүн мүнөзү боюнча төмөнкүдөй топтордон турат:

1. Бардык түгөйлөрү сын атоочтордон уюшулган кошмок сын атоочтор: *кара кер, кара кашка, кара тору, кара көк, кара күрөң, жээрде кашка, жашыл ала, ак сары, узун бойлуу, кең далылуу* ж.б.

2. Түгөйлөрү сын атооч менен зат атоочтон уюшулган кошмок сын атоочтор: *көк көз* киши, *ак көңүл* адам, *кара каш* келин, *кымча бел* селки, *ак пейил* инсан ж.б.

3. *-лык* мүчөсү уланган сөз менен эсептик сан атоочтун жана кээ бир зат атоочтун айкашып келишинен уюшулган кошмок сын атоочтор: *үч күндүк* жол, *он жылдык* мезгил, *беш айлык* курс, *эл аралык* абал ж.б.

4. Зат атоочтордун өз ара айкашынан да кошмок сын атооочтор уюшулат: *бүркүт кабак* мүнөз, *жолборс жүрөк* жигит, *жылкы мүнөз* адам ж.б.

**Суроолор**

1. Сын атоочко толук аныктама бергиле.
2. Сын атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн кандай белгилери менен айырмаланат?
3. Сын атоочтордун мүмкүн болушунча бардык лексика-тематикалык топторун аныктап чыккыла.
4. Сапаттык жана катыштык сын атоочтордун бири-биринен айырмачылыктарын айтып бергиле.
5. Сын атоочтун даражаларына мисалдар келтиргиле.
6. Сын атооч жасоочу куранды мүчөлөргө өзүңөрдүн мисалыңарды келтиргиле.
7. Сын атооч боюнча чакан чыгарма жазгыла.

# САН АТООЧ

**Адабияттар**


1. **Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Бишкек, 2003. 85-97-б.
2. **Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек,1997,113-128-б.
3. **Абдулдаев Э., Давлетов С.** ж.б. Кыргыз тили. Фрунзе, 1986.
4. **Грамматика** киргизского литературного языка. Часть 1. Фонетика и морфология. Фрунзе, 1977.
5. **Давлетов С. Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, Мектеп. 1980.109-122-б.
6. **Давлетов С., Мукамбаев Ж.,** Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бөлүм. Педагогикалык окуу жайлары үчүн. Фрунзе, 1982.
7. **Кудайбергенов С.** Сын атооч, сан атооч жана буларды мектепте окутуу. Фрунзе, 1960.
8. **Кыргыз адабий** тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 235-248-б.
9. **Кыргыз тилинин** грамматикасы: морфология. Ф., 1964. 134-148-б.
10. **Чечейбаева Н.** Кыргыз тилиндеги сан атоочтор. Фрунзе, 1978.


## Жалпы маалымат

Заттардын, буюмдардын, кубулуштардын санын, эсебин, иретин, катарын билдирген сөздөрдү сан атооч дейбиз. Сан атоочтор *канча? нече? канчанчы? нечеңчи?* деген суроолорго жооп берет. Мисалы: *Ушул жерде биз төрт киши болуп уйларды бир бөлөк, музоолорду бир бөлөк кылып имерип турабыз.* (М. Элебаев) *Сага айткандарым башымдан өткөндөрдүн жүздөн, балким миңден бири болор дебедимби жана.* (Т. Сыдыкбеков) *Отуз сегизинчи жылдын аяк чени айрыкча оор болуп турду.* (К. Сактанов).

Сан атооч сөздөрдүн лексикалык маанилери абстракттуу болот. Мисалы: *беш, он, жети, төртүнчү, үчөө, үчтөн эки, беш-алты* деген сан атоочтордо конкреттүү маани жок. Анткени алар кандайдыр бир нерсенин санын, иретин, эсебин билдирип турат. Кайсы нерсенин саны, эмненин эсеби экени белгисиз. Адатта сан атоочтор ошол өзүлөрү санын, эсебин, иретин, катарын билдирген нерсе менен бирге айтылат да конкреттүүлүк мааниге ээ болот. Мисалы: *беш алма, алты кыз, беш-алты киши, төртүнчү курс* ж.б. Аныкталган зат атоочтор аркылуу сан атооч сөздөрдүн абстракттуу маанилери такталды, башкача айтканда, лексикалык маанилер конкреттүү болду.

Кыргыз тилинде сандык түшүнүктү билдирген *жуп, кош, эгиз, сыңар, жалкы, жарым, жарты, чейрек* деген сыяктуу сөздөр да бар. Булар чыныгы сан атоочтордой болуп бардык эле заттар, буюмдар, түшүнүктөр менен айкаша бербейт. Анткени, булар белгилүү сан (эсеп) маанилерин туюндурат:

***жуп*** деген сөз *эки, төрт, алты, сегиз ... бир жүз эки, бир жүз төрт ...* өңдүү сандарды билдирет;

***кош*** деген сөз *эки, экөө, эки-экиден* топтошкондордун (бараткандардын) ар бирин билдирет;

***эгиз*** деген сөз *эки, экөө,(жуп)* сандарды билдирет;

***сыңар*** деген сөздө *бир, бирөө, жалгыз, жалкы* маанилери бар;

***жалкы*** деген сөздө *бир, бирөө, жалгыз, сыңар* маанилери бар;

***жарым*** деген сөздө *бирдин* тең экиге бөлүнгөн бөлүктөрүнүн бири деген маани бар;

***жарты*** деген сөздө *бирдин* тең экиге бөлүнгөн бөлүктөрүнүн бири деген маани бар;

***чейрек*** деген сөздө *бирдин* төрткө бөлүнгөн бөлүктөрүнүн бири деген маани бар.

Бул сөздөр өзүлөрүнө тиешелүү сөздөр менен гана айкашып келип, алардын сандык, эсептик касиеттерин билдирет. Мисалы: *жарым сом, жарты коон, эгиз козу, жуп коргол, кош жылдыз, сыңар эмчек, жалкы төл, чейрек кылым.* Ал эми өз алдынча колдонулганда аларда заттык атоо мааниси басымдуулук кылат: *Жармы жалган, жармы чын. Жакшылардын көөнү үчүн.* («Манас») *Абыл биринчи чейректи жалаң беш менен аяктады.* («Ала Тоо»).

Сан аточ сөздөр сан атоочтук мааниде турганда өзгөрбөйт. Сан атооч сөздөр заттык мааниге өткөндө, башкача айтканда, өзүлөрү санын, эсебин, иретин же катарын билдирген атооч сөздөр сүйлөмдө түшүрүлүп айтылганда гана сөз өзгөртүү кубулушуна дуушар болот. Мындай учурда сан атооч сөздөр ошол түшүп калган заттын, нерсенин же башка түшүнүктүн лексикалык жана грамматикалык маанилерин өзүнө кабыл алат, затташат. Натыйжада сүйлөмдө түшүрүлүп калган зат, нерсе, буюм же кандайдыр түшүнүк кандай грамматикалык формаларда айтылууга жөндөмдүү болсо, анын ордуна колдонулган сан атооч да ошондой формаларда өзгөрүп айтылууга жөндөмдүү болот. Мисалы: *Он отузга берет, отуз жалманга тапшырат, жалман жардан ары ашырат.* (Табышмак) *Быйыл тупатуура кырк сегизге чыкты.* («Ала Тоо») *Менин бешим кыпкызыл.* (М.Жангазиев).

Сан атоочтор башка сөздөрдөн жасалбайт. Ошондой эле башка сөз түркүмдөрүнүн жасалышына да база болуп кызмат аткарбайт. Кээ бир учурда гана башка сөз түркүмдөрү айрым сан атоочтордон жасалышы мүмкүн: *үчүлүк, жетилик, бешилик, үчилтик.* Мындай учурда ошол башка сөз түркүмүнө өтүп кеткен сөздө сандык маани кошо болот.

### Жөнөкөй жана татаал сан атоочтор

Сан атооч түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Бир сөздөн (уңгудан) турган сан атоочтор жөнөкөй сан атоочтор деп аталат. Мисалы: *бир, үч, он, жыйырма, отуз, кырк, элүү, жүз, миң, түмөн* ж.б.

*Сексен, токсон* деген сан атоочтор азыр тутумдарга ажырабаганы менен тарыхый жактан эки уңгунун биригишинен келип чыккан: *сексен - сегиз он; токсон - тогуз он.*

Тува тилинде отуздан баштап *(үжен, дөртөн, бежен, алдан, чеден, сезен, тазан),* якут *(түөртуон, биесуон, алтауон, сеттеуон, агысуон, тогузуон),* алтай *(төртөн, бежен, алтан, јетен, сегизон, тогузон)* тилдеринде кырктан баштап, ал эми хакас, шор тилдеринде алтымыштан баштап *(алтон, читон - четтон, сегизон, тогузон - тогызон)* ушундай тутумда айтылат.

Эки же андан көп сөздөрдөн (уңгудан) туруп бир гана санды билдирсе татаал сан атооч дейбиз. Кыргыз тилинде сан атооч сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгүн татаал сан атоочтор түзөт. Алардын айрымдары гана уңгу бирикмелерден туруп, бирге жазылат: *сексен - сегиз, он; токсон - тогуз, он;* калгандары айрым-айрым уңгулардан туруп, тутумундагы ар бир сөз бөлөк-бөлөк жазылат: *он бир, отуз эки* ж.б.

Татаал сан атоочтордун куралышы туруктуу мүнөзгө ээ. Ар дайым жогортон төмөн карай айтылат. Башкача айтканда, адегенде миңдик, анан жүздүк, анан ондук, анан бирдик айтылат. Мисалы: *1344 - бир миң үч жүз кырк төрт; 17 652 - он жети миң алты жүз элүү эки.*

Байыркы жазма эстеликтерде татаал сан атоочтордун башкача түрүнүн айтылганы катталган: *үч йегирми - он үч, токуз элиг - кырк тогуз* ж.б. Мындай байыркы эсеп системасы азыр Кытайдагы сары уйгурлар тилинде катталган [27].

Кыргыз тилинде *кем* деген сөз айкашып уюшулган татаал сан атоочтор байыркы татаал сан атоочторго окшош айтылат. Мисалы: *Бири кем отуз* (*жыйырма тогуз* маанисинде). *Быйыл, куда кааласа, үчү кем сексенге чыктым, балам.* («Кыргызстан маданияты»).

---

[27] Малов С.Е. Лобнорский язык. Фрунзе, 1956; Тенишев Э.Р. Строй сарыг-югурского языка. М., 1976.

Татаал сан атоочтор өзгөрүүгө дуушар болгондо, алардын эң акыркы түгөйү гана өзгөрүп, калган түгөйлөрү өзгөрүлбөстөн айтылат. Мисалы: *Кырк үч окуучу музейге барууну чечишти, бирок, музейге отуз тогузу гана барды.*

Сан атооч синтаксистик жактан көбүнчө аныктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: *Найзачылардын экинчи тобуна Теке баатыр менен Бука баатыр түштү.* (К.Каимов). *Адыл беш китеп колтуктап алыптыр.*

Этиш сөздөр менен айкашып келгенде бышыктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: *Кичирээк жылкыга минсе, үч бүктөлөт.* (Т.Сыдыкбеков). *Аңгыча мылтык эки жолу атылды.*

Кээде ээлик милдетти да аткарат. Мындай учурда сан атооч сөздөр заттык мааниге ээ болушат. Мисалы: *Экөөбүз анын артынан сая түшүп алдык.* («Ала Тоо»).

Толуктоочтук милдет аткарганда да заттык мааниде болот. Мисалы: *Бешөөнө бирдей-бирдей кылып бөлүп бергиле. Керимбек - кырктарга барып калган ак куба жигит. Төөнүн эки өркөчүнүн бирин кессе, биринин күчү жок, эки эмчегинин бирин кессе, биринин сүтү жок.* (Макал). *Он отузга берет, отуз жалманга тапшырат, жалман жардан нары ашырат.* (Табышмак).

Айрым учурларда баяндооч болуп да кызмат аткарат. Албетте, мындай учурда сүйлөмдүн аягына келет. Мисалы: *Биз үчөөбүз. Беш жерде беш - жыйырма беш.*

## Сан атоочтун маанилик топтору

Азыркы кыргыз тилинде сан атооч сөздөр маанисине карай бири-биринен айырмаланган алты топко болүнөт: ***эсептик сан, иреттик сан, жамдама сан, топ сан, чамалама сан, бөлчөк сан.*** Булардын ар биринин маанилик жактары гана эмес өзгөрүү өзгөчөлүктөрү да, сүйлөмдө аткарган кызматтары да бирдей эмес.

## Эсептик сандар

Заттардын, буюмдардын, кубулуштардын эсебин, санын жайынча гана билдирген сан атоочтор эсептик сан атоочтор деп аталат. Эсептик сандар *канча? нече?* деген суроолорго жооп берет. Мисалы: *Бир чака сүткө бир чака суу кошобуз, ал эми эки чака айран болот.* (М. Элебаев) *Эмденип чыгып, он беш күн иштеп, эс алууга кетти.* (К. Жусупов). ***Атабаев.*** *Эки аял аядыңыз беле?* ***Малабай.*** *Ооба.* (Т. Абдумомунов). *Асты жагын караса, алты жасоол жол баштап...* («Манас»).

Эсептик сандар өзүлөрү эсебин, санын билдирген сөздөр менен дайыма ыкташуу байланышы аркылуу байланышат. Жогоруда белгиленгендей, мына ушул учурда - эсебин, санын билдирген сөздөр менен айкашып келген учурда, сан атооч сөздөрдүн лексикалык маанилери конкреттүүлүк мүнөзгө айланат.

Эсептик сан атоочтор морфологиялык жактан уңгу сөздөр болуп эсептелет. Аларда курандылар жок. Биз жогоруда сан атоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн жасалбай турганын айтканбыз. Эсептик сандар сан атоочтун башка түрлөрүн уюштурууда база болуп кызмат кылат. Жөнөкөй эсептик сандар аз эле санда: *бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он, жыйырма, отуз, кырк, элүү, алтымыш, жетимиш, жүз, миң, түмөн.* Булардан тышкары *жарты, жарым, сыңар, эгиз, жуп, кош, жалкы* деген сөздөр да жөнөкөй сан атоочтор.

Башка бардык эсептик сандар - татаал сан атоочтор: *он бир, он эки, отуз беш, сексен, токсон, бир жүз элүү үч, эки миң тогуз жүз алтымыш беш* ж.б.

Эсептик сан атоочтор затташтууга жөндөмдүү болот. Сүйлөмдө дайым эле сан атоочторду алардын аныкталгычтары менен кошо айта бербейбиз. Ошол учурларда, башкача айтканда, эсептик сан атоочтордун өзү эле айтылып, аныкталгыч сөзү көмүскөдө калган учурларда, сан атоочтор заттык касиеттерге ээ болушат. Көмүскөдө калган заттын, буюмдун же кандайдыр башка түшүнүктүн грамматикалык белгилерин өзүнө кабыл алат да затташып кетип, өзгөрүүлөргө дуушар болот. *Мисалы: Бириң - кыздын нурдуусу, бириң - кыздын сулуусу.* (Барпы). *Жетинин бири - Кыдыр. (Макал).*

Эсептик сандар затташып, жөндөмө категориясы боюнча өзгөргөндө, жөнөкөй жөндөлүш формасын кабыл алат. Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | беш | отуз үч | токсон алты |
| И | бештин | отуз үчтүн | токсон алтынын |
| Б | бешке | отуз үчкө | токсон алтыга |
| Т | бешти | отуз үчтү | токсон алтыны |
| Ж | беште | отуз үчтө | токсон алтыда |
| Ч | бештен | отуз үчтөн | токсон алтыдан |

Кээде затташып кеткен эсептик сандын өзү да үч жактын бирине таандык болуп айтыла берет. Мисалы: *Кырк элең, бириң келдиң.* (Жомок) *Ондун бири болуп мен да Москвага жөнөп калдым.* («Ала Тоо»).

Таандык мүчөлөр менен келип затташканда жөндөлүштүн татаал түрүн кабыл алат. Мисалы:

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | бирим | үчүң | отуз алтысы |
| И | биримдин | үчүңүн (-дүн) | отуз алтысынын |
| Б | бириме | үчүңө | отүз алтысына |
| Т | биримди | үчүңү (-дү) | отуз алтысын |
| Ж | биримде | үчүңдө | отуз алтысында |
| Ч | биримден(-ен) | үчүңөн (-дөн) | отуз алтысынан |

Эсептик сандар затташып кетип, адамзаттык зат атооч маанисинде болсо, жак категориясы боюнча да өзгөрө берет. Жак мүчөлөр менен эсептик сан атоочтордун өзгөрүшү бирдей эмес. Тактап айтканда, жекелик санда анча өзгөрбөйт да (*үчмүн, бешсиң* деп айтылбайт), көптүк санда эсептик сандар жак боюнча өзгөрүп айтылууга жөндөмдүү болот. Мисалы: *Бир курста кырк алтыбыз. Силер он төртсүңөр.*

Азыркы кыргыз тилинде эсептик сан атоочтордун бардыгы эле бирдей колдонулушка ээ эмес. ***Бир*** деген сан атооч ар кандай кырдаалдарга жараша ар кандай маанилерге эгедер боло берет. Ал төмөндөгүдөй маанилерде колдонулат:

а). Зат атоочтор менен айкашып келип, алардын санын, эсебин билдирет: *Метродо ойлуу бараткан студенттин колтугунда бир китеп бар.*(«Алатоо») *Жаман атка миң камчы, жакшы атка бир камчы.* (Макал)

б). *Бала, киши, күнү* деген сыяктуу сөздөр менен айкашып келип, санды эмес абстракттуулук маанисин билдирет. Мисалы: *Илгери-илгери, бир бала болуптур.* (Жомок) *Бир киши келип кетти.* (Биерде *чоочун бирөө* деген маани айтылып жатат). *Экөөбүз бүгүн бир иш кылабыз* (иштин санын эмес, абстракттуулугун билдирди).

в). Жолу, ирет, мерте деген сыяктуу сөздөр менен айкашып келип, мезгилдик саноо маанилерин билдирет. Мисалы: *Бир жолу аябай ыйлаган окшоймун…* (Т. Сыдыкбеков)

г). ***Бир*** сан атоочунун жатыш жөндөмө формасы кээде мезгилдик маани билдирет. Мисалы: *Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт.* (Макал) *Көздөрү бирде жумулуп, бирде ачылар эле.* (К. Юдахин).

д). Этиш сөздөр менен айкашып келип, абстракттуулук маани берип, кыймыл-аракеттин кыска мөөнөттүүлүгүн билдирет. Мисалы: *Таңдын атканын ошондо бир билдик.* (К. Юдахин). *Чаргын ачуусу менен келип бир тийди. (Т.Сыдыкбеков).*

е). Кээ бир учурларда ***бир*** деген эсептик сандын ордуна *жалгыз, жалкы, жеке, сыңар* деген сөздөр колдонулат. Мисалы: *Жалгыз дарак такой болбойт.* (Макал) *Жеке таз жети тазды ошентип, дагы бир жолу алдады.* (Жомок). *Биринчи төл эгиз болдубу? - Жок, жалкы болду.* («Ала-Тоо»).

*ж).* ***Бир*** деген эсептик сан башка сөздөрдүн, жаңы сөздөрдүн, жасалышына да негиз боло алат:

*га:* бирге (бирге жүрдүк);

*гала (га-ла):* биргелешип иштейли;

*-гээр* (диал.): биргээр-биргээр *(кээ-кээде* деген мааниде);

*-дай:* бирдей (бирдей иштейли);

*-деме:* бирдеме деш керек;

*-дик:* бирдик (Макал: Бирдик болгон жерде тирдик);

*-ер:* бирер минутадан кийин;

*-ык:* бирик (Бириккен Улуттар Уюму);

*-өө:* бирөө (бирөө билбегенди бирөө билет):

*-ын:* бирин: бирин-серин (бул мүчө монгол тилдеринде активдүү колдонулат).

Эсептик сан атооч сөздөр, алардын татаал формаларын эске албаганда, саналуу гана. Бирдик сандардын аталышы тектеш түрк тилдеринин бардыгында бирдей, айрым тилдерде гана тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Азыркы кыргыз тилиндеги аталыштар негизинен байыркы түрк уңгуларын сактайт.

Ондуктар аталышы боюнча тектеш түрк тилдеринин бардыгында бирдей эмес. *Жыйырма, сексен, токсон* деген сан атоочтор гана бардык түрк тилдеринде бирдей аталат. Калган ондуктардын аталышы ар башка. *Отуз* деген ондук тува тилинде гана *үжен (үч+он)* формасына ээ. *Кырк, элүү* болсо, алтай, тува, якут тилдеринде *төртөн (төрт+он), бежен (беш+он)* болуп айтылат. *Алтымыш, жетимиш* ондуктарынын мындай формада айтылышынын ареалы алда канча кең.

Алтайча: *алтан, жетен,* шорчо: *алтон, четтен,* хакасча: *алтон, читон,* тувача: *алдан, чеден,* якутча: *алтаун, сеттеуон.*

Эсептик сандар көптүк санда айтылбайт. Анткени бирден башка сан атоочтордун бардыгы көп экендигин, же өзүлөрүнүн аныкталгычтарынын эсебинин көп экендигин сандык конкреттүүлүк менен билдирет.

Эсептик сан атоочторго көптүк сандын *-лар* мүчөсүнүн жалгана бериши мүмкүн. Бирок мындай учурунда алар көптүк санды эмес, божомол, чамалоо маанилерин билдирет. Мисалы: *Мен көргөндө, Алтынай Сулаймановaнын чачына ак кирип, толмоч тартып, элүүлөргө таяп калган киши экен.* (Ч.Айтматов).

## Иреттик сандар

Иреттик сандарды уюштуруучу атайын грамматтикалык каражаты бар. Ал *-ынчы (-нчы),* байыркы түркчө *-нч* мүчөсү. Бул куранды мүчө бардык эсептик сан атоочторго жалгана берет да,

эсеп же санды билдирген сөзгө, эсептик сан атоочко, катарды, иретти билдирүү манисин ыйгарат.

Ошентип, иреттик сан атоочтор заттын, нерсенин, окуялардын, абстракттуу түшүнүктөрдүн ирет тартибин, катарын билдирип *канчанчы? неченчи?* деген суроолорго жооп берет. Мисалы: *бир - биринчи, эки - экинчи, алты - алтынчы, жыйырма - жыйырманчы, токсон - токсонунчу, үч миң алты жүз сексен - үч миң алты жүз сексенинчи* ж.б.

Иреттик сандар адатта атооч сөздөр менен гана айкашып келет. Мисалы: *Аалы Токомбаев бир миң тогуз жүз төртүнчү жылы туулган. Нази быйыл үчүнчү курста окуйт.*

Кээде этиш сөздөр менен да айкаша берүүсү мүмкүн. Бул учурда кыймыл-аракет процессинин ирети, катары же ошол кыймыл-аракетке субөектинин жетүү катары билдирилет. Мисалы: *«Манас» эпосунун миң жылдыгына арналган тойдогу ат чабышта Кыргызстандын күлүгү биринчи келди.*

Көрүнүп тургандай, айкашкан иреттик сан менен этиш сөздүн ортосуна кандайдыр жардамчы сөздүн (тактап айтканда, жардамчы этиштин) кошулуп айтылышы зарыл болуп турат. Мисалы: *«Манас» эпосунун миң жылдыгына арналган тойдо Кыргызстандын күлүгү супер ат чабышта биринчи болуп келди.*

Сүйлөмдө иреттик сан атоочтор көбүнчө аныктоочтук милдет аткарат. Мисалы: *Касым Тыныстанов отуз жетинчи жылы биринчи августта камакка алынды.* (К.Сактанов). *Биринчи колум - бармагым, кат жазып сага арнадым.* (Фольк.).

Бул белгиси боюнча эсептик сан атоочторго окшош болгону менен алардан сандык идеяны конкреттүү билдиргени жагынан айырмаланат. Эсептик сан атоочтор менен иреттик сан атоочтордун ортосундагы дагы бир жалпылык болуп, кээде бул экөөнүн бири-бирине аныктооч катары кызмат кылуу мүмкүнчүлүктөрү эсептелет. Мисалы: *Мектебибизде эки жетинчи, уч алтынчы жана төрт бешинчи класстар бар. Биринчи беш студент сынакты ийгиликтүү тапшырышты эле, экинчи беш кишинин экөө «кулап» калды.*

Эсептик сан атоочтордой эле ирettик сан атоочтор да заттанышат. Заттык мааниде колдонулгада ээ менен толуктоочтун да милдетин аткара берет. Мисалы: *Биринчилерди лекциядан бошоткула* (биринчи курстун студенттерин деген мааниде). *Төртүнчүлөр келе жатышат, төртүнчүлөр.* (Ж.Бөкөмбаев).

Чыгыш жөндөмөдө айтылган ирettик сан атоочтор кээде сенек формага айланып, сүйлөмдө киринди сөз катары милдет аткарат. Мисалы: *Биринчиден, колуңду жуу, экинчиден, курсагыңды тойгуз, анан сени менен сүйлөшөм.* («Мурас»).

Затташкан ирettик сан атоочтор зат атоочтун категориялары менен өзгөрүүгө жөндөмдүү болушат.

Жакчыл таандык мүчөлөр менен өзгөрөт.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | бир-инчи-м | он алты-нчы-быз |
| 2 | бир-инчи-ң<br>бир-инчи-ңиз | он алты-нчы-ңар<br>он алты-нчы-ңыздар |
| 3 | бир-инчи-си (-лери) | он алты-нчы-сы (-лары) |

Жалпы таандык мүчөнү да кабыл алат: *биринчи - ники, экинчи - ники, он алтынчы - ныкы.*

Жөндөлөр менен өзгөрөт.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | үчүнчү | экинчим | алтынчысы |
| И | үчүнчү- нүн | экинчим-дин | алтынчысы-нын |
| Б | үчүнчү-гө | экинчим-е | алтынчысы-на |
| Т | үчүнчү-нү | экинчим-ди | алтынчысы-н |
| Ж | үчүнчү-дө | экинчим-де | алтынчысы-нда |
| Ч | үчүнчү-дөн | экинчим-ден | алтынчыс ы-нан |

Жак мүчөлөрдү да кабыл алат

| | | |
|---|---|---|
| 1 | биринчи-мин | тогузунчу-буз |
| 2 | биринчи-сиң | тогузунчу-суңар |

| | | |
|---|---|---|
| | биринчи-сиз | тогузунчу-суздар |
| 3 | биринчи (-лер) | тогузунч у (-лар) |

## Жамдама сан

Заттардын, нерселердин сандык касиеттерин, эсептик белгилерин жамдап, бириктире жалпылаштырып көрсөтөт. Кыргыз тилинде жамдама сан атоочторду уюштуруучу грамматикалык каражат *-оо* мүчөсү бар. А.Н.Кононов бул мүчөнүн тарыхый өнүгүшүн *-гун, -гу -ву -ви -в -у -ү* көрүнүшү менен түшүндүрөт[28].

Жамдама сан атооч сөздөрдө ***(бирөөдөн*** башка) сандык маани менен кошо жалпылоо, бириктирүү, көптүк жана заттык (затташуу) маанилери да кошо болот. Мисалы: *Төртөөң төп болсоң, төбөдөгүнү аласың, алтооң ала болсоң, алдыңдагыны алдырасың.* (Макал) *Айла алтоо, акыл жетөө.* (Макал) *Кайда барсаң да казандын кулагы төртөө.* (К. Юдахин) Ошондуктан алар сүйлөмдө эсептик, иреттик сан атоочтордой болуп аныкталгыч менен кошо айтылбайт. Заттык мааниси күчтүүрөөк чыккан учурда, тескерисинче, жамдама сан атоочтордун өзүлөрү аныкталгыч катары кызмат кылып калат. Мисалы: *Алдыда келаткандар дагы эле баягы учөө. Биринчи төртөөң киргиле.*

***Бирөө*** деген жамдама сан атоочто көптүк, биргелешүү маанилери болбойт. Мында айырмалоо, бөлүп көрсөтүү, өзгөчөлөнтүү жана заттык (затташуу) маанилер сандык маани менен бирге жүрөт. Мисалы: *Жанаша бүткөн алмаңдын бирөөнү бер деп жалынсам.* (Барпы) *Бирөө ичерге суу таппай жүрсө, бирөө кечерге кечүү таппай жүрөт.* (Макал).

Көпчүлүк учурларда *бирөө* деген жамдама сан атооч сандык эмес кандайдыр абстракттуу заттык мааниде колдонулат. Мисалы: *«Токтогу-ул», деп жиберди бирөө. «Токтогулдан башка ким сүймөнчүк эки журтка?! Токтогул!»* (Т.Касымбеков) *Эртеси бирөө барып түндө болгон окуяны аскердин бир чоңуна жеткириптир.* (М.Элебаев).

[28] Кононов А.Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников (VII-IX вв.). Л., 1980. 114-б.

*Кимдир бирөө* деген айкалышта айтылып, белгисиз ат атоочтун тутуму катары кызмат кылат (ат атооч бөлүмүн караңыз).

Көптүк сан мүчөсү жалганса абстракттуу заттык мааниси күчөйт. Мисалы: *Бирөөлөр мага окшоп ноопаз бордосо, дагы бирөөлөр ээр чаап, тери ийлеп, шырдак шырып... бу да болсо жардам* (Т.Абдумомунов).

Жамдама сан атоочтор биринчи жана экинчи жактардын жекелик түрү менен өзгөрбөйт. Көптүк сан боюнча да бул эки жакта дайыма эле өзгөрүүлөргө дуушар боло бербейт. Субөектилердин аракеттеринде биргелешүү, субөектилердин өзүлөрүнө бириктирүү маанилери басымдуу болгон учурларда гана өзгөрөт. Мисалы: *Барган сайын Арзымат экөөбүздүн ортобуздагы көз караш жылуу тартат.* (К.Жантөшев). *Жанымда жок Орган кары чоң атам. Жанымда жок Эмрайин өз атам. Жанымда жок Мылгун аке, карасаң. Ал үчөөнүн жайын айтам сурасаң.* (Ч.Айтматов)

Жалпы таандык мүчө менен да жамдама сан атоочтор өзгөрө берет. Мисалы: *Ал экөөнүкүн мага бергиле, менде бересելери бар.* («Алатоо»).

Адабий тилде жамдама сан атоочторго үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганбайт. Аныктоочу ат атоочтон болсо да аныкталгыч - жамдама сан, таандык мүчөсүз колдонулат. Мисалы: *Алардын бешөө тең келген жок.* Бирок, адабий тилде созулма менен берилүүчү жамдама сан атоочтун ордуна дифтонг түрүндө колдонулуучу говордук формаларга үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалгана берет. Мисалы: *Шумкаруя төрүндө Көксулуусу экөөбү үзөңгү кагыша Жеңижок түз эле Субан болуштун үйүнө келип түшүп калды.* (Т.Касымбеков).

Жамдама сан атоочтор заттык маанини ала жүрөт дедик. Ошондуктан алар жөндөлөт. Жөндөлүштө алар таандык жөндөлүш формаларын кабыл алышат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | бирөө | алтоо | үчөөнүкү |
| И | бирөө-нүн | алтоо-нун | үчөөнүкү-нүн |
| Б | бирөө-нө (-гө) | алтоо-но (го) | үчөөнүкү-нө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Т | бирөө-н (нү) | алтоо-н (ну) | үчөөнүкү-н |
| Ж | бирөө-ндө (дө) | алтоо-ндо (до) | үчөөнүкү-ндө |
| Ч | бирөө-нөн (дөн) | алтоо-нон (дон) | үчөөнүкү-нөн |

Кээде *бирөө, экөө* деген жамдама сан атоочтор барыш жөндөмесүндө *-га* болуп да аяктай берет. Мисалы: *Бул китептерди бирөөгө берүүгө болбойт. Экөөгө бирөө бата албайт. Аттууга жөө жете албайт.* (Токтогул). *Бүлөөгө бергис өгөө бар, экөөгө бергис бирөө бар.*

Жамдама сан атоочтор кыргыз тилинде жетөө гана. Башкача айтканда, *-оо* мүчөсү адабий тилде жетиге чейинки гана сандарга жалганат. *Бир - бирөө, эки - экөө, үч - үчөө, төрт - төртөө, беш - бешөө, алты - алтоо, жети - жетөө.*

Кээ бир аймактарда (Ысыккөлдүн түштүк тарабы менен Нарын өрөөнүндө) *сегиз, тогуз, он* сан атоочторуна да жамдама сан атоочтун мүчөсү жалганып айтыла берет: *оноо, сегизөө, тогузоо.*

Синтаксистик кызматы боюнча жамдама сан атоочтор зат атоочторго жакын келет да, сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарат:

Ээнин милдетин аткарат: *«Токтогула», деп үн катты бирөө.*

Баяндоочтун милдетин аткарат: *Кайда барсаң да казандын кулагы төртөө.* (К. Юдахин).

Толуктоочтун милдетин аткарат: *Бегайым экөөңө көптөн-көп салам айтып, өгүзүнүн күчүнө кошуп, бир козу карын май берди.* (К.Жантөшев).

Аныктоочтун милдетин аткарат: */чөөнүн аты биринчилерден болуп аталды.* («Кыргыз Туусу»).

## Топ сан

Бирөңчөй заттарды же нерселерди бөлүп-бөлүп топтоштуруу, чогултуу маанисинде айтылып, алардын так эмес санын билдирген сан атоочтор топ сан деп аталат. Топ сандар чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн эсептик сан атоочторго

жалгануусу аркылуу уюшулат. Ошондуктан аларга сан атоочтун чыгыш жөндөмөдөгү суроосу берилет - *канчадан?* Мисалы: *Залга ондон-ондон болуп, көрүүчүлөр кирип жатты.* («Кыргыз Туусу»). *Эч болбосо экиден эгиз тууйт улагың.* (Токтогул). *Студенттерди беш-бештен ар бир аудиторияга бөлүштүрдүк.*

Заттарды сан жагынан топ-топко бөлүштүрүп, топтоштуруп айтуу эки түрдүү мааниде жүргүзүлөт:

1). Теңештирип, барабар кылып бөлүп топтоштуруу. Мындай учурда топ сандар бир эле эсептик сандын кайталанып, экөөнүн тең чыгыш жөндөмөдө айтылышы аркылуу уюшулат: *үчтөн-үчтөн, ондон-ондон* ж.б. Бир эле сан атоочтун экинчисин чыгыш жөндөмөдө кайталап айтуу аркылуу да тепетең, барабар бөлүштүрүүчү топ сандар уюшулат: *үч-үчтөн, төрт-төрттөн, беш-бештен* ж.б.

2). Чамалап, божомолдоп бөлүп топтоштуруу. Мындай учурда топ сандар эки башка эсептик сандын жупташып, экөөнүн тең чыгыш жөндөмөдө айтылышы аркылуу түзүлөт: *үчтөн-төрттөн отурушту;* жана эки башка эсептик сандын жупташып, экинчисинин чыгыш жөндөмөдө айтылышы аркылуу уюшулат: *он-он бештен, жети-сегизден* ж.б.

Эсептик сандар менен *килограмм, грамм, тонна, литр, метр, миль, километр, чакырым* өндүү өлчөм сөздөр айкашып келип да топ сандар уюшулат. Бул учурда да чыгыш жөндөмөсү лексикалашкан маани жаратат. Мисалы: *Түшүмдү үчөөбүз үч тоннадан бөлүп алдык. Он килодон эмгек алдык дегенге, кубанычка кучагымды толтурдум.* (Фольк).

Топ сандар төмөндөгүдөй жолдор менен жасалат:

- чыгыш жөндөмөсүндө айтылган сан атоочтордон: *экиден, үчтөн, тогуздан, ондон. Сынак тапшырууга төрттөн киргизет дешти. (Ш.Бейшеналиев)*

- бир эле сан атооч сөздүн кайталанып, экинчиси чыгыш жөндөмөсүндө айтылышы менен: *эки-экиден, беш-бештен, он-ондон. Отургандарга үч-үчтөн табак тартылды.*

- сан атооч сөздөргө *литр, метр, грамм, килограмм, тонна, чакырым* өңдүү өлчөм сөздөрүнүн чыгыш жөндөмөсүндө келип кошулуп айтылышы менен: *беш метрден,*

*он тоннадан, сегиз чакырымдан. Жүз метрден эстафета чуркоого төрт бала тандалды.*

Топ сандарда сандык маанилер заттык маанилер менен тыгыз байланышта болот. Ошондуктан алар көбүнчө аныкталгычтарсыз айтылат. Өзгөрүүлөргө дуушар боло бербейт. Сүйлөмдө көбүнчө бышыктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: *Ал быйыл ар бир ириктен алты килограммдан жүн алууга милденттенген.* (А.Убукеев)

## Чамалама сан

Заттардын, нерселердин санын, эсебин, иретин чамалап, божомолдоп так эмес кылып көрсөткөн сан атоочтор чамалама сан атоочтор деп аталат. Мисалы: *Он чакты күндөн бери бир да тамчы тама элек.*

Чамалама сандар көбүнчө аныкталгычтары менен кошо айтылат: Анткени аларда так болбосо да сандык маани басымдуулук кылат: *Жыйырма чакты кой, үч-төрт окуучу; жүзчө каз; отуздай эчки; жүздөн ашуун китеп* ж.б.

Кыргыз тилиндеги чамалама сандардын дээрлик бардыгы туунду уңгулар. Алар морфологиялык ык менен да, синтаксистик ык менен да жасалат.

### ***Морфологиялык жол менен жасалган чамалама сандар***

а). Айрым бир курандылар аркылуу чамалама сан атоочтор жасалат.

-*ча* курандысы эсептик сандарга жалганып, чамалама сан атоочторду уюштурат: *он бешче киши, алтымышча окуучу, кыркча китеп, жүзчө тоок* ж.б.

-*дай* курандысы эсептик сандарга жалганып, чамалама сандарды уюштурат: *жыйырмадай бала, отуздай дарак, элүүдөй жылкы ж.б.* Бул мүчө сан атоочтун аныкталгычы болгон сан-өлчөм сөздөргө да жалганып, чамалама сандарды жасайт: *он сомдой акчам бар эле, төрт киломертдей жол*

*калды, он тоннадай жүк, беш барактай окуду, кырк кадамдай жер* ж.б.

*-даган (-ла+ган)* курандысы да эсептик санга жалганып, божомол маанидеги сан атоочту жасайт: *ондогон дептер алдык, уулум жүздөгөн кишилерди башкарат ж.б.*

*-ын (-ин)* деген курандынын ***бир, эки*** эсептик сан атоочторуна жалганышынан да чамалама сан жасалат. Бул учурда дайыма кош сөз түрүндөгү сан атооч уюшулат: *Айдаган бирин-экин малы да бар.* (М.Элебаев) *Бирин-серин шыбактын башы желге эрбеңдейт.* (К.Баялинов)

*Бирин* деген сан атооч жонөкөй сан формасында келсе, сөзсүз татаал этиш формасынын тутумуна өтүп кетет: *Таң атып, жыядыздар бириндей баштады.* А.Щербак буга топ сан маанисин ыйгарган[29].

б). Кээ бир уланды мүчөлөр менен да чамалама сан атоочтор жасалат. Көптүк санды уюштуруучу *-лар* мүчөсү сан атоочторго жалганса, көптүк маанини билдирбестен божомол, чамалоо маанилерин билдирет. Мисалы: *Ал кечээ түнкү саат он экилерде келди.* («Ала Тоо») *Бабай өзү жетимиштерге келип калган, карылыгы жетсе дагы анчалык күчтөн кала элек чал.* (М.Элебаев).

Мындай чамалама сандар кээде таандык жана жөндөмө мүчөлөрүн да кабыл ала берет: *Ар айдын он бештеринде стипендия тийет.*

в). Жаш куракты билдирип, эсептик санга *жаш* деген сөз көптүк санда келип уланса да чамалоо маанисин билдирет: *алтымыш жаштарда, жыйырма жаштар куракта эле* ж.б.

г). *-лар* мүчөсү иреттик сан атоочтордун мезгил маанисиндеги аныкталгычына жалганып да чамалама санды уюштурат: *отузунчу жылдар, онунчу-он бешинчи кылымдар* ж.б.

## *Синтаксистак жол менен жасалган чамалама сандар*

[29] Щербак А.М. Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков. (Имя). - М.: Наука, 1977. - 155-б.

а). Уңгу түрүндөгү эсептик сандарга *чакты, чамалуу* деген сөздөрдүн кошулуп айтылышы аркылуу жасалат: *он беш чакты студент, эки миң чамалуу китеп* ж.б.

б). Чыгыш жөндөмөсүндөгү эсептик сандар *аз, ашуун, ашык, кем, көп, жакын, ашар-ашпас* деген сөздөр менен айкашып келип, чамалама сандарды уюштурат: *студенттер жүздөн аз, ондон ашуун бала, кырктан ашык китеп, отуздан кем мал, үчтөн көп киши келди, жыйырмадан ашар-ашпас эмгек жазган, кырктан ашык атчан* ж.б.

в). Барыш жөндөмөсүндөгү эсептик сандардын *жакын, жуук, жетпеген, жетер-жетпес* өндүү сөздөр менен айкашып келишинен да чамалама сандар уюшулат. Мисалы: *Отузга жакын эмгек жазган. Алтымышка жуук алма көчөтүн олтургузду. Жүзгө жетпеген студенттер лекция угушту. Жыйырмага жетер-жетпес китеп калды* ж.б.

г). Эсептик сандардын катарлашып кош сөз болуп айтылышы аркылуу чамалама сандар жасалат: Мисалы: *Бамбук бир сутканын ичинде элүү-алтымыш сантиметр өсө алат. Чагылгандын узундугу эки-үч километрге жетет* («Советтик Кыргызстан»).

Мындай жол менен жасалган чамалама сандарда төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр бар:

1. Онго чейинки сандардын катар келүүчүлөрүнүн биринен кийин экинчисинин жупталып айтышышы да божомолду билдирет: *Бир-эки күн күтө турсаңар болмок. Эки-үч сааттан кийин келип калышат. Төрт-беш айда торолуп калат.*

2. Ондон жүзгө чейинки сандарды билгизген сөздөрдөн чамалама санды түзүүдө биринен кийин экинчиси катар (жанаша) келбеген сандар да жупталып айтылат: *Он-он беш гезит колтуктап алыптыр. Жетимиш-сексен вагон тарткан поезд өтуп жатат. Кырк-кырк беш окуучу экскурсияга жөнөп жатат.*

3. *Жүз, миң* деген сөздөр экинчи компонент болуп келген татаал сан атоочтордон чамалама сан уюшулганда алардын биринчи түгөйлөрүнүн катар келиши эле жетиштүү болот: *төрт жүз-беш жүз, үч миң-төрт миң, он миң-он беш миң* ж.б.

д). Чамалама сандар жамдама сан атоочтордон да жасалат. Мындай учурда алардын биринчи түгөйү эсептик сан атоочтун, кээде жамдама сан атоочтун формасында турат: *төрт-бешөө, алты-жетөө, учөө-төртөө, алтоо-жетөө* ж.б.

е). *Сан* деген сөздүн *миң, түмөн* деген сан атоочтор менен айкалышып келишинен да божомол маанидеги сан атоочтор жасалат: *Башым катат, миң-сан ойдон дал болом.* (К. Сабыров). *Сан-миң гүлдүн мекени жаз кайда деп, сапарымды улам карайм кылчактап.* (Т.Байзаков). *Сан-түмөн колу менен хан да кошо келди.* (Фольк.).

***Сан*** деген сөз байыркы бабатилде конкреттүү санды билдирген болуш керек. Элдик оозеки чыгармалардын жана «Манас» эпосунун материалдары ушинтип болжолдоого мүмкүнчүлүк берет:

*Айдын бурчу алты сан,*
*Алты айланып келгенче,*
*Алтымышта атакем*
*Алдан тайып калбайбы*[30].
*Жердин бети жети сан,*
*Желпиништен кайта көр*[31].

Чамалама сан атоочтор заттык мааниге ээ болбосо (затташпаса), сөз өзгөртүүчү грамматикалык каражаттар менен өзгөрбөйт. Бирок кош сөздөр тибиндеги жамдама сан атоочтон жасалса, алардын жөндөлүү мүмкүнчүлүгү сакталат: *Эки-үчөөнү чакырып келишти. Бул сөздү мен да төрт-бешөөнөн уктум.*

## Бөлчөк сан

Бөлчөк сандар бүтүндүн бөлүктөрүнүн санын, эсебин билдирет. Мисалы: *Күндүн энергиясынын алты миллиарддан бир бөлүгү гана жерге жетет.* («Советтик Кыргызстан»). *Он эки төө, он жылкы, тогуз уй, беш эчки, бир жарым койон, үч түлкү, таба албасаң чоң күлкү.* (Табышмак.).

Азыркы кыргыз тилинде бөлчөк сандардын алымы бөлүмүнөн кийин айтылат. Жазууда ошол тартип сакталат: *үчтөн эки, ондон беш, сегизден бир* ж.б.

[30] Къкътъйд\н ашы. - Бишкек, 1994. 20-б.
[31] Ошондо, 29-б.

Алым менен бөлүмдүн тутумдашуусу төмөнкүдөй ыкмаларда ишке ашат:

а). Бөлүм чыгыш жөндөмөдө, алым атооч жөндөмөдө айтылуу аркылуу тутумдашышат: *экиден бир, төрттөн үч, ондон жети* ж.б.

Эгерде аныкталгычты илик жендөмөсүнө келтирип бөлчөк сандан мурда колдонсок, бөлчөк сан затташып кетет да, алымы үчүнчү жакка таандык болуп айтылат: *Студенттердин үчтөн бири жумушка барган жок.* Бул учурда бөлчөк сан атоочтор жөндөлөт.

| | |
|---|---|
| А | (студенттердин) үчтөн бири |
| И | (студенттердин) үчтөн бири -нин |
| Б | (студенттердин) үчтөн бири -не |
| Т | (студенттердин) үчтөн бири -н |
| Ж | (студенттердин) үчтөн бири -нде |
| Ч | (студенттердин) үчтөн бири -нен |

б). Бөлүм илик жөндөмөдө, алым үчүнчү жакка таандык болуп да тутумдашышат: *үчтүн экиси, ондун үчү, миңдин бири* ж.б. Бул учурда бөлчөк сандар заттык мааниге ээ болот да, жөндөлүү мүмкүнчүлүгү жаралып, жөндөмөлөр менен жогорудагыдай өзгөрөт.

Эгерде бөлчөк сан атоочтордон кийин *бөлүгү, үлүшү* деген сөздөр колдонулса, бөлчөк сандар заттык маани туюндуруу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт да, таандык эмес формада айтылат: *Экинин бир бөлүгү, миңдин сегизден бир үлүшү* ж.б.

Кыргыз тилинде бүтүндүн бөлүктөрүн билдирген *жарым, жарты, чейрек* деген сөздөр да бар. Булар эсептик сандар сыяктуу касиетке ээ: *жарым бет, жарты нан, чейрек кылым ж.б.*

## Сан атоочтун жасалышы

Сан атооч сөздөр морфологиялык жол менен дээрлик жасалбайт. Айрым сан атоочтордун түрлөрү (ирettик, жамдама жана чамалама сандар) куранды мүчөлөр менен жасалат. Мисалы,

***-ынчы**: биринчи, алтынчы, онунчу* ж.б.

***-оо**: бирөө, экөө, үчөө, төртөө, бешөө, алтоо, жетөө*

***-ча**: кыркча, алтымышча, жүзчө* ж.б.

***-дай**: ондой, элүүдөй, миңдей* ж.б.

***-даган**: ондогон, жүздөгөн, миңдеген* ж.б.

Булар тууралуу жогоруда тиешелүү бөлүмдердө сөз болду.

Синтаксистик жол менен татаал сан атоочтор жасалат: *үч-үчтөн, жети-сегиз, төрттөн бир* ж.б. Бул жөнүндө да жогоруда, сан атоочтордун түрлөрүндө айтылды. Негизинен сан атооч сөздөр башка сөз түркүмдөрүнөн жасалбайт.

**Суроолор**

1. Сан атоочту башка сөз түркумдөрдөн айырмалап сүйлөп бергиле.
2. Сан атоочтун түрлөрү. Эсептик сандар, алардын байыркы аталыштары.
3. Иреттик сандар, алардын уюшулушу.
4. Жамдама сандарда кандай өзгөчөлүк болот?
5. Тон сандар, алардын уюшулуш жолдору.
6. Чамалама сандар кандай жолдор менен уюшулат?
7. Бөлчөк сандар туюндурган маанилер.
8. Сан атоочтордун жасалышы.
9. Сан атооч сөз түркүмү боюнча чакан чыгарма жазгыла.

# АТ АТООЧ

**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Б., 2003. 98-103-б.
**2. Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997, 129-159-б.
**3. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980, 123-132-б.
**4. Кудайбергенов С.** Кыргыз тилиндеги ат атоочтор. Фрунзе, 1960.
**5. Кыргыз** адабий тилинин грамматикасы. Фрунзе, 1980, 248-273-б.
**6. Кыргыз** тилинин грамматикасы: морфология. Ф., 1964, 149-172-б.
**7. Садыков Т.** Проблемы моделирования тюркской морфологии: аспект порождения киргизской именной словоформы. Фрунзе, 1987.

## Жалпы маалымат

Ат атооч сөздөр башка сөз түркүмдөрүнүн ордуна колдонулат. Булар заттарды, түшүнүктөрдү же заттардын кайсы бир белгилерин атабай туруп, аларды жалпылап көрсөтөт. Ат атооч сөздөрдүн маанилери абстракттуу болот. Алар сүйлөм тизмегинде гана конкреттүү маанилерди билдирет. Мисалы, *Ал базарга барып келди* десек, сөздүн ким жөнүндө болуп жатканы бизге белгисиз, башкача айтканда, *ал* деген сөз кимди билдиргени белгисиз. Ат атоочтун мааниси конкреттүү болгон жок. Ал эми *Жаныбек бүгүн эрте турду. Ал базарга барып келди* десек, сөздүн Жаныбек жөнүндө болгону бизге *ал* деген ат атооч аркылуу белгилүү болуп турат. Жаныбекти кайра-кайра айта бербестен аны *ал* деп, ат атооч менен алмаштырып айттык. Ат атоочтун мааниси биринчи сүйлөм аркылуу конкреттүү болду.

Ат атоочтун өзүнө тиешелүү суроолору жок. Ат атооч сөздөр кайсы сөз түркүмүнүн ордуна колдонулса, кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү болуп айтылса, ошол сөз түркүмүнүн суроосуна жооп бере берет. Мисалы, *Бүгүн кезек Касымга жетти, Касымдын үйү буурул таңды көз жашын көлдөтүп, томсоргон айнегин өчкөн от кылып көргөзүп тосуп алат окшоду. Ал жашаган көчө Карл Маркс атындагы көчө эле, үй номери 53.* (С. Станалиев) Бул жерде *ал* деген ат атооч *Касым* деген зат атоочтун ордуна колдонулду, зат атоочтун *ким?* деген суроосуна жооп берип турат.

Ат атоочтор кайсы сөз түркүмүнүн ордуна колдонулса, шартка жараша ошол сөз түркүмүнүн грамматикалык

категориялары боюнча өзгөрө берет. (Мындай өзгөруүлөр төмөндө ат атоочтун түрлөрүндө келтирилет).

Ат атоочтор башка сөздөрдөн жасалбайт, татаал ат атоочтор гана сөз жасоонун синтаксистик жолу менен жасалышка ээ. Мисалы, *алда кандай, алда не, ар ким, кайсы бир, кандайдыр бир, кимдир бирөө, эч кандай, эч ким, эч нерсе* ж.б.

Ат атоочторду алардын маанилерине жараша бир нече топторго бөлүп карайбыз.

1. Жактама ат атоочтор: *мен, сен, сиз, ал, биз, силер. сиздер, алар.*

2. Шилтеме ат атоочтор: *бул (бу), ушул (ушу), ошол (ошо), тигил (тиги), тетигил (тетиги).*

3. Сурама ат атоочтор: *ким? эмне? кайдан? кандай? кайсы? качан? кана? канча? канчанчы? кайда?* ж.б.

4. Тангыч ат атоочтор: *эч бир, эч кайда, эч кайдан, эч кайсы, эч кандай, эч качан, эч ким, эч нерсе, эчтеме* ж.б.

5. Аныктама ат атоочтор: *ар бир, ар ким, ар нерсе, ар кайсы, ар качан, баары, бардык, бүт, бүткүл, өз* ж.б.

6. Белгисиз ат атоочтор: *алда кайда, алда качан, алда не, бирдеме, бир нерсе, бир нече, кай бир, кайсы бир, кимдир бирөө, эмнегедир* ж.б.

## Жактама ат атоочтор

Жактама ат атоочтор сүйлөөчү, тыңдоочу жана сөзгө катышпаган тараптарды (жактарды) атайт. Башкача айтканда, сүйлөп жаткан тарапты ***биринчи*** жак дейбиз да, ***мен***, көптүк санда ***биз*** деп атайбыз. Анын сөзүн тыңшап жаткан тарапты ***экинчи*** жак дейбиз да, ***сен (сиз)***, көптүк санда ***силер (сиздер)*** деп атайбыз. Ал эми сөзгө катышпаган тарапты ***үчүнчү*** жак дейбиз да, ***ал***, көптүк санда ***алар*** деп атайбыз.

Биринчи жак менен экинчи жак адамга карата гана айтылат. Анткени адам гана сүйлөп, адам гана сөздү тыңшап жоюп берет. Ошондуктан булар адамзаттык зат атоочторду алмаштырып, алардын ордуна колдонулат да, ошого жараша өзгөрүү өзгөчөлүгүнө ээ болот. /чүнчү жак адамзатка карата да,

адамзаттык эмес заттарга карата да айтыла берет. Анткени, сөзгө катышпай сөз болуп жаткан тарап адам да, жаныбарлар да, башка нерселер да боло берет.

**Жактама ат атоочтордун өзгөрүшү.** Ат атоочторду башка сөз түркүмдөрүнүн ордуна колдонулат дедик. Жактама ат атоочтор адатта зат атоочтордун ордуна колдонулгандыктан зат атоочтун грамматикалык категориялары менен өзгөрөт.

***Таандык категориясы*** боюнча бир кылка өзгөбөйт. Себеби булар ошол таандык кыла турган тараптардын өздөрүн атайт. Биринчи жана экинчи жактын ат атоочтору (*мен, сен, сиз, биз, силер, сиздер*) жакчыл таандык болуп өзгөрө бербейт. Бирок, булар да тилдин жандуу жүрүшүндө айрым бир кырдаалдарга ылайык жакчыл таандык мүчөлөрүн кабыл алышы мүмкүн. Мисалы: *Сизиң-бизиң сылык сөз, сен дегениң сенек сөз.* (Макал)

Жакчыл таандык мүчөлөр менен үчүнчү жактын жактама ат атоочу гана өзгөрөт:

*1) аным, анызбыз;*

*2) аның, аныңыз, аныңар, аныңыздар;*

*3) анысы (алары)*

Жалпы таандык мүчө менен жактама ат атоочтордун бардыгы өзгөрөт: *меники, биздики, сеники, сиздики, силердики, сиздердики, аныкы, алардыкы, аныңыздыкы, анысыныкы, аларыңыздыкы* ж. б.

Жактама ат атоочтор ***жөндөмө категориясы*** боюнча да өзгөрөт. Зат атоочтун жөнөкөй жана таандык жөндөлүштөрүнө дал келе бербейт.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| А | *мен* | *сен* | *сиз* | *ал* |
| И | *менин* | *сенин* | *сиздин* | *анын* |
| Б | *мага* | *сага* | *сизге* | *ага* |
| Т | *мени* | *сени* | *сизди* | *аны* |
| Ж | *менде* | *сенде* | *сизде* | *анда* |
| Ч | *менден* | *сенден* | *сизден* | *андан* |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| А | *биз* | *силер* | *сиздер* | *алар* |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| И | *биздин* | *силердин* | *сиздердин* | *алардын* |
| Б | *бизге* | *силерге* | *сиздерге* | *аларга* |
| Т | *бизди* | *силерди* | *сиздерди* | *аларды* |
| Ж | *бизде* | *силерде* | *сиздерде* | *びарда* |
| Ч | *бизден* | *силерден* | *сиздерден* | *алардан* |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| А | *меники* | *сеники* | *аныкы* | *биздики* |
| И | *меникинин* | *сеникинин* | *аныкынын* | *биздикинин* |
| Б | *меникиге(-не)* | *сеникиге(-не)* | *аныкыга(-на)* | *биздикиге(-не)* |
| Т | *меникин* | *сеникин* | *аныкын* | *биздикин* |
| Ж | *меникинде* | *сеникинде* | *аныкында* | *биздикинде* |
| Ч | *меникинен* | *сеникинен* | *аныкынан* | *биздикинен* |

Жактама ат атоочтор ***жак категориясы*** боюнча да бир кылка өзгөрүүгө ээ эмес. Алар өзүнчө турганда ар бир жактын өзүнө гана тиешелүү болуп өзгөрөт: *менмин, сенсиң, сизсиз, ал; бизбиз, силерсиңер, сиздерсиздер, алар.* Ал эми жактама ат атоочтор жалпы таандыкта турганда өздөрүнөн башка жактарга тиешелүү болуп да өзгөрөт: *меникисиң, меникисиз, меники, меникисиңер, меникисиздер, меники; сеникимин, сиздикимин, аныкымын, силердикимин, сиздердикимин, алардыкымын.*

Жактама ат атоочтор ***барыш, жатыш*** жана ***чыгыш*** жөндөмө формаларында туруп деле жак боюнча өзгөрө бериши мүмкүн: *мендесиң, бизденсиңер, магасың, силергемин, силердикиненбиз, биздикиндесиңер* ж.б.

## Шилтеме ат атоочтор

Шилтеме ат атоочтор бирөңчөй заттардын же түшүнүктөрдүн ичинен кайсы бирин жалпылап бөлүп көрсөтөт. Мисалы: *Ошол ар бир мазарга табынуунун ырааты, айтар ниет-тилек сөздөрү жана жол-жобосу болгон.* (К. Жусупов) Шилтеме ат атоочтор төмөнкүлөр: *бул, ушул, ошол, тигил.* Мейкиндик көрүнүшүнө ылайык шилтеме ат атоочтор сүйлөп жаткан кишиге карата жакын же алыс аралык маанилерин да билдирет. Мисалы, *бул (бу), ушул (ушу)* сүйлөөчүгө жакын эле жердеги затка карата, *ошол (ошо)* алардан алысыраак жердеги затка карата, *тигил (тиги)* андан алыс жердеги затка, *тетигил*

*(тетиги)* андан да алыс жердеги затка, *тээтигил (тээтиги)* бир топ эле алыс жердеги затка карата колдонулат.

Шилтеме ат атоочтор өзгөргөн учурда алардын аяккы тыбышы *(л* тыбышы) түшүп калат.

Булар адатта зат атоочторду алмаштыргандыктан, зат атоочтун грамматикалык категориялары менен өзгөрөт.

***Таандык менен өзгөрүшү***

***бул***

| | | |
|---|---|---|
| 1-жак | мунум | мунубуз |
| 2-жак | мунуң, мунуңуз | мунуңар, мунуңуздар |
| 3-жак | мунусу | мунусу (булары) |

***ушул***

| | | |
|---|---|---|
| 1-жак | ушунум | ушунубуз |
| 2-жак | ушунуң, ушунуңуз | ушунуңар, ушунуңуздар |
| 3-жак | ушунусу | ушунусу (ушулары) |

***ошол***

| | | |
|---|---|---|
| 1-жак | ошонум | ошонубуз |
| 2-жак | ошонуң, ошонуңуз | ошонуңар, ошонуңуздар |
| 3-жак | ошонусу | ошонусу (ошолору) |

***тигил***

| | | |
|---|---|---|
| 1-жак | тигиним | тигинибиз |
| 2-жак | тигиниң, тигиниңиз | тигиниңер, тигиниңиздер |
| 3-жак | тигиниси | тигиниси (тигилери) |

Шилтеме ат атоочтордун бардыгынын жалпы таандык мүчө менен өзгөрүшү бир кылка жүрөт: *мунуку, мунусунуку, ушунуку, ошонуңдуку, тигиниңиздики, тигилердики, тээтигиники* ж.б.

***Жөндөмөлөр менен өзгөрүшү***

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| А | *бул* | *ушул* | *ошол* | *тигил* | *ушунуку* |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| И | *мунун* | *ушунун* | *ошонун* | *тигинин* | *ушунукунун* |
| Б | *буга* | *ушуга* | *ошого* | *тигиге* | *ушунукуга (-на)* |
| Т | *муну* | *ушуну* | *ошону* | *тигини* | *ушунукун* |
| Ж | *мында* | *ушунда* | *ошондо* | *тигинде* | *ушунукунда* |
| Ч | *мындан* | *ушундан* | *ошондон* | *тигинден* | *ушунукунан* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | *мунум* | *ушунуң* | *тигиниси* |
| И | *мунумдун* | *ушунуңдун* | *тигинисинин* |
| Б | *мунума* | *ушунуңа* | *тигинисине* |
| Т | *мунумду* | *ушунуңду* | *тигинисин* |
| Ж | *мунумда* | *ушунуңда* | *тигинисинде* |
| Ч | *мунумдан* | *ушунуңдан* | *тигинисинен* |

***Жак мүчөлөрү*** менен да өзгөрүү өзгөчөлүгүнө ээ. Бул учурда шилтеме ат атоочтордун аяккы ***л*** тыбышы сакталат. Мисалы: *ошолмун, ошолсуң, ошолсуз, ошол; ошолбуз, ошолсуңар, ошолсуздар, ошолор (ошол), булмун, тигилмин* ж.б. Шилтеме ат атоочтордун өзгөргөн мындай формалары тилде өтө эле сейрек колдонулат.

## Сурама ат атоочтор

Белгисиз заттардын же башка түшүнүктөрдүн атын атап билүү максатында аларды аныктоо үчүн колдонулган ат атоочтор сурама ат атоочтор деп аталат. Аталышы эле айтып тургандай булар дайыма суроо салат. Көбүнчө суроолуу сүйлөмдөрдү уюштурат. Мисалы: *Кайсы сөз бүткүл бойдон жоон, кайсы сөз ичке угулат?* (К.Тыныстанов) Сурама ат атоочтор булар: *ким? эмне? канча? нече? кайсы? качан? кайда?* ж.б.

Сурама ат атоочторду алар жоопту талап кылган маанилерге карата өзүнчө топторго бөлсөк болот.

1. Жооп катары зат атоочторду талап кылган сурама ат атоочтор: *ким? эмне?* Жана булардын өзгөргөн бардык формалары.

2. Жооп катары сын атоочторду талап кылган сурама ат атоочтор: *кандай? кайсы?*

3. Жооп катары сан атоочторду талап кылган сурама ат атоочтор: *канча? нече? канчанчы? неченчи? канчоо? нечөө?*

4. Жооп катары тактоочторду талап кылган сурама ат атоочтор: *кайда? кайдан? качан? кана?*

5. Жооп катары этиш сөздөрдү талап кылган сурама ат атоочтор: *эмне кылып жатат? эмне болду? эмне кылат?* ж.б.

Сурама ат атоочтордун өзгөрүшү да мына ушул топторго ылайык жооп болуп түшө турган сөздөрдүн өзгөрүү өзгөчөлүгүнө жараша жүрөт. Контексттеги маанилерине байланыштуу алар суроо маанисин туюндурбай да калышат. Мисалы: *Качан келгени билинбей алдыңкы катарге отуруп калыптыр.* («Эркин Тоо») *Сугат, отоо, апийимди суюлтуу. Кандай сонун, кандай кызык чөп чабык.* (А.0смонов) *Ким иштебесе, ал тиштебейт.* (Макал)

## Аныктама ат атоочтор

Аныктама ат атоочтор бирөнчөй заттарды, түшүнүктөрдү жалпылап бир топко бириктирип же топтон жалгыздатып бөлүп көрсөткөн сөздөр болуп эсептелет. Аныктама ат атоочтор берген маанилерине жараша үч топко бөлүнөт: **жалпылагыч, жиктегич** жана **өздүк** аныктама ат атоочтор.

***1. Жалпылагыч*** аныктама ат атоочтор заттарды, башка бир түшүнүктөрдү кандайдыр топко бириктирип же кошуп жалпылап көрсөтөт. Мисалы: *Кептин баары ошо кол жазмаларда болуп жатат.* (С.Станалиев) Жалпылагыч аныктама ат атоочтор булар: *баары, бардыгы, бардык, бүт, бүткүл, бүтүн, бүт баары.*

Булардын айрымдары гана таандык болуп өзгөрөт: *бардыгыңар, баарыбыз; бардыгыныкы* ж.б. Жөндөмөлөр менен да айрымдары гана өзгөрөт: *баары, баарынын, баарына, баарын, баарында, баарынан.*

***2. Жиктегич*** аныктама ат атоочтор заттарды же башка түшунүктөрдү тобунан ажыратып, бөлүп көрсөтөт. Мисалы: *Бир күнү малдардын ортосунда талаш чыкты, ар бир мал өзүнүн адамга керектүүлүгүн айтты.* (К.Тыныстанов) Жиктегич аныктама ат атоочтор булар: *ар ким, ар кайсы, ар бир, ар кандай, ар нерсе.*

Булар таандык болуп да *(ар кимим, ар кайсың, ар барибиз, ар кандайы, ар кимдики* ж.б.), жөндөмө мүчөлөру менен да *(ар кайсынын, ар кайсыга, ар кайсыны, ар кайсыда, ар кайсыдан* ж.б.) өзгөрө берет.

**3. Өздүк** аныктама ат атооч затты (көбүнчө сүйлөп жаткан тарапты) башкалардан бөлүп көрсөтөт. Мисалы: *Өзүн өзү тилдеп, өзүн өзү жемелеп жиберди.* (С.Станалиев) Өздүк аныктама ат атооч бирөө эле: *өз.*

Бул сөз таандык болуп да *(өзөм, өзүң, өзүңүз, өзү, өзүңдүкү, өзүбүз, өзүңөрдүкү* ж.б.*),* жөндөмөлөргө түшүп да *(өзүңдүн, өзүңө, өзүңдү, өзүңдө, өзүңдөн* ж.б.*),* айрым жактар боюнча өзгөрүп да *(өзүммүн, өзүңсүң, өзүңөрсүңөр, өзүңүзсүз* ж.б.*)* айтыла берет.

## Белгисиз ат атоочтор

Ар кандай заттардын, түшүнүктөрдүн жана алардын мейкиндик-мезгилдик же кайсы бир башка касиеттеринин белгисиз экенин билгизген ат атоочтор белгисиз ат атоочтор деп аталат. Мисалы: *Эми эмнегедир кытай жөнүндө көп сүйлөөчү болуп баратат.* (С.Станалиев) Белгисиз ат атоочтор булар: *алда канча, алда кандай, алда ким, алда не, эмнегедир, эмненидир кимдир бирөө, кандайдыр бир, бир нерсе, бирдеме, бир нече* ж.б.

Белгисиз ат атоочтор маанилери боюнча бири-биринен айырмаланган өзүнчө топтордон турат.

***1. Заттык касиеттин, белгилердин белгисиздигин билдирген ат атоочтор:*** *кимдир бирөө, бир нерсе, бирдеме, алда ким, алда не* ж.б. Булар зат атоочтун грамматикалык категориялары менен өзгөрө берет: *бир нерсем, бирдемең, бир нечебиз; кимдир бирөөнүн, кимдир бирөөгө, кимдир бирөөнү, кимдир бирөөдө, кимдир бирөөдөн, кимдир бирөөлөр* ж.б. Мисалы: *Бул райондо биз барардан бир нече күн мурун немецтер болгон.* (Ж.Бөкөнбаев) *Кимдир-бирөө кулагына шыбырап жаткандай.* (С.Станалиев)

***2. Касиет, сын-сыпат белгилердин белгисиздигин же болжолдуулугун билдирген ат атоочтор:*** *кандайдыр бир,*

*кайсы бир, алда кандай* ж.б. Булар жөндөмөлөрдө өзгөрбөйт, айрымдары таандык болуп айтылышка ээ: *кандайдыр бири, кайсы бирибиз, кай бириңер* ж.б. Мисалы: *Кайсы бир жылы кар калың түшкөн эле.* (М.Элебаев)

***3. Сан-өлчөм белгилердин белгисиздигин же болжолдуулугун билдирген ат атоочтор:*** *бир нече, бир канча, алда канча* ж.б. Мисалы: *Акыр заман болгуча алда канча кылым өтөр, чочуба.* (А.Токомбаев) *Мүрзөнүн жанында туруп, көзүмдөн жаш тегеренип, көңүлүм алда нече бөлүндү.* (Ж.Бөкөнбаев)

Мындай ат атоочтор стилдик максатта гана жөндөмө мүчөлөрү менен өзгөрө бериши мүмкүн.

## Таңгыч ат атоочтор

Айтыла турган заттын, мезгилдин, касиеттин, орундун жок экендигин же ойго тескери келген маанини билдирген ат атоочтор таңгыч ат атоочтор деп аталат. Мисалы: – *Чырпыктыда ким орусча окуткан? –Эч ким.* (С.Станалиев) Таңгыч ат атоочтор булар: *эч качан, эч ким, эч нерсе, эчтеме, эч бир, эч кандай* .ж.б.

Таңгыч ат атоочторду да маанилерине жараша топторго бөлүп көрсөтсөк болот.

Кандайдыр заттын же заттык түшүнүктөрдүн жок экендигин, сөзгө катышпагандыгын билгизген ат атоочтор: *эчтеме, эч нерсе, эч ким.* Мисалы: *Ошончо айтылган сөз эчтемеге арзыган жок.* (М.Элебаев) *Эч кандай табып анын оорусуна дары таба албады.* (А.Токомбаев)

Таңгыч ат атоочтор зат атоочтун бардык категориялары менен өзгөрө берет: *эчтемем, эчтемең, эчтемеңиз, эчтемеси, эчтемебиз, эчтемеңер, эчтемеңиздер; эчтеменин, эчтемеге, эчтемени, эчтемеде, эчтемеден; эч кимсиң* ж.б.

Кандайдыр сапаттык белгилерди, түшүнүктөрдү жок кылып, танып көрсөткөн ат атоочтор: *эч кандай, эч кайсы.* Булар жөндөмө категориясы боюнча өзгөрөт: *эч кайсынын, эч*

*кайсыга, эч кайсыны, эч кайсыда* ж.б. Мисалы: *Эч кандай тартип бузуулар болгон жок.*

Мейкиндик жана мезгилдик түшүнүктөрдү танып көрсөткөн ат атоочтор: *эч качан, эч кайда, эч кайдан.* Булар зат атоочтун грамматикалык категориялары менен өзгөрбөйт. Мисалы: *Бирин-бири «сүйлөсө экен» деп күтүшчү жана бир биринин сөзүнө эч качан тоюшчу эмес.* (А.Токомбаев)

**Суроолор**

1. Атооч сөз түркүмдөрү кайсылар?
2. Ат атооч деп эмнени айтабыз?
3. Башка сөз түркүмдөрүнөн ат атооч эмнеси менен айырмаланат?
4. Ат атоочтор кандай суроолорго жооп берет?
5. Ат атоочтордун эмне деген түрлөрү бар?
6. Ат атоочтордун өзгөрүш өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле.
7. Ат атооч сөз түркүмү тууралуу кыскача чыгарма жазгыла.

# ЭТИШ

**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Б., 2003. 104-150-б.

**2. Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997. 160-227-б.

**3. Абдулдаев Э., Давлетов С.** ж.б. Кыргыз тили. Ф., 1986. 173-196-б.

**4. Грамматика** киргизского чзыка. Ч. 1. Фонетика и морфология. Фрунзе, 1987.

**5. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 132-176-б.

**6. Давлетов С., Мукамбаев Ж., Турусбеков С.** Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бөлүм. Педагогикалык окуу жайлары үчүн. Фрунзе, 1982.

**7. Кудайбергенов С.** Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү системасы. Фрунзе, 1957.

**8. Кудайбергенов С.** Кыргыз тилиндеги ыңгай категориясы. Труды ИЯЛ АН Кирг.ССР. Вып. 9. Фрунзе, 1957. 101-137-б.

**9. Кудайбергенов С.** Кыргыз тилиндеги мамиле категориясы. Ф., 1959.

**10. Кудайбергенов С.** Кыргыз тилиндеги этишти жасоочу кээ бир мүчөлөр. Фрунзе, 1966.

**11. Кыргыз** адабий тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 286-421-б.

**12. Кыргыз тилинин** грамматикасы: морфология. Ф., 1964. 186-263-б.

**13. Орузбаева Б.Ө.** Глагол как часть речи в киргизском языке. Труды ИЯЛИ АН Кирг. ССР, 1965.

**14. Турсунов А.** Кыргыз тилиндеги этиштин келер чагы менен учур чагы. Фрунзе, 1959.

## Жалпы маалымат

**Заттардын кыймыл-аракетин, бейпилдик абалын жана акыл-ойдогу аракеттерди билдирген сөздөрдү этиш сөздөр деп айтабыз.** Этиштер *эмне кылып жатат? эмне кылды? эмне кылат?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

*Этиш* термини *эт-* деген сөздөн келип чыккан. Ал «иште-», «кыл-», «аткар-» деген сыяктуу маанилерди билдирет. Бул байыркы учурларда активдүү колдонулуп, азыркы кыргыз тилинде өз алдынча дээрлик колдонулбайт да, *кабыл эт-, сабыр эт-, кыймыл эт-, былк эт-, солк эт-* өндүү татаал этиштердин тутумунда гана айтылат. Башка тилдерден өздөштүрүлүп уюшулган зтиштик татаал формалар менен оозеки кебибизде колдонулуп калат: *звонить эт-, встречать эт-, оформить эт-* ж.б.

Кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүнүн ичинде этиш сөз түркүмү өзгөчө орунда турат. Анткени, биринчиден, этиштер тилдеги сөздүк кордун салыштырмалуу көпчүлүк бөлүгүн түзөт. Экинчиден, этиш сөздөрдүн башка сөз түркүмүнө өтүп кетүүсү өтө сейрек учурайт. Алар тилдеги туруктуу лексика-грамматикалык топту түзөт. Башка тилдерден этиш сөздөрдүн ооп келиши, башкача айтканда, кабыл алынышы да жокко эсе. /чүнчүдөн, этиш сөздөрдүн грамматикалык түзүлүшү өтө татаал, анын грамматикалык категориялары да өздөштүрүүгө бир топ оор.

Этиштер **ыңгай, мамиле, жак, чак, сан** категориялары боюнча өзгөрөт, оң жана терс маанилерди туюндуруп айтылыш формаларына да ээ. Кыймыл-аракеттин субөектиге карата өтмө же өтпөс (булар тууралуу ылдыйда өзүнчө сөз болот) болуп келиши да этиштердин тутумдук түзүлүшүнө байланыштуу. Анткени, жаратылыштагы жандуу жана жансыз заттардын мейкиндик чегиндеги кыймылы жана ал кыймылдын мезгилдик алкагы чексиз. Демек этиш сөздөр өтө ар түрдүү кыймыл-аракеттерди, өтө ар түрдүү бейпилдик абалдарды, акыл-ойдогу өтө ар түрдүү кыймыл көрүнүштөрүн, кыймыл-аракеттердин ар башка убакыт бирдигинде, ар кайсы мезгилдерде жүрүп турганын билдирет.

Кыргыз тилинде гана эмес, жалпы эле түрк тилдеринде этиш сөздөрдүн баштапкы формасы жөнүндөгү маселе тактала элек деп эсептейбиз. Көпчүлүк түрк тилдеринде, анын ичинен кыргыз тилинде да, баштапкы форма катары жекелик сандагы экинчи жакты билдирген буйрук ыңгай негиздери (уңгулары) кабыл алынган. Алсак: *бас-, же-, сүйлө-, байка-, камчыла-, ташырка-, моймолжу-, тамылжы-, күлүмсүрө-* деген сыяктуу сөздөр ушул турушунда эле этиштик негиз (уңгу) катары карала берет. Азыркы кыргыз тилинде уңгу этиштер менен туунду этиштер дайыма буюруу, талап кылуу маанилери менен келет. Ошондон улам сөздүктөрдүн реестринде да ушундай турпатта колдонулат.

Ал эми түрк тилдеринин бир тобунда этиш сөздөрдүн баштапкы формасы катары *-мак* (мисалы: өзб. *йиғмоқ, ялинмоқ;* уйг. *қайтмақ;* азерб. *нурланмағ;* түркчө *йазмак, гелмек*) мүчөсү менен аяктаган туунду формалар колдонулат. Кыргыз тилинде болсо, *-мак* мүчөсү кыймыл атоочтун көрсөткүчү катары кызмат кылат: *Кел демек бар, кет демек жок.* (Макал).

Түрк тилдериндеги бири-бирине дал келбеген мындай көрүнүштөрдүн агглютинация тилдеринин ички табиятына ылайык чечилиши азырынча келечектин иши катары түркологияда ачык бойдон калып келет.

Бул китепке биз К.К. Юдахин түзгөн «Кыргызча-орусча сөздүк»[32] менен Б.М. Юнусалиевдин[33] лексикологиясындагы жазылыштарды негиз кылып алып, этиш унгулардын (негиздердин) аягына дефис белгисин коюп жаздык.

Этиш сөз түркүмү башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат.

1. Маанилик жактан негизинен кыймыл-аракетти, бейпилдик абалды билгизет.

2. Өзүнө гана тиешелүү болгон грамматикалык категориялары (*ыңгай, мамиле, чак* жана *жак*) бар.

---

[32] Кыргызча-орусча създ\к. Т\згън К.К.Юдахин. М., 1965.

[33] Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. Ч. 1. Развитие корневых слов. Фрунзе, 1959.

3. Өзүнө гана тиешелүү курандылары бар. Алар этиштерди гана жасайт: ***-ла:*** *камчыла-, сүйлө-, ойло-, тордо-, табышта-;* ***-дан:*** *каардан-, ардан-, кубаттан-;* ***-а:*** *сына-, күчө-, сана-;* ***-ай:*** *азай-, көбөй-, чоңой-* ж.б.

4. Синтаксистик жактан негизинен баяндоочтун милдетин аткарат. Мисалы: *Ал бала чагынан эле кыштак турмушуна көнгөн.* (Б.Усубалиев) *Жигит ээнсирей түшкөн үй ичии бир сыйра кыдырата карады.* (А.Муратов).

5. Сүйлөм тизмегинде адатта акыркы (экинчи) орунда турат. Кээ бир стилдик максаттарда айтылганда жана поэзияда сүйлөмдүн башына да келе бериши мүмкүн.

## Жөнөкөй жана татаал этиштер

Кыргыз тилинде этиш сөздөр түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал этиштер болуп экиге бөлүнөт.

Жөнөкөй этиш сөздөр бир гана уңгудан турат: *бас-, тур-, отур-, сүйлө-, аткар-, учкаш-, бекин-, ойгон-, кыймылда-, уйкусура-, мыкчы-, жөлөн-* ж.б. Жөнөкөй этиштер түзүлүшү боюнча уңгу сөздөрдөн *(ич-, айт-, бас-, ук-* ж.б.*)* жана курандылар аркылуу жасалган туунду сөздөрдөн *(камчыла-, сүйлө-, этсире-, каардан-, камын-* ж.б.*)* турат.

Татаал этиш сөздөр эки же андан көп уңгудан туруп, бир гана кыймыл-аракетти же ал-абалды билдирет: *тосуп чык-, ойлоп тап-, чаап ташта-, коштоп жүр-, баш бак-, кол кой-, алдан тай-, тарс эт-, тартып бара жат-* ж.б.

Татаал этиштердин грамматикалык маанилерин анын тутумундагы көмөкчү (жардамчы) этиштер уюштурат. Алар дайыма татаал этиштин экинчи түгөйү болуп түшөт. Ал эми биринчи түгөй болуп негизги этиштер, атооч сөздөр же тууранды сөздөр кызмат кылат (бул маселени ылдыйдан караңыз).

Сүйлөмдө татаал этиштер да жөнөкөй этиштердей эле кызмат аткарат, башкача айтканда, эки же андан көп сөздөн турганына карабастан сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат. Мисалы: *Элге бат алынып кетти, кыргыз топурагын*

*баскан биринчи профессор дешип аны урматтай башташты.* (С. Станалиев)

Ээлеген орун тартиби боюнча негизги этиш биринчи, жардамчы этиш дайыма экинчи (арткы) болуп келет.

Түрк тилдериндеги татаал этиштер маселеси окумуштуулар арасында олку-солкулуктарды туудуруп келет. Кыргыз тилинде деле бул маселе бир жактуу чечилишке ээ боло элек. С. Кудайбергенов этиштердин синтаксистик жол менен жасалышын бир топ кеңири баяндап, «атоочтук уңгулуу татаал этиштерге» жана «этиштик уңгулуу татаал этиштерге» ажыратат[34]. Ал эми С.А.Давлетов болсо, «этиштин аналитикалык формалары жана аналитикалык форманттар» деп өзгөчө бөлүп сүрөттөп жазат да[35], этиштин «синтаксистик жол менен жасалышын» баяндап келип, «...бир катар окумуштуулар тарабынан *этиштин аналитикалык формалары* катары каралган фактылар экинчи бир окумуштуулар тарабынан *татаал этиш* катары, же анын тескерисинче каралып келе жатат. Демек, татаал этиш менен аналитикалык формадагы этиштер жөнүндөгү маселе али такталып чечиле элек»[36] деп айтат.

Кыргыз тилиндеги этиштин мындай айтылыштарын лексикалык маанилер алкагынан караганыбызда алар татаал этиштик маанилерди берет. Алсак, *жыгылды, жыгылып кетти, жыгылып кете жаздады* деген үч түрдүү айтылыштын үчөө тең бирдей эле **чак, жак, сан** формаларында айтылганы **(жекелик сан, үчүнчү жак, айкын өткөн чак)** менен ар башка мазмундагы кыймыл-аракетти билдирип турат. С.Кудайбергеновдун «лексикалашкан татаал этиштер» деп айтканынын жөнү бар. Чынында «аналитикалык» деген терминдин өзү деле «тутумунда бири-бири менен ширелишпеген, бирок, маанилик жактан ажырашкыс түгөйлөрү бар» деген маанини туюндурат.

---

[34] Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 140-152-б.

[35] Абдулдаев Э., Давлетов С. ж.б. Кыргыз тили. Пединституттардын педагогикалык факультеттери \ч\н окуу китеби. Фрунзе, 1986. 176-178-б.

[36] Абдулдаев Э., Давлетов С. ж.б. Кыргыз тили, 208-б.

Ошентип, биз *этиштин аналитикалык формаларын* татаал этиштер катары талдап сунуш кылдык. Албетте этиш сөз түркүмүнүн татаал формалары грамматикада өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ. Анткени, этиш сөздөр атооч сөздөрдөн абстракттуулук жагынан бир топ айырмаланат. Атооч сөздөргө конкреттүүлүк мүнөздүү. Ат атооч сөздөр гана - өз алдынча турганда абстракттуу сөздөр. Бирок алар деле жандуу тилде дайыма өздөрү алмаштырган атооч сөздөргө текст маанисинде байланыша келип, конкреттүүлүк маанилерди ала жүрүп колдонулат.

Этиштер болсо - кыймыл-аракет, ал-абал сөздөр. Ал эми кыймыл-аракет менен ал-абалды биз эч убакта көрбөйбүз, ошол кыймыл-аракетти же кандайдыр бейпилдик абалды заттардын тулку-турпатынан гана туюп билебиз. Ошондуктан, кыймыл-аракеттин же бейпилдик абалдын кыска мөөнөттө же узак убакытта болгондугун туюндурууда колдонулган сөздөрдө өзгөчөлүк болбой койбойт.

**Эскертүү:** Китепке *татаал этиштер* деп жазганыбыз менен, бул маселени бир жаңсыл чечилди деген пикирде эмеспиз. Кыргыз тилиндеги татаал этиштер атайын лингвистикалык терең иликтөө жүргүзүүнүн обөектиси боюнча калып келе жатат.

## Негизги жана жардамчы этиштер

Татаал этиштер адатта эки же андан көп түгөйлөрдөн туруп, кыймыл-аракеттик маани ар дайым биринчисине, **негизги** этишке таандык болот. Акыркы түгөй болуп келген этиш сөздүн өзүнүн нукура лексикалык мааниси солгундап, көпчүлүк учурда биротоло жоголуп да кетет. Ошондуктан буларды **жардамчы** (көмөкчү) этиштер дейбиз. Жардамчы (көмөкчү) этиштер негизги этиштердин маанисине тактык, кандайдыр толуктоо алып келет да, ар кандай грамматикалык маанилерди туюндурууга жардам берет: *тура* ***тур,*** *келе* ***жатат,*** *сүйлөй* ***бериңиз,*** *уктап* ***кетти*** ж.б.

**Ошентип, татаал этиштин тутумундагы нукура этиштик маанини толук сактап турган сөз негизги, ал эми этиштик мааниси солгундап же биротоло жоголуп, негизги**

**этиштин маанисине толуктоо алып келген сөз жардамчы этиш деп аталат.**

Демек, жогоруда айтылгандай, негизги этиштерде лексикалык маани толук сакталат, жардамчы этиште жоголуп кетет, же солгундап калат да грамматикалык кошумча маанилер пайда болот. Негизги этиштер дээрлик өзгөрбөстөн кала берет. Ал эми ар түрдүү этиштик категориялар боюнча өзгөрүүлөргө жардамчы этиштер гана дуушар болот. Мисалы: *Бир күнү айылдагы адамдар Жакшылык ырчынын ырын угуу үчүн келип жатышты.* (С.Каралаев) Бул жерде *келип жатышты* деген татаал этиштин тутумундагы сөздөрдүн биринчиси - негизги этиш, экинчиси - жардамчы этиш. Жакшылык ырчынын ырын угуу үчүн элдин келгендиги тууралуу кыймыл аракетти ошол татаал этиштин биринчиси *(келип)* аткарды. Бул сөз өзүнүн кыймыл-аракеттик (этиштик) маанисинде турат, ошондуктан ал - негизги этиш. Ал эми экинчиси *(жатышты)* болсо, өзүнүн кыймыл-аракеттик (этиштик) маанисин сактаган жок. Ал негизги этиштин *(келип)* көптүк сандагы үчүнчү жак жана өткөн-учур чак маанилерин билдирүү менен гана чектелди. Ошондуктан ал - жардамчы (көмөкчү) этиш.

Кыргыз тилинде негизги этиштер ар дайым чакчыл формасында болот: *Киноаппарат лентаны бир калыбында имерип, согуш өз алдынча күчөй берди.* (Ч.Айтматов) *Ана, жаңыдан келген Эдил бапкесинен күндөлүгүн сууруп чыкты.* (О.Айтымбетов).

## Татаал этиштердин түрлөрү

Кыргыз тилиндеги татаал этиштер тутумундагы сөздөрдүн мүнөзүнө жараша үч топко бөлүнөт.

***1. Этиш түгөйлүү (чакчыл түгөйлүү) татаал этиштер.*** Түгөйлөрүнүн бардыгы этиш сөздөрдөн турган татаал этиштер этиш түгөйлүү татаал этиштер болот. Мындай этиштердин ар дайым биринчи түгөйү чакчыл формада айтылып, негизги кыймыл-аракетти билдирет. Ал эми экинчи

түгөйү анын грамматикалык маанилерине толуктоо киргизип, жардамчы (көмөкчү) этиш болот.

Мисалы: - *Ана, атаң келатат! - Чал жолдун алдын* ***көрсөтө берди.*** (О.Айтымбетов) *Денеси өтө күчтүү чыңалууда болсо да, Адиленттин кайсыл бир ички сезимдери тымызын* ***апкаарып жатты.*** (К.Акматов) *Кишинин башын оорутпай* ***кете бергиле.*** (Ж.Турус-беков).

/ч же андан көп түгөйлөрдөн турган татаал этиштер да болот: *тартып бара жатат, жакшырып келе жатат, токтоп туруп калды, байкап келе жатабыз, карап кала берди* ж.б.

Бул учурда да этиштик грамматикалык маанилер акыркы түгөй аркылуу ишке ашат. Калган эки түгөй чакчыл формаларда айтылып, биринчиси сүйлөмдө аткарылуучу кыймыл-аракеттин өзүн, экинчиси ошол кыймыл-аркеттин улана беришин же узактыгын билдирет.

Мисалы: *Көзүнө эч персе көрүнбөй жүрөгү* ***алып уча баштады.*** (К.Жантөшев).

***2. Атооч түгөйлүү татаал этиштер.*** Мында биринчи түгөй болуп атооч сөздөр келет: *ашык бол-, киши бол-, кол кой-, бир кой-, баш бак-* ж.б.

Атооч түгөйлүү татаал этиштерди түгөй болуп келген атооч сөздөрдүн кайсы жөндөмөдө турганына жараша топторго бөлсөк болот.

1) Атооч түгөйү атооч жөндөмөдө келген татаал этиштер: *киши бол-, арача бол-, ашык бол-, көз сал-, эн сал-, бир сал-, тил ал-, байыр ал-, ат кой-* (атты чаптыр), *ат кой-* (балага *ат кой*), *сүр бас-, тер бас-, жол чал-, телефон чал-, үн де- (үндө-* болуп биригип кеткен), *каршы чык-, убада бер-, ал жет-, күч жет-, казан ас-, байге сай-* ж.б.

2. Атооч түгөйү барыш жөндөмөдө келген татаал этиштер: *ишке сал-, калыпка сал-, жөнгө сал-, добушка сал-, кайгыга сал-, башка сал-, эпке кел-, уятка кал-, четке как-, добушка кой-, изине түш-, жоопко тарт-* ж.б.

3. Атооч түгөйү табыш жөндөмөдө келген татаал этиштер: *ачууну жаз-, жарпты жаз-, башты жаз-, жоопту бер-, сабатсыздыкты жой-, экини жой-, карызды жой-* ж.б.

4. Атооч түгөйү жатыш жөндөмөдө келген татаал этиштер: *бейпилде жат-, өкүттө кал-* ж.б.

5. Атооч түгөйү чыгыш жөндөмөдө келген татаал этиштер: *өтөсүнөн чык-, үстүнөн чык-, анттан тай-, тилден кал-, жандан кеч-* ж.б.

***3. Тууранды сөз түгөйлүү татаал этиштер.*** Биринчи түгөйү табыш тууранды же элестүү сөздөрдөн турган татаал этиштер да бар: *тырп эт-, күп эт-, үрп эт-, жарк эт-, заңк эт-, жарк-журк эт-, солк эт-, мыңк эт-, тарс эт-, чырм эт-, болк эт-, ар эт-, быш эт-, быш де-, кыш де-, чү де-, кош де-, кың де-, күңк де-, кылт эт-, чү кой-, дыр кой-, жылт кой-, чөк түш-, бүк түш-* ж.б. Келтирилген мисалдарда биринчи түгөйлөрү тууранды сөздөр, экинчи түгөйлөрү жардамчы этиштер болуп татаал этиштер уюшулду.

## Этиш сөздөрдүн маанилик топтору

Этиш сөздөр жалпысынан кыймыл-аракеттик, ал-абалдык маанилерди билдирген менен, чынында алар жалпы грамматикалык маанилик жактан бирдей боло бербейт. Айрымдары кыймыл-аракетти дана билдирип турса, айрымдарында кыймыл-аракет билине бербейт. Ошентип, кыргыз тилиндеги этиштердин өздөрү ич ара төмөнкүдөй бир нече маанилик топторго ажырайт:

**- кыймыл этиштер;**
**- абал этиштер;**
**- өзгөрүм этиштер;**
**- сезим этиштер.**

***Кыймыл этиштер.***

Кыймыл этиштер кыймыл-аракетти ачык билдирет. Булар кыймыл-аракетти аткаруучу субөект менен кыймылга кириптер болгон обөектилердин катышына карата андан ары дагы бөлүнөт:

а). Субөектинин кыймылга келишин, бир нерсеге багыт алышын билдирген этиш сөздөр: *жүгүр-, чурка-, бас-, жорт-, чап-, ур-, кайт-, чык-, көтөрүл-, калкы-, серүүндө-, тара-* (кабар *тарады), тарка-* ж.б. Мындай этиштер сүйлөмдөгү субөектинин өзүн кыймылга кириптер кылат, башкача айтканда, кыймыл-аракетти аткарган заттын өзү кыймылга келет.

б). Обөектини өзгөрүүгө дуушар кылган этиш сөздөр: *каз-, курут-, майла-, самында-, көтөр-, алып бер-, алып кел-, жүр-* (шахматты, картаны, тогуз корголду) ж.б. Мындай этиштер сүйлөмдөгү обөектини, башкача айтканда, кыймыл-аракет барып тийип турган затты кыймылга келтирет.

***Абал этиштер.***

Булар даана туюндурулган кыймыл-аракетти эмес, субөектинин кандайдыр бейпилдик ал-абалын билдирет: *отур-, олтур-, жат-, тур-, бол-* ж.б. Мисалы: */стөлдө чалкалап Асан агай* ***олтурат.*** */ч окуучу уч бурчта* ***турат.*** Мисалдардагы *олтурат, турат* деген этиштер кыймылды эмес, Асан агай менен үч окуучунун бир орундагы бейпилдик абалын билдирди. Абал этиштердин этиштик маанилери адатта контекст менен аныкталат.

Заттардын кандайдыр бейпилдикте болушу, бейпилдик абалда турушунун өзү аракет болгондугун, аракеттин барып токтогондугун туюндурат. Демек, анын ар жагында кыймыл жатат, ошондуктан мындай сөздөрдү абал этиштер дейбиз.

Абал этиштер татаал формада да айтылат. Мисалы: *Ортодо илинген кооз люстра үйдү жарык кылып турат. Биздин мектептин класс бөлмөлөрү дайыма таза болуп турат.*

***Өзгөрүм этиштер.***

Өзгөрүм этиштери субөектинин же обөектинин сандык же сапаттык жактан кандайдыр өзгөрүүгө дуушар болгондугун билдирет: *агар-, жаша-, түлө-, той-, чанай-, кампай-, ичиркен-, семир-, арыкта-, аз- (өңдөн аз)* ж.б. Мисалы: *Акматтын баккан малы быйыл жакшы* ***семирди.*** Кыймыл-аракет анча байкала бербейт. Этиш сөз *(семирди)* заттын кыймыл-аракетин эмес,

сапаттык жактан өзгөрүшүн билдирип турат. Акырындык менен сапаттык өзгөрүү кыймылынын жүргөнүн байкайбыз. Албетте, заттагы сандык өзгөрүү да, сапаттык өзгөрүү да кыймылдын натыйжасы менен жүрөт. Ошондуктан мындай сөздөрдү кыймыл-аракетти билдирген сөздөр катары сандык-сапаттык өзгөрүү этиштери деп атайбыз.

***Сезим этиштери.***

Сезим этиштери субөектини же обөектини кыймылга келтирбестен, акыл-ой ишмердигиндеги кыймыл-аракет маанилерин гана туюндурат: *эсте-, түшүн-, ойло-, ук-, тыңша-, бил-, сүй-, сез-, көр-, эшит-, байка-, баамда-* ж.б. Мындай этиштерде аткарылган же аткарыла турган кыймыл-аракет боло бербейт, бирок бул сөздөрдүн лексикалык маанисинде биз баамдагыдай даана кыймыл-аракет болбогону менен кандайдыр натыйжалуу аракет, акыл-эс аракети жатат. Мисалы: *Ушундай мазмунда кат жазганын* ***эстеди.*** Этиш сөздө *(эстеди)* кыймыл-аракеттин өзү жок, субөектинин акыл-оюндагы, баамындагы аракеттин натыйжасы гана жатат.

## Этиштин оң жана терс түрү

Жаратылышта, күндөлүк турмушубузда иштин жүрүшү, башкача айтканда, кыймыл-аракеттин жүзөгө ашышы ар кандай болот. Кээде жай же ылдам аткарылып, кээде аткарылбай да калат, кээде аткарылышы биз ойлогонго карама-каршы келиши мүмкүн. Кыргыз тилинде мындай керүнүштөр атайын грамматикалык каражаттар аркылуу туюндурулат.

Кыймыл-аракеттин аткарылышына, иштин жүрүшүнө, орундалышына жана заттардын ар кандай бейпилдик абалдарда болушуна карата этиш сөздөрдүн колдонулушу оң жана терс түрлөрдөгү маанилер менен ишке ашат.

Кыргыз тилиндеги этиштердин дээрлик бардыгы кыймыл-аракеттин аткарылышын, аткарылып жатканын жана заттардын ар кандай бейпилдик абалда ойдогудай болубатканын билдирет,

башкача айтканда, этиш сөздөр дайыма оң мааниде болот. Буларга карама-каршы келген маанилер да болот.

**Кыймыл-аракеттин ишке ашышын, ишке ашып жатканын жана заттардын ар кандай бейпилдик абалда болушун тескери, карама-каршы маанилерде туюндурган этиштер этиштин терс түрү деп аталат.**

Азыркы кыргыз тилинде этиштин терс түрү эки жол менен уюшулат: 1) терс маани мүчөсүнүн (*-ба*) этиштик негиздерге жалганышы менен жана 2) *жок, эмес, элек* деген сөздөрдүн этиштерге кошулуп айтылышы аркылуу.

### *-ба* мүчөсү

*-ба* мүчөсү этиш сөздөргө жалганып, кыймыл-аракеттин болуп өткөнүнө же аткарылышына терс жана карама-каршы маанилерди таңуулайт.

Мисалы: *Чакырган жерден калба, өзүң басып барба.* (Макал). Мисалда *-ба* мүчөсү этиштик уңгулар (*кал-, бар-*) билдирип турган кыймыл-аракеттик маанилерге терс маани ыйгарды. Терс маанинин бул мүчөсү уңгудагы (негиздеги) тыбыштарга карата өзгөрүп келе берет: *-ба, -бе, -бо, -бө, -па, -пе, -по, -пө*. Кыргыз тилинде ***-ба*** мүчөсүнүн этиш сөздөрдүн тутумундагы орду туруктуу келип, ал дайыма уңгудан (негизден) кийин жалганат.

Мисалы: *ал-ба, ал-ба-й-т, сүйлө-бө-гүлө* ж.б. Эгерде этиштин тутумунда мамиле мүчөсү болсо, *-ба* мамиле мүчөсүнөн кийин келет. Мисалы: *жуу-н-ба, бас-ыл-ба-ды, оку-т-па-й-сың, жаз-дыр-ба-дык, эм-из-бе-й-т, сүйлө-ш-пө-гүлө, жам-ын-ба, көр-сөт-пө* ж.б. Демек, уңгу кандай өзгөрүүлөргө дуушар болсо, *-ба* мүчөсү да жалганган этиш сөздөгү тыбыштардын касиетине жараша өзгөрүүлөргө учурай берет.

Учур чак этиштерде *-ба* мүчөсү дайыма негизги этишке жалганып этиштик терс маанини камсыз кылат: *келбей жатат, сүлөбөй жатат* ж.б.

Келер чак этиштердин татаал формаларында *-ба* мүчөсү жалгашкан орду боюнча өзгөчөлөнбөйт. Жардамчы (көмөкчү) этиштин тутумунда келгенде кыймыл-аракеттин аткарылыш

багытына терс маани берет: *ээрчитип келбейм, олтура бербеңиз, айта бербегиле, алып келишпейт* ж.б.

Негизги этиштин тутумунда айтылган болсо, кыймыл-аракеттин аткарылыш багытына эмес, аткарылган кыймыл-аракеттин натыйжасына карата терс маани берет: *ээрчитпей келет, албай келишет* ж.б. Акыркы мисалдарда кыймыл-аракет он, эле аткарылды, бирок аткарылган кыймыл-аракеттин натыйжасы тескери болду.

Арсар келер чактын *-ар* мүчөсү менен келбейт. Анткени *-ар* мүчөсүнүн терс түрү бар (*-бас*), ал эми *-бас* мүчөсүнүн тутумунда *-ба* мүчөсү бар.

Өткөн чак этиштердин *-ды, -ып, -ыптыр, -чу* формалары менен айкашканда өзүнүн туруктуу ордун сактап келет: *кел-бе-ди, уг-ул-ба-ды, жет-пе-п-тир-сиз, көр-бө-чү-мүн* ж.б.

Ал эми жалпы өткөн чактын мүчөсү *(-ган)* менен татаал формаларда гана айкашып айтылат: *окубаган болсом, көрбөгөн элем, билбеген экенбиз, унчукпаган бойдон* ж.б. Бул учурларда *-ган* мүчөсүнүн атоочтукту жасай турган өзгөчөлүгү даана көрүнүп, андагы этиштик татаал формаларда кандайдыр касиет, сапат маанилеринин бар экендиги байкалат. Кыргыз тилинин диалектеринде жөнөкөй этиштерде *-ган* мүчөсү жалганып айтыла берген көрүнүштөр бар: *айт-па-ган, кел-бе-ген-биз, көр-бө-гөн-мүн.*

Бир сөздүн тутумунда *-ба* мүчөсү суроо маанисин билдире турган *-бы* мүчөсү менен келсе, өзүнүн терс маанисин жоготот, кыймыл-аракеттин аткарылышына, жүрүшүнө, орундалышына жана заттардын ар кандай бейпилдик абалдарда болушуна карата оң маанилерди билдирип калат. Мисалы: *Бардыгын айтып бербедимби, дагы эмнени айтайын?* (М.Макенбаев) *Ошентип, убара болуп шаарга эки жолу барып келбедимби.* (Ш.Бейшеналиев)

Татаал формада *беле* жардамчы этиши менен келсе да оң маанилерди билдирип калат: *Тааныштар түгүл жакындар менден качып калышпады беле.* (С.Станалиев) Анткени, *беле – бы, эле.*

### ***жок, эмес, элек***

Этиштин терс формалары *жок, эмес, элек* деген сөздөрдүн жардамы менен да уюшулат.

*«жок»* деген сөз жалпы өткөн чакка айкашып келет: *окуткан жок, барган жок, келген жок, уктаган жок, билдирген жок* ж.б.

*«эмес»* деген сөз болсо, жалпы өткөн чак менен адат өткөн чакка айкашат: *барган эмес, көргөн эмес, барчу эмес, көрчү эмес* ж.б.

*«элек»* деген сөз *-а, -о, -е, -й* мүчөлүү чакчылдар менен айкашып келет: *бара элек, толо элек, бере элек, сүйлөй элек, көрө элек* ж.б. Кыймыл-аракеттин аткарылашана терс маани берет. Эгерде *«элек» -ган, -чу* мүчөлүү этиштер менен айкашып келсе, кыймыл аракеттин аткарылышынын оң маанисин билдирип калат: *барган элек, барчу элек*.

**Эскертүү:** *жок, эмес* деген сөздөр атооч сөздөр менен бирге келип да терс маанилерди туюндура берет. Ошол заттын жок экенин же ошол затты тангандыкты билдирет: *Асан жок, китебим жок, сабагыбыз жок, акылы жок, эси жок, бала эмес, жыгач эмес, биздин мектебибиз эмес* ж.б.

### Өтмө жана өтпөс этиштер

Этиш сөздөр табиятынан эле кыймыл-аракетти, ал-абалды билдиргендиктен, кыймылга келтирген жана кыймылда болгон заттардын өздөрү менен тыгыз байланышта болот. Этиштин кыймыл-аракет маанисин ошол заттардан байкайбыз. Кыймыл-аракетти ким жүргүзүп жатат, ким же эмне кыймылга келип жатат, мына ошолорду заттар аркылуу туябыз.

Ошондуктан, адегенде **кыймыл-аракеттин субөектиси, кыймыл-аракеттин обөектиси** деген түшүнүктөрдү тактап алуу талап кылынат.

Кыймыл-аракеттин субөектиси болуп сүйлөмдөгү кыймыл-аракетти аткарган зат эсептелет. Мисалы: *Мурат козуларды бүгүн ушул борчуктарга жайып келген.* (К. Баялинов) Кыймыл-аракетти аткарган субөект, башкача айтканда, козуларды *багып келген* – Мурат. *Айтике кишилердин үстүнө кирүүдөн уялды.* (А.Токомбаев) Кыймыл-аракетти аткарган субөект, башкача айтканда, кирүүдөн *уялган* – Айтике.

Мисалдардагы субөектилердин экөө тең *(Мурат, Айтике)* грамматикалык ээлер.

Субөект дайым эле грамматикалык ээге дал келе бербейт. Грамматикалык ээ субөект болбой калып, кээде сүйлөмдүн толуктоочу да субөект милдетин аткара берет. Мисалы: *Көпүрө биздин аталарыбыздын күчү менен салынган.* Бул жерде грамматикалык ээ *(көпүрө)* субөект болбой калды. Ишти аткарган субөект, башкача айтканда, көпүрөнү салган – *аталарыбыздын күчү.* Бул жерде субөект – толуктооч.

Кыймыл-аракеттин обөектиси болуп сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин барып тийип турган жери, кыймыл-аракет таасир этип турган зат эсептелет. Мисалы: *Карыпбек астыга эки-үчөөнү өткөзүп ийди.* (М.Макенбаев) Кыймыл-аракет *(өткөзүп ийди) астыга* деген обөектиге барып тийип турат. *Тигил суу ылдый чуркаган кишилерге жети жашар Батийна жолукту.* (Т.Сыдыкбеков) Кыймыл-аркеттин *(жолукту)* барып жеткен предмети – *суу ылдый чуркаган кишилер.* Демек бул сүйлөмдө *кишилерге* деген сөз – обөект.

Ошентип, этиштер обөект менен субөектилердин ортосундагы жандуу карым-катыш, байланыш-аракеттерди тейлейт. Мына ушул милдеттерди аткаруудагы ар түрдүү кызматтарынан улам этиштерди биз **өтмө** жана **өтпөс** этиштер деп экиге бөлөбүз.

**Кыймыл-аракет обөектиге тике багытталып, аракеттин таасири ага (обөектиге) жетип, аны (обөектини) кандайдыр өзгөрүүгө дуушар кылган этиштер өтмө этиштер деп аталат.** Мисалы: *Адилет калем учтады.* Кыймыл-аракет *(учтады)* обөектиге *(калем)* тике багытталып, аны кыймылга келтирди, өзгөрүүгө дуушар кылды, башкача айтканда, *учтады* деген этиш сөздөгү кыймыл-аракет процесси *калем* деген (табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү көмүскөдө калган – «калемди учтады») зат атоочко өтүп турат. Демек, *учта-* – өтмө этиш.

**Кыймыл-аракет кандайдыр обөектиге багытталбай, кыймыл-аракеттин натыйжасы башка заттарга таркабай субөектинин өзүнүн гана айланасында калып калса, мындай этиштер өтпөс этиштер деп аталат.** Мисалы: *Чөп алачыктын*

*жанында чал менен кемпир олтурат.* (К.Жантөшев) *Бир аздан кийин мамонт башын чулгуп тура баштады.* (К.Эсенкожоев) Мисалдардагы *олтурат, тура баштады* деген этиштердеги кыймыл-аракеттер кандайдыр обөектиге багытталган жок, башка затка да таркаган жок, субөектилердин өзүн гана кыймылга кириптер кылды *(чал тенен кемпир олтурат; мамонт тура баштады).* Башкача айтканда, этиш сөздөрдөгү кыймыл башка затка өткөн жок. Демек, *олтурат, тура баштады* – өтпөс этиштер.

Кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн өтмө жана өтпөстүк белгилерин бири-биринен ажыраткан атайын грамматикалык каражаты жок. Мындай белгилер этиштердин лексикалык маанилери боюнча эле аныкталат. *Жыйна-, бөлө-, айыр-(айры-), кама-, күрө-, байла-, ула-, кура-, тоно-, ото-, чыгар-, толтур-, түрт-, ур-* деген сыяктуу этиштердин лексикалык маанилерин андап көрсөк, кыймыл-аракеттин аткарылышы кандайдыр башка заттын кыймылга кириптер болушу аркылуу ишке ашаары көрүнүп турат. Жөнөкөй сөз менен айтканда, бул этиштердеги кыймыл-аракет башка бир затка өтөт, демек булар - өтмө этиштер.

Ал эми *айны-, кула-, кыяла-, ойно-, түлө-, кайна-, жөнө-, эркеле-, өбөктө-, укта-, же-, ич-, кел-, жүр-, күл-, жөнө-, кызар-, жумшар-, жашар-* деген сыяктуу этиштердин лексикалык маанилерине назар салсак, кыймыл-аракеттин аткарылышы башка затка (башкача айтканда, обөектиге) багытталбастан, субөектинин өзүнө багытталып, өзүндө калып жатат. Жөнөкөй сөз менен айтканда, бул этиштердеги кыймыл-аракет обөектиге таралган жок, субөектинин өзүндө кала берди, демек булар - өтпөс этиштер.

Ошентип, кыргыз тилиндеги этиш сөздөрдүн лексикалык маанилеринин өзүндө эле кыймылдын обөектиге тике багытталып, өтмө этиштик жана обөектиге багытталбай, өтпөс этиштик грамматикалык маанилер кошо болот.

Кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн өтмөлүк жана өтпөстүк маанилери, жогоруда айтылгандай, алардын лексикалык маанилеринде гана болбостон, этиштин мамиле

көрсөткүчтөрүндө да өтмө, өтпөстүк маанилерди жаратуу мүмкүнчүлүктөрү бар.

Өздүк жана туюк мамиле этиштердин грамматикалык каражаттары этиш сөздөргө өтпөстүк маани ыйгарат: *бөлө-, тала-, чыла-, байла-, түрт-* деген сөздөрдө кыймыл обөктиге багытталып, кыймыл процесси обөктиге жете тарап жатат, башкача айтканда, буларда өтиө маани бар. Ал эми *бөлөн-, талан-, чылан-, байлан-, түртүн-* деген өздүк мамиле формаларында болсо, кыймыл обөектиге багытталбай, ага жете таркаган жок, субөектинин өзү кыймылга келип, кыймыл-аракет ошол жерде калды. Өздүк мамиле каражаты *(-ын* мүчөсү) этиштерге өтпөстүк маани берди.

Туюк мамиле каражаты (*-ыл* мүчөсү) да ушундай касиетке ээ: *кама-, жыйна-, кайыр-, (кайры-), тоно-, чыгар-* деген этиштик негиздерде кыймыл обөектиге багытталып турат, бул сөздөр туюндурган кыймыл-аракеттердин натыйжасында обөект өзгөрүүгө дуушар болот. Булар - өтмө этиштер. Ал эми ушул этиш сөздөрдү *камал-, жыйнал-, кайрыл-, тонол-, чыгарыл-* деп туюк мамиле каражаты менен өзгөртсөк, кыймыл обөектиге багытталбай, ага жете таркабай, субөектинин өзүнүн айланасында кала берет. Өтпөстүк маани берилип, өтпөс этишке айланып кетет.

Аркылуу мамиленин грамматикалык каражаттары этиш сөздөргө өтмөлүк грамматикалык маани ыйгарат. Анкени, өздүк жана туюк мамилелер кыймыл-аракеттин аткарылышында субөектинин ролун арттырып, натыйжаны да ошол субөектинин айланасында кармаса, аркылуу мамиле кыймыл-аракеттин аткарылышында башка субөектинин таасирин алдыңкы планга алып чыгып, кыймыл-аракеттин натыйжасын обөектиге багыттайт, обөектиге карай таркатат. Мисалы: *түлө-, кула-, ото-, кайна-, кана-, жөнө-, агар-, кайгыр-, кел-, укта-, күчө-, түнө-, отук-, тынык-, шаңшы-, какшы-, көбөй-, эркеле-, кел-, өт-, кайт-, кач-, уч-, ак-, эм-* деген этиштердеги кыймыл-аракет обөектиге карата багытталбай, субөектинин өзүнө тийип, субөектинин өзүн кыймылга, өзгөрүүгө дуушар кылып турат. Булар - өтпөс этиштер.

Ал эми *түлөт-, кулат-, ойнот-, кайнат-, канат-, жөнөт-, агарт-, кайгырт-, уктат-, күчөт-, түнөт-, шаңшыт-, какшыт-, көбөйт-, эркелет-, өткөр-, кайтар-, качыр-, учур-, агыз-, эмиз-* деген аркылуу мамиле этиштерде кыймыл-аракет башка субөект тарабынан аткарылып, кыймылдын натыйжасы кандайдыр обөектиге карата багытталып жатат. Башкача айтканда, этиш сөздөрдө өтмөлүк маани пайда болду.

Кош мамиленин мүчөсү *(-ыш)* этиш сөздөрдүн өтмө, өтпөстүгүнө таасирин тийгизе бербейт. Анткени кош мамиледе этиштердеги кыймыл-аракетти аткаруучу субөектилери менен кыймыл-аракет барып таасир этип турган обөектилер ошол бойдон сакталып кала берет. Мисалы: *сана-, кама-, ула-, тоно-, кетменде-, жулкула-* деген өтмө этиштерге кош мамиленин мүчөсүн жалгасак, *санаш- (акчамды санашчы), камаш- (ар жагын тосуп, койду короого камаш), улаш- (улаганга жардам бер* деген мааниде) *тонош-, кетмендеш-, жулкулаш-* болуп, субөектилер өзгөргөн жок, ошол эле субөект менен дагы бирөө биргелешип аракеттенип жатат, кыймыл-аракет таасир этип турган обөектилер да ошол бойдон. Ошентип, этиштердин өтмө мааниси өтмө бойдон калды.

Ал эми *чурка-, телчик-, жөнө-* деген өтпөс этиштерге аркылуу мамиленин *-ыш* мүчөсүн жалгасак, *чуркаш- (бирге чуркаштык), телчигиш- (бирге телчигишкен)* болуп, кыймыл-аракет обөектиге багытталган жок, анткени субөектилери ошол бойдон эле калды, болгону аларга дагы башка субөект кошулуп аракет жасап жатат. Бул учурда да өтпөстүк маанилер өзгөргөн жок.

## Этиштин мамилелери

Биз жогоруда «этиштер обөект менен субөектилердин ортосундагы жандуу карым-катыш, байланыш-аракеттерди тейлейт» деп айттык. Мына ушунун өзү субөект менен обөектинин ортосундагы мамилелер деп аталат. Кыргыз тилинде субөект менен обөектинин ортосундагы кыймыл-аракет, карым-катыштарды жөнгө салып, сөздөрдүн тизмегин сүйлөм маанисине бириктирип турган этиштик **беш мамиле** бар.

***Негизги мамиле***
***Өздүк мамиле***
***Туюк мамиле***
***Кош мамиле***
***Аркылуу мамиле***

## Негизга мамиле

Негизги мамиле этиштер сүйлөмдөгү аракеттин субөект тарабынан аткарылып, анын натыйжасы обөектиге же башка бир түшүнүккө субөект тарабынан багытталып турганын көрсөтөт. Мисалы: *Азыркы сөзүңүздү официалдуу түрдө **четке кагам.*** (Т.Абдумомунов) *Мындай кудурет-күчтү жараткан бир гана энеге **берген.*** (М.Макенбаев) *Күн менен түндү бирдей **көрдүк.*** (К.Жусупов). *Сүрөттү көргөндө жаш кезиндеги ойноп-күлгөнүнүн баары **эсине түштү.*** (М.Мураталиев).

Этиштин терс маанилери да кайсы бир башка мамиленин мүчөсү жалганбай келсе, негизги мамиледе болот. *Сенин калп мекиренгениңе намысымды сатпайм! Мен башкага да, өзүмө да өмүрү калп айткан жан эмесмин.* (Т.Абдумомунов).

Этиш сөздөрдөгү негизги мамиле маанилери этиштик негиздин (уңгунун) өзүндө эле болот. Анткени, негизги мамиленин өзүнө тиешелүү грамматикалык каражаты жок. Туунду жана тубаса этиштердин бардыгы ошол турпаты менен эле негизги мамилени түзөт. Грамматикалык сан, чак жана жак маанилердин көрсөткүчтөрү негиздин (уңгунун) өзүнө эле жалганып келе берет. Мисалы: *Жайында мен атам менен Таласка бардым. Жайында сен атаң менен Таласка бардың. Жайында Жумагул экөөбүз атам менен Таласка бардык. Жайында Жумаш менен Байыш атасы менен Таласка барышты.*

Бардык башка мамилелерди уюштуруучу грамматикалык каражаттар негизги мамиле этиштерге жалганат. Мисалы: *Айгүл чачын жууду.* Мисалыбызда *жууду* деген этиш сөз негизги мамиледе турат. Анткени, кыймыл-аракет грамматикалык субөектинин өзү тарабынан кадыресе аткарылды. Эгерде *Адилет таза жуунду* десек, *жуунду* деген этиштеги *-н(-ын)* мүчөсү негизги мамиле этишке жалганды да өздүк мамилени уюштурду (өздүк мамиле тууралуу ылдыйда айтылат). *Айнагул кызына пол жуудурду* деген мисалда да *жуудурду* деген этиште аркылуу мамиленин *-дыр* мүчөсү негизги мамиле этишке жалганды (аркылуу мамиле тууралуу ылдыйда айтылат).

Негизги мамиледе грамматикалык ээге дайыма логикалык субөект дал келет, башкача айтканда, кыймыл-аракет грамматикалык ээнин өзү тарабынан аткарылат. *Токтогул эрдин кымтып, ойго бата түштү.* (Т.Касымбеков) Сүйлөмдөгү кыймыл-аракет грамматикалык ээнин *(Токтогул)* өзү тарабынан ишке ашты. Мына ошол грамматикалык ээнин өзү - логикалык субөект.

## Өздүк мамиле

Кыймыл-аракет субъектинин өзүнө багытталып, анын өзүн кыймылга кириптер кылса, мындай этиштер өздүк мамиле этиштер деп аталат. Мисалы: *Жыл айланган соң жатаканалуу мектептин негизги окуучусу катары* ***кабыл алынды.*** (С.Станалиев) *Ал чыгармачылыктын күлазыгын жаштайынан камдоого* ***аракеттенди.*** (К.Жусупов) Мисалдардагы этиш сөздөр *(кабыл алынды, аракеттенди)* субъектинин өзүн кыймылга келтирип турат. Кыргыз тилинде этиштин өздүк мамиле маанилери төмөндөгүдөй жолдор менен уюшулат.

1. Этиштин өздүк мамиле маанилери *-ын* мүчөсү менен уюшулат. Мисалы: *Көп өтпөй сүрөтчүлөр союзунун төрагасы болуп шайландым.* (К.Сактанов) *Бактылуу жаңы келиндей баш алган эгин жүгүнөт.* (О.Султанов) *Чындыкты карай от үйлөсөң, өзүң тартасың азабын, абийир, ыймандан ажырап, өрттөнүп кетет сакалың.* («Кыргыз Туусу»).

2. Кыргыз тилинде этиштин өздүк мамиле маанилери *-ыл* мүчөсүнүн жардамы менен уюшулат. Мисалы: *Эртеси көчтүн алды белге чыга берген кезде күн бүркөлдү.* (К.Баялинов) *Качыр-кучур деген дабышы күчөп барып, чоң карагай карс этип жыгылды.* (Ж.Осмонкулов). */ч күндөн бери көз ачырбай жааган жамгыр басылып, күн ачылды.*

3. Этиштин *-ылда* (татаал куранды: *-ыл-да*) курандысы да өздүк мамиле маанилерин уюштурат. Мисалы: *Заманың келди айланып, жаркылда, кедей, жаркылда!* (Токтогул) *Күп деп түшкөн бомбанын зарпынан жер солкулдады.* (У.Абдукаимов).

4. Өздүк мамиле маанилерин татаал мүчө *-айын* да уюштурат. Бул учурда кыймыл-аракеттин субъект тарабынан иштелгени ачык байкалып турат. Мисалы: *Жалгызым, сенин жаныңды Жараткандан тилейин.* («Жаныш, Байыш») *О мурдуңдан ананайын, жакшы иштейт турбайсыңбы.* (С.Сасыкбаев).

5. Сүйлөмдө логикалык субъект катары «өз» деген аныктама ат атоочтун кошулуп айтылышы да өздүк мамиле маанилерин жаратат. Мисалы: *Тим кой, балам, карындашың ыйлап-ыйлап өзү басылат.* (З.Сооронбаева) *Карс этип эшик өзү эле ачылып кетти.*

6. Сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойдон улам эле (контекстке жараша) өздүк мамиле маанилери жарала бериши да мүмкүн. Мындай учурдагы өздүк мамиленин мааниси солгунураак болот. Мисалы: *Ай арасында сары кар түшүп, эки күн жатты.* (Т.Сыдыкбеков) *Таң менен кошо ойгонуп, бакажалбырак чогулткана жөнөйт.* (М.Гапаров) *Жаңы эле бычак тарта берерде, арыдан алардан көзүн албай чекирейип турган Суречки маарап ийди.* (Ө.Даникеев)

Өздүк мамиле этиштер маанилери боюнча бири-биринен айырмаланган топтордон турат.

1. Субөектинин өзүнүн аракети субөектинин өзүн кыймылга келтирет, башкача айтканда, кыймыл-аракетти аткарган заттын өзүнүн кыймылга келгени даана байкалат. Мисалы: *Мазар болсо, кыя өтпөйт, сыйынат.* (К.Жантөшев) *Түнкатар молдонун тили такыр байланды.* (К.Жантөшев) Мисалдарда кыймыл-аракетти *(сыйынат, байланды)* сүйлөмдөрдүн ээлеринин өздөрү (көмүскөдөгү *мен,* экинчи сүйлөмдө *тили*) аткарып, анын натыйжасы өздөрүнө келип тийип жатат.

2. Өздүк мамиле этиштер субөект тарабынан аткарылган кыймыл-аракеттин кайталанышын билдирет. Бул маанилер этиш сөздөрдүн лексикалык маанисинде эле болот. Мындай этиштер сан жагынан өтө эле аз: *чамын-, темин-, сөгүн-, кагын-* ж.б. Мисалы: *Ансайын болбой теминет.* Кыймыл-аракетти *(теминет)* аткарып жаткан кишинин өзү кыймылдап, анын кыймылы кайталанып жатат.

Уңгунун мааниси менен салыштырып караганыбызда *-ын* мүчөсү тутумунда бар этиштерде кандайдыр жаңы маани бардай сезилет. Бул көрүнүш мамиле мүчөлөрүнүн, негизинен, куранды мүчөлөрдүн катарына кошула бербей, белгилүү деңгээлде жаңы сөз жасоо касиетине да аздыр-көптүр ээ экендигин айтып турат.

Өздүк мамиле этиштерде дайыма өтпөстүк маани болот. Анткени, аракеттин натыйжасы башка затка өтпөстөн субөектинин өзүнө багытталып, өзүндө кала берет. Мисалы: *Шаарда бир эле жыл жашап көп нерселерди үйрөндүм.* (К.Акматов) *Маңдай тер катуу төгүлсө, ырыскы өзү келет.* (Б.Усубалиев).

## Туюк мамиле

Туюк мамиледе кыймыл-аракетти аткарган субөект белгисиз бойдон калат. Сүйлөмдөгү субөект менен обөектиге карата кыймыл-аракет кандайдыр башка жактан келип таасир эткендей болот. Мисалы: *Саясат деген дал ошол тарбиядан башталат, үгүт-насаат ишинен, ушак-айыңдан башталат.* (С.Станалиев) *Эч жылыбаган үйдө жүрөк жылыткан ырлар жазылды.* (К.Жусупов) Сүйлөмдөрдөгү *башталат, жазылды* деген кыймыл-аракеттер *саясат, ырлар* деген грамматикалык субөектилерге багытталып, сүйлөмгө катышпаган башка бир белгисиз субөектилер тарабынан аткарылып жатат. Ошентип, кыймыл-аракеттин ким тарабынан аткарылганы белгисиз, туюк бойдон калып жатат.

Кыргыз тилинде этиштин туюк мамиле маанилери төмөндөгүдөй жолдор менен уюшулат.

1. Туюк мамиле маанилерин *-ыл* мүчөсү уюштурат. *Берилген тапшырмалар аткарылган соң, студенттер театрга барууну чечишти.* (Ш.Бейшеналиев) Тапшырмаларды, албетте, студенттер өздөрү аткарган, бирок бул сүйлөмдө тапшырмалар өзүнөн-өзү эле аткарылып калгандай маани берилип жатат. Ким тарабынан аткарылганы айтылбай туюк мамиле мааниси жаралды.

*Шаар өстү, бийик-бийик үйлөр курулду.* («Эркинтоо») үйлөрдүн ким тарабынан курулганы белгисиз.

2. Туюк мамиле этиштер *-ын* мүчөсү менен да уюшула берет. Мисалы: *Тергөөчүнүн эмнени сурайын деген ою дароо эле билинди.* (С.Станалиев) Бийерде да кыймыл-аракет *(билинди)* грамматикалык субөектиге *(ою)* багытталып, аны ким аткарганы, башкача айтканда, логикалык субөект белгисиз бойдон калды.

*Комузду күүгө келтирген колума кишен салынды.* (Токтогул) Кишендин ким тарабынан *салынганы* белгисиз.

Туюк мамиледеги этиштер адатта өтпөс этиштик мааниде болот, анткени алар эч убакта табыш жөндөмөсүн талап кылбайт. Алар негизинен атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашып келет: *Акылбектин айтайын деген ою дароо эле билинди.* Кыймыл-аракет *(билинди)* башка субөектиге өткөн жок.

*Тарсылдаган мылтык сүрүнө чыдай албай толкуган көч кайра жапырылды.* (М.Элебаев) Этиш сөз *(жапырылды)* зат атооч *(көч)* менен ээрчишүү байланышы менен айкашып келди, бирок кыймыл-аракет обөектиге өткөн жок, грамматикалык субөектинин эле айланасында калып калды.

## Кош мамиле

Кош мамиле кыймыл-аракеттин бир нече субөектилер тарабынан биргелешип аткарылгандыгын билдирет. Кош мамиле этиштер ар дайым көптүк сан маанисин кошо ала жүрөт. Анткени, кыймыл-аракет эки же андан көп субөектилердин биргелешип аракет кылуусунун натыйжасында аткарылат. Мисалы: *Экөөнү тең Касымга кас душман кылып пайдаланышты.* (С.Станалиев) Кыймыл-аракетти *(пайдаланышты)* жалгыз эмес, бир нече субөект аткарып жатат, башкача айтканда, бир нечеси пайдаланышты.

*Эки сааттын ичинде далай сөздөрдү сүйлөштүк.* (К.Жантөшев) Кыймыл-аракетти *(сүйлөштүк)* аткарган субөектилер бир нече болуп жатат. Аракет биргелешип жүрдү.

Кыргыз тилинде этиштин кош мамиле маанилери төмөндөгүдөй жолдор менен уюшулат.

1. Кош мамиле маанилери *-ыш* мүчөсү менен уюшулат. Мисалы: *Анын ишааратын байкаган берки экөө да бата кылышты.* (М.Макенбаев) *Менимче, баары тең өз кайгыларын жазышкан.* (К.Жусупов) Сүйлөмдөрдөгү кыймыл-аракеттер *(бата кылышты, жазышкан)* бир нече субөектилердин биргелешкен аракетинин натыйжасында аткарылып жатат.

2. Кош мамиле этиштер атайын грамматикалык каражаты жок деле уюшула берет. Мисалы: *Кечке маал Жанат экөөбүз кошулган койлорду бөлө баштадык.* (М.Элебаев) *Турмуштун оорчулугун кичинебизден тарттык.* («Алатоо») Сүйлөмдөрдө кыймыл-аракеттин *(бөлө баштадык, тарттык)* аткарылышына бир нече субөектилер катышып жатат.

Биргелешкен аракетте адатта көптүк сан мааниси болот дедик, анткени, биргелешүүдө кыймыл-аракетти аткаруучу субөект жалгыз болбойт, эки же андан көп болот: *Эки шер эки жактан тиштенишип, мээлешти жаздымы жок ташта жатып...* (А.Токомбаев) *Бул ишке күн мурунтан эле Красинди чектеп коюшкан.* (К.Акматов)

Кош мамиле этиштерде жардамдашып аракет жасоо маанилери да болот: *кармаш, көтөрүш, үн кошуш, иштеш* ж.б. Мисалы: *Бизге кошулуп жер казышсаңар боло.*

## Аркылуу мамиле

Аркылуу мамиледе кыймыл-аракет кандайдыр башка субөектинин кийлигишүүсү менен ишке ашат. Мисалы: *Досуңду аздырбоого, душманыңды басмырлоого тырыш.* («Кыргыз Туусу») Грамматикалык ээ башкаруучунун, буюруучунун, башкаларды иштетүүчүнүн милдетин аткарып калат, кыймыл-аракетти, ишти, өзү аткарбайт. Кыймыл-аракет, иш, башка бирөө тарабынан аткарылат.

Кыргыз тилинде аркылуу мамилени уюштуруучу грамматикалык каражаттар бир топ арбын:

***-дыр:*** *бастыр-, ойдур-, күлдүр-, өстүр-, жактыр-, саттыр-, тарттыр-, айттыр-, жедир-, качтыр-, кактыр-, учтур-, соктур-, өптүр-, билдир-* ж.б.

***-кар (-ар):*** *башкар-, аткар-, куткар-, сугар-, бүткөр-, өткөр-, чыгар-, кайтар-* ж.б.

***-каз:*** *кутказ-, откоз-, өткөз-, көргөз-* ж.б.

***-кыз (-ыз):*** *тургуз-, отургуз-, жеткиз-, билгиз-, киргиз-, жаткыз-, эмиз-, угуз-, тамыз-, агыз-, жегиз-* ж.б.

***-кыр:*** *жаткыр-, жеткир-, житкир-* ж.б.

***-ыр:*** *качыр-, какыр-, житир-, кечир-, кемир-, батыр-, бүтүр-, ичир-, кетир-, учур-* ж.б.

***-сөт:*** *көрсөт-* (бир эле этиш сөздө колдонулат)

***-т:*** *аңдыт-, байкат-, байыт-, бошот-, жогот-, кайыт-, токтот-, канат-, кемит-, кемирт-, коркут-, көбөйт-, кулат-, күчөт-, санат-, семирт-, тырмат-, үркүт-* ж.б.

Аркылуу мамиле этиштерде кыймыл-аракеттин ким тарабынан аткарылганына жана кантип аткарылганына жараша өзгөчөлүктөр болот.

Сүйлөмдөгү кыймыл-аракет реалдуу субөект, башкача айтканда, грамматикалык ээ тарабынан аткарылат. Мисалы: *Айланайын балам, тезирээк кел!* (М.Макенбаев) *Аттарды аса байлап каңтарып, таң ашыргыла.* («Ала Тоо»).

Сүйлөмдөгү кыймыл-аракет логикалык субөект, башкача айтканда, грамматикалык обөект тарабынан аткарылат. Мисалы: *Бул көпүрө биздин ата-бабаларыбыздын күчү менен курулган.*

## Мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келиши

Сүйлөмдө субөект менен обөектинин ортосундагы карым-катыштар өтө ар түрдүү болот. Агглютинация тилдеринин өзгөчөлүгү ушунда, бир эле сөзгө (уңгуга) бир нече грамматикалык каражаттар жалганып, текстте айтыла турган ойлор бузулбастан түшүндүрүлүп кете берет. Мына ушундай өзгөчөлүктөрдөн улам субөект менен обөектинин ортосундагы ар түрдүү карым-катыштарды чагылдыруу зарылдыгына жараша этиштин мамиле мүчөлөрү бир сөз ичинде биринин артынан бири кабатталып да келе берет. Бул учурда мамиле мүчөлөрүнүн бардыгы өздөрүнүн мамилелик маанилерин сактайт, бирок сүйлөмдөгү аяктаган ойду туюндуруучу аракет эң акыркы болуп келген мамиле мүчөсүндө болот.

Аркылуу жана кош мамилелердин кабатталып келиши: *Мал ээсин колтукташып тургузушту, Көз жашын суу алып келип жуугузушту.* (С.Шатманов) *Кырктан отуздан жылкычы коруп, бир туякты бөөда алдырышпайт.* (Э.Турсунов)

Аркылуу жана туюк мамилелердин кабатталып келиши: *Доорлор үй көчкөндөй урайт, кулайт. Дүйнөнүн закону ошол - жаңыртылат.* (С.Шатманов) *Булардын айрымдары «Чолпонстан», «Жыядыздуу жаштык» аттуу эң биринчи жыйнактарына киргизилген.* (П.Казыбаев)

Аркылуу мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келиши: *Бул кагазыцарды бирөөгө көрсөттүрүп алдыңар беле?* («Кыргыз Туусу») *Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокуттурбай бакты, байкуш апасы.* (М.Макенбаев)

Кош жана аркылуу мамилелердин кабатталып келиши: *Таздарлар тенен Токтогулдун сарттар уруусун бүгүн түнү дагы мушташтырабыз.* (Т.Абдумомунов) *Бул дүйнө даңкты кармап кызыктырат, Чын менен калпты катар жарыштырып.* (С.Шатманов)

Өздүк жана аркылуу мамилелердин кабатталып келиши: *Өзүмдү селкинчектей күүлөндүрүп, Өрөпкүп ыр арнадым түрлөндүрүп.* (С.Шатманов)

Өздүк жана кош мамилелердин кабатталып келиши: *Найзачылар байдын үйүн көздөй жулунушту.* (М.Байжиев)

Туюк жана кош мамилелердин кабатталып келиши: *Жылаңач кылычтын албарс мизи күнгө чагылышты.* (Т.Сыдыкбеков)

Туюк жана аркылуу мамилелердин кабатталып келиши: *Сени да түн уйкудан түйшөлдүрөр Сүйүүнүн шыңгыр этип коңгуроосу.* (С.Шатманов)

## Ыңгай категориясы

Этишти башка сөз түркүмдөрдөн айрымалоочу грамматикалык категориялардын дагы бири ыңгай категориясы болуп эсептелет. Ыңгайдын грамматикалык каражаттары аркылуу этиш сөздөр субөект менен обөектинин ортосундагы кыймыл-аракеттин мүнөзүн билдирет. Башкача айтканда, ыңгайларда этиш сөздөрдүн лексикалык мааниси өзгөрбөй, грамматикалык маанилери өзгөрүүлөргө дуушар болот. Ошентип, ыңгай категориясы этиштин сөз өзгөртүү системасынын бир тармагы.

**Сүйлөмдө кыймыл-аракеттин субөектилер тарабынан аткарылыш мүнөзүн билдирген грамматикалык маанилер жыйындысы этиштин ыңгай категориясы деп аталат.**

Кыргыз тилинде ыңгайдын беш түрү бар:

***Баяндагыч ыңгай***
***Буйрук ыңгай***
***Тилек ынгай***
***Ниет ыңгай***
***Шарттуу ыңгай***

## Баяндагыч ыңгай

**Кыймыл-аракеттин же ал-абалдын болгонун, аткарылганын чындык катары көрсөтүп, жайынча баяндаган этиштин формалары баяндагыч ыңгай деп аталат.**

Баяндагыч ыңгайдын өзүнүн грамматикалык көрсөткүчтөрү жок, ал жак жана чак мүчөлөрү аркылуу жүзөгө ашат. Мисалы: *Жок, Барат ырчы, андайлар унутулбайт.* (Т.Абдумомунов) *Жанагы комсомолдон колу бошобогон Осмонкул Алиевди чуркатып койом.* (С.Станалиев). Мисалдардагы *унутулбайт, чуркатып койом* деген сөздөр кыймыл-аракетти жайынча гана баяндады, мына ошол жайынча баяндоо *-т* (учур чак маанисиндеги 3-жактын мүчөсү), *-м* (айкын келер чак маанисиндеги 1-жактын мүчөсү) мүчөлөрү аркылуу туюндурулду.

Баяндагыч ыңгайдагы этиштер жак, чак жана сан категориялары менен өзгөрөт. Баяндагыч ыңгайдын жак, чак жана сан категориялары боюнча өзгөрүшү ылдыйда ошол категориялар менен берилет.

## Буйрук ыңгай

Кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн дээрлик бардыгы баштапкы турпатында туруп эле буйруу маанисин билдирет. Анткени, кыймыл-аракеттин дайыма аткаруучусу (башкача айтканда, кыймылга келтирүүчүсү) болот. Ал эми кыймылга келтирүүчү же өзү кыймылга келет, же башка бир обөектини кыймылга келтирет. Демек, кыймылдын аткарылышы кимдир-бирөөдөн өзүнөн-өзү талап кылынат. Карап көрөлү: *бар-, же-, тегерен-, отур-, чурка-, кел-, ото-, атта-, абайла-, бас-, жат-, тур- ж.б.* Булардын бардыгында тең кыймыл-аракеттин аткарылышын кимдир-бирөөдөн талап кылуу (буюруу же өтүнүү) мааниси бар.

Кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин аткарылышынын кимдир-бирөөдөн талап кылынышы эки түрдө ишке ашат: 1) экинчи жактан, башкача айтканда, тыңдоочудан талап кылуу; 2) үчүнчү жактан, башкача айтканда, сөзгө катышпай жаткан тараптан талап кылуу.

Буюруу, талап кылуу маанилери грамматикалык атайын каражаттын жардамы менен да уюшулат.

**Кыймыл-аракеттин экинчи же үчүнчү жакка карата багытталып, буюруу, өтүнүү, талап кылуу маанилерин билдириши буйрук ыңгай деп аталат.** Мисалы: *Кайтып келгенимче Бектемир акемдикинде эле тура тургун.* (Т.Абдумомунов). *Жүрөк заада болбой жүнүңөрдү түктөйткүлө!* (Э.Турсунов).

Буюруунун обөектиге карата кыргыз тилинде эки түрдүүчө мааниси болот: ***сылык буюруу, кадыресе (одоно) буюруу.*** Экинчи жактын сылык түрүндө айтылган буюруу маанилер сылык буюруу, ал эми андан башка түрлөрдө (формаларда) айтылган буюруу маанилери кадыресе (же одоно) буюруу деп аталат.

Буюруу маанилер кыймыл-аракеттин аткарылышын, ишке ашышын талап кылгандыктан дайыма келер чакты билдирет. Анткени, кыймыл-аракет буюруу процессинен кийин келет.

Буйрук ыңгай төмөнкүдөй жолдор аркылуу уюшулат:

1. Биринчи жактын келер чактагы көптүк түрүнүн мүчөсү *(-алы)* аркылуу: *Жүргүлө, балдар, тоого экскурсияга* ***баралы.*** («Жеткинчек»)

2. Жекелик санда экинчи жактын жак мүчөсүз айтылышы аркылуу: *Койо бер! Койо бер деймин.* (С.Өмүрбаев) *Бар, сыртка чыгып тур.* (Н.Байтемиров)

3. Кээде экинчи жак жекелик санда *-гын, -гыныӊ* мүчөлөрү аркылуу айтылып, буюруу, талап кылуу маанисин берет: *жүргүн, окугун, сүйлөгүнүӊ, баскыныӊ* ж.б. Мисалы: *Балта берди колума, баскын деп айдап желкелеп, салды токой жолуна.* (Токтогул).

Сылык түрүндө *-ыӊыз: келиӊиз, айтыӊыз, жүрүӊүз, көрүӊүз, басыӊыз* ж.б.

4. Экинчи жак көптүк санда *-гыла* мүчөсү менен буюруу, талап кылуу маанисин берет: *Жок, Чортон баатыр... Эми менден ырайым күтпөгүлө!* (Т.Абдумомунов) *Баатырга айталык, күтө тургула.* (А.Стамов).

5. /чүнчү жакта *-сын* мүчөсү да буюруу, талап кылуу маанисин уюштурат: *уксун, билсин, айтышсын, жазып беришсин* ж.б. Мисалы: *Балдар мага күлбөсүн, шылдың кылып жүрбөсүн.* (А.Токомбаев).

## Тилек ыңгай

**Кыймыл-аракеттин аткарылышында каалоо, тилек кылуу маанипери кошо айтылган этиш формалары тилек ыңгай деп аталат.**

Кыргыз тилинде тилек ыңгай *-гай* мүчөсү аркылуу уюшулат. Бул дайыма *эле* деген жардамчы этиш менен бирге айтылат: *баргай эле, келгей эле, билбегей эле ж.б.* Мисалы: *Самаган жерге саатында баргай эле жигиттер, салтанатты душманга салгай эле жигиттер.* (К.Тыныстанов)

Этиштин татаал формалары сыңары жак, сан, чак боюнча өзгөргөндө тиешелүү уланды мүчөлөр ошол жардамчы этишке жалганат: *мен баргай эле-м, сен баргай эле-ң, сиз баргай эле-ңиз, ал баргай эле; биз баргай эле-к, силер баргай эле-ңер, сиздер баргай эле-ңиздер, алар барышкай эле.*

Жардамчы этиш *(эле)* кошулбай айтылган учурлар сейрек жолугат. Мындайда да чак, жак, сан көрсөткүчтөрү *-гай* мүчөсүнөн кийин жалганат: *тен баргай-мын, сен баргай-сың, сиз баргай-сыз* ж.б.

Тилек ыңгай маанисин *-гы(-кы)* мүчөсү[37] жалганган этиштерге ***кел-, жок, бар*** деген сөздөр кошулуп айтылган татаал формалар да билдирет. ***кел-*** деген сөз кошулуп айтылганда чак, сан көрсөткүчтөрү мына ушул сөзгө жалганат: *окугум келет, окугум келди, көргүм келип жатат, уккум келбейт* ж.б. Ал эми ***жок, бар*** деген сөздөр кошулуп айтылганда чак, жак, сан көрсөткүчтөрүнүн эч бири бул сөздөргө жалганбайт: *айткым бар, айткың бар, келгиси бар, келгиңиз жок* ж.б.

---

[37] Бул м\чън\ С. Кудайбергенов «келер чактык байыркы атоочтук» м\чъ деп аныктаган: Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: Морфология. - Фрунзе, 1980. - 165-б.

Тилек ыңгай маанисин *-ганы* татаал мүчөсү жалганган этиштер менен ***жат-, тур-, кал-*** деген сыяктуу жардамчы этиштер айкашып келип да билдирет: *айтканы калды, тим койсо урганы турат* ж.б. Татаал *-айын* мүчөсүндө да тилек ыщгай мааниси болот: *келейин дедим эле, келейин деп чечтим* ж.б.

Тилек ыңгай мааниси *буюрса, тилек кыл-* деген сыяктуу келечектен үмүт эткен сөздөрдүн кошулуп айтылышы менен да уюшулат: *Буюрса, быйыл шаарга барып окуйм. Чет өлкөдөн окуп билим алууну алдыма тилек кылып койдум.*

## Ниет ыңгай

Кыргыз тилинде ниет ыңгайды *-мак* мүчөсү уюштурат. Ал *-макчы (-мак, -чы)* формасында да жолугат. Мисалы: *Аалы көргөнүн айтмак болуп обдулуп койду.* («Эркинтоо») *Айтып койоюн, биз да артыңардан бармакчыбыз.* (К.Сактанов)

**Кыймыл-аракетке, ал-абалга карата ниеттенгендик маанилерин билдирген этиштин формалары ниет ынгай деп аталат.** Мисалы: *Ышкы отуна күйбөсө эгер жалындап, акын кантип анда сага жалынмак.* (Т.Мамеев) Көпчүлүк учурда *-мак (-макчы)* мүчөсү жалганган сөздөргө *эле, экен* деген жардамчы этиштер кошулуп айтылат. Мисалы: *Булганч тилиңден башка дагы эмне көрсөтмөк элең мага?* (Т.Абдумомунов). *Дагы бир аз күтө турсак, бизге да айтмак экен.* (Качк. Осмоналиев)

Ниет ыңгайды туюндурган *-мак* мүчөсү менен кыймыл атоочтун *-мак* мүчөсү бири-биринен контексттеги маанилери аркылуу гана айырмаланат. Ниет ыңгайда этиштик кыймыл-аракет мааниси, ал эми кыймыл атоочто болсо, зат атоочко жакын болуп, атоо мааниси басымдуулук кылат. *Ал ошол жүрүшү менен менден бирди көрмөк.* (Т.Сыдыкбеков) *Көрмөк* деген сөздөгү *-мак* мүчөсү ниет ынгайдагы кыймыл-аракетти билдирип турат. Сүйлөмдүн аягында келип, *эмне кылмак?* деген суроого жооп болуп түштү. *Адамды туумак кыйын, багып өстүрмөк кыйын, а өлтүрмөк көз ачып-жумганча.* (Ч.Айтматов) *Туумак, өстүрмөк, өлтүрмөк* деген сөздөр болсо, сүйлөмдүн аягында келген жок, *эмне?* деген маанидеги суроого жооп болуп түштү. Бул жерде *-мак* мүчөсү менен келген сөздөр кыймыл атооч болуп турат.

## Шарттуу ыңгай

**Кыймыл-аракеттин аткарылыш, аткарылбашына сүйлөөчү тарабынан коюлган болжолдуулукту, шарттуулукту билдирген этиштин формалары шарттуу ыңгай деп аталат.** Мисалы: *Ошо өзү келип айтпаса, мен кай талаага берем кабарды?!* (С.Өмүрбаев)

Кыргыз тилинде шарттуу ыңгайдын грамматикалык каражаты болуп *-са* мүчөсү эсептелет.

Бул мүчөнү этишти жасоочу *-са* мүчөсүнөн айырмалап карообуз керек. Этишти жасоочу *-са* мүчөсү жаңы сөз жасайт: *сууса- (суу -са), жаңса-*. Ал эми шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү жаңы сөз жасабайт, этиш сөзгө шарттуулук (грамматикалык) маани алып келет: *келсе, ойлосо* ж.б.

Шарттуу ыңгай этиштер бири-биринен айырмаланган ар кандай грамматикалык маанилерди туюндурат:

1. Мезгилге байланыштуу шартуулук маанини билдирет. Мисалы: *Кар кетип жаз келсе, жер көгөрүп өрүк гүлдөйт.*

2. Каалоо маанисиндеги шарттуулукту билдирет. Мисалы: *Окууга өтсөм дегенде эки көзүм төрт.*

3. Орун, өлчөм көрсөткүчтөрүнө байланыштуу шарттуулук маанисин билдирет. Мисалы: *Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку.* (Макал) *Төө канча болсо, жүк ошончо.* (Макал)

4. Субөектилерди же обөектилерди салыштыруу маанисин берет. Мисалы: *О, сен экөөбүз кандай болсок, ал да ошондой.* (Т.Сыдыкбеков)

5. Карама-каршы маанидеги шарттуулук маанисин билдирет. Мисалы: *Эй, бала!.. Айткандарың төгүн чыкса, эмне болоруңду билесиңби?* (Т.Абдумомунов)

6. Сурануу, жалынуу, өтүнүү маанилерин билдирет. Мисалы: *Ак шайы жоолук колго алып, булгасаң боло, Алымкан.* (Токтогул).

7. Себеп шарттуулук маанисин билгизет. Мисалы: *Китеп ачсам, карайсың тамга болуп, бакка кирсем, карайсың алма болуп.* (С.Жусуев)

8. *-чы* мүчөсү кошулуп айтылганда өкүнүү, кайгыруу маанилери туюндурулат. Мисалы: *Ат арыбас болсочу, жаш карыбас болсочу. Жаратканы чын болсо, жай-жайына койсочу.* (Токтогул).

9. Кайталанып айтылган этиштердин биринчисине шарттуу ыңгайдын мүчөсү жалганып келсе, көңүлкоштук, күмөндүүлүк маанилерин туюндурат: *болсо болор, келсе келер, жүрсө жүрөр, жазса жазар, айтса айтар* ж.б. Мисалы: *Сулуу деген болсо болор сенчелик, аны сүйгөн болсо болор менчелик.* (А.Токомбаев).

## Жак категориясы

(Жалпы маалымат)

Кыргыз тилинде жак категориясы өзгөчө категория болуп эсептелет. Көпчүлүк окмуштуулар аны этиш сөз түркүмүнө гана тиешелүү категория катары эсептешет. Чындыгында жак мүчөлөрү менен этиш сөздөр гана эмес, атооч сөздөрдүн да басымдуу бөлүгү өзгөрүлө берет.

Бирок, жак категориясы этиш сөз түркүмүнө көбүрөөк тиешелүү. Анткени, этиштер - кыймыл-аракетти жана ал-абалды билдирген сөздөр. Кыймыл-аракет менен ал-абалды аткаруучулар менен алып жүрүүчүлөр биринчи, экинчи, үчүнчү жактар болуп эсептелет. Ошентип, этиш сөздөрдүн жак боюнча өзгөрүлүп айтылышы этиш сөз түркүмүнүн жакталышын түзөт. Атооч сөздөрдүн жакталышы тууралуу жогоруда зат атоочту өткөндө сөз кылганбыз.

**Сүйлөмдө адамзаттык маанидеги атоочтордун ким экендигин жана кыймыл-аракеттин, ал-абалдын кимге, эмнеге таешелүүлүгүн билдирген грамматикалык маанилердин жыйындысы жак категориясы деп аталат.** Мисалы: *Мен каракчы эмесмин, Мен Дадый мырзанын жигитимин!* (Т.Абдумомунов) Мисалдагы *каракчы эмесмин, жигитимин* деген сөздөр логикалык субөектинин ким экендигине тактык киргизип, сүйлөмдөгү айтыла турган негизги ойду тыянактап турат, башкача айтканда, ойдун ким болуп аяктоосун билдирип турат. Сөз сүйлөп жаткан кишинин өзү жөнүндө болуп жатат. Дагы бир мисал: **Батма:** *И - и! ... Айланып кетейин, Уланымсыңбы?* (М.Тойбаев). *Уланымсыңбы* деген сөз логикалык субөектини тактап, субөектинин сөзүн тыңшап жаткан тарап экенин билдирип турат. Мында да ойдун негизинин ким экени такталып, аяктоосу бар.

Жак категориясы кыргыз тилинде конкреттүү жактардын түздөн-түз жана кээде көмүскөдө туруп катышуусу аркылуу ишке ашат да, тиешелүү жак көрсөткүчтөрү менен туюндурулат. Жак, бул сүйлөп жаткан, тындап жаткан тараптар жана сөз болуп жатып, сөзгө катышпаган обөектилер катары таанылуучу тараптар болуп эсептелет. Кыргыз тилинде жекелик жана көптүк сандарда айтыла берүүчү үч жак бар.

***Биринчи жак.***

Биринчи жак - сүйлөөчү, башкача айтканда, сүйлөп жаткан тарап. Биринчи жактын өзү ***мен***, көптүк санда ***биз*** деген жактама ат атоочтор аркылуу туюндурулат. Биринчи жак көбүнчө субөект катары кызмат кылат: *Желиге бербе Осмонкул, жеңе турган Калыкмын.* (Калык). Кээде обөект да болот: *Мен Масадыктын атасынын бир тууган карындашы болом. Масадыкка эжемин.* (Т.Абдумомунов).

***Экинчи жак.***

Экинчи жак - сөздү тындоочу, башкача айтканда, биринчи жактын айткандарын тындап жаткан тарап. Экинчи жак кыргыз тилинде ***кадыресе*** (кээ бир эмгектерде ***одоно***) жана ***сылык*** түрлөрдө айтылат. Экинчи жактын кадыресе түрү ***сен***, көптүк санда ***силер***, сылык түрү ***сиз***, көптүк санда ***сиздер*** деген жактама ат атоочтор аркылуу туюндурулат: *Талантгуу хирургсуң, жүрөккө операция жасаганы жатасың.* (Т.Абдумомунов). Атабаев: *Сиздин бар болгон катуулугуңуз ушул экен да, Аттокур аке?!. Жолборс имиш!. Койонсуң!,..* (Т.Абдумомунов).

***/чүнчү жак.***

/чүнчү жак - сөзгө катышпаган, бирок сөз болуп жаткан тарап. /чүнчү жактын өзү ***ал***, көптүк санда ***алар*** деген жактама ат атоочтор аркылуу берилет. Атооч сөздөр үчүнчү жакта грамматикалык атайын көрсөткүчкө ээ болбойт: *Душманга тике баккан ошол Каныбек.* (К.Жантөшев).

/чүнчү жакты туюндурган зат атооч сөздөр баяндоочтук милдетти аткарат да ошол баяндоочтук милдетинде анын жак мааниси даана байкалат.

Биринчи жана экинчи жактар адамзатты көрсөтөт, анткени биринчиси сүйлөп жатып, экинчиси аны угуп жаткан тарап болуп эсептелет. Ошентип, бул эки жак кишини билдирет. Ал эми үчүнчү жак киши гана эмес башка бардык заттар, түшүнүктөр да боло берет. Себеби, үчүнчү жак - сөз болуп жактан жак. Сөз киши тууралуу да, кандайдыр башка зат тууралуу да, кандайдыр түшүнүк тууралуу да боло берет.

Кыргыз тилинде жак категориясынын атайын грамматикалык каражаттары - жак мүчөлөрү, бар. Жак мүчөлөр атооч уңгуларга жалганганда, аларды - атооч сөздөрдү, тиешелүү жак ээси катары көрсөтөт. Ал эми этиш уңгуларга жалганганда, кыймыл-аракет же ал-абал менен кошо кыймыл-аракетке же ал-абалга кириптер болгон жактын өзүн кошо көрсөтөт.

Жак мүчөлөрү түзүлүшү боюнча толук жак мүчөлөр жана кыскарган жак мүчөлөр болуп өз ара экиге бөлүнөт. Жак мүчөлөрдүн толук түрү атоочторго да этиштерге да жалгана берет, ал эми кыскарган түрү этиш сөздөргө гана жалганат.

Жак мүчөлөрдүн толук түрү

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1 - жак | -мын | -быз |
| 2 - жак | -сың (-сыз) | -сыңар (-сыздар) |

| | | |
|---|---|---|
| 3 - жак | - | - |

Жак мүчөлөрдүн кыскарган түрү

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1 - жак | -м | -к |
| 2 - жак | -ң (-ңыз) | -ңар (-ңыздар) |

| | | |
|---|---|---|
| 3 - жак | - | - |

Биринчи жана экинчи жактардын жак мүчөлөрү тиешелүү жактама ат атоочтордон келип чаккан. Жак мүчөлөрдүн толук түрүнөн бул көрүнүш даана байкалып турат: *менмин, адаммын, Эдилбекмин, окуймун, келемин, сенсиң, Асылсың, ойнойсуң, жазасың, бизбиз, окуучубуз, сизсиз, Айнурасыз, келесиз, силерсиңер, жумушчусуңар, үйрөнөсүңөр, аткарасыңар, силерсиздер, врачсыздар, ойлойсуздар, көрөсүздөр* ж.б.

Жак мүчөлөрдүн толук түрү менен кыскарган түрүнүн ортосунда түзүлүш жагында гана эмес, грамматикалык маанилери жагынан да айрыма бар. Кыскарган түрү атоочторго жалганбайт, этиштерге гана жалганат. Ал эми толук түрү этиштерге да, адамзаттык атооч сөздөргө да жалгана берип, дайыма баяндоочтук грамматикалык маани берет. Мисалы: *Башкарма менин тилимден чыкпайт, кадырман кишимин.* (Т.Абдумомунов) *Азоодой жүрөк туйлады, ашыкмын, сага, ашыкмын.* (Э.Турсунов).

Атооч сөздөрдүн жак боюнча өзгөрүшүндө үчүнчү жактын жекелик санда да, көптүк санда да грамматикалык көрсөткүчү болбойт.

Жак мүчөлөрдүн толук түрү атооч сөздөргө жалганганда ошол атооч сөздөр өзүнүн ким, эмне же кандай экендигине аныктык, тактык киргизет. Мисалы:

| Жекелик сан | | Көптүк сан | |
|---|---|---|---|
| (мен) | студент - мин | (биз) | студент - пиз |
| (сен) | студент - сиң | (силер) | студент - сиңер |
| (сиз) | студент - сиз | (сиздер) | студент - сиздер |
| (ал) | студент | (алар) | студент - (тер) |
| (мен) | жаш - мын | (биз) | жаш - пыз |
| (сен) | жаш - сың | (силер) | жаш - сыңар |
| (сиз) | жаш - сыз | (сиздер) | жаш - сыздар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| (ал) | жаш | (алар) | жаш - (тар) |

Атооч сөздөргө жалганып, аларга баяндоочтук грамматикалык маани да кошумчалайт. Мисалы: *Энекебай, кайратымдан жазбадым. Мен мурунку, мен эмесмин - башкамын.* (Ж.Турусбеков) *Көзүңдөн жаш кургабай, кутуң учуп, түбөлүк туюкталган булуттайсың.* (А.Токомбаев) *Бир гана айтарым: кечирим суроочу болбо, себеби, көбүнчө өзүңдүн алдыңда өзүң айыптуусуң.* (Т.Абдумомунов).

Жак мүчөлүү атооч сөздөр аныкталгыч катары келип, этиштин өзгөчө формалары менен айкашта болгон учурда баяндоочтук милдет аткарбай канат. Мисалы: *Ушу кебетеңди көрүп туруп, кишимин дегениңе ким ишенет?* (М.Алыбаев).

Этиш сөздөргө жалганган жак мүчөлөр кыймыл-аракетти аткаруучу субөектинин кайсы тарап экенин кошо аныктайт. Мисалы: *Баары эсимде. - Байке, байке! Нан берчи, - деп ыйладың.* (А.Токомбаев).

Сүйлөмдө грамматикалык ээ катышпаса, жак мүчөсүнүн толук түрү грамматикалык баяндоочко субөектилик маанини да кошо ыйгарат. Мисалы: *Мынча эмне маалкатасың, айтчу болсоң айтпайсыңбы?...* (Т.Абдумомунов) *Кызыр жылоологон адамсыз, таксыр, айтканыңыз келсин, ылайым...* (Т.Касымбеков).

## Этиштин жакталышы

Ар кандай мамиле жана ыңгай формасындагы этиштерде кыймыл-аракетти аткаруучу тараптар, башкача айтканда, логикалык субөектилер болот. Алар сүйлөөчү тарап жана өз ара сүйлөшүүгө катышпай турган өзгө тараптар болушу мүмкүн. Биз жогоруда белгилегендей, бул тараптар биринчи жак *(мен, биз),* экинчи жак *(сен, сиз, силер, сиздер)* жана үчүнчү жак *(ал, алар)* деп аталат. Жактар тууралуу жогоруда айтылды.

**Этиш сөздөрдүн жак жана чак боюнча өзгөрүшү этиштин жакталышы деп аталат.**

Этиштин жакталышында жак мүчөлөрдүн кыскарган түрү төмөнкүдөй учурларда колдонулат:

1). Жекелик сандагы айкын келер чактын биринчи жагында: *барам, турам, сүйлөйм, күлөм, дейм, койом, басам, кийем, жатам, ичем, келем* ж.б.

2). Татаал учур чактын жекелик сандагы биринчи жагында: *бара жатам, көрсөтүп турам, айтып жатам* ж.б.

3). Шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү уланган биринчи жана экинчи жакта: *барсам, келсем, көрсөм, барсаң, келсең, көрсөң* ж.б.

4). Айкын өткөн чактагы этиштердин биринчи жактын жекелик жана көптүк түрүндө, экинчи жактын жекелик түрүндө: *бардым, бардык, бардың, бардыңар* ж.б.

5). *Эле* көмөкчү (жардамчы) этиш менен келген этиш сөздөрдө: *барат элем, баргай элем, барчу элең, барган элек, бармак элеңер* ж.б.

6). Биринчи жактагы жалпы өткөн чак этиш сөздөрдө: *баргам, келгем, кургам, баскам, жаткам* ж.б.

7). Тилек ыңгай формасындагы биринчи жана экинчи жак этиш сөздөрдө: *баргым, келгим, сүйлөгүм, жаткым келди, баргың, сүйлөгүң, келгиң жок* ж.б.

Этиштердин жакталышында мамиле, ыңгай, оң-терс жана чак маанилер да кошо берилиши мүмкүн. Мына ушул этиштик грамматикалык категориялардын кошо айтылышы менен этиш сөздөрдүн жакталышында өз ара айрымачылыктар бар. Мындай айырмачылыктар анча деле арбын эмес. Анткени, кыргыз тилинде уңгуга жалганган форманттардын ар бири өзүнөн мурункусунун маанисин солгундатып жүрүп олтурат. Этиш сөздөгү грамматикалык негизги маани эң акыркы болуп жалганган мүчөгө (формантка) тиешелүү, өзгөрүүгө да ошол акыркы мүчө дуушар болот. Андан мурда жалганган мучө (формант) дайыма жалганыш формасын сактайт: *кел-е-сиң, кел-ген-сиң, оку-т-кан-мын* ж.б.

Көпчүлүк учурда жак көрсөткүчтөр өзүлөрүндө чак маанилерди кошо ала жүрөт. Ошондуктан этиштин жакталыштарын этиштин чактарынан ажыратып кароого мүмкүн эмес, себеби, кыймыл-аракетти дайыма мезгилдик катнаштан туруп гана тааныйбыз.

## Учур чак жакталыштары

Мамиле, ыңгай, оң, терс формаларда келген учур чак этиштердин жакталышында өзгөчөлүктөр дээрлик жокко эссе. Анткени, биринчиден, кыргыз тилинде учур чактык маанилер көбүнчө татаал форма аркылуу уюшулуп, көмөкчү этиштердин тутумундагы грамматикалык каражаттар аркылуу туюндурулат. Демек, жакталышта ошол көмөкчү этиштер гана өзгөрүүгө дуушар болот. Экинчиден, мамиле, ыңгай формасындагы этиштердин көпчүлүгү учур чак формасын кабыл ала бербейт.

Учур чак жакталыштарын таблица түрүнө келтирсек, төмөндөгүдөй болот.

Жекелик сан

| | | |
|---|---|---|
| 1-жак | Бара жатам (-мын) | Көрсөтүп турам (-мын) |
| 2-жак | Бара жатасың<br>Бара жатасыз | Көрсөтүп турасың<br>Көрсөтүп турасыз |

| | | |
|---|---|---|
| 3-жак | Бара жатат | Көрсөтүп турат |

Көптүк сан

| | | |
|---|---|---|
| 1-жак | Бара жатабыз | Көрсөтүп турабыз |
| 2-жак | Бара жатасыңар<br>Бара жатасыздар | Көрсөтүп турасыңар<br>Көрсөтүп турасыздар |

| | | |
|---|---|---|
| 3-жак | Бара жатат (-ышат) | Көрсөтүп турат (-ушат) |

Жөнөкөй учур чак формасынын жакталышында да өзгөчөлүктөр жок.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1-жак | Иштөөдөмүн | Иштөөдөбүз |
| 2-жак | Иштөөдөсүң<br>Иштөөдөсүз | Иштөөдөсүңөр<br>Иштөөдөсүздөр |

| | | |
|---|---|---|
| 3-жак | Иштөөдө | Иштөөдө (иштешүүдө) |

## Келер чак жакталыштары

Мамиле, ыңгай, оң, терс формаларда келген жөнөкөй этиштердин келер чак мааниси жак мүчөлөрү аркылуу туюндурулуп, жакталышта анчалык өзгөчөлүктөргө ээ боло бербейт. Биринчи жак мүчөлөрдүн толук түрүн да, кыскарган түрүн да кабыл ала берет: *айтам, айтамын; сүйлөйм, сүйлөймүн.*

Экинчи жак дайыма жак мүчөлөрдүн толук түрүн кабыл алат: *айтасың, айтасыз; сүйлөйсүң, сүйлөйсүз.* Негизинен учур чак этиштердин жакталышынан айырмасы жок жакталат.

| | Жекелик сан | |
|---|---|---|
| 1-жак | Барам (-мын) | Барармын Барбасмын |
| 2-жак | Барасың<br>Барасыз | Барарсың Барбассың<br>Барарсыз Барбассыз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3-жак | Барат | Барар | Барбас |

| | Көптүк сан | | |
|---|---|---|---|
| 1-жак | Барабыз | Барарбыз | Барбаспыз |
| 2-жак | Барасыңар<br>Барасыздар | Барарсыңар<br>Барарсыздар | Барбассыңар<br>Барбассыздар |

| | | |
|---|---|---|
| 3-жак | Барат (-ышат) | Барар (-ышар) Барбас (-ышпас) |

Айкын келер чактагы татаал формаларда сан, чак жана жак маанилер көмөкчү этиштерде берилет, негизги этиштер чакчыл формада болот.

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Жекелик сан | | |
| 1 | Ала алам (-мын) | Барып келем (-мын) | Окуй берем (-мын) |
| 2 | Ала аласың<br>Ала аласыз | Барып келесиң<br>Барып келесиз | Окуй бересиң<br>Окуй бересиз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Ала алат | Барып келет | Окуй берет |

| | Көптүк сан | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Ала алабыз | Барып келебиз | Окуй беребиз |
| 2 | Ала аласыңар<br>Ала аласыздар | Барып келесиңер<br>Барып келесиздер | Окуй бересиңер<br>Окуй бересиздер |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Ала алат (-ышат) | Барып келет (-ышат) Окуй берет (-ышат) |

Атооч түгөйлүү татаал этиштер да ушул үлгүдө жакталат.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1-жак | Баш багам (-мын) | /н салабыз |
| 2-жак | Баш багасың<br>Баш багасыз | /н саласыңар<br>/н саласыздар |

| | | |
|---|---|---|
| 3-жак | Баш багат | /н салат (-ышат) |

Арсар келер чактагы татаал этиштердин жакталышында негизги этиш чакчыл формасында болбойт. Бардык жактарда арсар келер чак мүчөсү (*-ар*) өзгөрүүсүз сакталып, этиштик сөз өзгөртүүчү көрсөткүчтөр көмөкчү (жардамчы) этишке жалганат.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1-жак | Барар эле-м | Барар эле-к |
| 2-жак | Барар эле-ң<br>Барар эле-ңиз | Барар эле-ңер<br>Барар эле-ңиздер |
| 3-жак | Барар эле | Барар (-ышар) эле |

## Өткөн чак жакталыштары

Өткөн чак этиштердин жакталышында жак мүчөлөрдүн толук түрү да, кыскарган түрү да катыша берет.

Жак мүчөлөрдүн толук түрүн кабыл алган өткөн чак формалары:

***-ыптыр, ып:*** *барыптырмын, барыпсың, барыптырсыз, барыптырсың, барыптырсыздар* ж.б.

***-уучу:*** *баруучумун, баруучусуз, баруучубуз, баруучусуздар, баруучусуңар* ж.б.

***-чу:*** *барчумун, барчусуң, келчүсүң* ж.б.

***-ган:*** *барганмын, баргансың, келгенсиң* ж.б.

Кыскарган жак мүчөлөрүн кабыл алган этиштин өткөн чак формалары:

***-ды:*** *бардык, бардым, бардың* ж.б.

***-ган:*** *баргам, келгем, тургам* ж.б. Мындай учурда жак мүчөсүнүн толук түрү да паралелл колдонула берет: *барганмын, баргамын, келгенмин, келгемин* ж.б.

***-ган эле:*** *барган элем, барган элек, барган элең, келген элеңер, отурган элек, отурган элеңер* ж.б.

***-чу эле:*** *барчу элем, келчү элеңер, айтчу элең, каттачу элек, көп уктачу элеңер* ж.б.

## Чак категориясы

Ар кандай кыймыл-аракет мезгил жана мейкиндик менен өлчөнөт. Ал эми этиш сөздөр кыймыл-аракетти, кыймылдык ал-абалды, кыймылдык көрүнүштү билдиргендиктен мезгил, мейкиндик катыштыгынан сыртта калбайт. Башкача айтканда, кыймыл-аракет кайсыдыр мейкиндик алкагында болуп, кандайдыр убакыт бирдигинде жүзөгө ашат. Мына ошол мейкиндик менен убакыт биз сүйлөп жаткан жерден, биз сүйлөп жаткан учурдан башат алат. Жөнөкөй сөз менен айтканда, кыймыл-аракет биз сүйлөшүп жаткан учурда болуп, биз сүйлөшүп жаткан учурдан мурда болуп өткөн жана биз сүйлөшүп жаткан учурда али аткарыла элек болот. Кыймыл-аракеттин убакыт бирдиги менен шартталган мына ушундай касиеттери бар.

**Ошентип, кыймыл-аракеттин аткарылыш жана ал-абалдын болуш мезгили менен биз сүйлөп жаткан убакыттын ортосундагы мезгилдик карым-катыштарды билдире турган грамматикалык категория этиштин чак категориясы деп аталат.**

Кыргыз тилинде кыймыл-аракет, ал-абал жана мезгилдик көрүнүштөрдү билдирген этиштин үч чагы бар. Алар: **өткөн чак, учур чак, келер чак.** Этиштин суроолору да мезгилдик кырдаалдарга жараша өзгөрүлүп, ар бир чактын өзүнө ылайыкташып түшөт. Мисалы: *Мен эмне болуптурмун? – деди эжеси ичинен кабатырланып.* (М.Гапаров) *Кырсык кетсин, ырыскы келсин, келинди этегинен жалгап, үй балага толсун.* (Э.Турсунов) *Сейит* (тыңшап): *Шайыргүл ырдап жатат.* (Т.Абдумомунов)

Биринчи сүйлөмдө кыймыл-аракеттин сөз болуп жаткан учурдан мурда болуп өткөндүгү *(эмне болуптурмун),* экинчисинде кыймыл-аракеттин сөз болуп жаткан кезде али аткарыла элек экендиги *(кетсин, келсин, толсун),* ал эми үчүнчүсүндө кыймыл-аракеттин дал сөз болуп жаткан чакта аткарылып жаткандыгы *(ырдап жатат)* белгилүү болуп турат.

Чак категориясы этиш сөз түркүмүнүн эң негизги категориясы болуп эсептелет. Болгондо да этиш сөз түркүмүн башка сөз түркүмдөрүнөн айрымалоочу категория болуп саналат. Анткени, жогоруда белгиленгендей, этиш сөздөр кыймыл-аракет же кыймылдык ал-абалды билдирет. Ал эми кыймыл менен ал-абал мезгилсиз, мезгил бирдигисиз ишке ашпайт.

## Учур чак

**Кыимыл-аракеттин биз сүйлөп жаткан кезде болуп жатканын билдирген этиштин өзгөргөн формалары учур чак этиштер болуп эсептелет.**

Мисалы: *Экөө бир нерсеге күлүп келе жатышат.* (М.Гапаров) *Бүгүнкү күндө дал ошолор көп кыйынчылыктарды баштарынан өткөрүп жатышат.* («Кыргыз Туусу»)

Учур чактагы кыимыл-аракеттин аткарылышы биз сүйлөп жаткан кезде гана болуп жатышы, бир топко чейин улана бериши мүмкүн. Кээде мурда башталган кыймыш-аракет ушул учурда да жүрө бериши, кээде болсо ушул учурдагы кыймыл-аракет, кандайдыр деңгээлде, келечекте аткарылар касиеттери менен кошо болот. Көпчүлүк учурларда кыргыз тилиндеги учур чак этиштердин мындай көп кырдуу грамматикалык маанилери жардамчы этиштер аркылуу жана сүйлөмдө катышып турган мезгилдик маанидеги башка сөздөр аркылуу туюндурулат.

***Эскертүү:*** Кыргыз тилиндеги учур чак этиштердин табияты жана ички тутумдук түзүлүшүнүн көп кырдуу грамматикалык маанилери али ачыла элек. Жалпы түркологияда ***учур-келер чак, учур-өткөн чак*** деген сыяктуу терминдер аркылуу берилген мисалдар С.А.Давлетов ж.б. жазышкан бир гана грамматиканы (Кыргыз тили. Пединституттардын педагогикалык факультеттери үчүн окуу китеби. -Фрунзе: Мектеп, 1986, 192-б.) эске албаганда, кыргыз тилчилери тарабынан эч бир грамматикада чагылдырыла элек. Чындыгында, тилибизде учур чак көрсөткүчү деген каражаттардын келер чак маанисин да, кээде өткөн чак маанисин да ала жүргөн көрүнүштөрү жок эмес. Бул, албетте, өзүнчө атайын жүргүзүлө турган илим-изилдөө ишинин обөектиси болуп саналат. Андыктан, бул окуу китепте маселенин ушу күндө да ачык экенин белгилөө менен гана чектелебиз.

Кыргыз тилинде учур чакты уюштуруучу грамматикалык каражаттарга төмөнкүлөрдү киргизебиз:

1. *Жат, тур, жүр, отур, олтур* деген сыяктуу жардамчы этиштер уюштурат: *келе жатат, сүйлөп турат, ойноп жүрөт, окуп олтурат* ж.б. Булардын ичинен *жат* жардамчы этиши *баратат, келатат, окубатат* деген сыяктуу татаал формаларда да айтыла берет, бирок учур чакты уюштурар озуйпасын жоготпойт.

Жардамчы этишер аркылуу уюшулган учур чак этиштер, албетте татаал этиштер болушат да, анын тутумундагы негизги этиш мааниси дайыма чакчыл формада келет. Мисалы: *Бирок ал өзү жаштык кылып түшүнбөй жатат.* (К.Каимов) *Чоң баштык толтура китептерин асынып алып, мектебине жай гана бара жатат.* («Кыргыз руху»).

2. ***-ууда*** мүчөсү (кыймыл атоочтун *-уу* жана жатыш жөндөмөсүнүн *-да* мүчөлөрүнүн биригишинен жасалган) учур чак этиштерди уюштурат. Бул мүчө аркылуу дайыма жөнөкөй учур чак формалары жасалат. Мисалы: *Сугатчы жер суусунун кандырууда, тирүүлүк отун чачып жандырууда.* (О.Султанов) *Тигил тиздеген нардай катар чөккөн эки асканын кайкаңынан күн алоолонуп жогору көтөрүлүүдө.* (Т.Сыдыкбеков).

3. Өткөн чактын *-ды* (*-ты*) мүчөсү да кээде учур чак маанилерин билдирет. Мисалы: *Топоздун этине аябай тоюп, бөрүлөр бир аяк жол менен үңкүрүнө кайтып келатты.* (Ч.Айтматов) *Алардан Алтынкөкүл Раушанды күндүз алып кетүү кыйын, - деп, Кереч кемпири экөө каршы чыга баштады.* (К.Жантөшев) *Карышкырды тарамышынан тартылган кайыш боо максатына жеткирбей өксүтүп турду.* (Э.Турсунов).

4. Жак мүчөлөрдүн таасири астында чакчылдын *-а* мүчөсү да учур чакты уюштурат. Мисалы: *Боз үйдүн сырткы капшытында Токтогул отурат.* (Т.Абдумомунов) *Шыбыргактаган гана жаандын табышы чыгат.* (К.Жантөшев).

5. *-дыр* мүчөсү азыркы кыргыз тилинде, негизинен атоочтор маанисиндеги сөздөргө жалганганы менен этиштик учур чак маанисин билдирүү озуйпасын жогото элек. Мисалы: *Ошого жараша теңир алдында кетирген күнөөлөрү да арбындыр.* (А.Стамов) */йүндө илбирс, жолборстун же болбосо сүлөөсүн, калтардын терилери бардыр?* (А.Стамов). Бирок, мындай этиштерде өткөн чак маанисинин да кошо айтылып жатканы сезилип турат.

Учур чак этиштерди жөнөкөй учур чак, татаал учур чак деп, түзүлүшү боюнча экиге бөлөбүз.

***Жөнөкөй учур чак*** этиштер бир эле уңгудан туруп кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: *Азыр Кыргызстан адам укугунун сакталышы боюнча Батыш Европа өлкөлөрү менен бирдей деңгээлде турат.* («Заман Кыргызстан»)

***Татаал учур чак*** этиштер. Эки же андан көп уңгудан туруп, бир эле кыймыл-аракетти же ал-абалды билдирген учур чак этиштер татаал учур чак этиштер болушат. Жогоруда айтылгандай, татаал учур чак дайыма жардамчы этиштер аркылуу уюшулат. Ар бир жардамчы этиштин өзүнө жараша маанилик өзгөчөлүктөрү бар. Ошондуктан алардын ар бирине жекече токтололу.

### ***Жат***

*Жат* жардамчы этиши чакчылдын *-а, -ып* формаларындагы негизги этиштер менен жак боюнча өзгөргөн абалда айкашып келип учур чак маанисин билдирет. Бул жардамчы этиш этиштин бардык формаларынын мүчөлөрүн кабыл алып, андан ары өзгөрө берет: *бара жатам, келе жатат, жазып жатышат, сабап жатам, айтып жатасың, күлүп жатат, багып жатам, иштеп жатабыз, окуп жатасыз* ж.б.

*Жат* жардамчы этиши аркылуу уюшулган татаал этиштер чыныгы учур чак маанисин билдиргенде төмөнкүдөй касиеттерге ээ болот:

1. Өзүнүн этиштик кыймыл-аракеттик маанисин солгундатып, көбүнчө андан ажырап да калып, айкашып келген негизги этиш (чакчыл формадагы) билдирген кыймыл-аракеттин чак, жак, сан белгилерин гана түшүндүрүп калат. Мисалы: *Кайсы бирөө тээп түшүү үчүн арткы дөңгөлөгүн таба албай бутунун башын соймоңдотуп убараланып жатат.* (М.Алыбаев) *Алтын катылган казык ушул көрдүн ичинде деп жатат, байкушум.* (А.Стамов).

2. Негизги этиш (чакчыл) билдирген кыймыл-аракеттин чак, жак, сан белгилерин түшүндүрүү менен бирге өзүнүн этиштик лексикалык маанисин солгундатат.

Мисалы: *Көздөрү ачыла элек бөлтүрүктөр бири-бирине ыкташып уктап жатышат.* (К.Жантөшев).

*Жат* жардамчы этиши менен уюшулган татаал этиштерде учур-өткөн чак маани да болот. Мисалы: *Кээ бирөө түшүндө чийбаркыт кийсе, кээ бирөө бир эле шакек салынып калып, түшүнөн чочуп жатышты.* (М.Алыбаев) *Жаңыл жылмайып, аны кыйлага чейин карап жатты.* (М.Гапаров) Келтирилген мисалдардагы өткөн чак маанилерге грамматикалык каражаттар эмес, контекст шарт түзүп турат. Биринчи сүйлөмдө түш көрүү процессинин өткөн экендиги айкын айтылып турса, экинчи сүйлөмдө *чейин* деген жандооч чак мааниси менен кыймыл-аракетке өткөн чактык сапат ыйгарып турат.

*Жат* жардамчы этиши менен уюшулган татаал учур чак этиштер тыбыштык кыскарууларга да дуушар болот. Азыркы кыргыз тилинде мындай көрүнүштөр өтө арбын.

Мисалы: *Алардын жардамы менен кыргыздын дагы бир чырпыгы жетилип келатат.* («Асаба»).

## *Тур*

*Тур* жардамчы этиши чакчылдын *-ып* формасындагы саналуу гана этиштер менен айкашып келип, татаал учур чакты уюштурат. Жардамчы этиш *(тур)* өзү чакчыл мүчөнү *(-а)* кабыл алып, этиштин жак, чак, сан көрсөткүчтөрү менен өзгөрүүгө жендөмдүү.

Бул жардамчы этиш да көпчүлүк учурларда өз лексикалык кыймыл-аракеттик маанисинен ажырап кылат.

Мисалы: *айтып турам, ичип турат, сүйлөп турат, жашап турабыз, жеп турат, ойноп турат, көрүп турам; А Саякбай айтып турат «Манасты».* (О.Сооронов).

## *Жүр*

*Жүр* жардамчы этиши чакчылдын *-ып* формасындагы саналуу гана негизги этиштер менен айкашып келип татаал учур чакты уюштурат. Мында да жардамчы этиш *(жүр)* чакчыл мүчөсүн *(-а)* кабыл алып, анан жак, чак, сан боюнча өзгөрүүлөргө дуушар болот. Мисалы: *окуп жүрөт, иштеп жүрөм, байкап жүрөсүң, айтып жүрөт; Кудага шүгүр, университетте окуп жүрөм.* («Эркин Тоо»).

### ***Отур***

*Отур* жардамчы этиши да чакчылдын *-ып* формасындагы саналуу гана негизги этиштер менен айкашып келип татаал учур чакты уюштурат. Мында да жардамчы этиш чакчыл *-а* мүчөсүн кабыл алып, жак, чак, сан боюнча өзгөрүүлөргө дуушар болот. Мисалы: *байкап отурам, айтып отурат, иштеп отурасың; Астыртан көзүнүн кыйыгы менен карап, баарын байкап отурат.* («Асаба»).

Башка жардамчы этиштерден айрымаланып, *отур* деген жардамчы этиш татаал учур чактын тутумунда өзүнүн лексикалык кыймыл-аракеттик маанисин кээде сактап калат. Мисалы: *Баятан бери байкап отурам, бир да автобус өткөн жок.* (К.Акматов)

/ч тутумдан турган татаал учур чактарда акыркы түгөйү *(жат)* түшүп да калат. Түшүп калса да, анын учур чак мааниси сактала берет. Мисалы: *Артыбыздан жез кемпир келаткансып, тызылдап кетип барабыз.* («Асаба») *Ошол кезден ушул кез, бул заводдо иштеп келем.* («Кыргыз Туусу»). Биринчи мисалда *кетип бара жатабыз,* экинчи мисалда *иштеп келе жатам* деп үч тутумдан турган татаал этиштердин акыркы тутумдары кыскарып, *кетип барабыз, иштеп келем* деп айтылып жатат.

### **Учур чактын терс формасы**

Терс форманын грамматикалык көрсөткүчү жөнөкөй учур чактын *-ууда* мүчөсүнөн мурда келет. Мисалы: *өстүрбөөдөмүн, айттырбоодо, ойнотпоодосуң* ж.б. Жогоруда айтылгандай, мамиле мүчөлөрүнүн орду дайыма уңгудан кийин биринчи болуп келет. Демек, мамиле формаларында да *-ба* мүчөсү мамиле мүчөлөрүнөн кийин келет.

Чакчыл *-а* менен жак мүчөлөрүнүн жардамы аркылуу уюшулган жөнөкөй учур чакта да терс форманын көрсөткүчү түздөн-түз этиш уңгунун өзүнө жалганат. Мисалы: *отурбайт, отурбаймын, жазбайт, өстүрбөйсүң* ж.б.

Татаал учур чак формаларда терс форманын *(-ба)* мүчөсү чакчылдарга, башкача айтканда, биринчи түгөйгө жалганат.

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1 | оку-ба-й жатам (-мын) | оку-ба-й жатабыз |
| 2 | оку-ба-й жатасың | оку-ба-й жатасыңар |
| | оку-ба-й жатасыз | оку-ба-й жатасыздар |
| 3 | оку-ба-й жатат | оку-ба-й жатат (-ышат) |

Өткөн чактын *-ган* мүчөсү менен айтылган этиштин татаал түрүнө **жок** деген сөздүн кошулуп айтылышы менен терс форма уюшулуп, анда өткөн чакка караганда учур чак мааниси басымдуулук кылат: *келе жаткан жок, күлүп отурган жокмун, окуп жатканым жок* ж.б.

Кыргыз тилинин кээ бир диалектилеринде терс маани (*-ба*) мүчөсүнөн кийин да өткөн чактын *-ган* мүчөсүнүн жалганышы учурай берет: *келбегенмин, окубаганмын, айтпагам.*

## Өткөн чак

**Кыймыл-аракеттин биз сүйлөп жаткан мезгилден мурда болгонун билдирген этиштин өзгөргөн формалары өткөн чак деп аталат.** Кыргыз тилинде өткөн чакты билдирген атайын грамматикалык каражаттар бар. Өткөн чак үчүн этиштин суроолору да ушул грамматикалык каражаттарды кабыл алып, *эмне кылды? эмне кылган? эмне кылыптыр? эмне кылчу?* деген формаларда берилет.

Өткөн чактын грамматикалык каражаттары (мүчөлөрү) болуп *-ды, -ган (-гандыр), -ыптыр (-ып), -чу* мүчөлөрү эсептелет. Мисалы: *Курманбек кырк жигити менен келип аттан түштү.* («Курманбек») *Казына катылган жердеги көрүстөнгө ал үчөө жайдын капортосу ченде, эл-журт толук жайлоого көчкөн кезде келишкен.* (А.Стамов) *Жакыпка кыз жүргөндөй көрүнүптүр, асманда спутникке түшүп алып.* (О.Султанов) *Чоронун кечиримсиз жумшактыгын аябай сынга алчу.* (Ч.Айтматов).

Аналитикалык жол (синтаксистик жол) менен уюшулган этиштердин, башкача айтканда, татаал этиштердин өткөн чак формаларында да жогорку грамматикалык каражаттардын кайсы бири сөзсүз катышат. Мисалы: *Салиянын кара дермантин менен капталган эшиги бар экен, түртсө эле ачылып кетти.* (М.Гапаров). *Ой, менин жигиттерим келип калган тура!* (Т.Абдумомунов) *Сенин кебете-кешипириңе карап туруп, эбисыны жок талпайган бир итине бактырып коюптур.* (К.Жантөшев) */йдө керегеге, жолдо ээр кашына илип койчумун.* (Т.Сыдыкбеков).

Өткөн чак этиштерде кыймыл-аракеттин болгон, боло турган кырдаалдары ар кандай болот. Өткөн чак мүчөлөрү ар башка кырдаалдарда өткөн чакты билдирүүчү маанилери боюнча бири-биринен ар кандай өзгөчөлүктөргө ээ болуп, башка-башка маанилерди билдирет. Ошондуктан өткөн чакты уюштуруучу жогорудагы грамматикалык каражаттардын (мүчөлөрдүн) маанилерине карап, азыркы кыргыз тилиндеги өткөн чак этиштерди төмөнкүдөй төрт топко бөлөбүз:

1) айкын өткөн чак *(-ды)*
2) жалпы өткөн чак *(-ган)*
3) капыскы өткөн чак *(-ып, -ыптыр, -тыр)*
4) адат өткөн чак *(-чу, -уучу)*

Өткөн чактын маанилик жактан бөлүнүшүн тактап чыккан изилдөөлөр аз. Кээ бир окуулуктарда, айрым эмгектерде *жакынкы өткөн чак, белгисиз өткөн чак, байыркы өткөн чак* деген сыяктуу терминдер жолугат. Чынында *-ды* мүчөсүнүн мааниси *-ган* мүчөсүнүн маанисине караганда берирээк мезгилди билдирет. *Келдим, келдиң, келдиңиз, келди* деген формаларда «азыр эле келдим, азыр эле келдиң, азыр эле келдиңиз, азыр эле келди» деп жакынкы мезгилди билдирер, али орун-очок ала элек маанилер бар. Ал эми *Келгем (келгенмин), келгенсиң, келгенсиз, келген* деген формаларда келип алып биротоло орун-очок алып калган, бир аз мурдараак аткарылган кыймыл-аракет маанилери кошо бар.

Мындан тышкары кыргыз тилинде өткөн чактын *келгендирмин, келгендирсиң, келгендирсиз, келгендир; келген окшоймун, келген окшойсуң, келген окшойсуз, келген окшойт; келген шекилди, келдим шекилди; келген чыгар, келди чыгар, келген болсо керек, келди окшойт, айтты көрүнөт, айттыңыз шекилди* деген сыяктуу формалары да активдүү колдонулат. Бул маселе азырынча өз изилдөөчүсүн күтүп турат. Бирок, мындай көрүнүштөр ар кандай деңгээлдеги нормативдик грамматикалардан орун алууга толук укуктуу. Булар өткөн чактын жогоруда көрсөтүлгөн топторунда чагылдырылып берилди.

## Айкын өткөн чак

**Кыймыл-аракеттин болуп өткөндүгү, аткарылгандыгы эч кандай шекти туудурбай сүйлөөчүнүн көз алдында эле, же жакында эле болуп өткөндүгүн билдирип турган өткөн чак формалары айкын өткөн чак эташтер болушат.**

Айкын өткөн чакты *-ды (-ди, -ду, -дү)* мүчөсү уюштурат. Мисалы: *Иса бала кезинде балдар менен мал кайтарып жүрүп, мындай кактардан далай жолу суу ичкенин эстеди.* (М.Гапаров) *Адепки катуу топурак барган сайын борпоңдоп, анан бир топтон кийин чоттун уңгусу ташка тийгендей каңк этти.* (А.Стамов).

Айкын өткөн чактын мүчөсү уңгу негизге да, туунду негизге да жалгана берет. Мисалы: *Молдокеңизди үңкүр-маңкирлер кубалап кетти.* (Т.Абдумомунов) Мында уңгу негизге уланып турат *(кет-ти). Айылдан чыкпай айландың, досум, ашыглык кепке байландың, досум.* (Барпы) Мында айкын өткөн чактын мүчөсү туунду негизге уланып турат *(бай-ла-н-ды-ң).*

Айкын өткөн чак этиштер төмөнкүдөй грамматикалык маанилерди билдирет:

1. Кыймыл-аракеттин жакын эле арада болгондугун билдирет. Мындай учурда *кечээ, азыр, жана, бүгүн* деген сыяктуу мезгилди билдирген сөздөр кошо айтылып, кыймыл-аракеттин аткарылуу чеги да көрсөтүлүп, такталышы мүмкүн. Кыймылдын али толук орун-очок ала электиги байкалат. Мисалы: *Эки айдан бери акмалап жүрүп, мурдагы түнү Шапагын жайладым.* (Т.Абдумомунов) *Аңгыча обочодо жалгыз олтурган аялдын бакырган үнү угулду.* («АлаТоо») *Азыр эле айттым, укпадыңбы?* (К.Акматов)

Татаал этиштин тутумундагы жардамчы этишке *-ды* мүчөсү жалганып келсе да жакынкы айкын өткөн чак маанисин билдирет. Мисалы: *Өөп, анан колундагысын жерге таштап, өзү да анын жанына отура кетти.* (М.Гапаров).

Мезгил тактоочтор катышпай деле жакынкы өткөн чак маани бериле берет. Мисалы: *Дарбаза дагы аяр чертилди.* («Ала Тоо») *Медициналык мекемелер жогорку жана орто билимдүү кадрлар менен толукталды.* (А.Эркебаев).

2. *Былтыр, өткөн жылы, баягында, илгери* деген сыяктуу бир топ мурда өтүп кеткен мезгилди билдирген сөздөр менен айкашып келип, кыймыл-аркеттин биз сүйлөп жаткан учурдан алда-канча мурда болуп өткөндүгүн баяндайт. Мындай учурда да айкашкан сөздөрдүн маанилерине жараша кыймыл-аркеттин чеги такталып көрсөтүлөт.

Мисалы: *Ошол эле жылдын аягында Сталинге Гитлерден телеграмма келди.* (К.Сактанов) Айкын өткөн чак этиштер *эле, бекен, беле* жардамчы этиштер менен айкашып айтылганда да байыркы айкын өткөн чак мааниси туюндурулат. Мисалы: *Бар кайратын салып, дагы бир жулунуп көрдү эле көзүнөн от чагылып кетти.* (К.Маликов).

3. Биз сүйлөп жаткан учурга тиешеси жок эле өткөн мезгилди билдирет. Мисалы: *Жылкы тийип, эр өлүп, кун сураттың, замана. Бар малыңды алдырып, жокчулукка маң кылып, тунжураттың, замана.* (Жеңижок).

4. Айкын өткөн чак маани менен кошо кыймыл-аракеттин үзгүлтүксүздүгү да туюндурулат. Мисалы: *Кай бири кадырлуу байлардын үйлөрүнө кирип жашынышты, а кай бирлери талааны карай качып баратты.* (К.Жантөшев). *Мен мылтыктын аралык өлчөгүчүн жетимиш беш метрге коюп көздөп калдым.* (М.Гапаров).

### Айкын өткөн чактын жакталыштары

| | Этиштик негиз | Өткөн чак | Жекелик | Көптүк |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаз- (оку-, бер- *ж.б.)* | -ды | -м | -к |
| 2 | Жаз- (оку-, бер- *ж.б.)*<br>Жаз- (оку-, бер- *ж.б.)* | -ды<br>-ды | -ң<br>-ңыз | -ңар<br>-ңыздар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Жаз- (оку-, бер- *ж.б.)* | -ды (-ышты) | - | - |

Татаал формада айтылганда да мүчөлөрдүн ушул тартиби сакталат. Чак, жак мүчөлөрү экинчи тутумуна (жардамчы этишке) жалганат.

| | Татаал этиш | Өткөн чак | Жек. сан | Көптүк сан |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Келе (ойной) бер- Ичип (окуп) ий- (кой-) | -ды | -м (-дым) | -к (-дык) |
| 2 | Келе (ойной) бер- Ичип (окуп) ий- (кой-) | -ды | -ң (-дың) | -ңар (-дыңар) |
| | Келе (ойной) бер- Ичип (окуп) ий- (кой-) | -ды | -ңыз (-дыңыз) | -ңыздар (-дыңыздар) |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Келе (ойной) бер-<br>Ичип (окуп) ий-<br>(кой-) | -ды<br>(-ышты) | - | - |

Айкын өткөн чак этиштер *эле, бейм* деген бөлүкчөлөр менен айкашып келгенде чак, жак көрсөткүчтөрү негизги этиштин өзүнө жалганат.

| | Этиштик негиз | Өткөн чак | Жек. сан | Көптүк сан | Бөлүкчө |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бар- (кел-) | -ды | -м | -к | *эле, бейм* |
| 2 | Бар- (кел-)<br>Бар- (кел-) | -ды<br>-ды | -ң<br>-ңыз | -ңар<br>-ңыздар | *эле,бейм*<br>*эле, бейм* |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Бар- (кел-) | -ды (-ышты) | - | - | *эле, бейм* |

Айкын өткөн чак этиштер *окшойт, шекилди, көрүнөт* деген сыяктуу сөздөр жана *беле, бейм* деген бөлүкчөлөр менен айкашып келип, кыймыл-аракеттин аткарылышындагы, болуп өткөнүндөгү күмөндүүлүктү билдирет: *келди окшойт, айттың шекилди, байкадыңар окшойт, алдыңыз шекилди, алдык көрүнөт, уктуң беле, окудуңуз беле, келди бейм* ж.б.

## Жалпы өткөн чак

**Кыймыл-аракеттин биз сүйлөп жаткан учурдан мурда болгондугун аныктап, жалпылап баяндап берген өткөн чак формасы жалпы өткөн чак болот.** Этиштин жалпы өткөн чагы *-ган* (варианттары: *-ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн*) мүчөсү менен уюшулуп, кыймыл-аракеттин учурдан алда канча мурда, же мурдараак болуп өткөнүн туюндурат. Мисалы: *Ушуну менен башчы дагы бир жолу Сапарды сыйлаарын, ал эмне десе, ошону аткарууга даяр экенин билдирген.* (Ж.Мавлянов) *Тиги аял жууп жаткан эки кара чөйчөк, анын да биринин чети кетилип калган.* (К.Жантөшев).

***Эскертүү:*** *-ган* мүчөсү атоочтукту да уюштуруучу мүчө, бирок ал этиштин өткөн чагын уюштурган мүчө да болуп эсептелет. Атоочтуктун *-ган* мүчөсү менен этиштин өткөн чагынын *-ган* мүчөсүнүн ортосундагы айырмачылыктар тууралуу китептин атоочтуктар деген бөлүмүнөн караңыз.

Жалпы өткөн чактын айкын өткөн чактан маанилик жактан айрымасы бар.

**Биринчиден,** сүйлөмгө мезгилди билдирген *кечээ, азыр, азыр эле, жана, жана эле, эми эле, бүгүн, өгүнү, былтыр, өткөн жылы, илгери, баягыда, атам заманда* ж.б. сөздөр катышпаган учурда кыймыл-аракеттин аткарылышы жалпы өткөн чакта сөз болуп жаткан учурдан арыраак, илгерирээк болуп, кыймыл-аракет биротоло аяктаган сыяктуу мааниде жүрөт, ал эми айкын өткөн чакта берирээк, бизге жакыныраак болуп, кыймыл-аракеттин биротоло аяктаганы байкала бербей айтылат.

Мисалы: *айткан, үйрөнгөн, билген, окуган* ж.б., *айтты, окуду, билди, үйрөндү* ж.б.

Биринчи топтогу мисалдардан *(-ган)* кыймыл-аракеттин биз сүйлөшүп жаткан жерден, кандайдыр алысыраак жакта аткарылганы, анын иштелген мезгили бизге таптакыр белгисиз экени, ал эми экинчи мисалдардан *(ды),* тескерисинче, кыймыл-аракеттин биз сүйлөшүп жаткан жерге кандайдыр жакын эле аралыкта аткарылганы, анын иштелген мезгили, натыйжасы бизге маалым болуп турганы көрүнүп турат.

**Экинчиден,** айкын өткөн чакта кыймыл-аракеттин болуп өткөнүнүн ырастыгы, ишенимдүүлүгү биринчи планда турат, ал эми жалпы өткөн чакта кыймыл-аракеттин аткарылгандык фактысы менен натыйжасы биринчи планда турат. *Адыл окуду, биз үйрөндүк, баарын билдим* деген мисалдарда кыймыл-аракеттин болуп өткөндүгү айкын болуп, жакын эле арада окугандык, үйрөнгөндүк, билгендик ишенимдүү түрдө ырасталды. Ал эми *Адыл окуган, биз үйрөнгөнбүз, баарын билгенмин* десек, биринчи планга аткарылган кыймыл-аракеттин натыйжасы чагып, эчак эле окугандык, үйрөнгөндүк, билгендик баяндалды.

***Эскертүү:*** Айкын өткөн чак менен жалпы өткөн чак мүчөлөрүнүн маанилери контекстте *илгери, баягыда, өткөн жылы, былтыр, кечээ, бүгүн, азыр, жана, эми эле, жаңы гана* өңдүү убакыттын биз кеп куруп жаткан учурдан канчалык деңгээлде узак же жакын экендигин аныктаган мезгилдик сөздөргө көз каранды болот.

Жалпы өткөн чак этиштер төмөнкүдөй грамматикалык маанилерге ээ болот:

1. Кыймыл-арккеттин же баяндалган ал-абалдын сөз болуп жаткан учурдан алда-канча илгери болуп өткөндүгүн билдирет. Мисалы: *Артынан келгендери бир кап унубузду өңөрүп, анысы аз келгенсип, атамдын бардаңкесин да тартып кетишкен.* (С.Өмүрбаев) *Ак жуумал бетине кан тээп, көздөрү коюуланып чыкканын анда-санда ага назары түшүп жүргөн Сапар байкаган.* (Ж.Мавлянов).

2. Мезгилди билдирген сөздөр менен кошо айтылып, кыймыл-аракеттин болуп өткөн учурун тактап көрсөтөт. Мисалы: *1925-жылы биринчи кыргыз газетасы «Эркин Тоонун» 6-санында «Зарыгам» аттуу ыры жарыяланган.* (О.Сооронов).

3. Сөз болуп жаткан учурга эч бир тиешеси жок эле өткөн кыймыл-аракетти да билдирет. Мисалы: *Балбан болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн. Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген.* (Т.Сыдыкбеков) *Ноодун оозун тосуп, жыгач калак өйдө көтөрүлүп коюлган.* (М.Гапаров).

4. Кыймыл-аракеттин болуп өткөндүгү сүйлөөчүнүн турмуштук тажрыйбасынан алынып, ишенимдүү түрдө көрсөтүлөт. Мисалы: *Жаныңды жебе, өгүнү сага айтканмын.* (Н.Байтемиров) *Баарын билип туруп келгенсиңер го.* («Кыргызстан маданияты»).

5. Жалпы өткөн чакка *-дыр* мүчөсү жалганып келсе, болуп өткөн кыймыл-аракетке божомол, шектүүлүк мааниси ыйгарылат. Мисалы: *Өткөндүрмүн жаштан жайнап түрдөнгөн, өчкөндүрмүн оттуу көздөн ирмелген.* (К.Сариева).

Жалпы өткөн чак этиштер жакталганда адатта жак мүчөлөрдүн толук түрү менен өзгөрөт. Биринчи жакта гана кээде кыскарган түрүн кабыл алган учуру болот.

| | Этиштик негиз | Өткөн чак | Жекелик | Көптүк |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ойло- (кел-, кий-) | -ган | -мын (-м) | -быз |
| 2 | Ойло- (кел-, кий-) | -ган | -сың | -сыңар |
| | Ойло- (кел-, кий-) | -ган | -сыз | -сыздар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Ойло- (кел-, кий-) | -ган (-ышкан) | - | ′- |

Татаал формада айтылганда да мүчөлөрдүн ушул тартиби сактала берет. Чак, жак мүчөлөрү жардамчы этишке (экинчи тутумуна) жалганат.

| | Негизги этиш | Жардамчы этиш | Өтк. чак | Жек. сан | Көптүк сан |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Келе<br>Окуй<br>Иштеп | бер- (жат-)<br>сал- (кой-)<br>жат-<br>(жүр-) | -ган | -мын<br>(-м) | -быз |
| 2 | Келе<br>Окуй<br>Иштеп | бер- (жат-)<br>сал- (кой-)<br>жат-<br>(жүр-) | -ган | -сың | -сыңар |
| | Келе<br>Окуй<br>Иштеп | бер- (жат-)<br>сал- (кой-)<br>жат-<br>(жүр-) | -ган | -сыз | -сыздар |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Келе<br>Окуй<br>Иштеп | бер- (жат-)<br>сал- (кой-)<br>жат-<br>(жүр-) | -ган<br>(-ышкан) | - | - |

Жалпы өткөн чак этиштер *эле, беле* деген бөлүкчөлөр менен айкашып келгенде, чак мүчөсү *(-ган)* этиштин өзүнө жалганып, жак мүчөлөр ошол бөлүкчөлөргө жалганып жакталат.

| | Этиштик негиз | Өткөн чак | Бөлүкчө | Жекел. сан | Көптүк сан |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бар-<br>(кел-) | -ган | *эле,*<br>*беле* | -м | -к |
| 2 | Бар-<br>(кел-)<br>Бар-<br>(кел-) | -ган<br>-ган | *эле,*<br>*беле*<br>*эле,*<br>*беле* | -ң<br>-ңыз | -ңар<br>-ңыздар |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Бар-<br>(кел-) | -ган<br>(-ышкан) | *эле,*<br>*беле* | - | - |

Көрүнүп тургандай, жалпы өткөн чак этиштер жак мүчөлөрдүн толук түрү менен өзгөрөт. Жекелик сандын биринчи жагында гана кээде кыскарган жак мүчөнү кабыл алат. *Эле, беле* бөлүкчөлөрү менен айкашып келген татаал формалар жак мүчөлөрдүн кыскарган түрү менен өзгөрөт.

Жалпы өткөн чак этиштер *-дыр* мүчөсүн кабыл алып, кыймыл-аракеттин аткарылганында, болуп өткөнүндө кандайдыр божомолдун, күмөндүн бар экенин билгизет.

Мисалы: *Мени кечир, мен артта калгам, а балким, алданып калгандырмын.* (К.Тыныстанов) *Күткөндүрсүң, келдим, эне, аманбы? Кучактачы, сүйчү беттен балаңды.* (Ж.Турусбеков)

Жалпы өткөн чак этиштерге *окшойт, шекилди, имиш, көрүнөт* деген сыяктуу сөздөр жана *беле, бейм* деген бөлүкчөлөр айкашып келгенде да кыймыл-аракеттин аткарылышындагы, болуп өткөнүндөгү күмөндүүлүк маани билдирилет: *келген окшойт, келген окшойсуңар, келген окшойсуз, байкаган окшойт, алган көрүнөт, көргөн имиш, байкаган имиш, уккан беле, алган көрүнөсүң, уккан белеңиз, келген бейм, алгансыңар шекилди, алган шекилди, айткан шекилди, бергенмин шекилди, көргөн сыяктанат* ж.б.

## Капыскы өткөн чак

**Мурун болуп өтүп, биз сөз кылып жаткан убакта эсибизге түшө калган кыймыл-аракет, ал-абалдарды билдирген этиштин өзгөргөн формалары капыскы өткөн чак деп аталат.**

Ошол илгерки кыймыл-аракеттерди эстейбиз же эсибизге капыстан келе калат. Капыскы өткөн чакты *-ып, -ыптыр (-ып -тыр)* мүчөлөрү уюштурат. Мисалы: *Э, балам, эмне деп жамандаганын билбейм, айтор жамандаптыр.* (К.Жантөшев) *Эки жыл илгери өздөрү менен кошо бир аялды ээрчите келишиптир.* (М.Гапаров).

***-ып* мүчөсү.**

Чакчылдын *-ып* мүчөсүндө өткөн чактын мааниси бар экендиги чакчылдарда айтылат. *-ып* мүчөсү менен келген сөз сүйлөмдүн аягында келсе, баяндоочтук толук милдетти аткарат да, чакчыл болбой капыскы өткөн чак этиш болот. Анткени, мындай учурда этиш сөздөр *эмне кылыпмын? эмне кылыпсың? эмне кылыпсыз? эмне кылыпсыңар? эмне кылыптыр?* деген сыяктуу суроолорго жооп берип калат.

Мисалы: *Мен ушундай билим алыпмын, мага бүт жер шары айкын көрүнүп тургансыйт.* («Ала Тоо») *Бүгүн кечикпей келипсиңер го.* («Кыргыз руху»).

Капыскы өткөн чактын бул формасы биринчи жана экинчи жактарга гана карата айтылат. Ал эми үчүнчү жакка карата дайыма *-ыптыр (-тыр)* мүчөсү колдонулат. Жакталышта жак мүчөлөрдүн дайыма толук түрүн кабыл алат.

| | Этиштик негиз | Өткөн чак | Жекелик | Көптүк |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кел- (бар-, жаса-) | -ып | -мын | -быз |
| 2 | Кел- (бар-, жаса-) | -ып | -сың | -сыңар |
| | Кел- (бар-, жаса-) | -ып | -сыз | -сыздар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Кел- (бар-, жаса-) | (-ыптыр) (-ышыптыр) | - | - |

***-ыптыр* мүчөсү.**

Бул мүчө чакчылдын *-ып* мүчөсү менен божомол, шек саноо маанилерин берген *-тыр* мүчөсүнүн биригишинен пайда болгон. Ошо шек, божомол маанилер жоголгон эмес, капыскы өткөн чак ошол маанилерди өзүнө камтып ала жүрөт.

*-ыптыр* мүчөсү менен уюшулган капыскы өткөн чак этиштер жакталганда жак мүчөлөрүнүн дайыма толук түрү жалганат.

| | Этиштик негиз | Өткөн чак | Жекелик | Көптүк |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кел- (бар-, жаса-) | -ыптыр | -мын | -быз |
| 2 | Кел- (бар-, жаса-) | -ыптыр | -сың | -сыңар |
| | Кел- (бар-, жаса-) | -ыптыр | -сыз | -сыздар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Кел- (бар-, жаса-) | -ыптыр (-ышыптыр) | - | - |

Капыскы өткөн чак этиштер төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1. Болуп өткөнү бизге көрүнбөй, бирок аткарылганы жөнүндө биз кабардар болгон кыймыл-аракетти эске түшүрүү маанисин билдирет. Мисалы: *Илгери-илгери, жер каймактаганда бир абышка кемпир болуптур.* (Жомок) *Сабыр менен Муктар экөө борбордон комиссия чакыртышыптыр.* (Т.Абдумомунов).

2. Биздин эсибизге түшкөн же, бизге белгилүү болгон кыймыл-аракеттин ушул кезге чейин уланып келе жатканын билгизет. Мисалы: *Мына, карап отурса бала чагынан өз эмгеги, өз кесиби менен жашап келатыптыр.* (Ч.Айтматов) *Кийинки жолу келгенимде бала төрдө жалгыз ойноп олтуруптур.* (А.Стамов).

3. Болуп өткөн кыймыл-аракеттин, иштин жыйынтыгын билдирет. Мисалы: *Мүйүздүү болом деп, кулагынан айрылыптыр.* (Макал) *Сурай-сурай Мекеге барыптыр, уяла-уяла кийин калыптыр.* (Макал).

4. Болуп өткөн окуяны, кыймыл-аракетти капысынан эстеп же капысынан билип алып, ишенүү, таңдануу, ыраазы болуу маанилерин билдирет. Мисалы: *Болду, балам, болду, окупсуң. Түндө түшүмдө шар аккан бир чоң суунун боюнда жүрүпмүн.*

## Адат өткөн чак

**Өтүп кеткен, аткарылган кыймыш-аракеттин көп жолу кайталанганын же, көнүмүшкө айланып калганын билдирген этиштин өзгөргөн формалары адат өткөн чак деп аталат.** Адат өткөн чакты *-чу, -оочу (-уучу), -ышчу* мүчөлөрү уюштурат.

Мисалы: *Айтмакчы, уйкум келелекте телевизор көрчүмүн.* (Т.Абдумормунов) *Арабага түшүп алып, шаарга барышчу.* («Кыргыз руху») *Эстегендеринин баарын төкпөй-чачпай айтуучу эле, жарыктык.* (К.Каимов)

Адат өткөн чактын мүчөлөрү *(-чу, -оочу, -уучу)* сырткы формасы боюнча атоочтуктун *'(-чу, -оочу, -уучу)* мүчөлөрүнө окшош. Бирок, булар берген маанилери менен бири-биринен айырмаланышат.

**Эскертүү:** Атоочтуктун *-чу, -оочу, -уучу, -ышчу* мучөлөру менен этиштин өткөн чагынын *-чу, -оочу, -уучу, -ышчу* мүчөлөрүнүн ортосундагы айырмачылыктар тууралуу китептин атоочтуктар деген бөлүмүнөн караңыз.

Ошентип, адат өткөн чак этиштер өнөкөт болуп, улам кайталана берип өтүп кеткен кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: *Башта эң тыкан, эң камбыл, бүйрө адам гана теше жерге арпа, буудай айдачу.* (Т.Сыдыкбеков) *Атам да, апам да, чоң атам да, баары тең талаада иштешчү.* («Асаба»).

Адат өткөн чак кээде жалпы эле адаттагы сыяктуу ишти да билдирет да, мындай учурда суйлөмдө конкреттүү ээ катышпай калат. Мисалы: *Чалгы дегенди мындай кармачу. Жамбыны чаап баратып ыргыта атчу.*

Жакталышта адат өткөн чак жак мүчөлөрдүн толук түрүн гана кабыл алат. Айрым аймактарда (диалектилерде) көптүк сандагы биринчи жак кыскарган -*чук* формасында жолугат. Мисалы: *Сабактан үйгө дайыма бирге кайтчук.*

| | Этиштик негиз | Өткөн чак | Жекелик | Көптүк |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Өт- (байка-) | -чу (-оочу) | -мын | -быз |
| 2 | Өт- (байка-) | -чу (-оочу) | -сың | -сыңар |
| | Өт- (байка-) | -чү (-оочү) | -сыз | -сыздар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Өт- (байка-) | -чу (-оочу) (-ышчу) | - | - |

## Келер чак

**Кыймыл-аракеттин биз сүйлөп жаткан кезде али аткарыла элек экендигин билдирип өзгөргөн этиштин формалары келер чак деп атаиат.** Башкача айтканда, келер чак келечекте аткарыла турган кыймыл-аракет же ал-абал болуп эсептелет. Мисалы: *Тамчы бир тамса кумга сиңет, көп тамса көлгө куят.* (Э.Турсунов) *Муну канчалык көп адам билсе, мен ошончолук бактылуу болом.* (Ч.Айтматов)

Кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн баштапкы форма турушунда эле грамматикалык чак маанилери бар болот. Анткени алар биринчи жактын атынан экинчи жакка карата талап кылуу, буюруу мааниси менен кандайдыр кайрылуу иретинде айтылат. Ал эми талап кылуу, буюруу, кайрылуу маанилериндеги сөздөрдө кыймыл-аракеттин сүйлөшүп жаткан учурдан кийин боло тургандыгы, айтылган сөздүн соңунда аткарыла тургандыгы кошо жүрөт. Мисалы, *ал-, бар-, бер-, бил-, бур-, де-, жай-, жак-, жан-, жап-, жат-, же-, жет-, жит-, жул-, жык-, жыл-, ий-, ил-, ич-, кайт-, кара-, кат-, кач-, көр-, мал-, ме-, мин-, ой-, оку-, олу-, сай-, сал-, сат-, сана-, тай-, так-, тап-, теп-, тил-, тол-, тур, тын-, ук-, ула-, ур-, ут-, уч-, үй-, чак-, чал-, чан-, чап-, эк-, эш-* ж.б. этиш уңгулардын бардыгында тең кандайдыр аракетти тыңшоочудан талап кылуу менен бирге ар жагында кыймылдын келечекте аткарылышы жатат. Жардамчы (көмөкчү) этиштер уңгу түрүндө айтылган татаал формаларда да мына ушундай маанилер болот: *айта кой-, уктай кой-, айта сал-, айта бер-, дей бер-, жүрө кой-, алып бер-, сүйлөй кой-,* ж.б.

Келер чакта аткарылуучу кыймыл-аракеттин болушу бирде эч кандай шекти туудурбаса, бирде ачык болбой күмөндүү болушу мүмкүн. Мисалы: *келем, келемин, келет, келет элем, келмекмин, келгиле, келермин, келерсиң* ж.б. Бул мисалдардын бардыгы келер чак маанисин билдирип турат, бирок, алардын ар биринин маанисинде өзүнө гана тийешелүү бири-биринен өзгөчөлөнгөн айырмачылыктар бар.

Этиш сөздөрдүн келер чактык ушундай маанилеринен улам аларды ***айкын келер чак, арсар келер чак*** деп эки топко бөлөбүз.

## Айкын келер чак

Айкын келер чакта алдыда боло турган, али ишке аша элек кыймыл-аракеттин аткарылышы же аткарылбашы шекти туудурбайт. Мисалы: 1) *Сен эртең же бүрсүгүнү Тогузбулакка жөнөйсүң, кой быйыл ошондо кыштайт.* (М.Элебаев) 2) *Алмак түгүл, кылына тийе албайсың.* (М.Элебаев). Биринчи мисалдын этиштериндеги кыймыл-аракеттин аткарылышында *(жөнөйсүң, кыштайт)* шек жок. Экинчи мисалдын этишиндеги *(тийе албайсың)* кыймыл-аракеттин аткарылбай калышына да шек кылбайбыз. Келечекте аткарыла турган кыймыл-аракеттер айкын болуп турат.

Айкын келер чак учур чактай эле чакчыл негиздерге тиешелүү жак мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу уюшулат. Ушул ык менен уюшулган айкын келер чак этиштер учур чактан төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат.

1. Учур чак бардык чакчыл негиздерден жасала берип, дайыма татаал формада болот: *бар-а жат-а-т, ойно-й берди, иште-п жүр-ө-м* ж.б. Айкын келерчак болсо, *-а, -й* мүчөлүү чакчыл негиздерден гана жасалат да, дайыма жөнөкөй формада келет: *бар-а-т, оку-й-мун, кел-е-сиң* ж.б.

2. Сүйлөм контексинде биз суйлөп жаткан учурду же алдыда келе турган мезгилди билдирген сөздөрдүн, сөз тизмектеринин катышуусу менен *(азыр жазам, эртең келем, келечекте аткарасың, эмки жылы окууга барат* ж.б.) айтылган жөнөкөй этиштер дайыма келер чакта болот. Эгерде биз сүйлөп жаткан учурду билдирген сөздөр, сөз айкаштары менен татаал формада *(азыр жазып жатам, бүгүн окуп жатам* ж.б.) айтылса, учур чак болот.

3. Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашып келген этиштин женөкөй формалары да дайыма келер чакта болот: *айылга барам, майрамга даярданабыз, окууга жөнөйт* ж.б. Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашып келген этиштин татаал формалары болсо, дайыма учур чакта болот: *айылга бара жатам, майрамга даярданып жатабыз* ж.б.

Айкын келер чак төмөнкүдөй грамматикалык маанилерди билдирет:

1. Кыймыл-аракеттин жакын арада боло турганын билдирет. Мисалы: *Бир маалда энеси кирип бир бакырды.* (А.Стамов) *Мунуң тергенин бүт алып келбейт, тияктан кайсайт.* (Т.Сыдыкбеков).

Мындай маанилерди билдирүүсүнө мезгилдик маани берүүчү сөздөр да кошумча тактык киргизет. Мисалы: *Жакында суу агызабыз, жээгине тал тигебиз.* (Т.Сыдыкбеков) *Мен азыр эле ээрчитип келем!* (К.Жантөшев).

2. Айкын келер чак кыймыл-аракеттин келечекте аткарылар мезгилин тактабай деле билдире берет, башкача айтканда, келер чак маани абстракттуу болот. Мисалы: *Аа, мен алчу сыйды сен аласыңбы?* (С.Өмүрбаев) */ч жылдык баккан акымды төлөйт.* (М.Элебаев) *Жакшы элин өргө сүйрөйт, жаман көргө сүйрөйт.* (Макал).

3. Аткарылышы биз сүйлөп жаткан учурга мезгилдеш болгон келер чак маанисин да айкын билдирет. Мисалы: *Мына билет, автобуска чыгып олтура бериңиз.* («Мурас») *Угуп жатам, балам, айта бер.* («Алатоо»).

4. Көнүмүш же адатка айланган кыймыл-аракеттин келечекте аткарылышын айкын билдирет. Мисалы: *Ушинтип тишиңердин кирин соруп, ак ниет болуп отура бергиле.* (Т.Абдумомунов). *Андай кылбай жүргүлө! - деди жүзүн суутуп.* (М.Элебаев)

Кыргыз тилинде этиштин айкын келер чагы төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат:

1. Чакчылдын *-а, -й* мүчөлөрү жана жак мүчөлөр аркылуу: *бар-а-м, бар-а-мын, айда-й-т, айда-й-сың, ойно-й-буз, кел-е-сиңер, себ-е-сиз* ж.б.

2. *-ганы* чакчыл формасына чакчыл *-а* жана тиешелүү жак мүчөлөр жалганган жардамчы этиштердин кошулуп айтылышы аркылуу: *айтканы жатам, үйрөнгөнү жатышат, тийгени турасыз, окууга киргени жүрөт, секиргени турат* ж.б.

3. *-гын, -гыла* (жак мүчөлөрү) аркылуу: *көргүн, айткын, жүргүлө, ойлонгула, байкагыла, айта бергиле, отургула* ж.б.

Айкын келер чак этиштер жак мүчөлөрдүн толук түрү менен да, кыскарган түрү менен да өзгөрө берип, эки башкача жакталышка ээ болот. **Биринчисинде** бардык жактарда негизден кийин чакчыл мүчөсү катышат.

| | Этиштик негиз | Чакчыл | Жекелик | Көптүк |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Айт- (бер-, тара-) | -а (-й) | -мын (-м) | -быз |
| 2 | Айт- (бер-, тара-) | -а (-й) | -сың | -сыңар |
| | Айт- (бер-, тара-) | -а (-й) | -сыз | -сыздар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Айт- (бер-, тара-) | -а (-й) | -т | (-ыш-а)-т |

**Экинчи учурда** биринчи жакка гана чакчыл мүчө катышып, экинчи, үчүнчү жактарга чакчыл мүчөлөрү катышпайт. Бул жакталышта экинчи, үчүнчү жактар айкын келер чактын буюруу маанилеринде болот.

| | Этиштик негиз | Чакчыл | Жекелик | Көптүк |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Айт- (бер-, тара-) | -а (-й) | -мын (-м) | -быз |
| 2 | Айт- (бер-, тара-) | - | -гын | -гыла |
| | Айт- (бер-, тара-) | - | -ыңыз | -ыңыздар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Айт- (бер-, тара-) | - | -сын | (-ыш) -сын |

Экинчи жактын жекелик түрү кээде *-гының, -гыныңыз* (айткының, айткыныңыз) болуп да айтылып калат.

Айкын келер чак этиштер сурама форманты (*-бы*) менен да өзгөрүп айтыла берет. Мисалы: *Өзүңдөн башканы, эмне, келесоо ойлойсуңбу?* (Ж.Мавлянов) *Деги, адамчасынан отурсак бирдемке болобу?* (Т.Абдумомунов).

Айкын келер чак этиштер терс формаларда да айтылат. Мисалы: *Кеңешип кескен бармак оорубайт.* (Макал) *Бул күнү үйдө олтуруп кур калыш болбойт.* (М.Элебаев).

## Арсар келер чак

**Кыймыл-аракеттин келечекте болор-болбошу күмөн болуп айтылган этиштин келер чак формалары арсар келер чак деп аталат.** Мисалы: *Мээнетиң катуу болсо, татканың таттуу болор.* (Макал). *Кой, болду эми, балаңды кара, мен таң ата келип калармын.* (С.Өмүрбаев). *Кабылган жолго жатарбы, катыларга катылбай, кадемим мындай катарбы?* (Манас) *Сен унутсаң, мени унутуп каларсың.* (С.Акматбеков)

Арсар келер чак төмөнкүдөй грамматикалык маанилерде колдонулат:

1. Кыймыл-аракеттин келечекте болушу же болбошу күмөн бойдон калат. Мисалы: *Алы жок болсо, мен инилерин бербейм, алы келген кезде алып кетер.* (М.Элебаев) *Мезгил өтсүн, булар унутулсун, анан калганы акырындап орду-ордуна келер.* (С.Станалиев).

2. Көнүмүшкө айланган кыймыл-аракеттин болор-болбошун баяндайт. Мисалы: *Жакшы менен жүрсөң, жетерсиң муратка, жаман менен жүрсөң, каларсың уятка. Жаман жигит жоого алдырар, жаман сөз доого калтырар.* (Макалдар).

Кыргыз тилинде этиштин арсар келер чагы төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат.

1. *-ар* мүчөсүнүн этиштик негиздерге жалганышы аркылуу арсар келер чак жасалат. Мисалы: ***Сейит:*** *Машина даяр, керек болгондо айтарсыз.* (Т.Абдумомунов) *Бара бергиле, артыңардан биз да барып каларбыз.* (Э.Турсунов).

***Эскертүү:*** Бул мүчө атоочтуктун мүчөсүнө (*-ар*) окшош, ошондуктан, анын келер чак этиш, же атоочтук экендиги контекст боюнча аныкталат. *-ар* мүчөсү менен уюшулган келер чак этиштер сүйлөмдүн аягына келип, арсар келер чактагы кыймыл-аракетти билдирип, баяндоочтук милдет аткарат, этиштин суроосуна жооп берет. Ал эми *-ар* мүчөсү менен уюшулган атоочтуктар сүйлөмдүн аягына келбейт, дайыма атооч сөздөрдөн мурда келип, алардын касиетин билдирет, аныктоочтун милдетин аткарат, сын атоочтун суроосуна жооп болуп түшөт.

2. Этиштик негиздерге *-бас* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу арсар келер чак уюшулат. Мисалы: *Балким мунун ичиндегилер айрым бир жолдошторго жакпас.* (У.Абдукаимов) *Элдүү түлкү ачка өлбөс.* (Макал).

Бул мүчө да атоочтуктун мүчөсүнө окшош. Ошондуктан, мунун да арсар келер чак этиш же атоочтук экени контекст менен аныкталат.

3. Этиш сөздөргө *имиш, экен, эле, эмес* деген сөздөрдүн кошулуп айтылышы аркылуу да арсар келер чак уюшулат. Мисалы: */стүнө жан кирүүгө болбойт имиш.* (Т.Абдумомунов) *Кийими начар бала болсо болду, шарт кармап алып кете берет имиш.* (К.Жантөшев) *Ошондо үйгө чакырсам, келет белең?* (Т.Сыдыкбеков) *Минтип жүрсөң, окууңду быйыл да бүтөр эмессиң.* (Ш.Бейшеналиев).

4. Ниет ыңгай этиштер арсар келер чак маанисин билгизет. Мисалы: *Жана да көбүн көрмөкмүн, жаралган болсом канатчан.* (Барпы) *Сураштырып көрсөм, Абыл бармак экен. «Бул жалган» деп газетага макала жазып, же радиодон чыгып сүйлөмөкчүсүңбү?* (Т.Абдумомунов).

5. Суроо маанисинин мүчөсү *(-бы)* да арсар келер чакты билдириши мүмкүн. Мисалы: *Олдо айланайын кулунум аи! Сенден тирүүлөй айрылчумунбу?* (С.Өмүрбаев).

6. Тилек ыңгай этиштер *(-гай)* да арсар келер чак маанисин туюндурат: *келгейсиз, баргайбыз* ж.б.

7. Божомолдогуч бөлүкчөлөр кошулуп айтылган учурда да арсар келер чак маанилери уюшулат: *келем го, келет го* ж.б.

Арсар келер чак этиштер жак мүчөлөрдүн толук түрү менен өзгөрүп жакталат.

| | Этиштик негиз | Келер чак | Жекелик | Көптүк |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Айт- (ойло-) | -ар (-бас) | -мын | -быз |
| 2 | Айт- (ойло-) | -ар (-бас) | -сын, | -сыңар |
| | Айт- (ойло-) | -ар (-бас) | -сыз | -сыздар |
| 3 | Айт- (ойло-) | -ар (-бас) | - | (-ыш) -ар (-бас) |

**Этиштин жасалышы**

Этиш сөздөрдүн морфологиялык курамы өтө ар түрдүү. Уңгу этиштер да, туунду этиштер да (анын ичинде татаал этиштер да) арбын. Туунду этиштер сөз жасоонун морфологиялык жана синтаксистик жолдору менен жасалат.

Этиштердин морфологиялык жол менен жасалышы атооч уңгуларга, этиш уңгуларга жана тууранды сөздөргө этиштин курандыларынын жалганышы аркылуу жүзөгө ашат.

Синтаксистик жол менен жасалган этиштер маселеси бир топ татаал. Анткени, кыргыз тилинде кыймыл-аракет жана ал-абал маанилердин көпчүлүгү татаал формаларда ишке ашат. Бирок, ошол татаал формалардын биротоло сөз болуп, сөздүктөрдүн реестринен орун алыш маселеси азырынча так чечиле элек. Чынында *арта сал-, тура тур-, түшө кал-, келе бер-, иче кой-, иштей бер-, окуп чык-, ырдап кой-* деген сыяктуу толуп жаткан «айкалыштарда» биротоло лексикалашкан маанилер бар. Мисалы: *Айтор, өткөн-кеткенди айтышып отуруп, кечтин кандай өткөнүн да сезбей калыптырбыз.* (М.Алыбаев) Мисалдагы *сезбей калыптырбыз* деген татаал этиштин түгөйлөрүнүн ар бирин өзүнчө алып кароого болбойт. *«кечтин кандай өткөнүн калыптырбыз»* десек, сүйлөмдөгү маани таптакыр бузулат. Сөзсүз түрдө *«кечтин кандай өткөнүн сезбей калыптырбыз»* деш керек. Демек, *«сезбей кал-»* өзүнчө сөз деңгээлинде турган «айкалыш» болуп, татаал сөз укугуна ээ.

Этиштин татаал формаларындагы так чечиле элек мындай маселелерди ачык калтырдык. Анткени, татаал этиштер темасы, жогоруда айтылгандай, кыргыз лингвистикасында өз изилдөөчүсүн күтүп турган тема болуп эсептелет.

Этиштин синтаксистик жол менен жасалышы тууралуу жогор жакта «татаал этиштердин түрлөрү» деген темада айтылды (карагыла).

## Этиштердин морфологиялык жол менен жасалышы

Куранды мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулган этиштер морфологиялык ыкма менен жасалган этиштер болушат. Этишти жасоочу курандылар, башкача айтканда, этиштин курандылары:

***атооч сөздөрдөн этишти жасоочу курандылар,***

***этиш сөздөрдөн этиш жасоочу курандылар,***

***тууранды сөздөрдөн этиш жасоочу курандылар*** болуп ажыратылат.

Айрым куранды мүчөлөр атоочтордон да, этиштерден да, атүгүл тууранды сөздөрдөн да этиш жасай бериши мүмкүн. Мындай өзгөчөлүктөр китепте мүмкүн болушунча эске алынды. Куранды мүчөлөрдүн өздөрүнүн да алардын сөз жасоо мааниси менен сөз жасоо мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык **өнүмдүү, аз өнүмдүү** жана **өнүмсүздөрү** айрым-айрым келтирилди.

Кыргыз тилиндеги дээрлик бардык куранды мүчөлөр уңгудагы (негиздеги) тыбыштарга карата өзгөрүп кетип, бир нече варианттарда колдонулат. Төмөндө алардын өзгөрүүлөргө учураган ар түрдүү варианттары эске албай, баштапкы формасы деп эсептелген түрлөрү гана эске алынды.

### Атооч сөздөрдөн этиш жасоочу өнүмдүү курандылар

-а: *кана-, жоло-, түнө-, түзө-, сына-, күчө-, өөнө-, жыйна-, сана-, орно-, ата-, ойно-, жаша-, кана-, тише-, бошо-, теңе-, ото-, аша-, кына-* ж.б.

-ай: *азай-, көбөй, оңой-, жооной-, картай-, саргай-, улгай-, сокурай-, кеңей-, бүкүрөй-, муңай-, чоңой-* ж.б.

-ар: *кыскар-, агар-, көгөр-, түнөр-, жакшыр-, эскир-, карар-, тазар-, бозор-, жашар-, ичкер-, саргар-, жоонор-, жукар-* ж.б.

-ла: *дарыла-, тузда-, музда-, түрмөктө-, тилде-, камчыла-, сүрдө-, көөлө-, колдо-, сыйла-, жөндө-, арышта-, тазала-, жеңилде-, жылуула-, жээкте-, кыяла-, баамда-, жатта-, кадырла-, тондо-, нөшөрлө-, туманда-, жылуула-, жамбашта-, зарла-, сүрдө-, ыйла-, кулачта-, кадамда-* ж.б.

-лан: *тынчтан-, ардан-, намыстан-, куудулдан-, эттен-, ачуулан-, азыктан-, тамактан-, арамзалан-, убаралан-, жандан-, жинден-, арыздан-, тиштен-, ыракаттан-, эмгектен-, каардан-, ойлон-, суктан-, кекечтен-, оокаттан-, буулан-, өжөрлөн-, кубаттан-, сыймыктан-* ж.б.

-лаш: *акылдаш-, соодалаш-, араздаш-, жоолаш-, көмөктөш-, соттош-, коштош-, каршылаш-, беттеш-, көздөш-, тилдеш-, закондош-, макулдаш-, орусташ-, кучакташ-, достош-, шерттеш-, жаңжалдаш-* ж.б.

-сыра: *алсыра-, жалгызсыра-, жакынсыра-, жетимсире-, кансыра-, күлүмсүрө-, кымызсыра-, ныксыра-, өөнсүрө-, сенсире-, тузсура-, этсире-, уйкусура-, кансыра, ээнсире-* ж.б.

-ык: *көнүк-, кезик-, кечик-, жолук-, тушук-, бирик-, өчүк-, жатык-, жытык-, каньк-, демик-, жиник-, ачык-, уук-, зарык-, отук-, тарык-, көзүк-, камык-, жабык-* ж.б.

-ырка: *бүшүркө-, жатырка-, жытырка-, санаарка-, сонурка-, ташырка-, жабырка-, маашырка(н)-, таңырка-, чоочурка-, ачуурка(н-), жийирке(н-), ичирке(н-)* ж.б.

### Атооч сөздөрдөн этиш жасоочу аз өнүмдүү курандылар

-ал: *жаңыл-, жогол-, жөтөл-, койул-, тирил-* ж.б.

-ар: *агар-, көгөр-, бозор-, кайгыр-, кыскар-, жаңыр-* ж.б.

-ка: *теске-, иске-* ж.б.

-сы: *баатырсы-, жакшысы-, кыйынсы-, семизси-, өйдөсү-, улуусу-* ж.б.

-сын: *мыктысын-, баатырсын-, өйдөсүн-, теңсин-, тыңсын-, акылдуусун-, билимдүүсүн* ж.б.

-шы: *болукшу-, быкшы-, бүкшү-, какшы-, нымшы-, толукшу-, шаңшы-, шекши-* ж.б.

-ы: *байы-, тары-, жашы-, жоошу-, жоору-, курчу-, кеңи-, кети-, тыңы-, жору-, кеми-, жели-, кайы-, кары-* ж.б.

## Атооч сөздөрдөн
## этиш жасоочу өнүмсүз курандылар

-ан: *оозан-, узан-*
-ыт: *жогот-, түгөт-*
-бар: *албыр-, жалбар-*
-бы: *желпи-, олбу-: олбуп-солбуп-*
-лык: *ардык-, соолук-*
-ра: *куура-, сооро-*
-са: *көксө-, сууса-, жаңса-, эңсе-, (акса-)*
-сы: *сүрсү-, (өксү-)*
-сын: *бойсун-, моюнсун-*
-ча: *курча-, (калча-)*
-чый: *куучуй-, тикчий-*
-чыла: *кедейчиле-, көпчүлө-*
-чылан: *акчылан-*
-ша: *какша-, тыңша-*
-шырай: *акшырай-, кемширей-*
-ыр: *жекир-, кечир-, куушур-*
-ын: *камын-*

## Этиштен
## этишти жасоочу өнүмдүү курандылар

-гансы: *ачкансы-, айткансы-, баскансы-, келгенси-, кеткенси-, көтөргөнсү-, токтогонсу-, чапкансы-, ургансы-, ыйлагансы-, жапкансы-, бүткөнсү-* ж.б.

-гыла: *кескиле-, койгула-, сайгыла-, созгула-, тыткыла-, туткула-, ургула-, тепкиле-, тешкиле-, түрткүлө-, үзгүлө-, чапкыла-, чойгула-, ургула-* ж.б.

-ла: *кармала-, онтоло-, сыйпала- (сыймала-), сүйрөлө-, сүрөөлө-, тырмала-, чымчыла-, кымтыла-* ж.б.

-лык: *буулук-, жеттик-, кыстык-, создук-, сүрдүк-, туттук-, чалдык-* ж.б.

-мала: *бурмала-, термеле-, түртмөлө-, тытмала-, созмоло-, чапмала-, чиймеле-, жылмала-* ж.б.

-ын (-н): *багын-, жалын-, жашын-, кирин-, сагын-, сүйүн-, таарын-, түшүн-, чыгын-, ызырын-* ж.б.

-алан: *безелен-, көмөлөн-, созолон-, сыйпалан-, тыталан-, туталан-, чебелен-, тебелен-, уйпалан-* ж.б.

## Этиштен
## этишти жасоочу аз өнүмдүү курандылар

-а: *бура-, кама-, кура-, сүрө-, тая- (тайа-), ура-*

-ала: *кубала-, тебеле-, чычала-, себеле-, ушала-*

-ар: *бышар-, тунар-, чегер-, чөгөр-, чыгар-*

-дар: *каңтар-, коңтор-, көңтөр-, кыстар-, оодар-*

-жы (-ылжы): *жылжы-, кубулжу-, коймолжу-, тамылжы-, чоюлжу-, чубалжы-*

-ка: *жайка-, ийке-, өйкө-, тирке-, чайка-, чүмкө-*

-пчи (-ыпчы): *кейип-кепчи-, терип-тепчи-, тердеп-тепчи-*

-ра: *жайра-, кыйра-, чачыра-, тантыра-*

-т: *жорт-, арт-, керт-, ойгот-, үйрөт-, тегерет-, түрт-, черт-, тарт-*

-шта (-ышта): *ойкушта-, оргушта-, чоюшта-, ыргышта-*

-ык: *ашык-, бышык-, каныk-, көнүк-, күйүк-*

## Этиштен
## этишти жасоочу өнүмсүз курандылар

-ай: *кичирей-, жапырай-*
-гала: *тайгала-, сойголо-, сыйгала-*
-к: *жулк-, кызык-, тынык- (тыңы-к)*
-ман: *иймен-, тайман-*
-маш: *кармаш-, таймаш-*
-мыш: *жылмыш-*
-па: *жайпа-, чайпа-*
-са: *өксө-, тепсе-*
-чы: *аарчы-, чапчы-, кыпчы- (кымчы-)*
-чыла: *барчыла-, жокчула-, борчоло-*
-шыр: *жапшыр-, капшыр-, тыкшыр-*

## Тууранды сөздөрдөн этишти жасоочу курандылар
## Өнүмдүү курандылар

-ай (-й): *бажырай-, балчай-, болтой-, бөлтөй-, калдай-, колтой-, көлтөй-, кыйшай-, одурай-, жалпай-, томпой-, торсой-, тыртай-, саксай-, чалкай-, челкей-, шылкый-, чолой-, үксөй-, ырсай-, үтүрөй-* ж.б.

-ый: *алпый-, балкый-, балпый-, былтый-, даңкый-, диңкий-, кеңкий-, локуй-, лөкүй-, тултуй, чулчуй-, шалпый-, ыркый-* ж.б.

-ылда: *арсылда-, арылда-, борсулда-, бышылда-, карсылда-, күрсүлдө-, кырсылда-, кышылда-, кырчылда-, тарсылда-, тырсылда-, лакылда-, лукулда-, дуулда-, дүкүлдө-, текилде-, зуулда-, чуулда-, шуулда-* ж.б.

-кыра (-ыра): *быркыра-, чыркыра-, киркире-, каркыра-, шаркыра-, баркыра-, жаркыра-, калтыра-* ж.б.

## Аз өнүмдүү куранды

-а: *балдыра-, божура-, бөжүрө-, булдура-, былжыра-, келжире-, какыра-, кычыра-, чыркыра-* ж.б.

## Өнүмсүз курандылар

-н (-ын): *өкүн-, чокун-,*
-са: *акса-, жаңса-, мойсо-*
-сый: *үксүй-*
-чы: *апчы-, чапчы-*
-шый: *купшуй-, окшуй-, быкшый-*
-шы: *быкшы-, ыкшы-*

## Этиш сөздөрдүн синтаксистик жол менен жасалышы

Сөз жасоонун синтаксистик жолу менен татаал этиштер жасалат да, алар дээрлик кошмок сөздөр болуп уюшулат. Бардык түгөйлөрү этиш (же *этиш* менен *чакчыл*) болуп келген татаал этиштер да (*айта бер-, отура тур-, сүйлөй кой-, токтоп тур-, токтотуп кал-* ж.б.); бир түгөйү атоочтордон болуп уюшулган татаал этиштер да (*ашык бол-, кол кой-, көз сал-, тил ал-, добушка кой-, изине түш-, четке как-, жарпты жаз-, анттан тай-, үстүнөн чык-* ж.б.); бир түгөйү тууранды сөздөрдөн болуп уюшулган татаал этиштер да *(үрп эт-, солк эт-, кылт эт-, күңк де-, дыр кой-, бүк түш-* ж.б.) кошмок сөздөр.

**Суроолор**

1. Этиш деп кандай сөздөрдү айтабыз?
2. Жөнөкөй жана татаал этиштер. Татаал этиштин түрлөрү.
3. Негизги жана жардамчы (көмөкчү) этиштер. Жардамчы (көмөкчү) этиштер кандай кызмат аткарат?
4. Этиштин маанилик топтору. Этиштин оң жана терс маанилери.
5. Этиштердин өтмө жана өтпөс маанилери. Обөект жана субөект тууралуу эмне билесиңер? Грамматикалык субөект жана логикалык субөект.
6. Мамиле категориясы. Негизги мамиле.
7. Өздүк мамиле. Өздүк мамиле маанилеринин уюшулушу.
8. Туюк мамиле. Туюк мамиле маанилеринин уюшулушу.
9. Кош мамиле. Кош мамиле маанилери.
10. Аркылуу мамиле. Аркылуу мамиле маанилеринин уюшулушу.
11. Мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келгендеги маанилери.
12. Ыңгай категориясы. Этиштин ыңгайлары.
13. Чак категориясы. Кыймыл-аракет жана убакыт. Этиштин учур чак маанилери.
14. Келер чак, анын түрлөрү. Этиштин келер чак маанилери.
15. Өткөн чак, анын түрлөрү. Этиштин өткөн чак маанилери.
16. Айкын өткөн чак, жалпы өткөн чак, капыскы өткөн чак жана адат өткөн чак. Алардын грамматикалык маанилери.

17. Жак категориясы. Учур чактын оң жана терс маанилерде жакталыштары.

18. Оң жана терс маанилердеги келер чак жакталыштары.

19. Айкын, жалпы, капыскы жана адат өткөн чактардагы этиштердин жакталыштары.

20. Этиш сөз түркүмү боюнча кыскача чыгарма жазгыла.

# ЭТИШТИН ӨЗГӨЧӨ ФОРМАЛАРЫ

Биз буга чейин этиштин өзүнө тиешелүү жак, сан, чак, жана мамиле, ыңгай категориялары боюнча өзгөргөн формалары менен тааныштык. Башкача айтканда, этиш сөздөрдүн өзүнүн кыймыл-аракеттик, ал-абалдык лексика-грамматикалык негизги маанисин сактап, сүйлөм ичинде ар түрдүү грамматикалык формаларда өзгөрүү жөндөмдүүлүктөрүнөн түшүнүк алдык. Даана кыймыл-аракеттик, ал-абалдык маанилерди сактаган сөздөрдү, чыныгы этиштерди окуп үйрөндүк.

Кыргыз тилинде этиштердин кыймыл-аракеттик, ал-абалдык лексика-грамматикалык негизги маанилерин сактай бербеген ар түрдүү көрүнүштөрү да бар. Аларды биз этиштин өзгөчө формалары деп атап, **чакчылдар, атоочтуктар** жана **кыймыл атоочтор** деген үч топко бөлүп карайбыз. Булар чыныгы этиштердей болуп жак, сан, чак, мамиле жана ыңгай категориялары менен өзгөрө бербейт. Төмөндө этиштин өзгөчө формаларынын ар бирине айрым-айрым токтолобуз.

## Чакчылдар


**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Б., 2003. 151-159-б.

2. **Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеп. Бишкек, 1997. 228-236-б.

**3. Абдулдаев Э., Давлетов С.** ж.б. Кыргыз тили. Пединституттардын педагогикалык факультеттери үчүи окуу китеби. Фрунзе, 1986. 199-201-б.

**4. Грамматика** киргизского литературного языка. Часть 1. Фонетика и морфология. Фдунзе, 1977.

**5. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1980. 186-192-б.

**6. Кыргыз адабий** тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 429-440-б.

**7. Кыргыз тилинин** грамматикасы: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеп. Фрунзе, 1964. 263-273-б.

**8. Турсунов А.** Кыргыз тилиндеги этиштин келер чагы менен учур чагы. Фрунзе, 1959.

**9. Турсунов А.** Кыргыз тилиндеги чакчылдар жана алардын берген маанилери. -Кырг. ССР ИА Тил жана адабият институтунун эмгектери. IX чыгышы. Фрунзе, 1957. 135-148-б.

## Жалпы маалымат

Кыймыл-аракеттик жана ал-абалдык касиет маанисин сактап, грамматикалык сан, жак, чак категориялары менен өзгөрбөгөн этиштин өзгөчө формаларын чакчылдар дейбиз.

Мисалы: - *Жакшы экен, - деп, Жолой улутуна күлүмсүрөдү.* (К.Жантөшев) *Тек гана жылмая күлүп, жылдыздуу отурду.* (Т.Сыдыкбеков) Бул мисалдардагы *улутуна, жылмая* деген сөздөр грамматикалык кыймыл-аракет маанисин билдирип турат, бирок аларда кайса жак, кайсы чак жана жекелик же көптүк сан маанилери туюндурулбай турат.

Кыргыз тилинин грамматикаларында чакчылдар тууралуу атайы маалымат элүүнчү жылдардан кийин гана бериле баштады. Чакчылдар тууралуу атайын илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн окумуштуу - Аскар Турсунов. Ал кыргыз тилиндеги чакчылдарды терең изилдеп, алардын лексика-грамматикалык белгилерин ачып, өзгөрүү өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп, атайын китеп жазып чыгарган.

Тилибизде чакчыл сөздөрдүн мааниси өтө чоң. Сүйлөмдө чакчылдар өз алдынча да, татаал сөздөрдүн тутумунда да келе берет. Бардык учурда чыкчылдар кыймыл-аракеттик, ал-абалдык маанилерин жоготпойт. Татаал сөздөрдүн (татаал айтылыштардын) тутумунда келип, чак, жак, сан маанилерин билдирбесе да сүйлөмдөгү этиштин негизги кыймыл-аракет маанисин туюндуруп, этиштик касиетин сактап келет.

Кыргыз тилинде чакчылдарды уюштуруучу атайын грамматикалык каражаттар бар.

Алар: *-ып, -а, -й, -ганы, -ганча, -гыча, -майынча.* Буларды биз чакчыл мүчөлөр дейбиз.

Чакчыл мүчөлөр этиш уңгуларга жалганып, уңгудагы сан, жак жана чак маанилерди солгундатат же жоюп жиберет. Этиш уңгуда кыймыл-аракет же ал-абал мааниси гана калат. Мисалы: *жылмай* деген этиште жекелик сан, абстракттуу экинчи жак жана буюруу келер чак маанилери бар. Эгерде *жылмая сүйлөдү* десек, *жылмай* деген этиш уңгуга чакчылдын *-а* мүчөсү уланып чакчыл формасына өттү да, ал сөздөгү жекелик сан, абстракттуу экинчи жак жана келер чактагы буюруу маанилери жок болуп калды. Бирок *жылмая* деген сөздө *жылмай* этиши билдирген кыймыл-аракет маани толук сакталды.

Демек, чакчылдар этиштин өзгөчө формасы деп аталганы менен алардагы негизги этиштик маани жоголбойт, болгону алар (чакчылдар) жак, чак, сан маанилерин билдире албай калат. Анын үстүнө этиш сөздөрдүн дээрлик бардыгындагы грамматикалык жак, чак жана сан маанилерин билдирген каражаттар чакчыл мүчөлөрдөн кийин жалганат. Бул жагынан да чакчылдарда нагыз этиштик маанилердин жоголуп кетпей, дайыма сакталып турганын байкайбыз.

Ошентип, чакчылдар этиштин өзгөрмө формалары үчүн негиз болуп кызмат кылат, болгондо да негизги этиш маанисинде болуп кызмат кылат. Кыргыз тилинде этиштин айкын келер чак менен учур чак формаларынын негиздерин дайыма чакчыл этиштер түзөт, башкача айтканда, айкын келер чак жана учур чакты туюндура турган грамматикалык каражаттар чакчыл мүчөлөргө келип жалганат. Мисалы: *Чапкан сайын туягы кызыган аттай болуп, согушта да киши кызыйт.* (У.Абдукаимов) *Колуңуздун кычуусу болсо кандырып алыңыз, Чортон аке, анан сууга ыргытып жиберели.* (Т.Абдумомунов) *Дүйнөнүн миң биринчи сересинде, кызыгы эч тарабас жаштык барат.* (С.Тургунбаев).

Биринчи сүйлөмдөгү *кызыйт* деген этиш сөздө грамматикалык үчүнчү жак, келер чак, жекелик сан маанилери бар. Бул маанилер *-т* мүчөсү аркылуу туюндурулуп жатат. Этиштик уңгу *(кызы-)* чакчыл формага *(кызый)* өтүп, жак *(-т)* уландысынын жалганышы үчүн негиз болуп келди.

Экинчи, үчүнчү сүйлөмдөрдөгү *(ыргытып)жиберели, барат* деген этиш сөздөр тиешелүү грамматикалык жак, чак, сан маанилерде турат. Мына ошол маанилерди туюндурган *(-ли, -т)* каражаттар чакчыл формадагы этиштик негиздерге *(жибере, бара)* келип жалганды.

Ал эми этиштин татаал формаларында болсо, чакчыл көрсөткүчү негизги этиштин тутумунда болот: *бара берди, айтып жатты, алып келген, урушуп калчу, бара жатат, окуп келер* ж.б. Учур чак менен келер чактын татаал формаларында чакчыл мүчөлөр негизги этиштин тутумунда да, жардамчы (көмөкчү) этиштин тутумунда да катыша берет: *ойноп жатат, сүйлөй берди, отура турайын* ж.б.

## Чакчылдардын өзгөчө белгилери

Чакчылдар билдирген маанилер эки түрдүүчө болот. Биринчиден, алар адатта негизги этиштин тутумунда келип, грамматикалык маанилерден ажырап, лексикалык кыймыл-аракет маанилерин гана туюндуруп калат. Экинчиден, накта чакчыл турпатында келип айтылып, грамматикалык чакты, жакты жана сан маанилерин көрсөтпөй туруп, обөектинин же субөектинин негизги этиш көрсөткөн кыймыл-аракетине кошумча болгон кыймыл-аракетти билдирет. Башкача айтканда, негизги этиштер билдирген кыймыл-аракет, ал-абалдарды толуктап, сүйлөмдүн өз алдынча турган мүчөсү болуп келет. Демек, чакчылдарда нагыз кыймыл-аракет, ал-абал маанилери менен кошо ошол кыймыл-аракет, ал-абал маанилеринин түрдүү кырдаалдарын билдирер касиети да болот.

Ошентип, кыргыз тилиндеги чакчылдар этиштик гана эмес, тактоочтук касиеттерге да ээ болот.

***Чакчылдардын этиштик белгилери:***

а). Чакчылдар кыймыл-аракетти же ал-абалды билдирет, бирок төмөнкүдөй өзгечөлүктөрү бар:

1. Башка кыймыл-аракетти же ал-абалды мүнөздөө үчүн колдонулганда чакчылдар билдирген кыймыл-аракет же ал-абал кошумча кыймыл катары каралат.

Мисалы: - *Ата, мен алтын кушту таап келмейинче кайтпайм, - деди баласы.* (Жомок) Сүйлөмдө *кайтпайм* деген аракет менен кошо аны коштогон *кушту таап келүү* кошумча аракети бар. *Ойлонуп жооп берди.* Бул жерде *жооп берген* кыймыл-аракет менен кошо кошумча кандайдыр түйшөлгөн (*ойлонгон*) аракет да бар. *Алар бири-бири менен шыбыраша сүйлөшүп жатышты.* Негизги кыймыл-аракет *сүйлөшүп жаткандык* болуп, аны *шыбырашкандык* аракети толуктап турат.

2. Татаал этиштин тутумунда колдонулганда этиштик негизги кыймыл-аракет же ал-абал маанисин билдирет. Грамматикалык чак, жак жана сан маанилери жардамчы этиштердин тулкусуна өтүп кетет. Мисалы: */үнчү курста окуп жатабыз. Биздикилер чечкиндүү чабуулга өтө башташты.* («Ала Тоо»).

3. Айкын келер жана татаал учур чак формаларда кыймыл-аракет же ал-абал маанисин сактаган этиштик негиз катары колдонулат. Мисалы: *Мен азыр чуркап чыгам. Сынак тапшырып жатам.*

б). Чакчылдар мамиле маанилерине да ээ болот. Бул учурда чакчылдын мүчөсүнөн мурда тиешелүү мамиле мүчөсү жалганып келет. Мисалы:

| **Негизги мамиле** | **Өздүк мамиле** |
| --- | --- |
| оку -п<br>оку -й<br>оку -ганы<br>оку -ганча<br>оку -майынча | сүйлөн -үп<br>сүйлөн -ө<br>сүйлөн -гөнү<br>сүйлөн -гөнчө<br>сүйлөн -мөйүнчө |

| **Туюк мамиле** | **Кош мамиле** |
|---|---|
| табыл -ып<br>табыл -а<br>табыл -ганы<br>табыл -ганча<br>табыл -майынча | сүзүш -үп<br>сүзүш -ө<br>сүзүш -гөнү<br>сүзүш -гөнчө<br>сүзүш -мөйүнчө |

# Аркылуу мамиле

| | |
|---|---|
| чыгар<br>-ып<br>-а<br>-ганы<br>-ганча<br>-майынча | өткөз<br>-үп<br>-ө<br>-гөнү<br>-гөнчө<br>-мөйүнчө |

в). Аналитикалык форманын же татаал этиштин тутумунда айтылганда чак маанилерин да билдире берет. Анткени, мындай учурда анын чакчыл мааниси эмес, кыймыл-аракет мааниси биринчи планга чыгат. Мисалы: *Бүбүкан талаага кетип баратып, бирдемесин унутуп үйгө кайта келгенде абышка-кемпирдин урушунун үстүнөн чыкты.* (У.Абдукаимов) *Балыкчы аркылуу жүрүп олтуруп, Бишкекке кечке жеттик.* (Т.Адышева) *Көч жүрө-жүрө түзөлөт.* (Макал).

г). Чакчылдар этиштик оң жана терс формаларда да айтыла берет. Мисалы: *Бара көрөрбүз. Барбай көрбөйсүңөр.*

д). Татаал сүйлөмдөрдө багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарып, сүйлөмдөрдү байланыштыруучу касиетке да ээ болот. Мисалы: *Бүгүн эртең менен Дадый мырза табыпчыга бейкасам чапан жаап, шалпаң кулак торуну тартуу кылып, кышкы согумун мойнуна алды.* (Т.Абдумомунов).

***Чакчылдардын тактоочтук белгилери:***

Чакчылдар этиштин грамматикалык категориялары менен өзгөрбөгөн кыймыл-аракетти, ал-абалды билдиргендиктен тактоочторго да окшоп кетет. Алардын ошол тактоочтук белгилери төмөнкүлөр.

а). Тактоочтордой эле чакчылдар да көбүнчө кыймыл-аракеттин аткарылышындагы ар түрдүү кырдаалдарды билгизет. Мисалы: *Каткыра күлүп алып, сөзүн уланты.* Кыймыл-аракеттин сын-сыпат кырдаалы *каткыра* деген чакчыл аркылуу көрсөтүлдү.

б). Жөнөкөй сүйлөмдөрдө өз алдынча колдонулганда дайыма этиштер менен айкалышып келип, бышыктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: *Бирок дале күйүп-сүйүп ыр жазат, бар го эсинде кечээги өткөн жаш чагы.* (Т.Байзаков).

в). Өзүнөн кийин келип айкашып турган этиш сөз менен дайыма ыкташуу жолу аркылуу байланышат. Мисалы: *Атамды жакшы доктурларга көрсөтүп, жанынан чыкпай отуруп багам.* (Т.Абдумомунов) *Торсолоңдоп чуркап барып, Осмон көбүргөндөн тутамын толтура жулуп келди.* (Ш.Бейшеналиев).

Сүйлөм ичинде чакчылдардын орду бир кылка эмес. Алар дайыма эле чакчыл маанисинде колдонула бербейт. Ошентип, чакчылдар эки түрдүүчө кызмат аткарат.

***Биринчиден,*** чакчылдар адатта экинчи түгөй болуп келгенде, накта чакчыл маанисин толук сактайт да, татаал чакчыл болот: *Апам мени көрө салып, бригадирдин сөзүн бөлүп жалынды.* (Ч.Айтматов) *Жээренче чечен бир күнү баласын ээрчитип келе жатып сөз баштады.* (Жомок).

***Экинчиден,*** чакчылдар биринчи түгөй болуп келгенде, чакчыл мааниси солгундап, жак, чак, санды билдирбеген кыймыл-аракет же ал-абал маанисин гана туюндуруп калат. Мындай учурдагы татаал формалар татаал этиш да, татаал чакчыл да боло берет: *Азыр да ошол ажыдаардын денеси чынардын ортосунда толгонуп, оозун аңырайта ачып турат.* (Жомок). Бул сүйлөмдө чакчыл биринчи түгөй болуп келип, татаал этишти *(аңырайта ачып турат)* уюштурду. *Марага чыгып келип, элдин жер дүңгүрөткөн дуусуна кулагы тунуп турчу күндөр артта калды.* (Ч.Айтматов) Бул сүйлөмдө чакчыл биринчи түгөй болуп келип, татаал чакчылды *(чыгып келип)* уюштурду.

Чакчыл түгөйлүү татаал чакчылдардын экинчи түгөйүндө кандайдыр чак мааниси кошо болот. Мындай учурда чакчыл сөздөрдүн *-ып, -ганы* мүчөлөрү өткөн чак маанилерин, ал эми *-а, -й, -ганча, -гыча, -майынча* мүчөлөрү кандайдыр деңгээлде келер чак маанилерин кошо билдирет. Мисалы: *Көптүн ортосуна чыгып, эки колун шымынын чөнтөгүнө* ***салып коюп,*** *ары-бери басып турса, тонунун этеги күүдүр-күүдүр эткени али кулагымда.* (Т.Сыдыкбеков) *Ошол кезде Жоломан акең кырдын башында* ***туруп алып,*** *ырдап койо берет дейсиң!* (М.Элебаев) *Айтор, Субанкулду* ***күтүп отурганча*** *кеч болуп кетти.* (Ч.Айтматов).

## Чакчылдардын уюшулушу

Кыргыз тилинде чакчыл сөздөрдү, жогоруда айтылгандай *-ып, -а, -й, -ганы, -ганча, -гыча, -майынча* мүчөлөрү уюштурат. Чакчылдарды уюуштуруучу бул мүчөлөрдү биз түзүлүшү боюнча жөнөкөй чакчыл мүчөлөр *(-ып, -а, -й),* татаал чакчыл мүчөлөр *(-ганы, -ганча, -гыча, -майынча)* деп экиге бөлөбүз. Анткени, булардын акыркыларын тарыхый жактан андан ары морфемаларга ажыратууга болот: *-ганы > -ган + -ча; -ганча > -ган + -ы; -гыча > -гы + -ча; -майынча > -ма(-ба)+ -й + -ын + -ча.*

## Жөнөкөй чакчыл мүчөлөр

***-ып* мүчөсү.**

*-ып, (-ип, -уп, -үп, -п)* мүчөсү менен уюшулган чакчылдарда төмөнкүдөй грамматикалык маанилер болот:

1. Өзүнөн кийин келген этиштин кыймыл-аракетинен же турган ал-абалынан мурда болгон кыймыш-аракетти билдирет, башкача айтканда, өткөн чактык мааниде болот. Мисалы: *Айтылгандарды көңүл койо **угуп,** өз тыянагын чыгарды. Ушул учурда кыз тараптан бир топ кыз-келиндер **чыгып,** күйөөгө, анын жанчыларына сарпай кийгизе баштады.* (М.Гапаров).

2. Өзүнөн кийин келген этиштин кыймыл-аракети же ал-абалдык белгиси менен бир эле мезгилде болуп жаткан кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: *Алтын канат айрыплан болбосом, кантип издейм булутуңду **аралап**.* (Калык). */нүн **бийик чыгарып** сүйлөп жатты.*

3. Өзүнөн кийин келген этиштин кыймыл-аракетине удаалаш кыймыл-аракетти билгизет. Мисалы: ***Тоорулуп** келе берет ар түн мага, көөдөнгө көрүнбөгөн отту жага.* (К.Сабыров). *Күрөшкө эки жигитти чечинтип чыгарышты...* (Т.Сыдыкбеков).

4. Этиштин кыймыл-аракетинин кыймылдык ал-абалын, сапатын билдирип толуктайт. Мисалы: *Экөө тең сөздөрү **түгөнгөнсүп**, унчукпай калышты.* (М.Гапаров) *Асылканыбызды тоту кушча **кулпунтуп** кийинтип койобуз...* (ТАбдумомунов).

5. Этиштик кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтөт. Мисалы: *Биз алар менен Бишкектен* ***кайтып жатып*** *коштоштук.*

6. Этиштик кыймыл-аракеттин максаттык белгисин билдирет. Мисалы: *Кара тору жигит окуу издеп шаарга келди.* («Ала Тоо») ***Катаган:*** *Ал кайырдиндерге кошулуп кайырдин болуп кетти...* (Т.Абдумомунов).

*-ып* мүчөсү аркылуу уюшулган чакчыл сөздөрдүн терс формасы *-й (-бай, -ба, -й)* мүчөсү менен берилет. Мисалы: *окуп - окубай, аткарып - аткарбай, айта берип - айта бербей, күлө берип - күлө бербей* ж.б. Терс форманын *(-ба)* мүчөсү *-ып* мүчөлүү чакчылдардын өзүлөрүнө да жалганышы мүмкүн. Бирок, мындай учурда чакчылга этиштик жак, чак каражаттары жалганып, чакчыл сөз чыныгы этиштик маани билдирип, капыскы өткөн чакта айтылып калат. Мисалы: *Мен ушуну такыр окубапмын. Айткан кишилериң келбептир го. Сен аны көрбөпсүң го.* Ошентип, бул учурда *-ып* мүчөсү этиштин капыскы өткөн чагын уюштурган мүчө болуп кызмат кылат.

*-ып* формасындагы чакчылдар кайталанып айтылса, этиштик кыймыл-аракеттин узакка созулгандыгын, үзгүлтүксүздүгүн же кыймыл-аракеттин кудуретин күчөтүп көрсөтөт. Мисалы: *Томсоросуң, тултуясың, турасың, Ыйлап-ыйлап улутунган баладай.* (М.Алыбаев). *Анын кичинекей тегерек кара көзүнө жаш толо калгандай чыдай алган жок, өксүп-өксүп ыйлап жиберди.* (А.Токомбаев).

Чакчылдын *-ып* мүчөсүнүн өзү да ар башка этиш тутумунда кайталанып келе берет. Жогоруда белгиленгендей, мындай учурда чакчылдарда өткөн чактык маани пайда болот. Мисалы: *Бирок дале күйүп-сүйүп ыр жазат, Бар го эсинде кечеги өткөн жаш чагы.* (Т.Байзаков).

*-ып* мүчөсү менен уюшулган чакчылдар кээде сүйлөмдүн аягына да келет. Мындай учурда чакчыл баяндоочтук милдетти аткарып, этиштик касиеттерди сактайт, бирок кандайдыр аяктабаган кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: *Кенч капкасын ачып...* (М.Борбугулов) Адатта мындай сүйлөмдөр атама сүйлөмдөр болот.

***-а* мүчөсү.**

*-а (-е, -о, -ө)* мүчөсү үнсүз тыбыш менен аяктаган этиш уңгуларга жалганат. Мындай чакчыл мүчөлөр төмөнкүдөй грамматикалык маанилерди жаратат.

1. Кыймыл-аракеттин этиштик кыймыл-аракет менен чогуу параллель аткарылгандыгын билдирет. Мисалы: *Баланын кийген кийимине айландыра көз таштады.* («Кыргызстан маданияты») *Моокумун кандыра кере-кере дем алып жатты. Көрө-көрө көсөм болуптур.* (Макал).

2. Этиштик кыймыл-аракет менен мезгилдеш кыймыл-аракетти көрсөтөт. Мисалы: *Жүрө бергилечи, бара көрөрбүз.* («Алатоо») *Бардык сынактарга алдын ала даярдык көрөбүз.* («Кыргыз Туусу»).

3. Этиштик кыймыл-аракеттин аткарылыш сапатын, ишке ашыш ыгын, деңгээлин билдирет. Мисалы: *Отургандар алакандарын чапкылап, каткыра күлүп калышты. Дос күйдүрө айтат, душман сүйдүрө айтат.* (Макал) *Тоголото топ тептик, топ качса да биз жеттик.* (М.Жангазиев).

4. Этиштик кыймыл-аракетти толуктоо маанисиндеги кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: *-Жок, барбайм,- деп Айбала чыйрала сүйлөдү.* (К.Жантөшев) *Машиненин үстүндөгү адам Чаргынга шектене карады.* (Т.Сыдыкбеков) *Чоң бүркүт экен, канатын жая отуруп калды..*

5. Этиштик кыймыл-аракеттин мүнөзүнө жараша чак маанисин да кошо көрсөтөт. Мисалы: *Чатактын түйүнү бара чечилер.* (Т.Сыдыкбеков) Бул сүйлөмдө этиш *(чечилер)* арсар келер чакта турат, ошондуктан чакчылда *(бара)* да келер чак мааниси бар. *Бакыт короону айландыра темир тор менен курчап чыкты.* Бул сүйлөмдө этиш *(курчап чыкты)* айкын өткөн чакта турат, ошондуктан чакчылда *(айландыра)* да өткөн чак мааниси бар.

*-а* мүчөлүү чакчылдар терс формада *-бай (-ба, -й)* болуп айтылат. Мисалы: *Таксиге түш десе болбой кечигип келбедиңби.*

***-й* мүчөсү.**

*-й* мүчөсү үндүү тыбыш менен аяктаган этиш уңгуларга жалганат да төмөнкүдөй грамматикалык маанилердеги чакчылдарды уюштурат:

1. Этиштик кыймыл-аракетти толуктоо маанисиндеги чакчылдарды уюштурат. Мисалы: *Аз болгондо он бештей адам баягы ортодо туруучу чоң столду курчай отурушту.* (Т.Сыдыкбеков) *Бекер отурганча, Бекназардын төөсүн буйлалай отур.* (Фольклор).

2. Этиштик кыймыл-аракеттин аткарылыш ыгын, шартын, максатын билдирет. Мисалы: *Түш оой кой короого келди.* («Алатоо») *Каныбек тарапты карады да, анан башын сыйпалай жашын төгүп жиберип, оңдонуп отурду.* (К.Жантөшев).

3. Жогоруда белгиленгендей, терс маани каражаты менен кошо келгенде этиштик кыймыл-аракеттин аткарылыш чегин, шартын билдирет. Мисалы: *Тилеп алган балдарың жетим болбой кор болбойт.* (Барпы) *Ороого көмгөн дан койбой, ойлоп күлөөр жан койбой, калпа ажыга багынды.* (Тоголок Молдо) *Жан кыйналбай жумуш бүтпөйт.* (Макал).

## Татаал чакчыл мүчөлөр

***-ганы* мүчөсү.**

*-ганы (-гени, -гону, -гөнү, -каны, -кени, -кону, -көнү,* айрым учурларда *-галы, -гели)* мүчөсү өткөн чактык атоочтуктун *-ган* мүчөсү менен ээ болуу маанисин туюндурган байыркы *-ды* мүчөсүнүн биригишинен пайда болгон.

Мындай формадагы чакчылдар төмөнкүдөй грамматикалык маанилерди билдирет:

1. Баяндоочтук кыймыл-аракеттин белгилүү бир убакыттан бери карай үзгүлтүксүз болуп келгенин билдирет. Мисалы: *Жаңы директор келгени ишибиз оңоло баштады.* («Кыргыз руху») *Ошол мытайым үстөл кучактаганы чыгым деле көбөйдү.* (Т.Сыдыкбеков) *Манас Манас болгону, Манас аткаконгону, Таластан кыргыз көчкөн жок.* («Манас»).

2. Баяндоочтук кыймыл-аракеттин аткарылыш максатын көрсөтөт. Мисалы: *Камка апам бир топ кемпирлерди коштоп кыдырып, келиндеринен чай ичкени чыгыптыр.* (Т.Сыдыкбеков) *Ушул суроого жооп алганы сиздердин редакцияга кайрылдым.* («Асаба»).

***-галы*** *(-гели)* варианты кыргыз тилинде диалектилик мүнөзгө ээ. Мисалы: *Чөп чабык башталгалы бир топ иштер бүттү.*

***-ганча*** **мүчөсү.**

***-ганча*** *(-генче, -гончо, -гөнчө)* мүчөсү өткөн чак маанисиндеги атоочтуктун *-ган* мүчөсү менен мезгилдик маанидеги *-ча* мүчөсүнүн биригишинен келип чыккан. Төмөнкүдөй грамматикалык маанилерде колдонулат.

1. Баяндоочтук кыймыл-аракетке карата мезгилдик маани билдирет. Мисалы: *Тек турганча тегин иште.* (Макал) *Кымыз ичип үйгө киргенче, жалгыз күүсүн карыя он чакты кайталап чертти.* (А.Токомбаев)

Татаал сүйлөмдүн тутумунда мезгил баяндоочтук милдет аткарат. Мисалы: *Суу сээп, жаман таарларын кагып салганча, Маманазар чай ичип келди.* (К.Жантөшев).

2. Баяндоочтук кыймыл-аракеттин аткарылыш сапатын билдирет. Мисалы: *Ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат.* (Макал) *Күн сайын кечинде, кеч курун ушул жерге келип, түн бир оокум болгончо отурам.* (Т.Абдумомунов).

3. Сүйлөмгө алымсынбагандык, купулга толбогондук, кандайдыр бир нерсеге ыраазы болбогондук маанисин ыйгарат. Мисалы: *Казан асып сенделип, калкыңда тирүү жүргөнчө, каным, жүрү кетели, качып жүрүп өтөлү.* (Токтогул).

***-гыча*** **мүчөсү.**

Бул мүчө көпчүлүк учурда *-ганча* мүчөсүнүн варианты катары каралат. Мындагы *-гы (-гыча)* мүчөсү келер чактын байыркы атоочтук мүчөсү болуп эсептелет.

*-гыча* мүчөсү менен уюшулган чакчылдар төмөнкүдөй грамматикалык маанилерди билдирет:

1. Баяндоочтук кыймыл-аракетке мезгилдик жактан чек коюу маанисин кошумчалайт. Мисалы: *Кеткиче Жамбыл менен бирге болуп, жаңырган биротоло оюн көрдүм.* (Тоголок Молдо) *Айтор, Субанкулду күтүп отургуча кеч кирип кетти.* (Ч.Айтматов).

2. ***-гычакты*** *(-гичекти, -гүчөктү, -гучакты)* варианттары менен колдонулуп, баяндоочтук кыймыл-аракетке кошумча болуп өткөн кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: *Көңүл күсөп тапкан ушул обонду үнүм бүтүп калгычакты ырдаймын.* (К.Сабыров) *Ойноп күлүп, көпкө жүрдүк, жаркыным, кеткичекти аппак болуп таң атып.* (С.Жусуев).

Бул мүчө менен уюшулган чакчылдарда өткөн жана келер чактардын маанилери кандайдыр аралаш келгендей экени келтирилген мисалдардан белгилүү болуп турат.

***-майынча* мүчөсү.**

Бул мүчө терс форманын *-ма* (азыркыча *-ба*), байыркы чакчыл *-йын* жана мезгилдик маанидеги *-ча* мүчөлөрүнүн биригишинен турат. Төмөнкүдөй грамматикалык маанилерде колдонулат:

1. Баяндоочтук кыймыл-аракетке мезгилдик чектөө маанисин кошумчалайт. Мисалы: *Мен бир ишти баштап алсам эгерде, аягына чыкмайынча тынбаймын.* (К.Сабыров).

2. Баяндоочтук кыймыл-аракетке себеп маанисин кошумчалайт. Мисалы: *Көзүм жумулмайынча сенин кунуңду Чубактын кунундай кубалайм.* (А.Токомбаев) *Бул бороон басылмайынча биз жолду таба албайбыз.* (К.Жантөшев) ***Шайыргүл:*** *Жок! Айтмайынча эч кайда кетпейм!* (Т.Абдумомунов)

Бул мүчө *-майын* формасында да жолугат: *Бала ыйламайын эмчек жок.* (Макал).

**Суроолор**

1. Этиштин өзгөчө формалары деп эмнени айтабыз?
2. Кандай сөздөрдү чакчылдар дейбиз?
3. Чакчылдардын кандай өзгөчө белгилери бар?
4. Чакчылдарды уюштуруучу мүчөлөр кайсылар? Аларга мүнөздөмө бергиле.
5. Эмне үчүн жөнөкөй чакчыл мүчөлөр, татаал чакчыл мүчөлөр деп бөлөбүз?
6. Чакчыл темасына кыскача чыгарма жазгыла.

# АТООЧТУКТАР


**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Б., 2003. 160-166-б.

1. **Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери учүн окуу китеп. Бишкек, 1997. 236-243-б.

2. **Абдулдаев Э., Давлетов С.** ж.б. Кыргыз тили. Techинституттардын педагогикалык факультеттери үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1986. 196-199-б.

**3. Батманов И.А.** Грамматика киргизского языка. Вып. 3. Ф.,1940.

**4. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1980. 177-186-б.

**5. Кыргыз адабий** тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 421-428-б.

**6. Кыргыз тилинин** грамматикасы: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеп. Фрунзе, 1964. 273-282-б.

7. **Мамутова З.** Кыргыз тилиндеги атоочтуктун *-ган* формасы. – Труды Пржевальского гос. пед. инст-та. Вып. 13. 1968.

**8. Мураталиев М.** Кыргыз тилиндеги этиштик сыпаттар (атоочтуктар) жөнүндө. -Известия АН Кирг.ССР. Серия общественных наук. Т. 2. Вып. 1 (лингвистика). 1960.


## Жалпы маалымат

Этиштин өзгөчө формаларынын бири - атоочтук. Атоочтуктар кыймыл-аракетти же ал-абалды заттын белгиси катары көрсөтүп, дайыма атооч сөздөр менен айкашып, аларды аныктап келет.

Атоочтукту уюштуруучу мүчөлөр булар: ***-ган*** *(-ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн),* ***-ар*** *(-өр, -ор, -ер),* ***-бас*** *(-бес, -бос, -бөс, -пас, -пес, -пос, -пөс),* ***-оочу*** *(-өөчү),* ***-уучу*** *(-үүчү),* ***-чу*** *(-чү).* Булардан башка да атоочтуктарды уюштуруучу айрым мүчөлөр бар. Аналитикалык жол аркылуу чакчылдын *-а, (-е, -ө, -й)* формаларына *элек* деген сөздүн кошулушу менен да атоочтук жасалат.

Атоочтуктар этиштин өзгөчө формасы болгондон кийин түзүүчү негиздер дайыма этиш уңгулардан болот. Мисалы: *Топ кыздар элек, топ кыздар - сыланган сыпаа, сак куштар.* (К.Сариева) *Күйүт тартар кезимди билип келгин, кырк жигит, күч, кубатты кетирбей кирип келгин, кырк жигит.* ("Курманбек").

Берген маанилерине караганда, атоочтук сөздөрдө этиштерге жана атоочторго тиешелүү белгилер (касиеттер) болот.

**Атоочтуктардын этиштик белгилери**

1). Заттардын кыймыл-аракеттик, ал-абалдык белгисин билдиргени менен атоочтуктарда кыймыл-аракетти билдирүү касиети сакталып калат. Мисалы: *Шукшурулуп көктөн жерге сайылган, күүлөнүүсү туу чокудан кайырган, барчынды көр бала барчын окшойбу, шаңшыгы курч, аскаларга жаңырган.* (К.Сабыров) *Айыгар оорунун дарысы өзү табылат.* (Макал).

2). Атоочтуктарда этиштин мамиле маанилери сакталат. Мисалы: *Алдыда сакал, муруту алынбаган, кабагы салыңкы, зор денелуу, алп киши турду.* (Э.Турсунов) Туюк мамиле маанисиндеги атоочтук - *алынбаган.*

*Анын бул кыянатын дароо туюнган үй ээси колун бооруна алып жүгүнө берди.* (С.Өмүрбаев) Өздүк мамиле маанисиндеги атоочтук - *туюнган.*

*Мен бара жаткан кезде Чоңкол жыйналган топту койдой айдап жөнөп калган.* (М.Элебаев) Туюк мамиле маанисиндеги атоочтук - *жыйналган.*

*Мына ушул Шакаптар, Көксерек аймагын ар дайым намазга түшүргөн имам.* (С.Өмүрбаев) Аркылуу мамиле маанисиндеги атоочтук – *түшүргөн.*

3). Атоочтуктар чак маанилерин да көрсөтөт. Мисалы: *Чартарабына кароол коюлган кыштак кызуу уйкуда.* (С.Өмүрбаев) Атоочтук *(коюлган)* өткөн чак маанисин берип турат. *Айтылар сөзүбүз, аткарылар ишибиз бар, мырзам.* (Т.Касымбеков) Атоочтуктар *(айтылар, аткарылар)* келер чак маанисин берип турат.

4). Атоочтуктар этиштик оң жана терс формаларда да айтыла берет, башкача айтканда, атоочтуктарга *-ба* мүчөсү жалганат. Мисалы: *Көрүнгөн тоонун ыраагы жок.* (Макал) *Таптакыр мурда айтылбаган, ойго келбеген сөздөр айтылды.* (К.Акматов)

Атоочтуктун терс формасы анын *-бас* мүчөсү аркылуу да туюндурулат. Мисалы: *Ат арыбас болсочу, жаш карыбас болсочу.* (Токтогул). Анткени, *-бас* (*-ба-с*) мүчөсүнүн тутумунда терс маани берүүчү *-ба* мүчөсү бар.

**Атоочтуктардын**
**атооч сөз түркүмдөрүнө тиешелүү белгилери**

1). Атоочтуктар атооч сөздөрдүн ичинен сын атоочторго жакын болуп, алар сыяктуу заттын белгисин, касиетин, сапатын билдирет, сын атоочтун суроолоруна жооп болуп түшөт. Мисалы: *Жигиттин көөнү кубанат булкунган буудан ат менен.* (Барпы) *Саймалуу жүзаарчысын алып, манасчы маңдайынан чыбырчыктаган терди арчып, ордуна барып отурду.* (Э.Турсунов) Атоочтуктар *(булкунган, чыбырчыктаган)* ***кандай?*** деген суроого жооп берип турат.

2). Атоочтуктар сын атоочтордой эле затташуу касиетине да ээ болот. Сүйлөмдө аныкталгычсыз келгенде атоочтуктар сан, жөндөмө, таандык категориялардын көрсөткүчтөрү менен өзгөрө берет. Мисалы: */ч атчан жакындаганда үч жигит тура калып аттарын алды да кермеге байлады.* (Э.Турсунов) Атоочтук *(жакындаганда)* жатыш жөндөмөдө турат. *Коштошуп колун кармашып, жакын калды жеңерге.* ("Курманбек") Атоочтук *(жеңерге)* барыш жөндөмөдө келди. *Бербестин ашы бышпас.* (Макал) Атоочтук *(бербестин)* илик жөндөмөдө айтылып жатат.

3). Сын атоочтордой эле атоочтуктар да синтаксистик жактан дайыма аныктоочтун милдетин аткарып, ыкташуу байланышы аркылуу байланышат. Мисалы: *Алатоом аскасынан учурган, бүркүтүңдөй болууну эңсеп, самадым.* (К.Сабыров) *Кулпурган бойлор сиздики, кусадар жүрөк биздики.* (Барпы).

Атоочтуктар жак мүчөлөрүн кабыл алып, баяндоочтун да милдетин аткарат. Мисалы: *Шаарды силерден мурда көргөндөрдөнбүз, байкеси.* (Ш.Бейшеналиев).

Затташкан учурда сүйлөмдүн ээси менен толуктоочунун милдетин да аткарат. Мисалы: *Толубайда койчу болуп жүрүп, бир токтусун жоготконум үчүн үч күн арыкта сууга салып сабаганы да бар.* (М.Элебаев) Атоочтук *(жоготконум үчүн)* толуктоочтун милдетин аткарды. *Күн жарыгы тийгендей күлгөнү кызык баланын.* (Жеңижок) Атоочтук *(күлгөнү)* ээнин милдетин аткарып келди.

Азыркы кыргыз тилинде алгачкы мааниси боюнча атоочтук болуп, тилдин бара-барып өнүгүшүнүн негизинде заттык маанилерге биротоло өтүп кеткен сөздөр да бар. Алар азыркы учурда кыймыл-аракетти заттын белгиси катары билдирүүдөн таптакыр калып калган. Алардын сырткы түзүлүшүндө атоочтук жасоочу мүчөлөрдүн даана көрүнүп, тутумдук бөлүктөргө оңой ажыратылып турганы менен кыймыл-аракеттик мааниден эч нерсе калган эмес. Буга азыркы кыргыз тилиндеги төмөнкү сөздөр кирет: *капкан, тууган, чагылган, чапкын, жууркан, жазуучу, сатуучу, айдоочу, балтажутар, эчкемер, кабаган, сүзөгөн* ж.б. Энчилүү аттар да бар: *Аттокур, Төлөгөн, Сатылган, Муңайтпас, Токтогон, Бөрүбасар, Бээсыйбас* ж.б.

## Атоочтуктардын жасалышы

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, атоочтуктарды уюштуруучу атайын грамматикалык каражаттар бар.

***-ган* мүчөсү.**

*-ган* мүчөсү этиштик негиздерге жалганып өткөн чактык маанидеги атоочтукту жасайт. Муну атоочтуктун өткөн чак формасы деп да айтышат. Чынында ал өтүп кеткен кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтөт.

Мисалы: *Беделуу талаа тенен өрүкзардын ортолугунда буудай эгилген тектир жатат.* (М. Гапаров) *Көпкө ыраазы болбогон азга жетпей зар болот.* (Жеңижок).

*-ган* мүчөсү аркылуу жасалган атоочтуктар баяндоочтук милдет аткарганда дайыма өткөн чактык мааниде болот. Мисалы: *Булардын баары кечээ эле айтылгандар.* (К.Осмоналиев).

Баяндоочтук милдет аткарган атоочтуктар көбүнчө адамзаттык зат атоочтор болот, же адамзатка тиешелүүлүктү билдирет: *Булар окуусун жаңы эле бүтүргөндөр.*

*-ган* мүчөсү менен уюшулган атоочтук атооч маанисинде турса, андагы мезгилдик маани туруксуз болот, башкача айтканда, өткөн чак маанисин да, кайсы чак экени белгисиз болгон абстракттуу чак маанисин да билдире берет. Мисалы: *Жакшы аялдын белгиси жашаган үйүн гүлдөтөт.* (Жеңижок) *Көпкөн жигит көп сүйлөйт, чечен жигит эп сүйлөйт.* (Токтогул). Атоочтуктар *(жашаган, көпкөн)* аныктоочтук милдет аткарышып, өткөн чактык маанилерде келди.

*Аска башынан асмандын көгөргөн тилкеси чамгарактап көрүнгөнсүйт.* (С.Өмүрбаев) *Маңдайыңда жарашкан калем кашың, Арзыкан.* (Барпы). Бул мисалдардагы атоочтуктар *(көгөргөн, жарашкан)* ошол сүйлөмдө аткарылган кыймыл-аракет, ал-абалдык процесс менен мезгилдеш маанилерде айтылды.

*-ган* мүчөсү аркылуу уюшулган атоочтуктар аныктоочтук милдетте турганда кыймыл-аракеттик белгини мезгилге тиешеси жок билдириши да мүмкүн. Мисалы: *Кеп бербеген такымчы болбогула, балдар ай.* (Барпы) *Бакылдаган текени суу кечкенде көрөбүз, шакылдаган жеңени үй чечкенде көрөбүз.* (Макал).

*-ган* мүчөсү менен уюшулган атоочтуктар ээлик милдет аткарганда затташып турат да, мезгилдик касиетти билдирбейт. Мисалы: *Ойлобой сүйлөгөн онтобой ооруга жолугат.* (Макал) *Күзүндө чыгынбаган кышында жылынбайт.* (Макал).

*-ган* мүчөлүү атоочтуктар затташкан учурда сан, таандык, жөндөмө мүчөлөрүн кабыл алат да толуктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: *Сүйлөгөндүн оозу жаман, ыйлагандын көзү жаман.* (Макал) Илик жөндөмөсүндөгү атоочтуктар *(сүйлөгөндүн, ыйлагандын)* аныктоочтун милдетин аткарды.

*Алтынды көрүп алданбай, алкымыңдан кармалбай ырдай билгин жакканга.* (Барпы). Барыш жөндөмөсүндөгү атоочтук *(жакканга)* толуктоочтун милдетин аткарып турат.

*Кожо келсе кой союп, алдын алып нан коюп, сыйлагандан эмесмин.* (Барпы) Чыгыш жөндөмөсүндөгү атоочтук *(сыйлагандан)* толуктоочтун милдетин аткарып турат.

*Буракжан, сен деп боздодум, боздогонум койбодум.* (Барпы) Биринчи жакка таандык болуп, табыш жөндөмөсүндө турган атоочтук *(боздогонум)* тике толуктоочтун милдетин аткарып турат.

*-ган* мүчөсү менен жасалган атоочтуктардын татаал формалары төмөндөгүдөй ыкмалар аркылуу уюшулат:

1). *-ган* мүчөсү жардамчы (көмөкчү) этиштерге уланып татаал атоочтук болуп келет: *уктап жаткан, сүйлөп отурган, көрүп билген, келип кеткен, билип билбеген, келип калган, ырдап берген; айта жүргөн, келе берген; окуй баштаган, сайрай алган, токуй берген* ж.б. Мисалы: */нүн бийик чыгарып окуй баштаган ким?*

2). Татаал этиштин түгөйлөрүнүн экөө тең *-ган* мүчөсу менен айтыла берет: *көргөн-билген, жүргөн-турган, кирген-чыккан, баскан-турган, келген-кеткен, жүргөн-турган, жазган-жазбаган, окуган-окубаган* ж.б. Мисалы: *Көргөн-билгендер чыпчыргасын коротпой айтып келишти.* («Ала Тоо»).

3). Биринчи түгөйү атооч сөздөрдөн туруп да *-ган* мүчөсү менен татаал формалар уюшула берет. Мисалы: *Анын капкара болгон кашы серпилип, өңү сүрдүү көрүнөт.* (С.Сасыкбаев).

***-ар* мүчөсү.**

*-ар* мүчөсү этиштик негиздерге жалганып келер чактык атоочтуктарды уюштурат. Муну атоочтуктун келер чак формасы деп да айтышат. Чынында мындай атоочтуктар али аткарыла элек кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтөт.

Мисалы: *Кара кыз, мага күн барбы, кайгырбай жатар түн барбы?* (Тоголок Молдо) *Аштык айдар уулум бар, жибек созор кызым бар.* (Фольклор).

*-ар* мүчөлүү атоочтуктар аныктоочтук милдет аткарганда алдыда аткарыла турган иш, кыймыл-аракет заттын белгиси катары көрсөтүлөт. Келер чактык жана күмөндүүлүк грамматикалык маанилер сакталат. Мисалы: *Адам түгүл селдин да жолун тосуп койор алы бар, же ошо сел болуп каптап кетер да кубаты бар элдин.* (С.Өмүрбаев) *Буудайдын барар жери тегирмен.* (Макал).

Келер чактык грамматикалык маанилер сакталбай да калышы мүмкүн, бирок кандайдыр затка жалпы эле мүнөздүү болгон кыймыл-аракеттик жана күмөндүүлүк грамматикалык маанилер жоголбойт. Мисалы: *Болор кулун желеде жулкунат, болор бала бешикте булкунат.* (Макал) *Барар жагың чамалап, басар жолуң камалап, кош канатты сабалап, кууп жетип асмандан, илип кетсем кантесиң?* (Барпы) *Өлөр эчки койчунун таягына сүйкөнөт.* (Макал).

*-ар* мүчөсү менен уюшулган атоочтуктар затташып кетип, ээлик *(Өсөр элди сыйлайт)* жана толуктоочтук *(Берерге бешимде кымыз)* милдеттерди да аткарат.

Мындай учурларда да келер чактык кыймыл-аракет жана күмөндүүлүк маанилер сактала берет.

***-бас* мүчөсү.**

Атоочтуктун ***-бас*** мүчөсү ***-ар*** мүчөсүнүн терс формасы болуп *[-бас (-ба, -с)]* эсептелет. Бул этиштик негиздерге жалганат да келер чактык терс маанилерди берет. Мисалы: *Алыс созгон арканын адамда үмүт эмеспи, көкүрөктү өрттөгөн кетпес күйүт эмеспи.* (Барпы) *Элин сагынбас эр болбойт, үйүрүн сагынбас ат болбойт.* (Макал).

*-бас* мүчөсү *-ар* мүчөсүнөн айырмаланып, кандайдыр күмөндүүлүк маанисин солгундатат, кээде таптакыр эле жоготуп, айкындык маани берип калат. Мисалы: *Акыл - тозбос тон, билим – түгөнбөс кен.* (Макал) *Ок өтпөс тон кийгизип, ок жетпес ат мингизип, киши жүрүп эл билбес, Манасты тоого багалы.* («Манас»).

***-ар, -бас*** мүчөлөрү жалганган сөздөрдөн уюшулган татаал атоочтуктар да бар.

1). Көмөкчү этиштер менен айкашып келип атоочтуктун татаал формасын уюштурат: *билип алар, бара берер, айтып көрөр, айта жүрөр, басып келбес* ж.б.

2). Түгөйлөрүнүн биринчиси *-ар,* экинчиси *-бас* мүчөсү менен айтылып да атоочтуктун татаал формасы уюшулат: *билинер-билинбес, көрүнөр-көрүнбөс, айтар-айтпас, келер-келбес, иштер-иштебес* ж.б. Бул учурда заттын кыймыл-аракеттик же ал-абалдык касиети солгундап көрсөтүлөт. Мисалы: *Болор-болбос иш үчүн ушунчалык капаланасыңбы?* («Кыргыз руху»).

3) Биринчи түгөйү атооч сөздөрдөн болуп уюшулган келер чактык татаал атоочтуктар да бар: *таң атар маал, үч жашар бала, жер карабас адам* ж.б. Мындай формалардын көпчүлүгү биротоло заттык мааниге өтүп кеткен: *кыз ойготор* (күүнүн аты), *беш атар* (мылтыктын *аты), эшик ачаар, төшөк салар* (салттар), *камчы чабар, орун басар* (кызмат) ж.б.

***-оочу(-уучу)* мүчөсү.**

Бул мүчө кыймыл атоочтун *-оо (-уу)* мүчөсү менен адат өткөн чактын *-чу* мүчөсүнүн биригишинен келип чыккан. Этиш уңгуларга жалганып келер чактык атоочтукту жасайт. Мисалы: *Качырса талкан кылуучу канкор Манас каны бар, кыйратып кырып кетүүчү кырк чоросу дагы бар.* («Манас»).

Бул мүчөнүн тутумундагы созулма үндүүнүн бири көбүнчө түшүрүлүп айтылат. Мисалы: *Көздөрүндө огу болсо атып жиберчүдөй!..* (Т.Абдумомунов) *А менин ачуум келет ар кадамда, ачууну келтирчү иштер ар адамда.* (О.Султанов).

*-оочу (-уучу)* мүчөсү менен жасалган атоочтуктар келечекте иштелүүгө тийиш болгон кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтөт. Мисалы: *Бул айтылуучу кеп Шаршенбай кеби, ар нерсеге анын сонун эби.* (А.Осмонов) *Ары карай кетүүчү машинага булгаарыны жеткирип турат.* (С.Сасыкбаев).

Кайталанган же келечекте адат катары иштелүүгө тийиш болгон кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтет. Мисалы: *Чайга салып жутаар кезде, заар тилин куйкалоочу мен кыргыздын акыны.* (А.Осмонов) *Китепти окуп чыгып, көчүрүп алчу жерлерин белгилеп алды.*

Бул мүчө менен уюшулган атоочтуктардын ичинен затташып биротоло заттык мааниге өтүп кеткендери да бар: *сатуучу, окуучу, байкоочу, тейлөөчү, тергөөчү, жазуучу, айдоочу* ж.б. Мисалы: *Жолоочунуи бул кандайча шылдыңы...(А.Осмонов).*

*-оочу (-уучу, -чу, -чү)* мүчөсү менен уюшулган атоочтуктар синтаксистик жактан сүйлөмдүн ээсинин *(Отурган ордунда үргүлөп кетүүчүлөр да табылды),* баяндоочунун *(Кыдырата отургандар - чайкоочулар),* аныктоочунун *(Жигит өлчү жерине күлүп барат)* милдетин да аткарат. Кээде толуктоочтун да милдетин аткара берет: *Тигиндей барып алчусун алды да, жолуна түштү.*

***-а (-е, -й) + элек* мүчөсү.**

Атоочтуктун бул формасы *-а (-е, -й)* мүчөлүү чакчылдарга *элек* деген жардамчы этиштин жалганышы аркылуу уюшулат. Мааниси боюнча ал ишке аша элек кыймыл-аракетти же ал-абалды заттын белгиси катары көрсөтүп, келер чактык атоочтуктар болушат. Мисалы: *Тулаңынан дүйнөнүн күбүлө элек, мени максат соңунан издегипе.* (К.Сариева). *Ачыла элек сандыкта бычыла элек кундуз бар.* (Макал).

Атоочтуктун бул формасы да затташып кетип, сан, таандык жана жөндөмө категориялары боюнча өзгөрө берет: *түшүнө элек окуучу, али кете элегин белгилеп ал, айтыла элек ойлор, көргөнүңдөн көрө элегиң көп* ж.б. Мындай өзгөчөлүктөрү менен алар сүйлөмдө ээ, баяндооч, аныктооч, толуктоочтордун да милдетин аткара алат.

***-а (-е, -й) + элек*** болуп уюшулган атоочтуктар - татаал атоочтуктар, өзгөргөн учурда булардын акыркы тутуму, жардамчы этиш *элек* гана өзгөрө берет: *иштей электер да бар.*

***-гыдай* мүчөсү.**

Этиштик негиздерге жалганып, аткарылышы божомол (ыктымал) кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтөт. Мисалы: *Балам, жөө жүргүдөй ал калбады менде.* («Алатоо») *Шаарда ары-бери басып тургудай машина сатып алдым.* («Кыргыз Туусу»).

Бул мүчөнүн тутумунда сын атооч жасоочу *-дай* мүчөсү бар, ошондуктан мындай формадагы атоочтуктарды сын атоочтордон ажырата билүү зарыл.

*-гыдай* мүчөсүнүн милдети кээде *-чудай* мучөсү жана *-а (-й) + турган* формасы да аткара берет: *кар жаагыдай, кар жаачудай, кар жаай турган; аткаргыдай, аткарчудай, аткаруучудай, аткара турган, аткара тургандай* ж.б.

Учур чактык атоочтуктар да бар. Алар адатта чакчылдын *-ып* формасына *жат, тур, отур, жүр* деген жардамчы этиштердин *-ган* мүчөсү аркылуу айкалышып келүүсү аркылуу уюшулат: *уктап жаткан, айтып отурган, окуп жүргөн* ж.б. Мисалы: *Бала уктап жаткан кыздын жанына келди.* (Жомок) *Анын шаарда окуп жүргөн бир сулуу кызы бар.* (М.Гапаров).

Кыргыз тилинде атоочтук маанилердеги байыркы айрым мүчөлөр да жолугат.

***-мыш:*** *Сурап алган жазмыш жолу аябай, камчы менен май сооруга чапкансыйт.* (А.Осмонов).

***-гыс:*** *Анын күнөөсү ат көтөргүс.* (К.Жантөшев) *Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар.* (Макал).

***-аган:*** *Алаган колум береген.* (Макал).

***-максан:*** *Билмексен киши болуп калды.*

**Суроолор**

1. Этиштин өзгөчө формалары деп эмнени айтабыз?
2. Кандай сөздөрдү атоочтуктар дейбиз?
3. Атоочтуктардын кандай өзгөчө белгилери бар?
4. Атоочтукту уюштуруучу мүчөлөр кайсылар? Аларга мүнөздөмө бергиле.
5. Атоочтуктар деген темада кыскача чыгарма жазгыла.

# КЫЙМЫЛ АТООЧТОР

**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Б., 2003. 167-170-б.

**2. Абдувалиев И., СадыковТ.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеп. Бишкек, 1997. 243-246-б.

**3. Абдулдаев Э., Давлетов С.** ж.б. Кыргыз тили. Прединституттардын педагогикалык факультеттери үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1986. 202-203-б.

**4. Батманов И. А.** Грамматика киргизского языка. Вып. 3. Ф., 1940.

**5. Давлетов С., Кудайбергенов** С. Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1980. 177-186-б.

**6 . Кыргыз адабий** тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 440-453-б.

**7. Кыргыз тилинин** грамматикасы: морфология. Жогорку окуу жайларынын филол. факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеп. Фрунзе, 1964. 282-286-б.

**8. Тойчубекова Б.** Кыргыз тилиндеги кыймыл атоочтордун кээ бир маселелери. Фрунзе, 1968.

**9. Тойчубекова Б.** Кыргыз тилиндеги кыймыл атоочтун ***-ыш*** формасы. - Китепте: Сборник трудов аспирантов и соискателей. Фрунзе: Изд-во КГУ. Вып. 4, 1968.

**9. Тойчубекова Б. *-мак*** формасындагы кыймыл атоочтордун морфологиялык айрым белгилери. - Китепте: Кыргыз тили боюнча изилдөөлөр. Фрунзе, 1970.

## Жалпы маалымат

**Кыймыл-ракеттин, ал-абалдын же кыймыл жүрүшүнүн (процессинин) атын, аталышын билдирүүчү этиштик туунду формалар кыймыл атоочтор деп аталат.** Мисалы: *Менин да үй-жайым бар, дасторконум жайылуу, конок төшөгүм салынуу.* (Ч.Айтматов) *А көрөк тилегин куштардын келгиче саламат болушун.* (С.Акматбекова).

Кыймыл атоочтор этиштин туунду формалары болуп эсептелет. Кыргыз тилинде атоочтуктар этиштик негиздерге ***-оо*** *(-өө)*, ***-уу*** *(-үү)*, ***-ыш*** *(-иш, -уш, -үш)*, ***-мак*** *(-мек, -мок, -мөк)*, ***-май*** *(-мей, -мой, -мөй)* деген мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалат.

Биз жогоруда белгилегендей, кээ бир түрк тилдеринде кыймыл атоочтор этиштин баштапкы формасы катары каралат. Кыргыз тилинде алар кыймыл-аракет, ал-абалдарды атагыч сөздөр болуп, этиштин өзгөчө формаларынын бири катары каралат.

Кыймыл атооч сөздөрдө негизинен түпкү маани этиш сөздөр менен байланышып, алар этиштик туундулар болгондуктан, берген лексикалык маанилери ошол кыймыл-аракетти, ал-абалды же процессти атоо болуп эсептелет. Ошондуктан, кыймыл атоочтор атооч сөз түркүмдөрүнө жакын болот. Алардын лексика-грамматикалык, материалдык тулкусунда атоо мааниси биротоло орун-очок алып, кыймыл-аракеттик маанилери жоголуп, бара-бара толук затташып, зат атоочко өтүп кетүүгө жөндөмдүү.

Азыркы кыргыз тилинде башта этиштин кыймыл атооч формасында болуп, бара-бара биротоло зат атоочко өтүп кеткен сөздөр өтө арбын: *суроо, ойлоо, жазуу, окуу, улактартыш, күнбатыш, күнчыгыш, күрөш, согуш, чабыш, жүрүш-туруш, оймок, илмек, өрмөк, сокмок, чертмек, көзтаңмай, кызкуумай, канталамай, жамбатыш, барыш* (жөндөмө), *табыш* (жөндөмө) ж.б.

Кыймыл атоочтордо атооч сөздөргө да этиш сөздөргө да тиешелүү касиеттер болот.

## Кыймыл атоочтордун этиштик белгилери

Кыймыл атооч сөздөрдүн тутумундагы этиштик грамматикалык каражаттар ошол этиштик лексика-грамматикалык маанилердин сакталып жүрүп олтурушун шарттайт. Мындай атооч-этиш маанилик байланыштарын тилибиздеги агглютинация кубулушунун көрүнүштөрү катары кароого болот.

Ошентип, кыймыл атоочтордогу этиш сөз түркүмүнө тиешелүү белгилер деп төмөнкүлөрдү атап өтөбүз.

1). Атооч деп аталып, атооч сөз түркүмдөрүнө өтүп баратканы менен кыймыл атоочтордун түпкү тегиндеги кыймыл-аракет, ал-абал маанилери жоголбой жүрүп олтурат: *окуу* > *оку-; жазуу* > *жаз-; билиш* > *бил-; келмек* > *кел-* ж.б.

2). Тутумунда этиштин мамиле көрсөткүчтөрүн сактап, мамилелик маанилерди өзүлөрү менен кошо ала жүрөт. Мисалы: *Келемин горизонттон горизонт кууп, көшүлүү гана керек эмес мага.* (К.Сариева) Туюк мамиле көрсөткүчү *-ыл (көшүлүү)* туюк мамиле маанисин сактап турат. *Жат жазуу жаздырыштын кереги жок деп чечтик.* Аркылуу мамиле көрсөткүчү *-дыр (жаздырыштын)* аркылуу мамиле маанисин сактап турат.

3). Айрым учурларда кыймыл атоочтор этиштик баштапкы касиетин сактап, өздөрү менен бирге келген атооч сөздөрдүн тигил же бул жөндөмөдө келишин талап кылат. Мисалы: *А дубалдын ар жагы жаңгак эле, ээси жок, эч адамга тийиши жок.* (С.Акматбеков)

**Кыймыл атоочтордун атоочтук белгилери**

1). Кыймыл-аракет маанисин эмес атооч маанисин билдирет. Мисалы: *Жетимиш-сексен уй сааш оңойбу?* (М.Элебаев) *Бир карашың белги берип бакыттан, бир карашың жабат күндүн түндүгүн...* (К.Сабыров)

2). Зат атоочтун категориялары менен өзгөрүүгө да жөндөмдүү.

***Таандык болуп өзгөрөт***

| | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1 | жазуум, өрмөгүм | жазуубуз, өрмөгүбүз |
| 2 | жазууң, өрмөгүң<br>жазууңар, өрмөгүңөр | жазууңуз, өрмегүңүз<br>жазууңуздар,<br>өрмөгүңүздөр |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | жазуусу, өрмөгү | жазуусу, өрмөгу |

Жалпы таандыкта да *жазуунуку, тааныштыкы, чертмектики, жүрүш-туруштуку* ж.б. болуп зат атоочтордой эле өзгөрө берет.

***Жөндөлөт***

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | сурoo | чыгыш | чертмек |
| И | суроонун | чыгыштын | чертмектин |
| Б | суроого | чыгышка | чертмекке |
| Т | суроону | чыгышты | чертмекти |
| Ж | суроодо | чыгышта | чертмекте |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ч | сууроодон | чыгыштан | чертмектен |

3. Сүйлөмдө негизинен ээ менен толуктоочтук милдеттерди аткарат. Мисалы: *Ээрде олтурушу кыт куйгандай бекем.* (Т.Сыдыкбеков) Ээнин *(олтурушу)* милдетин аткарды. *Төгүлүүңдү баса албайт күн аптабы. (*К.Сариева*).*Толукточтун *(төгүлүүңдү)* милдетин аткарды.

## Кыймыл атоочтун уюшулушу

Кыймыл атоочтор этиштин туунду формалары болуп эсептелет. Ошондуктан аларды уюштурган атайын грамматикалык каражаттар бар.

***-оо (-уу)* мүчөсү.**

Кыймыл атоочтун ушул мүчөсү эң өнүмдүү мүчө болуп эсептелет. Кыймыл-аракетти же ал-абалды атайт. Мисалы: *Ушул бир-эки жылдан бери кыргыз жерине кытай, дунгандар келип, элге апийим айдоо жайылган.* (М.Элебаев).

Жатыш жөндөмөсүндө туруп *(-оодо, -ууда)* жөнөкөй учур чакты уюштурат (караңыз: ***учур чак***).

*-оо (-уу)* мүчөсүнүн зат атооч жасоочу *-оо (-уу)* мүчөсү менен түпкү теги бир. Кыргыз тилиндеги *толгоо, аштоо, курчоо, бүлөө, жайлоо, сүйүү, чийүү, ойлоо, байкоо, окуу* деген сыяктуу зат атоочтор кыймыл атоочтордон затташып келип чыккан.

***-ыш* мүчөсү.**

Бул мүчө да өнүмдүү мүчө болуп саналат. Кыймыл-аракеттин же ал-абалдын атын билдирет. Мисалы: *Бир карашың бир сезимди тирилтип, бир карашың бир сезимди өлтүрөт.* (К.Сабыров) *Бир көргөн - билиш, эки көргөн - тааныш.* (Макал).

Кээде жатыш жөндөмөдө туруп учур чак маанисин берет. Мисалы: *Былтыртан бери окуштамын.*

Затташып кетип, биротоло зат атоочко өткөн кыймыл атооч сөздөр бир топ арбын: *күрөш, согуш, айтыш,* (күн) *чыгыш,* (күн) *батыш, көтөрүлүш, утуш, талаш-тартыш, алыш-бериш* ж.б.

***-мак* мүчөсү.**

Бул мүчө анча өнүмдүү эмес. Кыймыл-аракеттин атын каалоо, тилек маанилер менен кошо айтат. Мисалы: *Эми эле этти чыгармак болуп жатканда Карпык мага карай буйрук этип калды.* (М.Элебаев) *Найза саймак эрдиктен, ат жоорутмак тердиктен.* (Макал). Кыймыл атоочтун бул мүчөсүнүн *-максан* болуп айтылыш формасы да бар. Мисалы: *Токтогул укса да укмаксан болуп ырдай берди.* (Ж.Бөкөмбаев)

***-май* мүчөсү.**

Адат болгон, же салт болгон кыймыл-аракеттин атын атайт. Мисалы: *Сур булуттун чөмүлүп кучагына, өрткө айланбай тымызын өчмөй болду.* (К.Сариева) *Алмайдын бермейи бар.* (Макал).

Кыймыл атоочтордун зат атоочтун категориялары боюнча өзгөрө бериши, башкача айтканда, таандык болуп айтылышы, жөндөлүшү жана жакталышы зат атоочтор кандай болсо, ошондой болуп ишке аша берет. Анткени, кыймыл атоочтор өзгөргөн учурда алардын заттык белгилери даана байкалат.

***Таандык болуп айтылыштар:***

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Күрөшүм | Күрөшүбүз |
| 2 | Күрөшүң<br>Күрөшүңүз | Күрөшүңөр<br>Күрөшүнүздөр |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Күрөшү | Күрөшү |

Жалпы таандыкта да өзгөрө берет: *уруштуку, окуунуку, сүйүүнүкү, тааныштыкы* ж.б.

***Жөндөлүштө:***

| | Жекелик | Көптүк |
|---|---|---|
| А | Айдоо | Айдоолор |
| И | Айдоонун | Айдоолордун |
| Б | Айдоого | Айдоолорго |
| Т | Айдоону | Айдоолорду |
| Ж | Айдоодо | Айдоолордо |

| | | |
|---|---|---|
| Ч | Айдоодон | Айдоолордон |

**Суроолор**

1. Этиштин өзгөчө формалары деп эмнени айтабыз?

2. Кандай сөздөрдү кыймыл атоочтор дейбиз?

3. Кыймыл атоочтордун кандай өзгөчө белгилери бар?

4. Кыймыл атоочторду уюштуруучу мүчөлөр кайсылар? Аларга мүнөздөмө бергиле.

5. Затташып кеткен кыймыл атоочторго мисалдар келтиргиле.

6. Кыймыл атооч темасына кыскача чыгарма жазгыла.

# ТАКТООЧ

**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Б., 2003. 171-178-б.

**2. Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеп. Бишкек, 1997. 248-257-б.

**3. Абдулдаев Э., Давлетов С.** ж.б. Кыргыз тили. Désinstituttardyn педагогикалык факультеттери үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1986. 208-211-б.

**4. Давлетов С.** Азыркы кыргыз тилиндеги тактоочтор. Фрунзе, 1960.

**5. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1980. 195-204-б.

**6. Кыргыз адабий** тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 273-286-б.

**7. Кыргыз** тилинин грамматикасы: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттерине арналган окуу китеби. Фрунзе, 1964. 173-185-б.

## Жалпы маалымат

Тактоочтордун өз алдынча сөз түркүмүн түзөөрү түркология илиминде, анын ичинде кыргыз тил илиминде да, узак мезгилдер бою шектүү каралып келген. Кээ бир окмуштуулар аларды өз алдынча сөздөр тобун, сөз түркүмүн, түзөт, дешсе, кээ бирлери тактооч сөздөрдүн бир бөлүгүн сын атаоочторго, бир бөлүгүн зат атоочторго ыйгарып келишкен. Тактооч сөз түркүмү тууралуу маселе ойго да келген эмес.

Кыргыз тил илиминде сөз түркүмдөрү маселесинин жеткилең чечиле бербегенинен улам, 1950-жылдарга чейин эле тактооч өз алдынча сөз түркүмү болуп мектеп грамматикасына киргизилген эмес[38]. Кыргыз тил илиминин башатында турган кызыл профессор К.Тыныстановдун окуу китебинде тактооч деген сөз түркүмү катталган эмес[39]. Тактооч сөздөрдүн өздөрү да мисалдар катары тигил же бул сөз түркүмүнөн жолукпайт.

/.Асылбековдун педагогикалык окуу жайлары үчүн жазган грамматикасында[40] да тактоочтор сөз туркүмүнүн катарына кирбей, көңүлдүн сыртында калган.

Мектеп окуучулары үчүн жазылган К.Бакеевдин грамматикасынын бардык басылыштарында тең[41] тактооч жок, башка сөз түркүмдөрүнүн алабынан да тактооч сөздөр мисал катары жолукпайт.

[38] Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. 4-басылышы. Фрунзе: Мектеп, 1968. 121-б.; Кудайбергенов С. Тактоочтор жън\ндъ. - «Мугалимдерге жардам». 1949, № 2. 32-б.

[39] Tynystanup Q. Qyrgyz tilinin morfologijasy. Frunze, 1934.

[40] Asylbekov U. Grammatika. 1 boluk. Morfologija. Frunze, 1940.

[41] Бакеев К. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1-бъл\к. Фонетика жана морфология. Жети жылдык жана орто мектептердин 5-6 класстары \ч\п окуу китеби. Фрунзе: Кыргызмамбас, 1948. 168-б.

Кыргыз тилинде тактооч сөздөрдүн өзүнчө сөз түркүмү катары өз ордун алуусу тууралуу алгачкы ой белгилүү тилчи С.Кудайбергеновго[42] таандык. Атайы илимий изилдөө иштерин алып барып, тактоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн болгон айрымачылыктарын ачып, кыргыз тилинде өз алдынча сөз түркүмү боло аларлыгын далилдөөнү С.А.Давлетов[43] жүзөгө ашырган.

**Кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалдарын (орундук, мезгилдик, себеп, максат, сан-өлчөм, сын-сыпат кырдаалдарын) көрсөтүп, сүйлөмдө көбүнчө этиш сөздөр менен айкашып келип бышыктоочтук милдет аткарган сөздөр тактоочтор деп аталат.** Алар *качан? кайсы? кайда? канча? кантип? кандай?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Анархан баласына жаңы көйнөктү кийгизип жатканда тыштан Дарыяхан акырын кирип келди.* (К.Жантөшев) *Түндөгү далайга ачык дуулдаган барлар, ресторандын эшиктери азыр дымып, зымпыя жабык бойдон.* (К.Жусупов).

Тактооч сөздөрдүн маанилери адатта абстракттуу болот. Анткени алар этиш сөздөрдүн түрдүү белгилерин, касиеттерин же орундук жана мезгилдик кырдаалдарын билдирет. Ал эми этиш сөздөр - кыймыл-аракетти билдирген сөздөр, баамыбызда, акыл-эсибизде гана конкреттүү болот. Кыймыл-аракет көзгө көрүнбөйт, кыймылга келген зат гана көзгө көрүнөт. Ошентип, кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалдары да биздин баамыбызда гана абстракттуу түрдө таанып билинет.

Тактооч сөздөр *качан? кайсы? кайда? канча? кантип? кандай?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет дедик.

Мисалы: *Бул жердеги мейманкана европалыктарча жасалгаланыптыр.* (К.Жусупов) *Кечээ гана тиги кырда жок эле, кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш.* (А. Осмонов) *Азыр арман кылып калышат.* (К.Жусубалиев)

---

[42] Кудайбергенов С. Тактоочтор жън\ндъ. «Мугалимдерге жардам», 1949, № 11. 32-35 -б.

[43] Давлетов С. Наречие в современном кыргызском языке. Автореферат дисс... канд. филол. наук. Фрунзе. 1956. 15 б.

Тактоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкү белгилери менен айырмаланат:

1. Лексикалык жактан маанилери абстракттуу болуп, кыймыл-аракеттин, процесстин, ал-абалдын кырдаалын (орундук, мезгилдик, себеп, максат, сан-өлчөм, сын-сыпат кырдаалдарын) билдирет.

2. Морфологиялык жактан тактоочтун өзүнө гана тиешелүү куранды (сөз жасоочу) мүчөлөрү бар.

Мисалы: **-ча:** *балача, кыргызча;* **-лап:** *эртелеп, баштыктап, сенчилеп* ж.б.

3. Синтаксистик жактан дайыма этиш сөздөр менен айкашып келип, сүйлөмдө көбүнчө бышыктоочтук милдет аткарат.

Тактоочтор лексика-грамматикалык маанилерине карай эки чоң топко бөлүнөт:

***1. Бышыктагыч тактоочтор.***

***2. Аныктагыч тактоочтор.***

## Бышыктагыч тактоочтор

Бышыктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин боло турган мезгил, өтө турган орун, болуш себеп же максат кырдаалдарын көрсөтөт. Бышыктагыч тактоочтор өз ара бир нече топторго бөлүнөт.

***1. Мезгил бышыктагыч тактоочтор*** кыймыл аракеттин боло турган учурун, мезгилин көрсөтүп, *качан? качантан бери? кайсы кезде? качанга чейин?* деген өңдүү суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Мурун чыккан кулактан кийин чыккан мүйүз озуптур.* (Макал) *Дүйшөнкул бул кыялын чындыкка чыгаруу үчүн күндүр-түндүр иттеди.* (Ж.Бөкөнбаев).

Мезгил бышыктагыч тактоочторго негизинен төмөнкү сөздөр кирет: *азыр, анан, ар дайым, ар качан, ар убак, анда-санда, анда-мында, бүгүн, башта, жана, кез-кезде, кечке, күндө, эми, эрте, эртең, эртели-кеч* ж.б.

Табиятына жараша булар, мезгил бышыктагыч тактоочтор, төмөндөгүдөй маанилерди билдирет.

а). Өткөн чак этиштер менен айкашып келип, кыймыл-аракеттин өтүп кеткен мезгилдик кырдаалдарын билдирет: *жана, алда качан, бая, кечээ, капкачан, мурдагүнү, өгүнү, эбак* ж.б.

Мисалы: *Жоробай: Бая эле ошентпейсизби (жоолукту карматат).* (Т.Абдумомунов) *Анын чабалдыгын алда качан эле билер эле.* (А .Токомбаев).

б). Келер чак этиштер менен айкашып келип, келечекте боло турган кыймыл-аракеттик мезгилдик кырдаалдарды билдирет: *анда, эртең, бүрсүгүнү, кийин* ж.б.

Мисалы: *Андан кийин коноктордун тизмесине келсек..., биринчиден, алардын бардыгы тең март, ооздору бекем, и, ниеттери түз болууга тийиш.* (Т.Абдумомунов) *Эртеси кайра жолго чыгышат.* (К.Баялинов)

в). Кайсы чактагы этиштер менен айкашса да кыймыл-аракеттин ушу кезге учурлаш, мезгилдеш маанилик кырдаалдарын билдирет: *эми, азыр, бүгүн, быйыл* ж.б.

Мисалы: *Биз азыр богок оорусу менен күрөшүүнүн чараларын изилдеп жатпайбызбы.* (М.Тойбаев) *Эми колукту жолуна күйөө тараптан чачыла, теңге чачылды.* (Т.Касымбеков).

г). Кыймыл-аракеттин кыска мөөнөттө аткарылыш же узакка созулуш мезгилдик кырдаалдарын билдирет: *кечке, жайды-жайлай, күндүр-түндүр, жайдыр-кыштыр, кезек-кезек, күнү-түнү, эртели-кеч* ж.б.

Мисалы: *Кезек-кезек кара бороон буркурап, элдин көзүн ачырбай туруп алды.* (М.Элебаев) *Күндүр-түндүр «Узак жолун» улаганы уланган.* (К.Маликов)

д). Кыймыл-аракеттин аткарылышындагы адат болуп калгандык же кайталаныш кырдаалдарын билдирет: *дайым, дайыма, арубак, кез-кезде, күндө, эртели-кеч* ж.б.

Мисалы: *Эмгек - дайым үмүттөрдүн атасы.* (А.Токомбаев). *Кез-кезде эске түшкөн сайын көкүрөк чөнтөгүндөгү сүрөттү алып, көпкө телмире карап койот.* (М.Макенбаев).

***2. Орун бышыктагыч тактоочтор*** кыймыл-аракеттин орун, багыт кырдаалдарын билдирет. *Кайда? кайсы жакта? кайсы жакка? каякка?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Жалгыз караан ары басты.* (И.Сулайманов). *Өйдө кетсең, бөрү жейт, ылдый кетсең, ууру алат, орто жерден чыкпагын.* (Фольклор)

Орун бышыктагыч тактоочторго негизинен төмөнкү сөздөр кирет: *алга, ары, артка, алда кайда, жогору, алды-артында, ары-бери, бери, мында, илгери (алдыда* деген мааниде), *өйдө, төмөн* ж.б.

Орун бышыктагыч тактоочтор төмөндөгүдөй маанилерди билдирет.

а). Кыймыл-аракеттин ордун, субөектиге карата жайгашкан жерин (алыс, жакын экендигин) көрсөтөт. Мындай касиетке көбүнчө, ат атоочтон пайда болгон тактоочтор ээ болушат: *анда, алда кайда, алда кайдан, мында, тигинден* ж.б.

Мисалы: *Алда кайдан кебез тартып келаткан кербенчинин төөлөрүндөй чубашты.* (А.Осмонов).

б). Орун бышыктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин багыт кырдаалдарын да билдирет: *ары, бери, жогору, илгери (алды жакка* деген мааниде) *өйдө, төмөн, кийин, ылдый ж.б.*

Мисалы: *Эт-бети менен боюн таштай илгери умтулду.* (Т.Касымбеков) *Акмат тырмалап отуруп, арчанын башына жогору чыкты.* (К.Жантөшев) *Өйдө-төмөн чапканы эмгиче Зуурага сезилбептир го.* (Т.Сыдыкбеков).

***3. Себеп жана максат бышыктагыч тактоочтор*** кыргыз тилинде сан жагынан өтө эле аз. Буларга *аргасыздан, атайын, атайлап, капилеттен, эрксизден* деген өңдүү саналуу гана сөздөр кирет да, алар кыймыл-аракеттин аткарылышына себеп болгон кырдаалдарды билдирет.

Мисалы: *Атайлап түшүнбөгөн киши болуп жер карады.* (Т.Сыдыкбеков) *Атчандардын бири көпүрөгө келгенде атынын оозун тартып, капыстан артка бурулуп, чаптырып жөнөдү.* (Н.Байтемиров)

Булар, себеп жана максат бышыктагыч тактоочтор, сын-сыпаттык маанилерге да ээ болушат: *Атайылап айтылган сөз анын сөөгүнөн өтө түштү.* (М.Макенбаев).

## Аныктагыч тактоочтор

Аныктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин сын-сыпат, сан-өлчөм кырдаалдарын аныктап билдирет. Аныктагыч тактоочтор өз ара дагы эки топко бөлүнөт.

***1. Сын-сыпат аныктагыч тактоочтор*** кыймыл-аракеттин аткарылыш ыгын, сапаттык белгилерин көрсөтүп, *кандай? кантип? кандайча? кимче? эмнече?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Жумагул менен Кабыл экөө жалгыз чаканы божуга серейтип асып коюп, жылтылдаган оттун тегерегинде гана жымжырт отурат эле.* (М.Элебаев) *Адамча сураса кайра итче үрө баштаганын көрчү!?* (К.Сактанов).

Сын-сыпат аныктагыч тактоочторго *акырын, аста, адамча, тымызын, тез, бат, дароо, ылдам, жай, бирге, бетме-бет, кайра, араң, зорго, жымжырт, жайбаракат* өңдүү сөздөр кирет. Булар төмөнкүдөй грамматикалык маанилерди билдирет:

а). Кыймыл-аракеттин ылдамдык касиетин, ылдамдык кырдаалын билдирет: *«Кана, алып келчи», деп бат-бат айтып эңкейе Караганда, атчандын чоң көгала сакалы шамал тийген бедедей сеңселе түштү.* (А.Токомбаев) *Алайдан тоссоң жолумду, акырын шилтеп колуңду...* (Барпы).

б). Кыймыл-аракеттин көтөрүңкү же басаңдаган (өчүңкү) мүнөздө экендик кырдаалын билгизет: - *Бар, арам катын, жыргадың! - деп эле угузбай акырын унчугуп, артынан түртүп койду.* (М.Элебаев) *Анча-мынча эс алмакчы болду.* (К.Баялинов) *Эки сүрөтчү келгенде, Жапар алка-шалка тердеп кетти.* (А.Токомбаев).

в). Кыймыл-аракеттин кайталаныш, узакка созулуш өзгөчө кырдаалын билдирет: *Анын көзү. кайта-кайта карай берди.* (Н.Байтемиров) *Уккандын баарын нас кылып, үстү-үстүнө бастырып.* (Барпы).

г). Кыймыл-аракеттин ишке ашыш кырдаалдарын көрсөтөт: *Астыңдан атың мен алдым, досум, астыртан тиктеп сен калдың, досум.* (Барпы).

д). Башка аракетке, башка заттын аракетине салыштыруу аркылуу кыймыл-аракеттин ишке ашар кырдаалын билдирет: *Тиги киши кыргызча шар кетпегени менен тилди дурус түшүнөт.* (М.Элебаев).

***2. Сан-өлчөм аныктагыч тактоочтор*** кыймыл-аракеттин көлөмдүк, өлчөмдүк белгилерин көрсөтөт. Алар *канча? нече? канчалык? нечелеп? канчалап?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Ал убакта тагдыр мени ошончолук каргады деп айтпас элем.* (М.Элебаев) *Канчалык күтсө да Айдарбек келбеди.* (К.Жантөшев). *Менчелик аны эч ким жакшы көрбөйт.* (М.Элебаев)

## Тубаса жана туунду тактоочтор

Тактооч сөздөр түзүлүшүнө карай тубаса жана туунду тактоочтор болуп экиге бөлүнөт.

***Тубаса тактоочтор*** деп тилдин ушул учурдагы абалында андан ары мүчөлөргө (морфемаларга) бөлүнбөгөн тактоочторду айтабыз. Кыргыз тилинде мындай тактоочторго төмөнкү сөздөр кирет: *тез, бат, ылдам, аз, көп, эрте, кеч, кечээ, азыр, ары, бери, дал, дароо, жогору, илгери, төмөн, ылдый, кийин, эми, дайыма, анан, анда, бирге, зорго, бекер, кайра, кайта, бачым, акырын, улам, саал, аябай, чапчаң* ж.б.

Тубаса тактоочтордун айрымдары тарыхый жактан андан ары морфемаларга ажырап да кетет.

Мисалы: *Ары > ал (ол) (о) - ры, бери > бу, бул - ры, эртең > эр (ир) - таң, илгери > ил -гары, ичкер > ич -гары, жогору > жо -гары, кайта > кай -т -а* (салыштырыңыз, *кайы:* кайып кетти, *кайы* - сайманын түрү, *кайы: кайкып учту,* кай: *каймана,* кай: *кайсар)* ж.б. Азыркы учурда бул морфемалар өздөрүнүн толук маанилеринен ажырап, сөздүн тутумуна биротоло сиңип кеткен. Аларды тиешелүү морфемаларга бөлүп көрсөтүү үчүн биз диалектилердин, байыркы жазма эстеликтердин жана тектеш тилдердин материалдарына кайрылабыз.

Ошондуктан азыркы кыргыз тилинин шартында мындай тактоочторду тубаса тактооч сөздөрдүн катарына кошобуз.

***Туунду тактоочтор*** деп тутумунда куранды (башкача айтканда, сөз жасоочу) мүчө же бир нече уңгу болгон тактооч сөздөрдү айтабыз.

Мисалы: *адамча, балача, кишиче, немисче, каптап, чакалап, менчилеп, ылдамдай, жазды-жаздай, жайды-жайлай, утурлай, эртели-кеч, бүгүн, былтыр, кечкурун, бетме-бет, быйыл* ж.б.

Кыргыз тилиндеги тактооч сөздөрдүн көпчүлүгү туунду сөздөр болуп эсептелет. Алардын бир бөлүгү башка сөз түркүмдөрүнө жакын, атүгүл сырткы формасы боюнча ошол башка сөз түркүмүндөгү сөздөрдөн айырмасы жок.

Мисалы: *каптап, чакалап, менчилеп, Динарачылап* деген сыяктуу тактоочтордо *-ып* (*-чы, -ла, -ып*) чакчыл форманты, ал эми *учурлай, ылдамдай, жазды-жаздай, жайды-жайлай* өңдүү тактоочтордо *-й* (*-ла, -й*) чакчыл форманты бар. Мындай сөздөр контекстте гана тактоочтук милдет аткарат.

## Тактоочтордун жасалышы

Тактооч сөздөр жасалыш өзгөчөлүгүнө карай морфологиялык жол менен жана синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор болуп экиге бөлүнөт.

**Морфолгиялык жол** менен жасалган тактоочтордун басымдуу тобу куранды (сөз жасоочу) мүчөлөр аркылуу уюшулат. Айрым уланды мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулган тактоочтор да бар.

***Тактооч жасоочу өнүмдүү курандылар***

***-ча*** курандысы кандайдыр бир нерсенин кыймыл-аракет белгисин экинчи бир нерсенин кыймыл-аракет белгисине окшоштуруу, же сан-өлчөмдүк салыштыруу маанилерин түшүндүргөн тактоочторду жасайт: *балача, кишиче, бизче, айбанча, атча, кийикче, бүгүнчө, анча-мынча, орусча, казакча, баланча, түкүнчө* ж.б.

***-лап*** (этишти жасоочу *-ла* жана чакчыл *-ып* ) мүчөсү менен мезгилдик, өлчөмдүк маанилерди туюндурган тактоочтор жасалат: *күндөп, түндөп, айлап, эртелеп, жылдап, чакалап, каптап, баштыктап, тонналап, кыялап, ылдыйлап, күндөп-түндөп, айлап-жылдап* ж.б.

***-чылап*** (тактоочту жасоочу *-ча,* этишти жасоочу *-ла* жана чакчыл *-ып)* мүчөсү менен окшоштуруу, кейиптештирүү маанилерин туюндурган тактоочтор жасалат: *сенчилеп, бизчилеп, аларчылап, Асанчылап, орусчалап* ж.б.

***-лай*** (этишти жасоочу *-ла* жана чакчыл *-й*) мүчөсү аркылуу өлчөмдүк, мезгилдик маанилерди билдирген сөздөр жасалат: *жайлай, кышты-кыштай, күздү-күздөй, акчалай, эгиндей, накталай, тирүүлөй, утурлай* ж.б.

***-чалык*** (тактооч жасоочу *-ча* жана сын атооч жасоочу *-лык)* мүчөсү аркылуу сан-өлчөмдүк, салыштырмалуулук маанилерди билгизген тактоочтор жасалат: *менчелик, бизчелик, сенчелик, кишичелик, итчелик, ошончолук, Гулнарчалык, Дүйшөнчөлүк* ж.б.

***-сын*** (таандык уланды *-сы* жана жөндөмө мүчө *-н*) мүчөсү менен мезгилдик маани түшүндүргөн сөздөр жасалат: *кечкисин, кышкысын, бүгүнкүсүн, түшкүсүн, түнкүсүн, жайкысын* ж.б.

***Аз өнүмдүү курандылар***

***-лата*** (этишти жасоочу *-ла,* аркылуу мамиледеги жак мүчө *-т* жана чакчыл *-а*) мүчөсү менен сын-сыпаттык жана ырааттуулук маанилерди билдирген тактоочтор жасалат: *акчалата, эгиндете, улуулата* ж.б.

Кыргыз тилинин кээ бир диалектилеринде тактооч сөздөрдү жасоочу ***-ындасы*** *(-дөсү)* мүчөсү да жолугат: *жайындасы, кышындасы, түндөсү, кечиндеси, күзүндөсү* ж.б.

### *Өнүмсүз курандылар*

***-ата:*** *кыдырата, алсырата*
***-та:*** *бажырайта, тасырайта*
***-ым:*** *ыкчам*

Морфологиялык жол менен жасалган тактоочтордун бир тобу жөндөмө мүчөлөрдүн атооч уңгуларга биротоло ажырагыс болуп кошулуп кетишинен да жасалган:

**-** ***барыш*** жөндөмө менен уюшулган тактоочтор: *алга, зорго, күнгө, күчкө, бекерге, бир азга* ж. б;

**-** ***жатыш*** жөндөмө менен уюшулган тактоочтор: *түштө, мында (бу -нда), кээде, өйдө (өй=өр), күндө, эзелде* ж. б;

**-** ***чыгыш*** жөндөмө менен уюшулган тактоочтор: *илгертен, эзелтен, кокустан, эмитен, мурунтан, азыртан* ж. б;

**-** *(байыркы)* ***курал жөндөмө*** менен уюшулган тактоочтор: *акырын, кечкурун, күнүн, түнүн, кышын, жазын, кийин, тымызын, төмөн, белен* (?) ж.б.

Бир нече жөндөмө мүчөлөрүн кабыл алган сөздөрдөн да тактоочтор келип чыккан.

1. Тутумунда жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдүн мүчөлөрү бар тактоочтор: *мурдатан, баштатан, илгертеден, эртеден* ж.б.

2. Тутумунда байыркы барыш *-ры* жана чыгыш жөндөмө мүчөсү бар тактоочтор: *арытан, беритен.*

3. Тутумунда байыркы барыш *-ры* менен жатыш, чыгыш жөндөмө мүчөлөрү бар тактоочтор: *беритеден, арытадан, ичкертеден.*

4. Тутумунда байыркы барыш *-гары* жана чыгыш жөндөмө мүчөсү бар тактоочтор: *илгертен, жогортон.*

### *Синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор*

Уңгу бирикмелери аркылуу жасалган тактоочтор синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор деп аталат. Буларды татаал тактоочтор деп да айтабыз. Алар түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө карай өз ара **кош тактоочтор** жана **кошмок тактоочтор** болуп экиге бөлүнөт.

**Кош тактоочтор** кош сөздөр кебетелүү тактоочтор болуп эсептелет. Алар төмөнкүдөй ыкмалар менен жасалат:

а) уңгулардын кайталанышы аркылуу: *кайра-кайра, бат-бат, тез-тез, алыс-алыс, илгери-илгери, кез-кез, ылдам-ылдам, мурда-мурда, сүйлөй-сүйлөй, кезек-кезек, каптап-каптап* ж.б.;

б) уңгулардын маанилик жактан каршылашып келип, антонимдик жупташышы аркылуу: *өйдө-ылдый, олбуй-солбуй, илгери-кийин, астын-үстүн, ары-бери, чогуу-чаран, эртели-кеч, жайы-кышы, оңду-солду* ж.б.;

в) экинчи компоненти мейкиндик жөндөмөлөр формасында турган тактоочтор аркылуу: *кез-кезде, бир паста, аз-аздан, бат-баттан, топ-топтон* ж.б.;

г) эки компоненти тең жөндөмөлөр формасында турган тактоочтордун жупташып келишинен: *анда-санда, андан-мындан, ойдон-тоодон, кээде-кээде, күндө-күндө* ж.б.;

д) биринчи компонентине *-ма* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу: *оозмо-ооз, колмо-кол, жекме-жеке, айылма-айыл, жүзмө-жүз, бетме-бет, көзмө-көз, түтүнмө-түтүн, шаарма-шаар* ж.б.;

е) эки компонентине тең *-дыр* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу: *жайдыр-кыштыр, күндүр-түндүр, эртедир-кечтир, жакшыдыр-жамандыр* ж.б.

ж) биринчи түгөйү (компоненти) чыгыш жөндөмөсүндө болуп кайталанган сөздөрдөн: *ачыктан-ачык, бирден-бир, көптөн-көп, өзүнөн-өзү, уламдан-улам* ж.б.

**Кошмок тактоочтор** кошмок сөздөр кебетелүү тактоочтор болуп эсептелет: *алда кайда, алда качан, бир жылы, бир күнү, ар убак, ар дайым, эч жерде* ж.б.

Бир катар кошмок тактоочтор биригип бир бүтүндүккө айланып кеткен. Компоненттери тыбыштык жактан өзгөрүп таанылгыс болуп калгандары да бар. Алар тилдин азыркы учурунда жөнөкөй сөз же жөнөкөй тактооч катары кабыл алынат: *былтыр, быйыл, эчак, бүгүн, өгүнү, бүрсүгүнү* ж.б. Булар тарыхый жактан гана мүчөлөнүп, татаал тактоочтор катары каралат. Былтыр *(бир жылдыр),* быйыл *(бул жыл),* эчак *(не чак),* бүгүн *(бул күн),* өгүнү *(ол күн),* бүрсүгүнү *(бир соң күн).*

***Суроолор***

1. Кандай сөздөрдү тактоочтор дейбиз?
2. Тактоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалантан белгилерип көрсөткүлө.
3. Тактоочтордун бөлүнүшү.
4. Тубаса жана туунду тактоочтор тууралуу айтып бергиле.
5. Тактооч жасоочу курадыларга өзүңөрдүн мисалыңарды келтиргиле.
6. «Кыргыз тилиндеги тактоочтор» деген темада кыскача чыгарма жазгыла.

# СЫРДЫК СӨЗДӨР

**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Б., 2003. 171-178-б.

**2. Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997. 270-274-б.

**3. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 209-214-б.

**4. Иманалиев С.** Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр. Фрунзе, 1969.

**5. Кыргыз** адабий тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 461-475-б.

**6. Кыргыз** тилинин грамматикасы: морфология. Ф., 1964. 316-325-б.

Ар кандай кырдаалдарда эрксизден эле айтылып кете турган адамдын ички сезимин, жаратылышка жана жаныбарларга болгон эрктик мамилелерин билдирген сөздөрдү сырдык сөздөр дейбиз. Мисалы: *Аттиң ай, мындай коркунучтуу болобу?* (А.Токомбаев) *Эй, бул жанагы профессор турбайбы, ыя.* (С.Станалиев) *Ай, ата, ай! Ушуга да ушунча кайгырасызбы?* (Т.Суванбеков).

Сырдык сөздөр сүйлөм тизмегинде, башкача айтканда, тилдин жандуу көрүнүшүндө көп жолугат. Айрыкча диалогдо, кишилер сүйлөшүп жаткан учурларда, бирдемени айтып жатканда арбын колдонулуп, биро алар сүйлөмгө боло алышпайт. Сырдык сөздөр сүйлөмгө грамматикалык корккондук, чочугандык, өкүнгөндүк, кубангандык, кабатырлангандык, коркуткандык, чочуткандык өңдүү маанилерди кошумчалайт. Атайын тыныш белгилери менен ажыратылып жазылат.

Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдүн бир тобу чыныгы сырдык сөздөр болот (*ай, ой, ий, ох, ух, өх, эх, бах, төх, кокуй, чиркин, катыгүн, караңгүн, капырай, алдей, тсс, тек, чүшш, бөө, шүк, бали, ыя, чойт, өш, айдак, айт, кош, так, тек, хы, чагал, кыруу, кырой, пыш, түү-түү, түшө-түшө, бо, бөк, бөпү, кет, күш, чек-чек, өк, пө, соп, чөк, чиге, чү, чүчү* ж.б.), башка бир тобу сүйлөмдөгү маанилерине жараша гана сырдык сөздөр (*азамат, ата, апа, апей, мама, айланайын, кагылайын, садага болоюн, ботом* ж.б.) болуп саналат. Бул акыркы топтогулар теги боюнча башка сөз түркүмдөрүнө жатат. Ар түрдүү кырдаалдарга жараша алар сырдык сөз болуп чыга келишет да, контексте гана аныкталат. Мисалы: *Азамат, эл керегине жарайт деген ушул.* (У.Абдукаимов) *Апей, сен кайдан жетип келе калдың?* (К.Каимов) *Бизде аларга каршы сөз айтмак кайда, айланайын.* (М.Гапаров)

Чыныгы сырдык сөздөр кайталанып, же созулуп айтылса, алар билдирген грамматикалык маанилер күчөтүлүп, кандайдыр башкача күчтүү сезим менен туюндурулат. Мисалы: *Ай, бери бас!* Буюруп бери карату мааниси айтылды. *Ай, ай, бери бас!* Буюруп бери карату мааниси күчөтүлүп айтылды. *Ий, таңоозунурайын! Кылгын ишин кара!* Жек көрүп кыжырдануу мааниси айтылды. *И-и-ий, таңоозунурайын! Кылгын ишин кара!* Өкүнүп кыжырдануу мааниси айтылды.

Кайталанып, же созулуп айтылганда сырдык сөздөр грамматикалык башка мааниге да өтүп кетет. Мисалы: *Ой, кайдан чыга калдың?* Граммарикалык таңыркоо мааниси айтылды. *Ой-ой-ой… - Эмне болду?* Онтогон маани айтылды.

Сырдык сөздөрдүн маанилери модалдык маанилерге жакын болот. Терминдин өзү айтып тургандай, кишинин чочугандагы, корккондогу, кубангандагы, сүйүнгөндөгү, өкүнгөндөгү, таң калгандагы, таңыркагандагы ички сырлары ушул сырдык сөздөр аркылуу айтылат.

Сырдык сөздөр аркылуу обөективдүү чындыкка, сырткы дүйнөгө карата алардын өздөрү аталбастан сүйлөөчүнүн өз көз карашы, өз мамилеси, ички сезими, жандүйнө сыры билдирилет. Кыргыз тилинде сырдык сөздөрдүн берген маанилери ар кандай болот. Аларды туюндурган маанилерине, айтылыш максаттарына карап үч топко бөлөбүз.

***1. Сезимдик сырдык сөздөр.*** Айлана-чөйрөгө, жашоо шарттарга карата кишинин ички сезимин билдирген сырдык сөздөр сезимдик сырдык сөздөр деп аталат. Мисалы: ***Биринчи басмачы.*** *- Ой, комуз турбайбы?* (Ж.Бөкөнбаев) Бул жерде *ой* деген сырдык сөз таап алган буюмга карата сүлөп жаткан кишинин таң калгандык ички сезимин билгизди. Сезимдик сырдык сөздөр төмөндөгүдөй маанилерде айтылат:

- кубангандык, сүйүнгөндүк, колдогондук, ыраазы болгондук, маанилери: *Пай, пай, пай! Канча дүкөндөрдү курдурду...* (Т.Абдумомунов) *Бах, чиркиндин таттусун айт!* («Алатоо») *Бахх, муз булактын суусу ай.* (К.Акматов)

- коркcондук, чочугандык, жек көргөндүк маанилери: *Кокуй!.. Кокуй... Жада калса, өзүм отура элек жапжаңы отургучту сындырдың, ээ! Кокуй, ай!!!* (Т.Абдумомунов) *Апий?! – чочугансып шап колун тартып алды.* (К.Акматов) *Капырай, кайдан чыга калдың эле!* (Б.Усубалиев) *Эй, калжыраган ырчы, сени атып эмне, иттерге жем кылмак беле.* (Ж.Бөкөмбаев)

- өкүнгөндүк, кайгыргандык, ачуулангандык маанилери: ***Молдо*** (башын чайкап): *Эх, келесоо! Келесоо десе!* (К.Тыныстанов) ***Упайна:*** *Ой, анык бандит ошол эмеспи, кокуй!.. Алдамчы, жулик!* (Т.Абдумомунов) *Эх! Эртерек келгениңде эмне? Асмандын нурунан куру калбадыңбы?* (М.Макенбаев)

- кубаттагандык, жактыргандык, мактагандык, канааттангандык маанилери: *Айтам да, и-и, айтпай анан...* («Кыргыз Туусу») *Биздикилер утуп алды, ура-а!* (М.Макенбаев) *Охх… чырым эте түшүпмүн.* (К.Акматов)

- таң калгандык, боору ооругандык маанилери: *Ой! Биерде белеңер?* (М.Элебаев) *Ай-ай-ай, абдан жаман болуптур...* (Э.Турсунов) *Айымхан таарынып жаткандыр, алда айланайын, Айымханым ай…* (Ж.Бөкөмбаев) *Ой, укмуш! – дейт кыз сандыктын ичиндеги көйнөктү колуна алып.* (К.Акматов)

- жактырбагандык, какшыктагандык, кабатырлангандык маанилери: - *Кокуй, тамакчы? – Анан келем, кечигип калыптырмын.* (Ж.Мавлянов) – *Ии, эми сен дагы пайгамбар болоюн деп турасыңбы?* (Ж.Бөкөмбаев) *О кокуй десе, тааныйт окшойт.* (Ж.Мавлянов)

***2. Эрктик сырдык сөздөр.*** Айлана-чөйрөгө, жашоо шарттарга карата кишинин эрктик мамилесин билдирген сырдык сөздөр эрктик сырдык сөздөрдеп аталат. Мисалы: *Алдей, алдей, ак бөпөм, ак төшөккө жат, бөпөм.* (Фольк.)

Эрктик сырдык сөздөр өз ара андан ары дагы эки топко бөлүнөт:

- адамга карата колдонулган эрктик сырдык сөздөр: *алдей, тсс, тек, чүшш, ай, бөө, шүк, бали, ыя* ж.б. Мисалы: *Чүшш, бириң да унчукпагыла! Тсс, угуп коңт. Сапардын келатканын көрсөтүп, терезени жаңсады.* (Ж.Мавлянов) *Оо, Текеш эр. Оо, Текеш алп! Чабышта кайтпас арка элең, алп! Мени жеке калтырба.* (Т.Сыдыкбеков)

- жаныбарларга карата колдонулуучу эрктик сырдык сөздөр: *чойт, өш, айдак, айт, кош, так, тек, хы, чагал, кыруу, кырой, пыш, тү-тү, түшө-түшө, бо, бөк, бөпү, кет, күш, чек-чек, өк, пө, соп, чөк, чиге, чү, чүчү* ж.б. Булар жаныбарларды чакыруу, токтотуу, бастыруу, айдоо, тукуруу, жоошутуу маанилерин билгизет. Мисалы: *Тээтиги Карашорого чойт, эркечим, баштагын. Бөк-бөк, бөдөнөм, турумтайдан көрөгөн.* (А.Осмонов) *Айт, текечерим, адымда, айт!* (К.Жантөшев)

***3. Турмуштук сырдык сөздөр.*** Адамдардын турмуш-тиричиликтеги ар кандай мамилелеринде колдонулуучу сырдык сөздөр турмуштук сырдык сөздөр деп аталат. Мисалы: *-Ассаломалейкум, колдоочум, - деп койдум мен жылмайып.* (К.Акматов) ***Иван:*** *Ыракмат, бай, ыракмат.* (К.Тыныстанов). *Деги, ти темирлерди кантип көтөрүп жүрөсүң?* (М.Макенбаев)

Турмуштук сырдык сөздөр кишилердин ортосундагы учурашуу, коштошуу, сылыктык маанай билгизүү сыяктуу мамилелерин көрсөтөт: *ассаломалейкум, алейкумассалам, кош, кайыр, ыракмат, бали, илаппай, баракелде* ж.б.

Сырдык сөздөр, негизи, өзгөрүлбөгөн сөз түркүмү болуп эсептелет. Бирок, алардын айрымдары башка сөз түркүмүнүн милдетин аткарып калганда өзгөрүүгө дуушар болот. Сырдык сөздөр кайсы сөз түркүмүнүн милдетин аткарган болсо, алар ошол сөз түркүмүнүн грамматикалык категориялары боюнча өзгөрө берет. Мисалы: *Ыракматыңды анан айтасың, курдаш.* (М.Макенбаев) *«Ыракмат* деген сөзүңдү» деп айткандын ордуна *«Ыракматыңды»* деп колдонулду.

*Кокуюң менен жерге кир.* (Н.Байтемиров) *«Кокуй* деп чочуганың» дегендин ордуна *«кокуюң»* деп айтылды.

Бул мисалдардагы сырдык сөздөр *(ыракмат, кокуй)* зат атоочтун милдетин аткарып жатат. Биринчиси жекелик санда экинчи жакка таандык табыш жөндөмөдө туруп, экинчиси жекелик санда экинчи жакка таандык болуп өзгөрүп келди. Мындан келди, сырдык сөздөрдүн айрымдарын сын атоочтордой болуп затташат десек болот. Затташкан учурда, башкача айтканда, зат атоочтун грамматикалык категориялары менен өзгөргөндө алар сүйлөм мүчөсүнүн милдетин да аткара берет. Мисалы: *Бах-х! Чиркиндин таттуусун айтпа.* Бул жерде *чиркин* илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн (*-нын: чиркиндин*) кабыл алып заттык мааниде келип, сүйлөмдүн аныктооч мүчөсүнүн милдетин аткарып турат.

Кээ бир сырдык сөздөр этиштин *-ла* куранды мүчөсүн кабыл алып, этиш сөз түркүмүнө да өтүп кетет. Мисалы: *пай-пайла, алдейле, айдакта, кокуйла, чүчүлө, кыройло* ж.б.

**Суроолор**

1. Сырдык сөздөр деп эмнени айтабыз?
2. Сырдык сөздөр кандай топторго бөлүиөт?
3. Сырдык сөздөр кандай маанилерди билдирет?
4. "Сырдык сөздөр" деген терминге кандай түшүнөсүңөр? Терминдин ар бир түгөйүнө түшүндүрмө бергиле.
5. Сырдык сөздөрдү көп катыштырып чакан аңгеме жазгыла.

# ТУУРАНДЫ СӨЗДӨР

**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Б., 2003. 181-183-б.

**2. Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Бишкек, 1997. 270-274-б.

**3. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Фрунзе, 1980. 209-214-б.

**4. Кудайбергенов С.** Подражательные слова в киргизском языке. Фрунзе, 1957.

**5. Кыргыз** адабий тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 453-461-б.

**6. Кыргыз** тилинин грамматикасы: морфология. Ф., 1964. 309-315-б.

## Жалпы маалымат

**Жаратылыштагы ар кандай үндөрдү жана көрүнүштөрдү тууран айтылган сөздөр тууранды сөздөр деп аталат.** Мисалы: *Ха - ха - ха! Каткыра күлүп, Имаш Набинин кең далысын чапкылады.* (М.Макенбаев).

Адамдан же башка жаныбарлардан чыккан ар кандай дабыштар, жансыз заттардын кагылышуусунан пайда болгон үндөр жана ар кандай заттардын көрүнүштөрү ошол калыбында айтылып туюндурулат. Тууранды сөздөр оозеки кепте, тилдин жандуу көрүнүшүндө арбын колдонулат. Көркөм адабиятта да алар көп колдонулуп, айтыла турган ойдун таамайлыгын арттырып, образдуулугун камсыз кылат.

Тууранды сөздөр өз алдынча түркүмдү түзүп, башка сөз түркүмдөрдөн төмөндөгүдөй белгилери менен айырмаланат:

1). Тууранды сөздөр угулган дабышты угулгандай, же көрүнгөн элести көрүнгөндөй кылып тууроо аркылуу айтылгандыгы менен айырмаланат: *чык-чык* - сааттын жебесин жылдыра соккон механизимдин үнү, *күрс* - адамдын жөтөлгөнү, *ыңаа-ыңаа* - наристенин ыйлаганы, *сереӊ-сереӊ* - койондун кулагынын тикчийген көрүнүшү, *бөкчөӊ* - карыган адамдын эңкейе түшүп басканы ж.б. Мисалы: *Биз карса-курс туяктарынан учкун жанган аттарды ансайын темине комиссарга корголойбуз. Аңгыча маузер тарс атылды. Мойнуман ылдый муздак тер чып-чып сызылды.* (Ж.Осмонкулов)

2). Кандайдыр деңгээлде тууралган үндү, элести алып жүргөн заттын, көрүнүштүн өзүн да билдирер маанисинин болгондугу менен айрымаланат: *тарс* (добуш менен кошо мылтыктын өзүн да билдирди), *жарк-журк* (чагылган элестейт), *тып-тып* (тамган тамчы элестейт), *мөө* (добуштун уйдан чыккандыгы белгилүү болуп турат) ж.б.

3). Көпчүлүк учурда тыбыштык жактан айтылышынын эркин болушу, кээде жазуу эрежелерине сыя бербеши менен айрымаланат: *Карга муну билиптир, карк-карк этип күлүптүр.* (А.Рыскулов) *Каак-каак, каргалар казан асып отурат.* (Фольк.) Эки сүйлөмдө тең карганын үнү тууралып жатат, бирок экөөндө эки башкача (*карк-карк, каак-каак*) жазылды.

4). Кээде тууранды сөздөр атама сүйлөм маанисин да билдире алат: *Тарс! Дагы бири чалкасынан кетти.* (Т.Касымбеков).

Кыргыз тилинде тууранды сөздөрдү эмнелерди тууроо, кандай тууроо ыгына, өзгөчөлүктөрүнө жараша ***табыш тууранды сөздөр*** жана ***элес тууранды сөздөр*** деп эки топко бөлүштүрөбүз.

## Табыш тууранды сөздөр

**Адамдан, ар кандай жаныбарлардан, заттардан жана табият кубулуштарынан чыккан үндөрдү туурап айтылган сөздөр табыш тууранды сөздөр деп аталат.** Мисалы: Кишинин түкүргөнүн *чыйт,* жөтөлгөнүн *күрс-күрс,* күлгөнүн *ха-ха-ха,* уйдун үнүн *мөө,* иттин үнүн *арс-арс, ау-ау,* чычкандын үнүн *чыйп,* казан аяктан чыккан үндү *калдыр-кулдур,* мылтыктын үнүн *тарс,* койчунун таягынын үнүн *тык-тык,* саатын урганын *тик-так,* күн күркүрөгөндү *калдыр-калдыр,* шамалдын сокконун *шуу-шуу* деп туурап айтабыз.

Бул сөздөр чындыгында ошол үндөрдүн дал өзү эмес. Аларга окшоштурулуп, ошол үндөрдү чагылдырып туурап айтылган сөздөр. Ошондуктан бир эле заттан чыккан үндү туурап, биз ар кандай табыш тууранды сөздү «жасап алып» колдонушубуз мүмкүн. Анткени, бирөңчөй заттар болсо деле ар кайсынысынан ар башкача үн чыгышы мүмкүн. Мисалы, сааттын сокконун бирде *чык-чык* деп туурап айтсак, бирде *тик-так* деп туурап айтабыз. Кичинекей сааттын үнү бир башкача болот дагы, чоң сааттын үнү андан башкача болот.

*Борс-борс, кара күчүк үрүп калды.* («Ала Тоо») *Ау-ау, ач түлкү, казды күчүк алдырбас.* (А. Осмонов). Иттердин да бардыгынан бирдей үн чыкпайт.

Табыш тууранды сөздөрдү эмнени, кандай заттардын үнүн туураганына жараша топторго бөлөбүз.

***1. Адамдан чыккан үндөрдү туурап айтылган сөздөр:*** *кобур-собур, күбүр-шыбыр, күңк-мыңк, корс-корс, карс-карс, шыр, чыйт, бырс, кыш-кыш, ха-ха, баа, кажы-кужу, кор-кор, апчхи* ж.б. *Түгөнүп баратканбы? Тфу! Тфу! Ооз кесир сүйлөбөйүнчү.* (М.Макенбаев)

***2. Айбандардан, жаныбарлардан чыккан үндөрдү туурап айтылган сөздөр:*** *арс-арс, дабыр-дүбүр, така-так-така-так, шакылык-шакылык, каак, какылык-какылык, бытпылдык, чыйт-чыйт, күкүк, дың-дың, ыз-ыз, ышш-ышш* ж.б. *Така-так, така-так. Сырттан аттардын дүбүртү угулуп калды.* (К.Жантөшев) *Борс-борс, борсулдак, кайдан чыктың корсулдап.* (А.Осмонов)

***3. Жаратылыштагы жансыз заттардан чыккан үндөрдү туурап айтылган сөздөр:*** *даң, заң, калдыр-кулдур, тык-тык, карс, тарс, качыр-кучур, топ, дүп, дүңгүр, шалдыр-шулдур, шуу, балч, былч, шар, шылдыр, болк-болк, кыйч-кыйч* ж.б. *Көксөп келген көрөр көзгө Кызылкыя бир сонун, шарак-шарак, шарактаган кыймылдары миң форум.* (Ж.Бөкөмбаев) *Оор күрөктү жоон санына сүйөй көтөрүп, күү менен улам алысыраак ыргыта баштады. Шалп-шулп, шалп-шулп…* (К.Акматов) *Короодо мотоцикл дүрүлдөп, абактын жертөлөсүнөн: «Тарс! Тарс! Тарс!...» деген добуштар чыкты.* (Э.Турсунов)

***4. Жаратылыш кубулуштарынан чыккан үндөрдү туурап айтылган сөздөр:*** *күр, калдыр-кулдур, күр-күр, шатыр-шатыр, тарс, дабыр-дүбүр* ж.б. *Бир маалда шатыр-шутур, жамгыр жаап кирди.* («Адабий Алатоо») *Калдыр-кулдур… Капысынан чарт-чурт деп айланага жарык сепкен чагылгангандан бир аздан кийин күн күркүрөп кирди.* («Алатоо»)

## Элес тууранды сөздөр

**Адамдын, жаныбарлардын жана жансыз заттардын сырткы көрүнүшүн, кыймыл-аракетин, турпатын туурап айтылган сөздөрдү элес тууранды сөздөр дейбиз.**

Мисалы, кишинин кыймылына, турпатына, көрүнүшүнө жараша: *аксаң-аксаң, бүкүрөң, дирт, селт, жалт, далдаң, тайраң, тойроң-тойроң, арбаң-тарбаң, илең-салаң* ж.б.

Жаныбарлардын кыймылына, көрүнүшүнө жараша: *булт, жылт, лып, килең-килең, серең-серең, опоң-опоң, сорок-сорок, тыртаң-тыртаң, текирең, үрпөң* ж.б.

Жансыз заттардын турпатына жана жаратылыш көрүнүштөрүнө жараша: *жылт, жарк, сорок* деген сыяктуу элес тууранды сөздөр айтылат.

Элес тууранды сөздөр да нерсенин көрүнүшүн, элесин так өзүндөй кыла албай болжолдуу кылып туурайт. Ошондуктан бир эле нерсенин көрүнүшүн ар башкача элестүү сөз менен айтып калган учурлар болот. Мисалы: *аксаң-аксаң* жана *чолоң-чолоң* деген тууранды сөздөрдүн экөө тең эле аксак адамдын баскандагы көрүнүш элесин туурап айтылат.

Элес тууранды сөздөрдү эмненин элесин, эмненин көрүнүшүн билдиргендигине жараша, негизинен, бири-биринен айырмаланган эки топко бөлүп кароого болот:

а) ***көрүнүштү, келбетти, турпатты тууураган сөздөр;***

б) ***кыймыл-аракетти, абалды туурап айтылган сөздөр.***

Биринчи топтогулар адамдын, жан-жаныбарлардын жана жансыз заттардын сырткы турпат, келбет, көрүнүш элесине карата айтылат: *далдаң, аксаң, бүкүрөң, серең-серең, үрпөң, сорок, жылт, жарк, жарк-журк* ж.б.

Экинчи топтогулар адамдын, жан-жаныбарлардын жана жансыз заттардын кыймыл-аракет, ал-абал элесин туурап айтылат: *дирт, селт, тайраң-тайраң, арбаң-тарбаң, опоң-опоң, тыртаң-тыртаң, делдең, шып, шарт, кылт* ж.б.

## Тууранды сөздөрдүн түзүлүшү

Табыш тууранды сөздөр да, элес тууранды сөздөр да түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт.

Жөнөкөй тууранды сөздөр бир эле сөздөн (*уңгудан* десек да болот) турат. Алар көбүнчө табыштын жана элестин бир гана көрүнүшүн же кыска мөөнөттүүлүгүн билдирет. Мисалы: */н чыккан тарапка «жалт» тиктей, көздөрүнөн от чагыла түштү.* (М.Макенбаев) *Тарс! Мылтыктын үнүнө удаа карышкыр кулап түштү.* (К.Жантөшев) *Акындын акын деген акыны бар..., шыңгырак, шыңгыр дабыш агымы бар.* (А.Осмонов)

Татаал тууранды сөздөр эки же андан көп түгөйлөрдөн турат. Алар тууралып айтылып жаткан үндүн же элестин үзгүлтүксүздүгүн, кайталанып жатканын же бир аз созулуңку абалда болгонун билдирет. Мисалы: *Эл арасы дуу-дуу, каргап-шилеген үндөр.* (Т.Абдумомунов) *Күлүп туруп эти гана ыйлаган, теңтушуна кыт-кыт күлгөн баладай.* (А.Осмонов)

Татаал тууранды сөздөр тутумундагы түгөйлөрүнүн мүнөзүнө жараша өз ара үч топтон турат.

1). Кайталанма тууранды сөздөр: *дардаң-дардаң, койкоң-койкоң, калч-калч, кыбыр-кыбыр, зыр-зыр, болк-болк, карс-карс* ж.б. Мисалы: «*Зуу-зуу» учкан жебелер үстүнөн өттү.* (Т.Сыдыкбеков)

2). Уйкашма (уйкаш айтылма) тууранды сөздөр: *така-так-така-так, шака-шак-шака-шак, кобур-собур, калдыр-салдыр* ж.б. Мисалы: *Эл арасы «кобур-собур», ар кандай ушактар айтылып жүрөт.* (К.Жантөшев)

3). Каршылаш тууранды сөздөр: *дабыр-дүбүр, карс-күрс, шалдыр-шулдур, уу-дуу, тик-так, күңк-мыңк* ж.б. Мисалы: *Не чегирткеби, не бир «ырчы» жандыкпы? «Чыр-чур», «ыз-быз» тынбайт.* (Т.Сыдыкбеков)

Тууранды сөздөрдүн каршылаш маанилери алардын айтылышындагы тыбыштардын башка-башка топтогуларынын келгендигине негизделип, ошонун өзү грамматикалык антонимдик касиетке ээ болот.

**Суроолор**

1. Тууранды сөздөр деп эмнени айтабыз?
2. Тууранды сөздөр кандай маанилерди билдирет?

3. «Тууранды сөздөр» деген терминдин ар бир түгөйүнүн (компонентинин) жекече маанилерине талдоо жүргүзгүлө.

4. Тууранды сөздөр башка сөз түркүмдөрүнөн кандай белгилери менен айырмаланат?

5. Тууранды сөздөрдүн бөлүнүшү.

6. Тууранды сөздөрдү катыштырып, чакан аңгеме жазгыла.

# КЫЗМАТЧЫ СӨЗ Т/РК/МДӨР/

**Адабияттар**

**1. Абдувалиев И.** Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсу. Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу курал. Б., 2003. 184-202-б.

**2. Абдувалиев И., Садыков Т.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчун окуу китеп. Бишкек, 1997. 283-288-б.

**3. Абдулдаев Э., Давлетов С.** ж.б. Кыргыз тили. Пединституттардын педагогикалык факультеттери үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1986. 215-224-б.

**4. Ахматов Т., Давлетов С.** ж.б. Киргизский язык. Учебник для русских групп вузов Киргизской ССР. Фрунзе, 1975.

**5. Батманов И. А.** Части речи в киргизском языке. Фрунзе, 1936.

**6. Давлетов С., Кудайбергенов С.** Азыркы кыргыз тили: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби. Фрунзе, 1980. 214-228-б.

**7. Карымшакова А.** Частицы в современном кыргызском языке. Бишкек, 1998. 160 б.

**8. Кыргыз** адабий тилинин грамматикасы. 1-бөлүк. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 475-535-б.

**9. Кыргыз** тилинин грамматикасы: морфология. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттерине арналган окуу китеби. Фрунзе, 1964. 326-375-б.

**10. Мураталиев М.** Азыркы кыргыз тилиндеги байламталар. Ф., 1959.

**11. Мураталиева Ж.** Послелоги в киргизском языке. Фрунзе, 1958.

**12. Мураталиева Ж.** Морфологияны синтаксистин негизинде талдоонун жолдору. Фрунзе, 1982.

**13. Сравнительно-историческая** грамматика тюркских языков: морфология. М., 1988.

**14. Тыныстанов К.** Кыргыз тилинин морфологиясы. Фрунзе, 1934. (Латын ариби менен).

**15. Щербак А. М.** Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков. (Наречие, служебные части речи, изобразительные слова). Л., 1987.

## Жалпы маалымат

Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүн жогоруда биз **негизги** (маани берүүчү), **өзгөчө** жана **кызматчы** сөз түркүмдөрү деп бөлүштүргөнбүз. Кызматчы сөз түркүмдөрү өз алдынча лесикалык мааниге ээ болбой, сүйлөмдө негизги сөз түркүмдөрүнө кошумча грамматикалык маани тартуулайт. Булар «маани бербөөчү сөз түркүмдөрү» деп да аталат. Белгилүү тилчи С.Кудайбергенов буларды маани бербөөчү сөз түркүмдөрү катары карап, бул топко жекече турганда лексикалык мааниге ээ болбогон сөздөр кирерин белгилөө менен, алар башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкү белгилери боюнча айырмаланарын көрсөткөн.

1. Ар бири баштагы бүтүн сөздүк белгисин сакташып, негизги компоненттерден тыбыштык сөз катары ажыратылып айтылат. Ал эми мүчө болсо, айкашкан сөздөрү менен бирге айтылат. Бирок экөө тең лексикалык мааниге ээ эмес.

2. Маани бербөөчү сөздөр морфологиялык жактан уңгу, мүчөлөргө ажыратылбаган өзүнчө турган сөз болгондуктан, үндөштүк законуна баш ийбейт. Мүчөлөр менен айкашпайт. Мүчөлөр болсо, тыбыштык составы жагынан жалганган сөзүн ээрчип, үндөштүк законуна баш ийет.

3. Маани бербөөчү сөз түркүмдөрү, бүтүн сөздүк касиетин сакташып, дайыма басымды кабыл алышат: *сен үчүн, дейин, гана, албетте, мүмкүн, келдим го! келе гой* ж.б.[44]

Ошентип, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу, ийкемдүү тутумдаштыруу милдетин аткарып, кошумча ар түрдүү грамматикалык маанилерди алып келген сөздөрдү кызматчы **сөз түркүмдөрү дейбиз.** Кыргыз тилинде алар төмөнкүлөр:

***Байламталар***
***Бөлүкчөлөр***
***Жандоочтор***
***Кыялий мамиле (модалдык) сөздөр.***

## Байламталар

(Жалпы маалымат)

**Сүйлөмдөгү сөздөрдү, сөз айкаштарын жана кошмок сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштырып турган кызматчы сөздөрдү байламталар дейбиз.** Мисалы: *Окту жиреп жүрөм, бирок, эмнегедир, алар мага тийбейт.* (К.Сактанов) *«Соопчулукка» деп безилдегендиктен жана сенин атыңды атагандыктан, мен акырын үн чыгарып келинди чакырдым.* (К.Жантөшев)

Биринчи мисалдагы байламта *(бирок)* кошмок сүйлөмдүн тутумундагы эки жөнөкөй сүйлөмдүн ортосундагы каршылагыч маанини туюндуруп, байланыштырып турат. Ал эми экинчи сүйлөмдөгү байламта *(жана)* болсо, бирөңчөй мүчөлөрдү *(безилдегендиктен, атагандыктан)* бири-бири менен байланыштырды.

---

[44] Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. 1-бөл\к. Фонетика жана морфология. Фрунзе, 1980. 475-478-б.

Байламталар, биз жогоруда белгилегендей, маани берүүчү сөздөргө кызмат кылып, алардын ар кандай грамматикалык маанилерин жаратып, өз алдынча лексикалык маани бере албайт. Айрымдары маани берүүчү сөздөргө гана эмес, сүйлөмдөргө да грамматикалык маани ыйгара берет.

Түпкү теги боюнча кыргыз тилиндеги байламталардын көпчүлүгү лексикалык мааниси бар сөздөрдөн келип чыккан. **Мисалы:** *анткени (андай+эткен+ы), жана (жан+а), себеби (себеп+ы), деле (дагы+эле)* ж.б.

Байламталардын тутумдук түзүлүшү да өтө ар түрдүү. Алар бир эле сөздөн, эки сөздөн жана бир нече сөздөн да курала берет. Эки жана андан көп сөздөрдөн куралган байламталардын айрымдары сүйлөмдүн ар кайсы жеринен орун алып да келе берет. **Мисалы:** *Сууктун ызгаары жаш балдарга кандай баткан болсо, чоңдорго да ошондой баткан.* (К. Баялинов) Бул жерде татаал байламтанын *(кандай ... ошондой)* эки тутуму сүйлөмдүн эки башка жеринен орун алып турат.

## Байламталардын тутумдук түзүлүшүнө карай бөлүнүшү

Кыргыз тилинде байламталар түзулүшүнө карай **жөнөкөй** жана **татаал** байламталар болуп экиге бөлүнөт.

Бир эле сөздөн турган байламталарды **жөнөкөй байламталар** дейбиз. Алар: *а, ары, бирок, болбосо, да, дагы, деле, жаки, жана, мейли, менен, нары, не, себеби, эгер, эгерде* ж.б. Тарыхый жактан тутуму татаал болгону менен *андыктан (андай + эткендиктен), анткени (андай + эткени), ошондуктан (ошондой + эткендиктен)* сыяктуу байламталарды да ушул турпаты менен байламта сөз түркүмүнүн катарына өткөндүктөн, жөнөкөй байламталардын катарына кошобуз.

Эки же андан көп сөздөн турган байламталарды **татаал байламталар** дейбиз. Алар: *ал эми, андай болсо, анткен менен, жана да, же болбосо, кандай ... ошондой, канчалык ... ошончолук, неге десең, ошол себептуу, ошондой болгону менен, ошондой болсо да, ошон үчүн, эгерде ... ошондо* ж.б.

Байламталык маанилери жана аткарган милдеттери боюнча жөнөкөй жана татаал байламталар бири-биринен айырмаланышпайт. Маани берүүчү сөздөргө жана сүйлөмгө кызмат кылуу мүмкүнчүлүктөрүндө да айырмачылыктар жок. Мисалы: - *Балам, жол болсун? – деп карыя сурап койду да , күңгүрөнгөн муңдуу күүнү акырын гана чертип кирди.* (А.Токомбаев) *Биздин жолубуз ашуу ашып, бир топ эле татаал болчу, ошол себептүү жүрүштөгү басыгыбыз жай болду.* («Ала Тоо»)

## Байламталардын
## аткарган кызматына карай бөлүнүшү

Кыргыз тилинде байламталар жандуу тилде аткарган кызматына карай өз ара дагы эки топко бөлүнөт. Бир тобу сөз менен сөздү да, сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштыра берет. Башка бир тобу сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштырып, сөз менен сөздү байланыштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес.

а). Сөз менен сөздү да, сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштыруучу байламталарга *ары, да, дагы, дале, деле, жана, же, же болбосо, менен, нары, не* сыяктуу байламталар кирет.

Мисалы: *Аткарылган мындай иштерге* ***ары*** *кубанып,* ***ары*** *сүйүнүп да турдук.* (М.Абакиров) *Кириск кубанып* ***да,*** *коркуп* ***да*** *кетти.* (Ч.Айтматов) *Бул көчөдө көбүнчө дыйкандар* ***жана*** *алыпсатарлар турат.* (К.Жантөшев) Байламталар *(ары, да, жана)* сөз менен сөздү байланыштырды.

*Кылган ишибизге* ***ары*** *терең кубансак,* ***ары*** *өзүбүзгө өзүбүз таң калып турдук.* (К.Жантөшев) */йгө бардым* ***да,*** *китебимди алып кайра тарттым.* («Алатоо») *Экөө кобурашкан бойдон фабрикага кирип келишти* ***жана*** *ар бири өз-өз станогунун жанынан орун алды.* (С.Сасыкбаев) Байламталар *(ары, да, жана)* сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырды.

б). Сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштыруучу байламталарга *а, ал эми, андай болсо, андыктан, анткени, анткен менен, аның үчүн, бирок, бирок да, болбосо, жана да, же болбосо, кандай ... ошондой, канчалык ... ошончолук, неге десең, ошол себептүү, ошондой болгону менен, ошондой болсо да, ошон үчүн, эгер, эгерде ... ошондо* өңдүү байламталар кирет.

**Мисалы:** *Билесиз го, алыстан тоо ашып келдик, **а** сиз бияктан түз жол менен келдиңиз.* (Т.Касымбеков) */чөөбүз үч жерде үңүрөйүп турдук жашоодон үмүт үзүп, **бирок** кармашууну аябай самап отурабыз.* (К.Сактанов) *Көп кардардын бириби десе, үн-сөзсүз, **не** прилавкага жакындабайт.* (М.Макенбаев) *Анын жумушу саат жетиде башталат, **ошон үчүн** дайыма эрте турат.* («Мурас») Байламталар *(а, бирок, не, ошон үчүн)* сүйлөмдөрдү байланыштырып турат.

## Байламталардын маанисине карай бөлүнүшү

Байламталардын сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыра турган мүмкүнчүлүгү алардын грамматикалык маанилери болуп саналат. Кыргыз тилиндеги байламталардын мына ошол грамматикалык маанилери бирдей эмес. Байламталардын бир тобу өздөрү байланыштырган тилдик бирдиктерди бири-бирине көз каранды абалда кармап байланыштырса, экинчи бир тобу байланышып жаткан тилдик бирдиктерди бири-бири менен тең укукта кармап байланыштырат. Ошентип, тилдин жандуу жүрүшүндө алардын грамматикалык маанилери бирдей болбойт.

Ошентип, кыргыз тилиндеги байламталарды алардын грамматикалык маанилерине карай **багындыргыч байламталар** жана **багындырбас байламталар** деп эки чоң топко бөлүштүрөбүз.

## Багындыргыч байламталар

**Кошмок сүйлөмдүн тутумундагы сүйлөмдөрдү бири-бирине кандайдыр деңгээлде көз каранды абалда тутуп байланыштырган байламталар багындыргыч байламталар деп аталат.** Башкача айтканда, булар сөздөрдү же сүйлөмдөрдү бири-бирине баш ийдирип байланыштырат.

Алар, негизинен төмөнкү байламталар: *андыктан, анткени, кандай ... ошондой, канчалык ... ошончолук, неге десең, неге дегенде, ошол себептүү, ошондуктан, ошонун натыйжасында, ошон үчүн, себеби, эгер, эгерде, эмне үчүн десең,* ж.б.

**Мисалы:** *Тойчубек жолун анчалык узарта албады,* ***неге десең****, бет алдынан аркырап бороон уруудa.* (К.Баялинов) *Анын уулу келесоо боло турган,* ***ошондуктан*** *энем менин көз жашымдан корксо керек.* (К.Жантөшев) Байламталар *(неге десең, ошондуктан)* кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бирине кандайдыр себеп маанисинде көз каранды кылып байланыштырып турат.

Багындыргыч байламталар өздөрү туюндурган маанилик өзгөчөлүктөрүнө жараша андан ары дагы топчолорго бөлүнөт.

а). **Себеп байламталар** тутумдашкан сүйлөмдөрдүн бири-бири менен кандайдыр бир ойдун айтылыш же чечилиш себеби аркылуу байланышын камсыз кылат. Буларга *андыктан, анткени, аның үчүн, неге десең, ошол себептүү, ошонун натыйжасында, ошон үчүн, себеби, эмне үчүн десең* сыяктуу байламталар кирет.

Мисалы: *Биз чеберлеп алга жылуубуз керек,* ***анткени*** *душман бизден алыс эмес.* (Т.Сыдыкбеков) *Жаздын алды менен тырбалаңдап бир тынган жок,* ***ошонун натыйжасында*** *түшүмү мол болуп, эл алдында жүзү жарык.* (Н.Байтемиров) Байламталар *(анткени, ошонун натыйжасында)* кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бирине кайсы бир кырдаалдын, кандайдыр бир иштин себебине жараша көз каранды кылып байланыштырып турат.

Себеп байламталардын айрымдары *(анткени, неге десең, себеби, эмне үчүн десең)* багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдөн кийин келишин, айрымдары болсо *(андыктан, аның үчүн, ошол себептүү, ошондуктан)* багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдөн мурда келишин талап кылат.

**Мисалы:** *Жолойго жардам берип кармашууга эч бир жылкычы даабады, **анткени** Жолойдун төмөн асты бийик аска.* (К.Жантөшев) *Күз болсо аяктап бара жатат, **аның үчүн** кышка дагы мыкты даярдана башташыбыз керек.* (Н.Байтемиров) Биринчи сүйлөмдөгү байламта *(анткени)* багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдөн кийин келишин, экинчи сүйлөмдөгү байламта болсо, *(аның үчүн)* багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдөн мурда келишин шарттап турат.

б). **Шарттуу байламталар** тутумдашкан сүйлөмдөрдүн бири-бири менен кандайдыр бир ойдун макулдашуу, убадалашуу маанилеринде байланышын камсыз кылат. Алар: *эгер, эгерде.* Булар адатта шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү жалганган баяндоочу бар багыныңкы сүйлөмдөрдө колдонулуп, баш сүйлөмдөгү аракеттин аткарылыш шартын билдирет.

**Мисалы:** ***Эгерде** сен бир ишке макул болсоң, ошондо катты аласың.* (К.Баялинов) ***Эгер** макул дейт экен, азыр эле алып кете койгула.* (Н.Байтемиров).

Шарттуу байламталар менен байланышканда багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөн мурда да, кийин да келе берет. Мисалы: ***Эгер** бул айтканымды аткарбасаңар, анда мени менен илээшип убара болбогула.* (К.Жантөшев) *Ал кубанычы менен кайгысына ыйлады, дүйнө дааналанып, деңизге жакын келгенине ыйлады, **эгер** ичер суум болсо, наар алар тамагым болсо, бу турмушту дагы деле жакшы көрөт элем деп ыйлады.* (Ч.Айтматов)

в). **Салыштырма байламталар** тутумдашкан сүйлөмдөрдөгү ойлордун бири-бири менен салыштырылып, кандайдыр өлчөнүп, ченелип айтылышын түшүндүрөт. Буга *кандай ... ошондой, канча ... ошончо, канчалык ... ошончолук* деген сыяктуу татаал байламталар кирет.

**Мисалы:** *Кайсы жерин канчалык катуу сүрсө, ал жери ошончолук отко кактагандай ысыды.* (А.Токомбаев) *Сууктун ызгаары жаш балдарга кандай баткан болсо, чоңдорго да ошондой баткан. Чоңдор кандай кыйналса, жаш балдар да ошондой кыйналган.* (К.Баялинов) Байламталар *(канчалык … ошончолук, кандай … ошондой)* кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилерин бири-бирине кандайдыр салыштыруу аркылуу байланыштырып турат.

## Багындырбас байламталар

**Сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү бири-бирине баш ийдирбей, тең укукта кармап байланыштырган байламталар багындырбас байламталар деп аталат.**

**Мисалы:** *Айша* ***да****, койчуман* ***да*** *үзбөй гезит, журнал окушту.* (К.Тыныстанов) *Бектурган итти таш менен ургулады,* ***бирок*** *ит өжөрлөнүп, арсылдап, асылып жатты.* (А.Токомбаев) *Ак көңүлү кармаган күнү бир сындырым нан берет,* ***болбосо*** *кезертип эчтеме бербей тим койот.* (К.Баялинов) Байламталар сөз менен сөздү *(да)* жана сүйлөм менен сүйлөмдү *(бирок, болбосо)* бири-бирине баш ийдирбей байланыштырып турат.

Тутумдашкан сөздөрдүн же сүйлөмдөрдүн ортосундагы ой ыраатуулугуна байланыштуу багындырбас байламталар өз ара төмөнкүдөй топторго бөлүнөт.

а). **Байланыштыргыч баламталар** сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү маанисине карай кадыресе жай гана байланыштырат. Буга *ары, да, дагы, дале, жана, жана да, жана дагы, менен, нары* деген байламталар кирет.

**Мисалы:** *Жалгыз кызы ага көрк **дагы**, караан **дагы** болгонсуйт.* (К.Жантөшев) *Жери кара топурак, **ары** суусу кенен.* (Н.Байтемиров) Биринчи сүйлөмдөгү байламта *(дагы)* сүйлөмдүн бирөңчөй мүчөлерүн *(көрк, караан)* байланыштырды. Сүйлөмдүн бирөңчөй мүчөлөрү бири-бирине баш ийбей тең укукта болот. Ал эми экинчи сүйлөмдөгү байламта *(ары)* тең байланыштагы кошмок сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырды.

Ошентип, байланыштыргыч байламталар ар дайым бирөңчөй мүчөлөрдү же тең байланыштагы кошмок сүйлөмдөрдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен тутумдаштырат.

б). **Каршылагыч байламталар** кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы карама-каршы маанидеги жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен тутумдаштырат. Каршылагыч байламталарга *а, ал эми, андай болсо да, анткени, анткен менен, антсе да, бирок, бирок да, деген менен, ошентсе да, ошондо да, ошондой болгону менен, ошондой болсо да* деген сыяктуу байламталар кирет.

**Мисалы:** *Көчөдө бак деген толуп жатат, **бирок** бул теректердин укмуштуу касиети бар.* (Ч.Айтматов) *Мына мага атырылып келаткан жолборсту атаарын атамын го, **бирок**.., **бирок** бу караңгыда аны өлтүрө атыш кыйын.* (С.Өмүрбаев) *Куугунчулардын бардыгынын минген аттары мыкты аттардан эле, **ошондой болсо дагы** Түлкүбектин айтуусу боюнча бир канча жигит ат тандап минди.* (К.Жантөшев) Байламталар *(бирок, ошондой болсо дагы)* кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен маанилик жактан карама-каршы келгидей кылып байланыштырып турат.

в). **Божомолдогуч байламталар** бири-бири менен тутумдашкан сөздөрдүн же сүйлөмдөрдүн кайсы биринин гана ишке ашар-ашпасын, ырас же ырас эместигин, туура же туура эместигин, бар же жок экендигин билдирет. Булар *болбосо, же, же болбосо, не* деген сыяктуу байламталар.

**Мисалы:** *Биздин атабыздын үйү ушул болуу керек,* ***же*** *бул эмеспи?* (К.Жантөшев) *Какылдак уктай албай жатып, жаңыдан дылдырап көзү илинип бараткан:* ***не*** *улуган бороон урабы,* ***не*** *сапар келген жолоочу кагып, терезе тык-тык этет.* (Т.Сыдыкбеков) *Өзүң айтканың абдан жакшы,* ***болбосо*** *иш чатакка айланат беле дейм.* (К.Жантөшев) Биринчи сүйлөмдөгү байламта *(же)* шектүүлүк маанисин, экинчи, үчүнчү сүйлөмдөрдөгү байламталар *(не, болбосо)* болжолдоо маанилерин билдирди.

## Тубаса жана туунду байламталар

Кыргыз тилиндеги байламталарды тутумдук түзүлүшү жана келип чыгыш теги боюнча тубаса жана туунду байламталар деп эки топко бөлүштүрөбүз.

**Тубаса байламталар** - морфологиялык жактан тутумдарга (морфемаларга) ажыратылбай турган байламталар. Булардын дээрлик бардыгы жөнөкөй байламталар: *а, да, же, не* ж.б.

**Туунду байламталар** - морфологиялык жактан тутумдарга (морфемаларга) ажырай турган байламталар, башкача айтканда, кайсы бир башка сөздөн же сөздөрдүн биригишинен жасалган байламталар. Булар уңгу менен мүчөнүн же уңгу менен уңгунун биригишинен пайда болгон байламталар болуп саналат.

Мисалы: ***Анткени -*** *аны (андай) + эт-, -ган (-кен)* деген морфемалардан жана жекелик сандагы үчүнчү жактын таандык уландысынан *(-ы)* турат.

***Болбосо -*** *бол- (этиш уңгу), -бо(-ба)* деген морфемалардан жана шарттуу ыңгайдын *(-са)* мүчөсүнөн турат.

***Жана*** *- жан-* деген этиш сөзгө *(жанаш* деген уңгунун тутумундагы этиш) чакчылдын *-а* мүчөсүнун жалганышы аркылуу жасалып, байламта сөз катары лексикалашып кеткен.

***Себеби*** - арабча *себеп* деген сөзгө кыргыз тилинин жекелик сандагы үчүнчү жакчыл таандык уландысы *(-ы)* кошулуп жасалган.

***Ошентсе да*** – *ошондой + эт-, -са* жана *да* деген айрым-айрым бөлүктөрдөн (компоненттерден) турат.

Эки же андан көп сөздөрдүн биригишинен түзүлгөн татаал байламталар да туунду байламталар болуп эсептелет. Мисалы: *Мен го барып келдим,* ***ал эми*** *сен таптакыр барган жоксуң.* (К.Баялинов) *Быйыл жыл жаанчыл келди,* ***ошол себептүү*** *чөп бир топ эле арбын болду.* («Кыргыз Туусу»).

**Суроолор**

1. Байламталар деп эмнени айтабыз?
2. Байламталардын түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.
3. Байламталар сүйлөмдө кандай кызмат аткарат?
4. Маанисине карата байламталар кандай топторго бөлүнөт?
5. Багындыргыч байламталар деп кандай байламталарды айтабыз? Алар кандай маанилерди туюндурат?
6. Багындырбас байламталар деп кандай байламталарды айтабыз? Алар кандай маанилерди туюндурат?
7. Байламталарды катыштырып чакан чыгарма жазгыла.

## Жандоочтор

(Жалпы маалымат)

Сүйлөмдө атооч сөздөрду жандап, алардын өз ара карым-катышын эпке келтирип, аларга ар кыл грамматикалык маани ыйгарып турган кызматчы сөздөр **жандоочтор** деп аталат. **Мисалы:** *Кыл куйрук шамал менен сапырылды.* (А.Токомбаев) *Мукаштар толук бир айдан соң /рүмчүгө жетишти.* (К.Тыныстанов)

Жандоочтор сүйлөмдө өзү жандап айтылган сөздөрдүн башка сөздөр менен синтаксистик байланышка түшүнүн шарттайт.

Кыргыз тилинде гана эмес дээрлик бардык түрк тилдеринде жандоочтор аркылуу ишке ашкан синтаксистик байланышты башкаруу байланышы катары карап, ***жандоочтук башкаруу*** деп аныкташкан. Профессор Акеш Имановдун жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган кыргыз тили окуу китебинде да «...жандоочтордун тизмектеле айтылуусу аркылуу бири-бири менен катыш түзүп турган сөздөр башкаруу байланышында деп эсептелет», деп жазылган.

Азыркы кыргыз тилиндеги синтаксистик байланыштын мындай түрүн А. Жапаров (Абдыкул Жапар) баганыңкы байланыштын ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык байланыш түрлөрүнүн катарында тура турган синтаксистик байланыштын бешинчи түрү катары аныктап, ***жөлөкчүл байланыш***[45] деп белгилейт.

Жандоочтор аркылуу синтаксистик байланышка түшкөн сөздөрдөгү байланыштын мүнөзүн аныктоо биздин озуйпабызга кирбейт, аны синтаксис адистери аныктап такташсын. Биздин милдет - синтаксистик категориялар менен тыгыз байланышта болгон кызматчы сөздөрдүн бири жандоочтордун гана мүнөзүн, маанилерин аныктап, тактап чыгыш.

Ошентип, жандоочтор дайыма атооч сөздөрдү жандап жүрүп, сүйлөмдөгү орду боюнча алардан кийин келет. Демек, алар жөндөмө мүчөлөрүнүн милдеттери сыяктуу милдет аткарат. Жандоочтордун мындай касиети дээрлик бардык окуу китептеринде көрсөтүлгөн.

---

[45] Абдыкул Жапар. Синтаксический строй кыргызского языка. Ч. 1. Бишкек, 1991. 104-107-б.

Кыргыз тилинде жандоочторго *аркылуу, ары, башка, баштап, бери, бетер, бойдон, бойлой, бойлоп, бою, боюнча, гана, да, дейре (дере), деле, жараша, жете, жөнүндө, жуук, илгери, караганда, карай, карата, ката, катар, кийин, көздөй, көрө, көрөкчө, менен, мурун, өңдүү, сайын, сөрөй, соң, сымак, сымал, сыңар, сыяктуу, марта, тартып, тууралуу, чакты, чалыш, чамалуу, чамасында, чейин (дейин), шекилде, шекилдүү* жана башка сөздөр кирет.

Жандоочтордун кай бирлерин башка сөз түркүмдөрүнөн логикалык (семантикалык) принцип менен ажыратуу абдан кыйын. Аларды морфологиялык жана кебүнчө синтаксистик принцип менен гана жандооч экенин, башкача айтканда, жандооч болуп турганын ажырата алабыз. **Мисалы:** *Жалгыз караан ары басты.* (И.Сулайманов) Сүйлөмдөгү *ары* деген сөз *каякка?* деген суроого жооп берип, тактооч болуп турат. *Мындан ары кечикпейм, агай.* («Ала Тоо») Бул сүйлөмдөгү *ары* деген сөз *каякка?* деген суроого өзүнчө жооп бере албай, *мындан* деген сөзгө мезгилдик кошумча маани берип, *качан?* деген суроого ошол сөздү жандап, аны менен бирдикте туруп (*мындан ары*) жооп берип, жандооч болуп турат.

Ошентип, жандоочтордун бир тобу морфологиялык жана синтаксистик принциптердин жардамы менен аныкталып, жандооч экендиктери белгилүү болгондуктан аларды мына ошол табиятына жараша ***чыныгы жандоочтор*** жана ***өтмө жандоочтор*** (функционалдык жандоочтор) деп экиге бөлүп карайбыз.

**Чыныгы жандоочторго** *бетер, боюнча, гана, дейре, деле, соң, жуук, карай, карата, көздөй, өңдүү, сайын, сөрөй, сымак, сымал, сыяктуу, тартып, чакты, чейин* деген сыяктуу жандоочтор кирет. Булар ушу турган турпаты менен эле жандоочтор болуп, сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн логикалык (семантикалык) принциби менен эле аныкталып турат. Булардын жандооч экендигин аныктоодо морфологиялык жана синтаксистик принциптер талап кылынбайт.

**Өтмө жандоочторго** *ары, башка, баштап, бери, да, жараша, илгери, караганда, кийин, менен, мурун* деген сыяктуу жандоочтор кирет. Булар текстте айтылган ойлорго жараша бирде жандооч болсо, бирде башка сөз түркүмдөрдүн бири болуп да келе берет. Булардын жандооч экендигин аныктоодо логикалык (семантикалык) принцип жетишсиз болуп, аларды биз дайыма сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн морфологиялык жана синтаксистик принциптеринин жардамы менен аныктайбыз. Мисалы:

| | |
|---|---|
| *Токмоктон ары турат* | *Ары көздөй бара бер* |
| *Сенден башка киши жок* | *Башка киши келатат* |
| *Бүгүндөн баштап окуйт* | *Баарын баштап келатат* |
| *Андан бери үч күн өттү* | *Бери карай келатты* |
| *Окууңа жараша болот* | *Өңүнө жараша берди* |

Биринчи катардагы мисалдарда *ары, башка, баштап, бери, жараша* деген сөздөр өз алдынча эч кандай суроого жооп бере албай, өздөрүнөн мурда келген атооч сөздөрдү жандап, аларга кошумча грамматикалык маанилерди гана алып келди. Булар жандоочтор.

Ал эми экинчи катардагы мисалдарда *ары, башка, баштап, бери, жараша* деген сөздөр өз алдынча кандайдыр суроого жооп болуп түшүп, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып турат. Булар биерде маани берүүчү сөздөр, жандооч эмес.

| | |
|---|---|
| *Асел менен окуйм* | *Асел менен Апал тең* |
| *Ата, мен да барам* | *Асел да, Апал да биринчиде* |

Биринчи катардагы мисалдарда *менен, да* деген сөздөр сөз менен сөздү байланыштырган жок, өздөрүнөн мурдагы сөзгө кошумчалык маани гана ыйгарды. Булар жандоочтор.

Ал эми экинчи катардагы мисалдарда *менен, да* деген сөздөр сөз менен сөздү байланыштырып, байламталык милдетти аткарып турат. Булар байламталар.

**Жандоочтордун түзүлүшү**

Жандооч сөздөрдүн дээрлик бардыгы тилдин өсүп-өнүгүшү менен бара-бара өз алдынча маани берүүдөн калып, жандоочтук кызматты аткарып калышкан. Мисалы: *соң* деген сөздү алып көрөлү; *соңунан басты* (затташкан тактооч), *соңку жыл* (сын атооч), *өзүм жалгыз болгон соң* (жандооч), *иш бүткөн соң барам* (жандооч).

Кээ бир жандоочтор этиш сөздөрдөн, кээ бирлери атоочтордон пайда болгон.

***Этиштерден пайда болгон жандоочтор***

*Сайын* (күн сайын, окуган сайын). «Жандооч *сайын* тарыхый жагынан *сана* маанисиндеги байыркы *са-* деген этиш менен илгерки кездеги чакчылдардын *-йын* мүчөсүнөн турат»[46].

*Баштап* (бүгүндөн баштап), *тартып* (ушул күндөн тартып), *карап* (шаарга карап баратат). Чакчылдын *-ып* мучөсү менен жасалган сөздөр (*башта-, тарт-, кара-* жана *-ып*) учуру менен жандооч да болуп кетет.

*Карай* (тоого карай), *бойлой* (көчөнү бойлой өскөн теректер), *көздөй* (мектепти көздөй жөнөдүк). Чакчылдын *-й* мучөсү менен жасалган сөздөр (*кара-, бойло-, көздө-* жана *-й*) контексттеги маанилерине жараша жандооч да болуп кетет.

*Тарта* (ошондон тарта), *боло* (көңүлгө боло), *жараша* (окуганга жараша). *карата* (жаңы окуу жылга карата), *көрө* (мындан көрө). Чакчылдын *-а* мүчөсү аркылуу жасалган сөздөр (*тарт-, бол-, жараш-, карат-, көр-* жана *-а*) учуру менен жандооч да болуп кетет.

***Атоочтордон пайда болгон жандоочтор***

*Ары* (кырдан ары, ошондон ары), *бери* (түштөн бери, көптөн бери). Ат атоочтордон байыркы барыш жөндөмөсүнүн *-ры (ал + ры, бул + ры)* мүчөсү менен жасалган.

---

[46] Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. Фрунзе, 1964. 335-б.

*Аркылуу* (Өзгөн аркылуу, бирөө аркылуу), *тууралуу* (иш тууралуу, биз тууралуу), *шекилдүү* (келет шекилдүү), *өңдүү* (киши өндүү), *чамалуу* (жүз чамалуу). Атооч уңгулардан *(аркылуу > арка + -луу; тууралуу > туура + -луу; шекилдүү > шекил + -луу; чамалуу > чама + -луу; өңдүү > өң + -луу) -луу* курандысы менен жасалган.

*Бою* (бүткөн бою), *бойдон* (качкан бойдон), *боюнча* (ошол боюнча, тизме боюнча). Бул жандоочтор *бой*, байыркыча *бод* (дене, тулку) деген уңгудан келип чыккан *(бой + -ы, -дан, -нча)*.

*Менен* (атам менен, кол менен). Муну башка түрк тилдериндеги айтылыштарына салыштырып келип, «баштапкы формасы *бирлен,* тарыхый чыгышы жагынан «бир» деген сан атооч менен байланыштуу *(бир + ла + н)»*[47] деп далилдешет.

*/чүн* (сен үчүн, элим үчүн). Бул жандоочтун түпкү теги «кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча жандооч *үчүн* чыгышы жагынан уңгу, мүчөгө ажырабай турган сөз же *уч + ун* деген эки составдан турган сөз: *уч* - бир нерсенин учталган учу, чыгарылган түрү; *-ун* – байыркы инструменталдык жөндөмө мүчө, же 3-жактын таандык мүчөсү менен бирге келген кыйыр жөндөмөлүк форма»[48] деп, али тактала элек далил келтирилген.

Ошентип, тарыхый чыгыш теги боюнча көпчүлүк жандоочтор лексикалык мааниге ээ уңгулардан келип чыккан болуп эсептелет. Азыркы кыргыз тилиндеги жандооч сөздөрдүн бир тобу лексикалык алгачкы маанилерин биротоло жоготкон: *дейин, чейин, сайын, тууралуу* ж.б. Ал эми кээ бирлери азыр да өз доорунун лексикалык маанилеринде колдонула берет: *айтылган соң, баарыбыз уктук* (жандооч), *соңку жылы окууга дагы келем* (сын атооч), *соңунан калбай жүрүп отурдук* (затташкан тактооч).

## Атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор

[47] Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. Фрунзе, 1964. 329-б.

[48] Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. Фрунзе, 1964. 331-б.

Жандоочтор маанилик жактан жөндөмө мүчөлөр менен тыгыз байланышат. Алар атооч сөздөрдөн же этиштин атоочтук жана кыймыл атооч формаларынан кийин келип, алардын башка сөздөр менен болгон синтаксистик мамилесин көрсөтөт. Ошондуктан, биз жандоочторду кайсы жөндөмөдөгү сөздөргө айкаша тургандыгы боюнча өзүнчө топторго ажыратабыз.

***Атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор:*** *аркылуу, бою, бойдон, боюнча, жөнүндө, менен, өңдүү, сайын, сыяктуу, тууралуу, шекилдүү* ж.б. Мисалы: */й ичи көңүлсүз болгон соң, бир аз олтурган болуп биздер да талаага чыгып кеттик.* (К.Тыныстанов) *Эл үчүн, өмүр үчүн, жыргал үчүн кармашкан кайрандардын айттым даңкын.* (А.Токомбаев) *Эчкинин көркү төл менен, эгиндин көркү жер менен.* (Токтогул) *Мен аны сүрөт аркылуу төкпөй-чачпай элге жеткирсем деген үмүттөмүн.* (Ч.Айтматов).

1) ***үчүн*** жандоочу атооч сөздөргө, *-ыш, -оо, -уу, -мак* мүчөлүү кыймыл атоочторго, *-ган, -бас* мүчөлүү атоочтуктарга айкашып келип, **максат, себеп, арноо, ылайыктоо** маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Иштегениң бирөө үчүн, үйрөнгөнүң өзүң үчүн.* (Макал) *Мен деле кишиге дилим ак, дал ошол үчүн тиги курбум менин камымды көрдү.* (Т.Сыдыкбеков).

2) ***менен*** жандоочу зат атооч, ат атооч, затташкан сын, сан атоочтор жана -*ган, -ар, -бас* мүчөлүү атоочтуктар менен айкаша келип, **сандык, мезгилдик** жана **мейкиндик, биргелешүү** маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Беттин көркү нур менен, белдин көркү кур менен.* (Барпы) *Мейли, айланайын, мендей немени башын таш менен эмес, төө тапан менен сүрсө экен.* (М.Алыбаев).

Ушул эле маанилерде кыймыл атоочтор менен да айкаша бериши мүмкүн. **Мисалы:** *Экватордо күн батыш менен караңгы кирет.*

3) ***аркылуу*** жандоочу зат атоочтор менен ат атоочторго айкашып келип, атооч сөздү **обөект катары** көрсөтүп, кыймыл-аракеттин ишке ашышына ошол сөздөрдүн катыштыгы бар экенин билдирет. **Мисалы:** *Мен аны сүрөт аркылуу төкпөй-чачпай элге жеткирсем деген үмүттөмүн.* (Ч.Айтматов) *Балыкчы аркылуу жүрүп олтуруп, Бишкекке кечинде жеттик.* (Т.Адышева).

4) ***сайын*** мезгил маанисиндеги атооч сөздөр, *-ган* мүчөлүү атоочтуктар жана айрым кыймыл атоочтор менен айкашып келип, кыймыл-аракеттин, процесстин, ал-абалдын **кайталаныш** же **удаама-удаа аткарылыш** маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Жыл сайын алма бышканда бирөө жеп кетет имиш.* (Жомок) *Сараң адам пул күткөн сайын калтырайт, соко тиши дың бузган сайын жалтырайт.* («Кыргыз Туусу»).

Кээде орун маанисиндеги зат атооч менен да айкашат: *Шаар сайын бирден ичип олтурсам, бат эле мас болуп калат экенмин.* (М.Алыбаев).

**5) *сыяктуу, сымак, сымал, өңдүү, шекилдүү, чалыш*** деген жандоочтор зат атооч, ат атооч, кыймыл атооч жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктар менен айкашып келип, **окшошуу, окшотуу** маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Эй, Россия, Россия, бир боор энем, мен өңдүү тоо кушуна койнуң кенен.* (А.Осмонов) *Жары Күлсүнгө баш кошкону асты жер күркө сымак үйдө турчу.* (Т.Сыдыкбеков). *Орус чалыш бирөө алдыбыздан чыкты.*

**6) *жөнүндө, тууралуу*** жандоочтору атооч сөздөр жана кыймыл атоочтор менен айкашып келип, ошол сөздөрдү **обөект** кылып көрсөтөт. **Мисалы:** *Мен бул иш тууралуу силерге айтып берүүгө түздөн-түз милдеттүүмүн.* (Ч .Айтматов).

**7) *бою (боюнча)*** жандоочу атооч сөздөр, *-ган* мүчөлүү атоочтуктар менен айкашып келип, түшүнүктүн же ойдун обөектини толук камтыган жагдайын билдирет. **Мисалы:** *Түнү бою кирпик какпай олтуруп жазып чыктым.*

**8) *бойдон (боюнча)*** жандоочу *-ган* мүчөлүү атоочтуктар, айрым тактоочтор жана кээ бир атооч сөздөр менен айкашып келип, кыймыл-аракеттин сын-сыпатын, кандайдыр касиетин билдирет. **Мисалы:** *Учкан бойдон көздөн кайым болду.* (Жомок) *Ээ, Өмүке, баякы бойдон эле турбайсыңбы.* (М.Алыбаев).

## Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор

Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор: *дейре, караганда, карай, карата, чейин.* **Мисалы:** *Бала таң атканга чейин тук этип уктаган жок.* (Жомок) *Автобус токтогонго чейин оозу тынбай какылдап келди.* (Н.Байтемиров).

1) ***чейин, дейре*** деген жандоочтор мезгилдик, мейкиндик маанидеги атооч сөздөргө, сан атооч, ат атоочторго, кыймыл атоочко жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктарга айкашып келип, мезгил же аралык боюнча чектөө маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Балкашка чейин жүздөгөн километр мейкиндик жатат.* (М.Макенбаев) *Түшкө чейин сөзсүз келем деп кеткен бойдон жок.* (Б.Усубалиев).

2) ***карай (карата)*** жандоочу мезгилдик, мейкиндик, обөект маанилериндеги зат атооч сөздөргө, ат атоочторго, тактоочторго жана айрым кыймыл атоочко айкашып келип, алар аркылуу туюндурулган нерсеге, обөектиге бет алгандык маанисин көрсөтөт. **Мисалы:** *Окуусун бүтөөр менен шаарга карай сызды.* (М.Гапаров) *Чогулгандар мени саал сүйбөгөндөй карашып, Токтогулга карай ыктай олтурушту.* (Алымкул).

3) ***караганда*** жандоочу бардык атооч сөздөргө, кыймыл атоочко жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктарга айкашып келип, бир нерсени экинчи бир нерсе менен салыштыруу маанисин билдирет. **Мисалы:** *Сага караганда ал активдүү көрүнөт.*

4) ***жараша*** атооч сөздөрдү, кыймыл атоочторду жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктарды жандап келип, жандооч катары колдонулганда ылайыкташуу, төп келишүү, окшошуу маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Алыбек алына жараша.* (Макал) *Шартка жараша ушул жерден иштеп турайын дедим.* (А.Саспаев).

5) ***жете*** атооч сөздөрдү жандап келип, жандооч катары колдонулганда мезгилдик жана орундук чектөө маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Айылга жете аттардын оозун тарттык.*

## Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор

Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор: *бойлоп, бойлой, ката, көздөй.*

1) ***бойлоп, бойлой*** деген сөздөр атооч сөздөрдү жандап келип, жандооч катары колдонулат да бирге болуу, жанаша болуу маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Алар трубаны бойлоп жогору чыгышты.* (К.Жантөшев). *Жээк бойлой жогору барса, хандын кыздары чачтарын жууп жатышыптыр.* (Жомок)

2) ***ката*** атооч сөздөрдү жандап келип, жандооч катары колдонулганда аралык-мезгилдик маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Жолду ката шар аккан суунун добушу сөздү да жакшы угузбайт.* (Н.Байтемиров).

3) ***көздөй*** жандоочу атооч сөздөрдү жана кыймыл атоочторду жандап келип, багыт маанисин билгизет. **Мисалы:** *Наристе бой жеткенде аргымак минип, колуна өрмө катчы алып, тоону көздөй чу койот.* (К.Жусупов) *Арыдан айылды көздөй келе жаткан калың топ дагы жакын кирип келди.* (Т./мөталиев).

4) ***карай (карата)*** деген жандоочтун табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашып айтылган учурлары да бар: *шаарды карай бет алды; үйдү карай жөнөдү.*

## Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор

Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор: *ары, башка, баштан, бетер, бери, кийин, көрө, мурун, соң, тартып.*

1) ***ары, бери, кийин, мурун*** жандоочтору зат атооч, ат атооч жана *-ган* мучөлүү атоочтуктар менен айкашып, мезгилдик, орундук маанилерди билдирет. **Мисалы:** *Окууну бүткөндөн кийин эле ар кимибиз ар жакка тараганбыз.* (М.Алыбаев) *Шаарга келгенден бери купулга толо бир иш кыла элекмин.* (Ш.Бейшеналиев) *Андан ары чыга бериште үч киши туруптур.*(К.Осмоналиев).

2) ***башка*** жандоочу зат атооч, ат атооч, жамдама сан атооч, кыймыл атооч жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктар менен айкаша келип, алар аркылуу туюндурулган нерсени кыймыл-аракетке коошпоо, аралаштырбоо, алмаштырбоо маанилерин билгизет. **Мисалы:** *Адамдан башка жөлөк жок, элден башка тирек жок.* (А.Токомбаев) *Сенден башка багар-көрөрүм жок, айланайын.* (К.Жантөшев).

3) ***бетер*** деген жандооч зат атооч, ат атооч, кыймыл атооч жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктар менен айкаша келип, күчөтүү жана кандайдыр сапатты арттыруу маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Атпай элдин баарысын душмандан бетер ойлойсуң.* («Манас») *Каадалуу коноктордон бетер көлдөлөңдөн барып орун алдык.* (Т.Сыдыкбеков)

4) ***соң*** жандоочу атооч сөздөр жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктар менен айкаша келип, мейкиндик, мезгилдик катыштарды же себепти түшүндүрөт. **Мисалы:** *Көңүлү болгон соң бара берсин.* (М.Гапаров) *Мукаштар толук бир айдан соң /рүмчүгө жетишти.* (К.Тыныстанов)

5) ***көрө*** жандоочу атооч сөздөр, кыймыл атоочтор жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктар менен айкаша келип, кандайдыр терс же тангандык маанилерин билдирет. **Мисалы:** *Ушундан көрө аскерге кеткеним артык эмеспи.* (М.Гапаров)

6) ***баштап, тартып*** деген сөздөр чыгыш жөндөмөсүндөгү атоочтор жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктар менен айкашып жандооч катары колдонгондо, кыймыл-аракеттин башталыш ордун билдирет. **Мисалы:** *Ошондон баштап Тыныстан баласын каапырлардын дин окуусуна бериптир деген сөз чыкты.* (С.Станалиев) *Эмки жумадан тартып сабактарыбыз көбөйөт.* (Ж.Мавлянов)

7) ***илгери, тышкары*** деген сөздөр да чыгыш жөндөмөсүндөгү атоочторду жана *-ган* мүчөлүү атоочтуктарды жандап келип, жандооч катары колдонулуп, кандайдыр мезгил, багыт же орун маанилерин билдирет. Мисалы: *Бул окуя ошол баягы окуядан илгери болгон, балам.* («Эркинтоо»)

***Суроолор***

1. Жандоочтор деп эмнени айтабыз?
2. Жандоочтордун тутумдук түзүлүшү тууралуу айтып бергиле.
3. Чыныгы жандоочтор кайсылар, өтмө жандоочтор кайсылар?
4. Атооч жөндөмөсү менен айтылуучу жандоочтор кайсылар? Алар кандай маанилерди туюндурат?
5. Барыш жөндөмөсү менен айтылуучу жандоочтор кайсылар? Алар кандай маанилерди туюндурат?
6. Табыш жөндөмөсү менен айтылуучу жандоочтор кайсылар? Алар кандай маанилерди туюндурат?
7. Чыгыш жөндөмөсү менен айтылуучу жандоочтор кайсылар? Алар кандай маанилерди туюндурат?
8. Жандоочторду катыштырып чакан чыгарма жазгыла.

## Бөлүкчөлөр

(Жалпы маалымат)

**Сүйлөмгө, же сүйлөмдөгү кайсы бир сөзгө кошумча грамматикалык маани, маанилик бир касиет, маанилик өзгөчөлүк алып келүүчү кызматчы сөздөр бөлүкчөлөр деп аталат.**

**Мисалы:** *Күтсөм да силерди мен калдым көрбөй.* (А.Токомбаев) *Бул анын тек сырт кешпири, сырт көрүнүшү.* (Т.Сыдыкбеков) *Табгач каны жообуз эле, он ок каны жообуз эле, баарынан күчтүүсү - кыргыз каны жообуз болду.* (Т.Сыдыкбеков).

Кыргыз тилиндеги бөлүкчөлөрдүн бир тобу чыныгы бөлүкчөлөр болуп саналат *(го, да, өтө, эң, эч, гана, түк, ным, дегеле, турсун, түгүл, турмак, тургай, чылк* ж.б.), калгандары сүйлөмдө аткарган кызматына, туюндурган грамматикалык маанисине жараша гана бөлүкчө болуп, өтмө бөлүкчөлөр деп аталат *(аябай, жалаң, гой, деген, белем, такыр, кудум, бейм, нак, как, так, ары, эми, тек, өңкөй* ж.б.).

Бул акыркы топтогулардын бардыгы тилдин жандуу көрүнүшүндө бөлүкчөлөр болгону менен алар өздөрүнүн келип чыккан тегин жогото элек, кээде башка бир сөз түркүмүнүн кызматында да болуп калышы мүмкүн. **Мисалы:** ***аябай*** **>** *ая, -ба, -й;* ***гой*** **>** *кой-* (этиш сөз); ***деген*** > *де-, -ган;* ***белем*** > *-бы, эле, -м* ж.б.

Булардын ичинен *нак, ары, эми, дагы, тек* деген сыяктуулары кээде тактооч да болуп кызмат кыла берет. *Таанып турам, мен көргөн кишинин нак өзү. Алганды алгандай нак төлөйбүз.* Биринчи сүйлөмдө *нак* бөлүкчө, экинчисинде *(нак) кантип?* деген суроого жооп берип, тактооч болуп турат.

Бөлүкчөлөрдүн маанилери грамматикалык маани болгону менен аларда абстракттуулук бар, кандайдыр бир сөз менен айкашып келгенде гана алардын маанилери даана билинет. Жеке өз алдынча турганда алардын маанилери байкала бербеши да мүмкүн. Мына ошондуктан бөлүкчөлөрдүн маанилерин биз алар айкашып турган сөздөр аркылуу же ошол сүйлөм туюндурган ой аркылуу аныктайбыз.

Бөлүкчөлөр, биз жогоруда белгилегендей, грамматикалык маани берет. Алардын көпчүлүгү айрым сөздөргө гана эмес, бүтүндөй сүйлөмгө да грамматикалык маани бере алат. Өздөрү айкашып келген сөзгө же өздөрү катышкан сүйлөмгө чектөө, күчөтүү, божомолдоо, ырастоо, тактоо, аныктоо, тануу, суроо сыяктуу кошумча грамматикалык маанилерди ыйгарат.

Кыргыз тилинде бөлүкчөлөрдү алардын берген маанилерине жараша бир нече топторго бөлүштүрөбүз.

### Чектегич бөлүкчөлөр

Чектегич бөлүкчөлөр кандайдыр бир затты, белгини, касиетти же кыймыл-аракетти башка заттардан, белгилерден, касиеттерден же кыймыл-аракеттен ажыратып, бөлүп, чектеп көрсөтүү маанилерин кошумчалайт. Буга *гана, эле* деген бөлүкчөлөр кирет.

**Мисалы:** *Ал жай экөөнө гана буюрган.* (Ч.Айтматов) *Мурат мына азыр гана акылына киргендей, эрезеге эми гана жеткендей эле.* (Ө.Даникеев) *Эки жыл мурда эле бизге «катчы карма» деген кагаз келген.* (Т.Касымбеков).

Чектегич бөлүкчөлөр аныктап-чектөөгө, кыялданууга жакын маанилерди да билдириши мүмкүн: *Биерде эмне деген гана окуялар болбоду!* (Ө.Даникеев) *Ырчы ырдатып жыргайм деп олодум эле.* (К.Маликов).

Кыргыз тилинде чектегич бөлүкчөлөр кээде өзгөрүп, жак мүчөлөрдүн толук түрүн кабыл алып, сүйлөмдө баяндоочтун тутумуна да кирип кетет.

**Мисалы:** *Эй, тууган жер,... оболтодон сен ганасың бешиги, ойлоп келсем, атам менен баламын.* (К.Маликов) *Ошондогу ырдаган сен элесиң, угуп турган биз элебиз.* (М.Элебаев).

## Күчөткүч бөлүкчөлөр

Күчөткүч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөргө же өздөрү катышып турган сүйлөмгө күчөтүү, апыртуу, ашыра көрсөтүү маанилерин кошумчалайт. Алар: *абдан, аябай, өтө, эң* ж.б.

**Мисалы:** *Өтө сабырдуулук менен Эр-Киши жайды туюндурду.* (Т.Сыдыкбеков) *Жылдыздардын эң чоңу, эң сулуусу сенсиң.* (Ч.Айтматов) *Анын ушу отурушу абдан сулуу көрүнөт.* (Н.Байтемиров).

Күчөткүч бөлүкчөлөргө *дегеле, дым, жалаң, ным, огеле, өңкөй, өңчөй, такыр, түк, чылгый, чылк, чымкый, чым* деген сыяктуу сөздөр кирет: *Дегеле эчтемени кыртышы сүйбөйт.* (Н.Байтемиров) *Мен сизден түк эч нерсе күтпөймүн.* (А.Токомбаев) *Сулуу чылгый жибек кийимдей, жүгөрүлөр шуудураган убагы.* (К.Маликов) *Буроо, труба - бардыгы чылк темирден.* (А.Токомбаев).

Кыргыз тилинде күчөткүч бөлүкчөлөр негизинен сын атоочтор менен тактоочтордун күчөтмө даражасын уюштурат: *дегеле сонун, абдан жакшы, абдан жакын, аябай сулуу, аябай эрте, өтө кооз, өтө алыс, эң бийик, эң жаман, огеле жакын, чылк алтын, чым кара, чымкый кызыл* ж.б.

## Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр

Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөрдүн же өздөрү катышып турган сүйлөмдүн маанилерине кандайдыр аныктык, тактык белги маанилерин кошумчалайт. Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөргө *да, дагы, дал, дале, кудум, нак* деген сыяктуу бөлүкчөлөр кирет.

**Мисалы:** *Иштин баары дал мен ойлогондой болду. Жаманчылык, мына момундай жалгыздыкты башынан өткөрбөсө, ким деле болсо ушу бейм?* (Ө.Даникеев) *Эгер өзүңүз адамгерчиликтен чыгып, мени да адамгерчиликтен чыгара турган болсонуз... Мына шамшар!* (К.Жантөшев) *Баягыда биз келип түбүндө көлөкөлөгөн арчанын дал өзү!* («Мурас») Бөлүкчөлөр *(деле, да, дал)* айтылып жаткан ойлорго аныктык, тактык маанилерди кошумчалап жатат.

Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр адатта этиш сөздөр менен же баяндоочтук милдеттеги сөздөр менен айкашып келип, алардын маанилерине кошумча грамматикалык маани ыйгарат: *Айтаарын айттым да баса бердим. Бардык да болгонун болгондой иштедик. Биз ойлогондун дал өзүндөй болуп чыкты. Деле баягы ордунда турат. Кудум Сапардын баскан-турганындай.*

## Таӊгыч бөлүкчөлөр

Тангыч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөргө же өздөрү катышып турган сүйлөмдөргө айтыла тургун ойду, фактыны тануу, жокко чыгаруу маанилерин кошумчалайт. Буга *эч, тургай, турмак, турсун, түгүл* өндүү бөлүкчөлөр кирет.

**Мисалы:** *Ар бир адамдын айылы, Ата Журту эч бир элдикинен кем эмес.* (К.Жусупов) *Саймедиреп айтмак түгүл ооз ачкан жок.* (Ж.Осмонкулов) *Башка дүйнөдө эч иши жок өзүнчө алек.* (Т.Сыдыкбеков).

*Эч* деген тангыч бөлүкчө сурама ат атоочтор менен кошулуп айтылып, тангыч ат атоочторду уюштурат: *эч качан, эч ким, эч нерсе, эч кандай* ж.б. Кээ бир сөздөрдө уңгуга кошулуп, сөз болуп биригип да кеткен. Мисалы: *эчтеме, эчтеке.*

## Сурама бөлүкчөлөр

Сурама бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөргө же өздөрү катышып турган сүйлөмдөргө суроо маанилерин кошумчалайт. Сурама бөлүкчөлөргө *ыя, я, ээ* деген сөздөр кирет. Булар кээде ээ *ыя, го ыя, го ээ* деген өз ара айкалыштарда болуп, татаал формаларда да колдонула берет.

**Мисалы:** *Сен таарындыңбы? Катуу таарындыңбы ыя?* (Ч.Айтматов) *Сен чочуп жатасың го, ыя?* (К.Бектенов) *Бардык билгендеримди сага айттым ээ?* (М.Макенбаев)

Башка топтогу айрым бөлүкчөлөр да контекстте келип, сурама маанилерди бериши мүмкүн: *Шумдук адам го?* (К.Маликов).

Сурама бөлүкчөлөр адатта суроо белги интонациясы менен айтылып, кээде жалгыз эле туруп бүтүндөй сүйлөм туюндурган ойду да туюндура берет:

- *Окууга кирип келдим.*
- *Ыя?*
- *Шаарга барып, окууга өтүп келдим дебатам.*

## Ырастагыч бөлүкчөлөр

Ырастагыч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөрдөгү же өздөрү катышып турган сүйлөмдөрдөгү айтылган ойдун, маанинин, фактынын туура же туура эместигин, сүйлөөчүнүн ага макул же макул эмес экендигин билдирген маанилерди берет. Буга *да, ооба* деген бөлүкчөлөр кирет.

**Мисалы:** *Каалаган жагыңарга каалаганча узак убакыт кете берсеңер болот да.* (Ч.Айтматов) *Ооба, сенин айткандарың туура экен.*

Контекстке жараша кээде башка топтогу бөлүкчөлөр да ырастоо маанисин билдире бериши мүмкүн: *Кантсе да уучун гүлгө толтурар бир ою бар го.* (Т.Сыдыкбеков).

## Божомолдогуч бөлүкчөлөр

Божомолдогуч бөлүкчөлөр айкашып келген сөздөрдүн же өздөрү катышып турган сүйлөмдөрдүн маанисинде кандайдыр шек, божомол, күмөн бар экендигин билдирет. Булар *бейм, белем, го* деген бөлүкчөлөр.

**Мисалы:** *Кудайым чындап берген бейм, арстаным Манас келген бейм.* («Манас») *Изат экөө кыйналышат го, унааң бар, аларды ала кет.* (Ө.Даникеев).

Божомолдогуч бөлүкчөлөргө *имиш (миш)* деген сөз да кирет. Муну айрымдар модалдык сөздөргө кошуп жүрүшөт. Биздин оюбузча, ал өзүнүн табияты боюнча бөлүкчөлөргө жакын турат: *Дагы бир черик өлөсөлүү болуп калган имиш...* (К.Жантөшев)

Божомолдогуч бөлүкчөлөр күмөн мааниси менен бирге суроо маанисин да кошо билдире бериши мүмкүн: *Аскер кызматы ага жаккан белем?* (Т.Сыдыкбеков).

## Жалыныч бөлүкчө

Жалыныч бөлүкчө айкашып келген сөздөрдүн же өздөрү катышып турган сүйлөмдөрдүн маанисине кошумча кандайдыр жалынуу, жагынуу, ссуранууу маанилерин билдирет. Жалыныч бөлүкчө бирөө эле: *гой.*

**Мисалы:** *Айта гой, садага, уялба.* (К.Акматов) *Окуй гой, окуй гой, көпөлөгүм, окуй гой.* (Т.Сыдыкбеков) *Ырдай гой, айланайын.*

Жалыныч бөлүкчө *гой* кээде какшык маанисинде да колдонулат: *Суусун жок, бара гой, кагылайын...* (Т.Сыдыкбеков) Анын жалынуу же какшык маанисинде колдонулганы тиешелүү сүйлөмдүн мааниси же тыныш белгилер менен контекстте аныкталат.

**Суроолор**

1. Бөлүкчөлөр деп эмнени айтабыз?
2. Берген маанилерине карай бөлүкчөлөр кандай топторго бөлунөт?
3. Ар бир топтогу бөлүкчөлөргө тиешелуу сүйлөмдөр түзүп, мисалдар келтиргиле.
4. Бөлүкчөлөрдү катыштырып кыскача чыгарма жазгыла.

## Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр

Сүйлөмдөгү айтылуучу ойдун чындыкка, акыйкатка, сөз жүрүп жаткан учурга карата болгон ар түрдүү катышы жөнүндө сүйлөөчүнүн көз карашын туюндурган сөздөр кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр деп аталат.

**Мисалы:** *Соту келдиби, башкасы келдиби, айтор, бир топ адамдар атасы менен келишип, Жусупту альт кетишкен.* (С.Станалиев) Кыялий-мамиле сөз *(айтор)* сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн кыялында өзүнчө тыянак чыгарар мамиле-маанисин билдирди.

*А балким, өзүнүн кемчилигин сезип уялып келаткандыр.* (Т.Сыдыкбеков) Кыялий-мамиле сөз *(балким)* сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн шек саноо, ишене бербеген кыял мамилесин билдирип жатат.

Кыялий-мамиле сөздөр төмөнкүлөр: *айтор, албетте, арийне, балким, болжолу, дейм, жарыктык, керек, көрүнөт, кыязы, мүмкүн, окшойт, өңдөнөт, сөзсүз, сыягы, тийиш, чагымда, чамасы, чыгар, чындыгында, шекилдүү, шекилде, шексиз, ыктымал, ыраматылык, ырас* ж.б.

Булардын ***модалдык сөздөр*** деп аталышынын себеби латын тилинин «модус» (кыргызча *жол, ык, амал* маанилерин билдирет) деген сөзүнөн келип чыккан. Кыялий-мамиле сөздөрдүн бардыгы модалдык маанилерди, сүйлөөчүнүн кыялындагы айтылар-айтылбас, туюлар-туюлбас ойлорду билдирет. Башкаларга багытталбай, кишинин өзүндө кала бере турган мамилелерди туюндурат.

Кыргыз тилинде кыялий-мамиле сөздөр тутумдук түзүлүшү боюнча негизинен маани берүүчү сөз түркүмдөрүнөн келип чыккан сөздөр болуп эсептелет. Айрымдарынын *(балким, мүмкүн, айтор, арийне* ж.б.) түпкү уңгусу белгисиз болуп, таптакыр таанылбай калган. Айрымдарынын тутумунда түпкү уңгусу даана эле байкалып турат. Төмөндө алардын кээ бирлерин гана мисал кылып көрсөттүк.

***Болжолу*** > *болжол, -ы* (таандык уланды).

***Жарыктык*** > *жары-, -ык* (этиштик негизден атооч жасоочу куранды), *-тык* (атооч сөздөрдөн атооч жасоочу куранды).

***Көрүнөт*** > *көр-, -ын* (өздүк мамиленин мүчөсү), *-а* (чакчылдын мүчөсү), *-т* (үчүнчү жактын келер чак маанисиндеги көрсөткүчү).

***Чындыгында*** > *чын, -дык* (атооч сөздөрдөн атооч жасоочу куранды), *-ы* (үчүнчү жактын таандык уландысы), *-нда* (жатыш жөндөмөсүнүн уландысы).

Кыялий-мамиле сөздөрдү түпкү теги боюнча шарттуу түрдө **атооч уңгулуу кыялий-мамиле сөздөр** жана **этиш уңгулуу кыялий-мамиле сөздөр** деп экиге бөлөбүз.

***Атооч уңгулуу кыялий-мамиле сөздөр:*** *болжолу, кыязы, өңдөнөт, сөзсүз, сыягы, чагымда, байкашымча, чындыгында, шексиз, ыраматылык* ж.б. **Мисалы:** *Атам, ыраматылык, кумурсканын да уясын бузба дечү эле.* («Кутбилим») *Опур-топурга түшүп калышты, чагымда, душмандын алды көрүндү окшойт.* (Т.Касымбеков).

***Этиш уңгулуу кыялий-мамиле сөздөр:*** *дейм, демек, жарыктык, көрүнөт, окшойт, тийиш, чыгар* ж.б. **Мисалы:** *Лекцияны калтырбай уктук, демек, даярдык бар. Кызыктуу аңгемелерден кеп салчу эле, жарыктык.*

## Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөрдүн маанилери

Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөрдүн маанилери алар катышып турган сүйлөмдун бүтүндөй алкагын, ошол сүйлөмдөгү бүтүндөй ойду камтыйт. Алар сүйлөмдөгү ойдун, тигил же бул кыймыл-аракеттин ишке ашышынын мүмкүндүгүн, ыктымалдыгын, зарылдыгын, ишенимдүүлүгүн, шектүүлүгүн жана ойдун аткарылышына карата ишенгендикти, күмөн санагандыкты, кайсы бир окуянын болгондугунун анык же болжолдуу экендигин билдирет.

Мына ушундай белгилери боюнча кыялий-мамиле (модалдык) сөздөрдү маанилик жактан төмөндөгүдөй топторго бөлүштүрүүгө болот.

***1. Ойдун чындыкка дал келүүсүн ырастап, кубаттап билдирүүчү модалдык сөздөр:*** *акыйкатта, албетте, арийне, дурус, сөзсүз, чындыгында, чынында, шексиз, ырас* ж.б.

**Мисалы:** *Арийне, Дөө-аке бул санаасын ачык айтса, ага Эр-Киши көнмөк эмес.* (Т.Сыдыкбеков) Кыялий-мамиле сөз *(арийне)* сүйлөөчүнүн айтар оюн билинер-билинбес ырастоо мааниси менен коштоп айтылып жатат.

*Ырас, Жапардын жүрөгүндө белгисиз бир сыр бар, же оор кайгы бар.* (А.Токомбаев) Кыялий-мамиле сөз *(ырас)* сүйлөөчүнүн айтар оюн тактап, ырастоо маанисин кошумчалап билгизди.

*Бул кызмат эң жогорку кызмат, албетте.* (К.Баялинов) Кыялий-мамиле сөз *(албетте)* сүйлөөчү айткан ойду бекемдеп ырастоо маанисин билгизип турат.

***2. Ойдун чындыкка дал келүүсүнө божомол, шектүүлүк, ыктымалдуулук маани берүүчү кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр:*** *балким, болжолу, керек, кыязы, мүмкүн, өңдөнөт, сыягы, сыяктуу, чагымда, шекилдүү* ж.б.

**Мисалы:** *Кош болуңуз, балким дагы көрүшөрбүз.* (А.Токомбаев) Кыялий-мамиле сөз *(балким)* ойдун келечекте дагы кайталанаарына божомол-ыктымалдык маани берип турат.

*Мүмкүн, тиги бок жүрөк ошенткендир!..* (Т.Абдумомунов) Кыялий-мамиле сөз *(мүмкүн)* сүйлөмдөгү ойдун аткарылышына шек саноо ыктымалдуулук маанисин ыйгарып турат.

*Кыязы, менден мурун да бир топ сөз болуп өтсө керек.* (М.Элебаев) Кыялий-мамиле сөз *(кыязы)* айтылган ойго, болуп өткөн ишке шектүүлүк маани берип турат.

*Балким, бүгүн кечке келип калар, баланын көкүрөк өйүгөн оюн түшүнгөндөй, жубата сүйлөдү Жумай.* (М.Макенбаев) Кыялий-мамиле сөз *(балким)* айтылган ойго божомол-ыктымалдык маани кошумчалап турат.

**Суроолор**

1. Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр деп кандай сөздөрдү айтабыз?
2. Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөрдүн тутумдук түзүлүшү тууралуу сүйлөп бергиле.
3. Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр кандай топторго бөлүнөт?
4. Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр кандай маанилерди туюндурат?
5. Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөрдү катыштырып чыгарма жазгыла.

## Терминдер

Абал этиш
Абстрактуу зат атооч
Адамзаттык зат атооч
Адамзаттык эмес зат атооч
Адат өткөн чак
Аз өнүмдүү куранды
Айкын келер чак
Айкын өткөн чак
Академиялык грамматика
Аныктагыч тактооч
Аныктап-тактагыч бөлүкчө
Аныктама ат атооч
Арсар келер чак
Ат атооч
Атама сүйлөм
Атооч жөндөмө
Атооч түгөйлүү татаал этиш
Атоочтор
Атоочтордогу сөз мүчөлө-рүнүн орун тартиби
Атоочтуктар
Атоочтун жандоочтору
Багындырбас байламта
Багындыргыч байламта
Байламта
Байланышма уңгу
Байланыштыргыч байламта
Барыш жөндөмө
Барыштын жандоочтору
Басаңдатма даража
Башкаруу байланышы
Баяндагыч ыңгай
Белгисиз ат аточ
Биринчи жак
Божомолдогуч байламта
Божомолдогуч бөлүкчө

Буйрук ыңгай
Бөлүкчө
Бөлчөк сан атооч
Бышыктагыч тактооч
Грамматика
Грамматикалык категория
Грамматикалык маани
Грамматикалык маани каражаттары
Грамматикалык түзүлүш
Грамматикалык форма
Даража
Жай даража
Жак категориясы
Жакталыш
Жактама ат атооч
Жакчыл таандык мүчө
Жалпы ат
Жалпы категориялык грамматикалык маани
Жалпы таандык мүчө
Жалпы өткөн чак
Жалпылыгыч ат атооч
Жалыныч бөлүкчө
Жамдама сан атооч
Жандооч
Жандуу зат атооч
Жансыз зат атооч
Жардамчы (көмөкчү) этиш
Жатыш жөндөмө
Жеке грамматикалык маани
Жиктегич ат атооч
Жөндөлүш
Жөндөмө категориясы
Жөнөкөй байламта
Жөнөкөй жөндөлүш
Жөнөкөй зат атооч
Жөнөкөй сан атооч
Жөнөкөй сын атооч
Жөнөкөй учур чак
Жөнөкөй этиш
Зат атооч
Заттаныш
Илик жөндөмө
Илимий грамматика
Ирeттик сан атооч
Күчөткүч бөлүкчө
Күчөтмө даража
Капыскы өткөн чак
Карама–каршы кош сөздөр

Каршылагыч байламта
Катыштык сын атооч
Келер чак
Конкреттүү зат атооч
Кош мамиле
Кош сөз
Кошмок сөз
Куранды
Кыймыл атооч
Кыймыл этиш
Кыскартылган сөз
Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр
Лексикалык маани
Лексикалык түзүлүш
Мүчө (морфема)
Мааниլеш кош сөз
Маанилик (семантикалык) принцип
Максат бышыктагыч тактооч
Мамиле категориясы
Материалдык жактан туюндурулбаган форма
Материалдык жактан туюндурулган форма
Мезгил бышыктагыч тактооч
Морфология
Морфологиялык принцип
Негиз
Негизги мамиле
Негизги сөз түркүмдөрү
Негизги этиш
Ниет ыңгай
Нормативдик грамматика
Оошмо мүчөлөр
Орун бышыктагыч тактооч
Өзгөрүм этиш
Өздүк мамиле
Өнүмдүү куранды
Өнүмсүз куранды
Өткөн чак
Өтмө жандооч
Өтмө этиш
Өтпөс этиш
Сүйлөм
Салыштырма байламта
Салыштырма грамматика
Салыштырма-тарыхый грамматика
Салышырма даража
Сан атооч
Сан категориясы
Сан-өлчөм тактооч

Сапаттык сын атооч
Себеп байламта
Себеп бышыктагыч тактооч
Сезим этиш
Сезимдик сырдык сөз
Синтаксис
Ситаксистик принцип
Сурама ат атооч
Сурама бөлүкчө
Сөз
Сөз жасоо
Сөз жасоо жолдору
Сөз жасоо мааниси
Сөз жасоо тиби
Сөз жасоонун морфологиялык жолу
Сөз жасоонун синтаксистик жолу
Сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби
Сөз мүчөлөрү
Сөз түркүмдөрү
Сөздүн морфемалык түзү-лүшү
Сөздүн муун түзүлүшү
Сөздүн тутуму
Сөздүн тыбыштык түзүлүшү
Сыйлыгышма мүчө
Сын атооч
Сын-сыпат тактооч
Сыпаттама грамматика
Сырдык сөз
Түркүмдөш кош сөз
Таандык байланыш
Таандык жөндөлүш
Таандык категориясы
Таандык мүчөлөр
Табыш жөндөмө
Табыш тууранды сөздөр
Табыштын жандоочтору
Тактооч
Таңгыч ат атооч
Таңгыч бөлүкчө
Тарыхый грамматика
Татаал байламта
Татаал зат атооч
Татаал сан атооч
Татаал сөз
Татаал сын атооч
Татаал учур чак
Татаал этиш
Тең байланыш

Тил илими
Тилек ыңгай
Топ сан атооч
Тубаса байламта
Тубаса зат атооч
Тубаса негиз
Тубаса тактооч
Турмуштук сырдык сөз
Туруктуу мүчө
Туунду байламта
Туунду зат атооч
Туунду негиз
Туунду тактооч
Тууранды сөз
Тууранды сөз менен уюшулган татаал этиштер
Туюк мамиле
Тыбыштык түзүлүш
Уланды
Уңгу
Учур чак
/чүнчү жак
Фонетика
Чак категориясы
Чакчылдар
Чамалама сан атооч
Чектегич бөлүкчө
Чыгыш жөндөмө
Чыгыштын жандоочтору
Чыныгы жандооч
Шарттуу байламта
Шарттуу ыңгай
Шилтеме ат атооч
Ыкташуу байланышы
Ыңгай категориясы
Ырастагыч бөлүкчө
Экинчи жак
Элес тууранды сөздөр
Энчилүү ат
Эркин уңгу
Эрктик сырдык сөз
Эсептик сан атооч
Этиш
Этиш түгөйлүү татаал этиш
Этиштердеги сөз мүчөлө-рүнүн орун тартиби
Этиштин оң түрү
Этиштин терс түрү
Этиштин өзгөчө формасы
Ээрчибес мүчө

## Морфология боюнча тесттер

1. Кыймыл атоочтор боюнча илимий эмгек жазган окумуштуу
а) К.К.Юдахин б) Б.Тойчубекова в) Б.Орузбаева г) А.Турсунов

2. Этиштин өткөн чак формаларын ким изилдеген?
а) К.К.Юдахин б) Б.Тойчубекова в) Б.Орузбаева г) А.Турсунов

3. Сырдык сөздөрдү терең изилдеген окумуштуу.
а) С.Иманалиев б) Б.Тойчубекова в) Б.Орузбаева г) А.Турсунов

4. Тактоочтор боюнча терең изилдөө жүргүзгөн окумуштуу
а) С.Иманалиев б) С.Давлетов в) Б.Орузбаева г) А.Турсунов

5. Бөлүкчөлөр боюнча илим жазган окумуштуу
а) С.Иманалиев б) А.Турсунов в) А.Иманов г) Карымшакова

6. Жандоочтор боюнча терең изилдөө жүргүзгөн окумуштуу
а) С.Иманалиев б) Б.Орузбаева в)Ж.Мураталиева г)А.Иманов

7. Жардамчы этиштерди изилдеген илимпоз
а) С.Иманалиев б) С.Кудайбергенов в) Б.Орузбаева г) А.Иманов

8. Зат атооч боюнча илимий эмгек жазган окумуштуу

а) Ж.Мураталиева б) К.К.Юдахин в) А.Жапаров г) К.Дыйканов

9. Этиштин мамилелерин изилдеген окумуштуу
а) К.К.Юдахин б) С.Кудайбергенов в) А.Жапаров г) А.Иманов

10. Сын атооч боюнча илим-изилдөө жүргүзгөн окумуштуу
а) Б./мөталиева б) Н.Чечейбаева в) А.Жапаров г) К.Дыйканов

11. Сан атоочту изилдеген окумуштуу
а) Б./мөталиева б) Н.Чечейбаева в) А.Жапаров г) А.Иманов

12. Модалдык сөздөрду изилдеген окумуштуу
а) Б./мөталиева б) Т.Садыков в) Н.Чечейбаева г) Н.Шаршеев

13. Ат атоочтор боюнча китеп жазган окумуштуу
а)Б./мөталиева б)С.Кудайбергенов в)Н.Чечейбаева г)Н.Шаршеев

14. Кыргыз тилинин морфологиясын изилдеген окумуштуу
а) А.Иманов б) С.Сыдыков в) А.Жапаров г) С.Давлетов

15. Чакчылдар боюнча изилдөө жүргүзгөн окумуштуу
а) А.Иманов б) А.Турсунов в) А.Жапаров г) С.Давлетов

16. Сөз түркүмдөрү тууралуу китеп жазган окумуштуу
а) А.Иманов б) А.Турсунов в) А.Жапаров г) К.К.Сартбаев

17. Тактоочторду изилдеген окумуштуу
а) А.Иманов б) А.Турсунов в) А.Жапаров г) С.Давлетов

18. Кыргыз тилинин морфологиясын жазган окумуштуу
а) К.Тыныстанов б) А.Турсунов в) А.Жапаров г) С.Давлетов

19. Кыргыз тилинин өткөн чак формаларын изилдеген окумуштуу.
а)С.Иманалиев б)С.Кудайбергенов в)Б.Орузбаева г)А.Турсунов

20. Кыргыз тилинин морфологиясы боюнча окуу китеп жазган илимпоздор
а) С.Давлетов, С.Кудайбергенов б) Т.Ахматов, С.Өмүралиева
в) Б.Орузбаева, Х.Карасаев г)К.К.Юдахин, .М.Юнусалиев

21. А.Турсунов морфологиянын кайсы тармагын изилдеген?
а) этиштин чакчыл формалары б) этиштин жасалышы
в) зат атооч г) сөздүн тутуму, сөз жасоо

22. С.Кудайбергенов морфологиянын кайсы тармагын изилдеген?
а) этиштин чакчыл формалары б) этиштин жасалышы
в) зат атооч г) сөздүн тутуму, сөз жасоо

23. К.Дыйканов морфологиянын кайсы тармагын изилдеген?
а) этиштин чакчыл формалары б) этиштин жасалышы
в) зат атооч г) сөздүн тутуму, сөз жасоо

24. Б.Орузбаева тил илиминин кайсы тармагын изилдеген?
а) этиштин чакчыл формалары б) сырдык сөздөр
в) сын атооч г) сөздүн тутуму, сөз жасоо

25. С.Давлетов морфологиянын кайсы тармагын изилдеген?
а) тактооч б) сырдык сөздөр
в) кыймыл атооч г) модалдык сөздөр

26. С.Иманалиев морфологиянын кайсы тармагын изилдеген?
а) тактооч б) сырдык сөздөр

в) кыймыл атооч г) модалдык сөздөр

27. Б.Тойчубекова морфологиянын кайсы тармагын изилдеген?
а) тактооч б) сырдык сөздөр
в) кыймыл атооч г) модалдык сөздөр

28. Н.Шаршеев морфологиянын кайсы тармагын изилдеген?
а) тактооч б) сырдык сөздөр
в) кыймыл атооч г) модалдык сөздөр

29. Н.Чечейбаева морфологиянын кайсы бөлүгүн нзилдеген?
а) бөлүкчөлөр б) сан атоочтор
в) жандоочтор г) сын атоочтор

30. Б./мөталиева морфологиянын кайсы бөлүгүн изилдеген?
а) бөлүкчөлөр б) сан атоочтор
в) жандоочтор г) сын атоочтор

31. Ж.Мураталиева морфологиянын кайсы бөлүгүн изилдеген?
а) бөлүкчөлөр б) сан атоочтор
в) жандоочтор г) сын атоочтор

32. А.Карымшакова морфологиянын кайсы бөлүгүн изилдеген?
а) бөлүкчөлөр б) сан атоочтор
в) жандоочтор г) байламталар

33. «Адамзаттык, адамзаттык эмес зат атоочтор», деп окуу китепке алгач ким жазган?
а) Б.Орузбаева б) С.Давлетов в) К.Дыйканов г) И.А.Батманов

34. Өнүмдүү, аз өнумдүү, өнүмсүз курандылар деп алгач ким жазган?
а) Б.Орузбаева б) С.Давлетов в) К.Дыйканов г) И.А.Батманов

35. Кыргыз тилинин грамматикасы: морфологияны (1964) кимдер редакциялаган?
а) К.К.Юдахин, Х.Карасаев б) Орузбаева, Кудайбергенов
в) Б.М.Юнусалиев, К. К. Сартбаев г) А.Турсунов, Т.Ахматов

36. Жогорку окуу жайлар үчүн азыркы кыргыз тилинин морфологиясын (1980) кимдер жазган?
а) И.Абдувалиев, Т.Садыков б)К.К.Юдахин, .М.Юнусалиев
в) К.К.Сартбаев, Х.Карасаев г)С.Давлетов, С.Кудайбергенов

37. Жогорку окуу жайлар үчүн азыркы кыргыз тилинин морфологиясын (1997) кимдер жазган?
а) А.Турсунов, Т.Ахматов б) И.Абдувалиев, Т.Садыков
в) К.К.Юдахин, Б.М.Юнусалиев г) К.К.Сартбаев, Х.Карасаев

38. Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөрдү А.Т.Турсунов кандай топторго бөлгөн?
а) тике жөндөмө, кыйыр жөндөмөлөр
б) грамматикалык жөндөмөлөр
в) мейкиндик жөндөмөлөр, грамматикалык жөндөмөлөр
г) жөнөкөй жөндөмө, таандык жөндөмө

39. Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөрдү С.Кудайбергенов кандай топторго бөлгөн?
а) тике жөндөмө, кыйыр жөндөмөлөр
б) грамматикалык жөндөмөлөр
в) мейкиндик жөндөмөлөр, грамматикалык жөндөмөлөр
г) жөнөкөй жөндөмө, таандык жөндөмө

40. Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөр кандай белгилери боюнча мейкиндик жана грамматикалык жөндөмөлөр болуп бөлүнөт? |

а) жооп берген суроолоруна карата бөлүнөт
в) мааниси боюнча
б) катар орду боюнча
г) синтаксистик жактан багыныңкы, багыныңкы эместиги боюнча

41. Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөр кандай белгилери боюнча тике жана кыйыржөндөмөлөр болуп бөлүнөт?
а) жооп берген суроолоруна карата
в) мааниси боюнча
б) катар орду боюнча
г) синтаксистик жактан багыныңкы, багыныңкы эместиги боюнча

42. Грамматиканын бөлүмдөрү
а) морфология, синтаксис
б) орфография, орфоэпия
в) лексика, фонетика
г) илимий, тарыхый

43. Грамматиканын түрлөрү
а) морфология, синтаксис
б) лексика, фонетика
в) орфография, орфоэпия , пунктуация
г) нормативдик, илимий, салыштырма

44. Грамматикалык маанилердин түрлөрү
а) жөндөмө маани, жак маани
б) жекелик, көптүк маанилер
в) чак маанилер, таандык маанилер
г) жалпы категориялык, жеке грамматикалык маанилер

45. Грамматикалык маани берүүчү каражаттар
а) куранды (сөз жасоочу), мүчөлөр
б) сан атоочтор, ат атоочтор
в) зат атоочту, сын атоочтк, тактоочту жасоочу мүчөлөр
г) уланды (сөз өзгөртүүчү) мүчөлөр, кызматчы сөздөр, интонация, басым

46. Түрдүү көз караштарды, талаш-тартыштарды кошо чагылдырган грамматика
а) нормативдик грамматика
б) тарыхый грамматика
в) илимий грамматика
г) салыштырма грамматика

47. Такталган эрежелерди (жоболорду) гана чагылдырган грамматика

а) нормативдик грамматика
б) тарыхый грамматика
в) илимий грамматика
г) салыштырма грамматика

48. Морфология эмнени окутат?

а) тыбыштарды, сөздөрдү
б) сөздөрдүн өзгөрүшүн
в) сөз айкаштарын, фразеологизмдерди
г) сөздөрдүн маанилерин

49. Грамматикалык категориялар

а) сан, жак , таандык, жөндөмө, чак, мамиле, ыңгай
б) курандылар, уландылар
в) жандооч, байламта, бөлүкчө, модалдык сөздөр
г) морфология, лексика, фонетика, синтаксис

50. Сөздөрдүн тутумундагы лексикалык маани жаратып турган мүчө

а) уңгу
б) уланды
в) куранды
г) фонема

51. Сөздөрдүн тутумундагы грамматикалык маани жаратып турган мүчө

а) уңгу
в) уланды
б) куранды
г) фонема

52. *Куруп калгансың* ***го****, байкушум, суусун жутчу.* Бөлүнүп көрсөтүлгөн сөз кайсы сөз түркүмүндө?

а) жандооч
в) бөлүкчө
б) байламта
г) модалдык сөз

53. *Асан* ***менен*** *бирге окуймун, - жооп берди ойлонбой туруп.* Бөлүнүп көрсөтүлгөн сөз кайсы сөз түркүмүндө?

а) жандооч
в) бөлүкчө
б) байламта
г) модалдык сөз

54. *Касым менен сабыр тоого кетишкен.* Бөлүнүп көрсөтүлгөн сөз кайсы сөз түркүмүндө?

а) жандооч
б) байламта
в) бөлүкчө
г) модалдык сөз

55. Уңгу сөздөр

а) басма, көнөк, камын
б) биринчи, төртөө, илимий
в) жеке, негиз, татаал
г) чапкын, түшүнүк, тубаса

56. Жөндөмө мүчөлөрүнүн оөздүн тутумундагы орду

а) сөз башында
б) таандык мүчөлөрүнөн мурун
в) көптүк мүчөсүнөн мурун
г) жак мүчөдөн гана мурун

57. Таанысдык мүчөлөрүнүн сөздүн тутумундагы орду

а) сөз башында
б) дайыма сөз аягында
в) жак, жөндөмө мүчөлөрүнөн мурун
г) көптүк мүчөсүнөн мурун

58. Атоочтордо көптүк сан мүчөсүнүн сөздүн тутумундагы орду

а) дайыма сөз аягында
б) таандык, жак мүчөлөрүнөн кийин
в) таандык, жак, жөндөмө мүчөлөрүнөн мурун
г) таандык мүчөлөрүнөн мурун

59. Этиштердин тутумунда терс маани мүчөсүнүн орду

а) дайыма сөз аягында
б) жак мүчөлөрүнөн кийин
в) мамиле мүчөлөрүнөн кийин
г) ыңгай мүчөлөрүнөн кийин

60. Жалпы өткөн чактагы этиш

а) *Ойногон, күлгөн* жерлерим, Сагынба келем саламат. (Н. Жетикашкаева)
в) Жылкы тийип, эр өлүп, Кун *сураттың*, замана. Бар малыңды алдырып, Жокчулукка маң кылып, *Тунжураттың*, замана. (Жеңижок)
б) Кожо келсе, кой союп, *Сыйлагандан* эмесмин. (Барпы)
г) Балбан болсоң, жердей бол, Баарын чыдап көтөргөн. Таза болсоң, суудай бол, Баарын

жууп кетирген. (Т. Сыдыкбеков)

61. Жандооч сөздөр
а) кокуй, алдей, чиркин, кыруу-кыруу
б) анткени, болбосо, бирок, да, антсе да
в) дейре, карата, карай, боюнча, сөрөй
г) гана, жалаң, өңчөй, түк, такыр, ооба

62. Сырдык сөздөр
а) кокуй, алдей, чиркин, кыруу-кыруу
б) анткени, болбосо, бирок, да, антсе да
в) дейре, карата, карай, боюнча, сөрөй
г) гана, жалаң, өңчөй, түк, такыр, ооба

63. Байламталар
а) кокуй, алдей, чиркин, кыруу-кыруу
б) анткени, болбосо, бирок, да, антсе да
в) дейре, карата, карай, боюнча, сөрөй
г) гана, жалаң, өңчөй, түк, такыр, ооба

64. Бөлүкчөлөр
а) кокуй, алдей, чиркин, кыруу-кыруу
б) анткени, болбосо, бирок, да, антсе да
в) дейре, карата, карай, боюнча, сөрөй
г) гана, жалаң, өңчөй, түк, такыр, ооба

65. Тууранды сөздөр
а) кокуй, алдей, чиркин, кыруу-кыруу
б) анткени, болбосо, бирок, да, антсе да
в) шатыр-шатыр, томпоң-томпоң, сороң
г) гана, жалаң, өңчөй, түк, такыр, ооба

66. Кыргыз тили: морфология боюнча лекциялар курсун жарыялаган окумуштуу.
а) Б.Орузбаева
в) И.Абдувалиев

б) К.Дыйканов
г) И.А.Батманов

67. Грамматикалык маанилер.
а) жөндөмө, таандык, жак маанилер
в) жөнөкөй, татаал, аралаш маанилер
б) антонимдер, синонимдер, омонимдер
г) өтмө, түз, каймана маанилер

68. Этиштин категориялары.
а) жөндөмө, таандык, сан
б) мамиле, ыңгай, чак, жак
в) жак, жөндөмө, даража
г) даража, таандык, ыңгай

69. Татаал этиштин түрлүрү
а) эки сөздөн, үч сүздөн, көп сөздөн турган этиштер
б) этиш уңгулуу, атооч уңгулуу, тууранды сөз менен уюшулган этиштер
в) зат атооч уңгулуу, ат атооч уңгулуу, тактооч уңгулуу этиштер
г) мамиле, жак, куранды мүчөлүү этиштер

70. Сын атоочтун өзгөчөлүк белгилери
а) өңдү билдириши, жөндөлүшү, жакталышы
б) өз курандылары, даражалары болуп, касиетти билдириши.
в) сан, чак, жак категориялары менен өзгөрүшү
г) жөнөкөй, татаал, жекелик жана көптүк санда болушу

71. Мамиле мүчөлөрү
а) -са, -ба, -бы
б) -ын, -ыл, -ыш, -каз
в) -лар, -ла, -а
г) -ым, -ын. -сы, -ы

72. Таандык мүчөлөр
а) -са, -ба, -бы
б) -ын, -ыл, -ыш, -каз
в) -лар, -ла, -а
г) -ым, -ын. -сы, -ы

73. Атоочтуктун мүчөлөрү

а) -ым, -ыш, -оо
б) -ган, -ар, -бас, -оочу
в) -ып, -а, -и, -ыш
г) -оо, -уу, -мак, -май

74. Кыймыл атоочтун мүчөлөрү
а) -ым, -ыш, -оо
б) -ган, -ар, -бас, -оочу
в) -ып, -а, -и, -ыш
г) -оо, -уу, -мак, -май

75. Атоочтуктар
а) ойноп, күлүп жүрүп, сайрай, олтура
б) ойноо, күлүү, сайраш, олтурмак
в) ойногон, күлүүчү, сайрар, олтурбас
г) ойноду, күлбө, сайра, олтургун

76. Чакчылдар
а) ойноп, күлүп жүрүп, сайрай, олтура
б) ойноо, күлүү, сайраш, олтурмак
в) ойногон, күлүүчү, сайрар, олтурбас
г) ойноду, күлбө, сайра, олтургун

77. Кыймыл атоочтор
а) ойноп, күлүп жүрүп, сайрай, олтура
б) ойноо, күлүү, сайраш, олтурмак
в) ойногон, күлүүчү, сайрар, олтурбас
г) ойноду, күлбө, сайра, олтургун

78. Кызматчы сөз түркүмдөрү
а) тууранды сөздөр, сырдык сөздөр
б) жөндөмөдөгү сөздөр
в) байламталар, жандоочтор, бөлүкчөлөр
г) тактоочтор, жатыш жөндөмөдөгү сөздөр

79. Өзгөчө сөз түркүмдөрү
а) тууранды сөздөр, сырдык сөздөр
б) жөндөмөдөгү сөздөр
в) байламталар, жандоочтор
г) тактоочтор, жатыш жөндөмөдөгү сөздөр

80. Грамматикалык маани берүүчү каражаттар

а) курандылар

б) сан атоочтор, ат атоочтор

в) зат атоочту, сын атоочту, тактоочту, жасоочу мүчөлөр

г) уландылар, кызматчы сөздөр, интонация, басым

81. Сан атоочтун өзгөчөлүк белгилери

а) маанилери абстракттуу болот, өзгөрбөйт, сөздөрдөн жасалбайт

в) маанилери конкреттүү болот, сан категориясы боюнча өзгөрөт

б) өзүнө тиешелүү грамматикалык башка категориясы жок, таандык болуп өзгөрөт

г) өзүнө гана тиешелүү грамматикалык категориясы бар, даража боюнча өзгөрбөйт

82. Жөндөмө мүчөлөрүнүн сөздүн тутумундагы орду

а) сөз башында

б) таандык мүчөлөрдөн кийин

в) көптүк сан мүчөсүнөн кийин

г) жак мүчөдөн гана мурун

83. Сөз мүчөлөрүнө (морфемаларга) ажырат

а) үч-үн-чү-дөн

б) үч-ү-нчү-дө-н

в) үч-ү-нчү-дөн

г) үч-үнчү-дөн

84. Сөз мүчөлөрүнө (морфемаларга) ажырат

а) ул-гай-ган-дар

б) улгай-ган-дар

в) улг-ай-ган-дар

г) улга-й-ган-дар

85. Сөз мүчөлөрүнө (морфемаларга) ажырат

а) оюм-да-гылар

б) ой-ум-дагы-лар

в) ой-ум-да-гы-лар

г) ой-у-м-да-гы-лар

86. Жак категориясы менен өзгөргөн зат атоочтор

а) конкреттүү заттар

б) адамзаттык заттар

в) энчил үү аттар

г) жандуу заттар

87. Өткөн чактын түрлөрү

а) адат, капыскы, жалпы, айкын өткөн чактар

б) этиш уңгулуу, атооч уңгулуу өткөн чактар

в) белгисиз, айкын, алыскы, жакынкы өткөн чактар

г) айкын арсар өткөн чактар

88. Келер чактын түрлөрү

а) адат, капыскы, жалпы, айкын келер чактар

б) этиш уңгулуу, атооч уңгулуу келер чактар

в) белгисиз, айкын, алыскы, жакынкы келер чактар

г) айкын арсар келер чактар

89. Жөндөмөдө өзгөргөн зат атоочтор

а) комуз, кемеге, нокто, айран, кымыз

б) отко, ноктонун, комузду, кемегеде, айранга

в) комузум, кемегеси, ноктосу, айраның

г) жакшылык, жоо, келишим, кемсел

90. Таандык болуп өзгөргөн зат атоочтор

а) комуз, кемеге, нокто, айран, кымыз

б) отко, ноктонун, комузду, кемегеде, айранга

в) комузум, кемегеси, ноктосу, айраның

г) жакшылык, жоо, келишим, кемсел

91. Этиштин өзгөчө формалары

а) мамиле, ыңгай этиштер

б) оң форма, терс форма

в) атоочтук, чакчыл, кыймыл атооч

г) уңгу этиштер, туунду этиштер

92. Этиштин маанилик топтору

а) кыймыл, абал, өзгөрүм, сезим этиштер

б) атоочтуктар, чакчылдар, кыймыл атоочтор

в) татаал этиштер, жөнөкөй этиштер

г) уңгу этиштер, туунду этиштер

93. Тактоочтун түрлөрү

а) сезимдик, эрктик, турмуштук тактоочтор

б) күчөткүч, чектегич, ырастагыч тактоочтор

в) аныктагыч, бышыктагыч тактоочтор

г) маани берүүчү, маани бербөөчү тактоочтор

94. Сырдык сөздөрдүн түрлөрү

а) сезимдик, эрктик, турмуштук

б) күчөткүч, чектегич, ырастагыч

в) аныктагыч жана бышыктагыч

г) маани берүүчү, маани бербөөчү

95. Кайсы грамматикалык категория атооч сөздөргө да, этиш сөздөргө да тиешелүү?

а) жак

б) жөндөмө

в) чак

г) таандык

96. Атооч сөз түркүмдөрүнө гана тиешелүү грамматикалык категориялар

а) сан, чак, жөндөмө

б) чак, мамиле, ыңгай

в) сан, таандык, жөндөмө

г) таандык, даража, ыңгай

97. Этиштерге гана тиешелүү грамматикалык категориялар

а) сан, чак, жөндөмө

б) чак, мамиле, ыңгай

в) сан, таандык, жөндөмө

г) таандык, даража, ыңгай

98. Жогорку окуу жайлар үчүн кыргыз тилинин морфологиясы окуу китеби кайсы жылдарда чыккан?

а) 1964, 1980, 1997

б) 1934, 1978, 1989

в) 1934, 1947, 1956

г) 1950, 1960, 2002

99. Кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн өтмө жана өтпөс болуп айтылышын кандай шарттардын негизинде аныктайдиз?

а) этиш сөздөрдү лексикалык маанилерине карата гана өтмө же өтпөс этиштер деп аныктайбыз

в) этиш сөздөрдү чак категориясы боюнча өзгөрүү өзгөчөлүктөрүнө карай өтмө же өтпөс этиштер деп аныктайбыз

б) этиш сөздөрдү лексикалык маанилерине жана мамиле категориясы менен өзгөрүү өзгөчөлүктөрүнө карай өтмө же өтпөс этиштер деп аныктайбыз

г) этиштерди маанилик топтору боюнча өтмө же өтпөс этиштер деп аныктайбыз

100. Морфология эмнени окутат?

а) зат атооч, сын атооч жана этишти гана б) жөнөкөй сөздөрдү, татаал сөздөрдү
в) тыбыштарды, мүчөлөрдү, сөздөрдү г) сөздөрдүн түркүмдөрүн, сөздөрдүн өзгөрүшүн

**Мазмуну**


Автордон………………………………………………………………………….. 3

ГраМматика………………………………………………………………… **5**

Жалпы маалымат…………………………………………………………….... 5

Грамматикалык түзүлүш……………………………………………………….. 6

Грамматиканын түрлөрү.................................................................................... 7

Грамматиканын бөлүмдөрү.............................................................................. 8

Грамматикалык маанилер……………………………………………………... 8

Грамматикалык маани берүүчү каражаттар………………………………… 10

Грамматикалык форма………………………………………………………. 11

Грамматикалык категория……………………………………………………... 12

Сөзд/н тутуму………………………………………………………………... 13

Жалпы маалымат…………………………………………………………….... 13

Сөз мүчөлөрү.................................................................................................... 15

Ээрчиме мүчөлөр………………………………………………………………………… 17

Ээрчибес мүчөлөр……………………………………………………………………….. 18

Уңгу…………………………………………………………………………………………….. 18

Курандылар……………………………………………………………………………. 19

Уландылар……………………………………………………………………………... 21

Негиз………………………………………………………………………………………. 21

Сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби………………………………………………….. 23

Атооч сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби………………………….. 23

Этиш сөздөрдөгү сөз мүчөлөрүнүн орун тартиби…………………………... 26

Сөз жасоо……………………………………………………………………………… 28

Сөз жасоо мааниси……………………………………………………………… 30

Сөз жасоо тиби……………………………………………………………………... 31

Сөз жасоо жолдору……………………………………………………………… 32

Сөз жасоонун морфологиялык жолу……………………………………………….. 33

Сөз жасоонун синтаксистик жолу……………………………………………... 33

Татаал сөздөр……………………………………………………………………….. 34

Кош сөздөр……………………………………………………………………………….. 35

Кошмок сөздөр………………………………………………………………………….. 37

Кыскартылган сөздөр……………………………………………………………… 38

СӨЗ Т/РК/МДӨР/……………………………………………………………………. 40

Жалпы маалымат……………………………………………………………….... 40

Сөз түркүмдөрүнүн бөлүнүшү…………………………………………………. 42

ЗАТ АТООЧ………………………………………………………………………… 44

Жалпы маалымат……………………………………………………………….... 44

Зат атоочтордун лексика-тематикалык топтору……………………………….. 45

Тубаса жана туунду зат атоочтор……………………………………………... 47

Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор…………………………………………. 48

Энчилүү жана жалпы аттар………………………………………………………. 48

Жандуу жана жансыз заттар……………………………………………………… 51

Адамзаттык жана адамзаттык эмес заттар…………………………………... 51

Конкреттүү жана абстракттуу заттар………………………………………….. 53

Сан категориясы……………………………………………………………………. 54

Таандык категориясы……………………………………………………………… 57

Жөндөмө категориясы…………………………………………………………….. 61

Атооч жөндөмө……………………………………………………………………….. 62

Илик жөндөмө……………………………………………………………………… 64

Барыш жөндөмө…………………………………………………………………… 67

Табыш жөндөмө……………………………………………………………………. 69

Жатыш жөндөмө…………………………………………………………………….. 72

Чыгыш жөндөмө…………………………………………………………………….. 74

Жөндөлүш……………………………………………………………………………. 76

Жөнөкөй жөндөлүш………………………………………………………………. 77

Таандык жөндөлүш……………………………………………………………. 79

Жакталыш…………………………………………………………………………….. 80

Зат атоочтун жасалышы……………………………………………………….. 84

Морфологиялык жол менен жасалышы……………………………………… 84

Атооч сөздөрдөн зат атооч жасоочу курандылар. Өнүмдүү курандылар………. 85

Аз өнүмдүү курандылар……………………………………………………………… 85

Өнүмсүз курандылар………………………………………………………………. 86

Этиштен зат атооч жасоочу курандылар. Өнүмдүү курандылар…………………. 87

Аз өнүмдүү курандылар……………………………………………………………… 88

Өнүмсүз курандылар………………………………………………………………. 89

Тууранды сөздөрдөн жасалган зат атоочтор………………………………………… 90

Зат атоочтордун синтаксистик жол менен жасалышы……………………………… 91

Кош зат атоочтор…………………………………………………………………….. 91

Кошмок зат атоочтор……………………………………………………………… 92

Кыскартылган зат атоочтор………………………………………………………… 93

СЫН АТООЧ……………………………………………………………………….95

Жалпы маалымат…………………………………………………………………..95

Сын атооч сөздөрдүн лексика-тематикалык топтору……………………………… 96

Жөнөкөй жана татаал сын атоочтор………………………………………………. 97

Сын атоочтун түрлөрү……………………………………………………………. 98

Сапаттык сын атоочтор…………………………………………………………….. 98

Катыштык сын атоочтор…………………………………………………………. 99

Сын атоочтун даражалары………………………………………………………. 100

Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу……………………………………….. 103

Сын атоочтун жасалышы…………………………………………………………. 104

Морфологиялык жол менен жасалышы……………………………………………… 105

Атооч сөздөрдөн сын атооч жасоочу курандылар. Өнүмдүү курандылар……… 105

Аз өнүмдүү курандылар…………………………………………………………….. 108

Өнүмсүз курандылар……………………………………………………………… 109

Этиштерден сын атооч жасоочу курандылар. Өнүмдүү курандылар……………. 110

Аз өнүмдүү курандылар………………………………………………………………. 110

Өнүмсүз курандылар……………………………………………………………….. 111

Синтаксистик жол менен жасалышы……………………………………………… 111

САН АТООЧ…………………………………………………………………….. 113

Жалпы маалымат…………………………………………………………….. 113

Жөнөкөй жана татаал сан атоочтор………………………………………….. 115

Сан атоочтун маанилик топтору. Эсептик сандар…………………………. 116

Иреттик сандар………………………………………………………………. 120

Жамдама сан………………………………………………………………….. 121

Топ сан…………………………………………………………………………. 124

Чамалама сан………………………………………………………………….. 125

Бөлчөк сан……………………………………………………………………... 128

Сан атоочтун жасалышы……………………………………………………….. 129

АТ АТООЧ……………………………………………………………………... 130

Жалпы маалымат……………………………………………………………... 130

Жактама ат атоочтор………………………………………………………… 131

Шилтеме ат атоочтор………………………………………………………… 133

Сурама ат атоочтор………………………………………………………….... 134

Аныктама ат атоочтор……………………………………………………… 135

Белгисиз ат атоочтор…………………………………………………………. 136

Таңгыч ат атоочтор………………………………………………………….... 137

ЭТИШ…………………………………………………………………………….. 138

Жалпы маалымат……………………………………………………………………….. 138

Жөнөкөй жана татаал этиштер………………………………………………….. 140

Негизги жана жардамчы этиштер……………………………………………….. 142

Татаал этиштердин түрлөрү……………………………………………………. 143

Этиш сөздөрдүн маанилик топтору ………………………………………….. 144

Этиштин оң жана терс түрү……………………………………………………. 146

Өтмө жана өтпөс этиштер……………………………………………………… 148

Этиштин мамилелери. Негизги мамиле………………………………………. 152

Өздүк мамиле…………………………………………………………………….. 153

Туюк мамиле……………………………………………………………….…...... 155

Кош мамиле……………………………………………………………………… 156

Аркылуу мамиле………………………………………………………………… 157

Мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келиши…………………………………….. 158

Ыңгай категориясы. Баяндагыч ыңгай……………………………………….. 159

Буйрук ыңгай…………………………………………………………………….. 160

Тилек ыңгай……………………………………………………………………… 161

Ниет ыңгай………………………………………………………………………….. 162

Шарттуу ыңгай………………………………………………………………….. 163

Жак категориясы………………………………………………………………… 164

Этиштин жакталышы………………………………………………………… 167

Келер чак жакталыштары ……………………………………………………… 169

Өткөн чак жакталыштары……………………………………………………… 171

Чак категориясы………………………………………………………………. 171

Учур чак…………………………………………………………………………... 172

Учур чактын терс формасы…………………………………………………. 176

Өткөн чак………………………………………………………………………… 177

Айкын өткөн чак…………………………………………………………………… 178

Айкын өткөн чактын жакталыштары……………………………………… 180

Жалпы өткөн чак……………………………………………………………… 181

Капыскы өткөн чак……………………………………………………………… 184

Адат өткөн чак………………………………………………………………… 186

Келер чак………………………………………………………………………. 187

Айкын келер чак……………………………………………………………… 187

Арсар келер чак……………………………………………………………….. 190

Этиштин жасалышы………………………………………………………….. 191

Этиштердин морфологиялык жол менен жасалышы……………………….. 192

Атооч сөздөрдөн этиш жасоочу курандылар ……………………………….. 193

Этиштен этиш жасоочу курандылар………………………………………….. 194

Тууранды сөздөрдөн этиш жасоочу курандылар…………………………………… 196

Этиш сөздөрдүн синтаксистик жол мнене жасалышы……………………………… 196

ЭТИШТИН ӨЗГӨЧӨ ФОРМАЛАРЫ………………………………………………. 198

Чакчылдар……………………………………………………………………………….. 198

Жалпы маалымат……………………………………………………………………... 199

Чакчылдардын өзгөчө белгилери………………………………………………….. 200

Чакчылдардын уюшулушу………………………………………………………….. 204

Жөнөкөй чакчыл мүчөлөр………………………………………………………….. 204

Татаал чакчыл мүчөлөр…………………………………………………………… 206

АТООЧТУКТАР……………………………………………………………………… 209

Жалпы маалымат……………………………………………………………………... 209

Атоочтуктардын этиштик белгилери………………………………………………… 210

Атоочтуктардын атооч сөз түркүмдөрүнө тиешелүү беогилери………………….. 210

Атоочтуктардын жасалышы………………………………………………………… 211

КЫЙМЫЛ АТООЧТОР……………………………………………………………….. 217

Жалпы маалымат……………………………………………………………………... 217

Кыймыл атоочтордун этиштик белгилери…………………………………………… 218

Кыймыл атоочтордун атоочтук белгилери………………………………………….. 219

Кыймыл атоочтун уюшулушу………………………………………………………. 219

ТАКТООЧ…………………………………………………………………………... 222

Жалпы маалымат……………………………………………………………….... 222

Бышыктагыч тактоочтор………………………………………………………. 224

Аныктагыч тактоочтор………………………………………………………… 226

Тубаса жана туунду тактоочтор……………………………………………… 227

Тактоочтордун жасалышы…………………………………………………….. 228

СЫРДЫК СӨЗДӨР…………………..……………………………………… 232

ТУУРАНДЫ СӨЗДӨР…………………………………………………………. 236

Жалпы маалымат……………………………………………………………….... 236

Табыш тууранды сөздөр……………………………………………………... 237

Элес тууранды сөздөр………………………………………………………………… 238

Тууранды сөздөрдүн түзүлүшү………………………………………………… 239

КЫЗМАТЧЫ СӨЗ Т/РК/МДӨР/……………………………………………….. 241

Жалпы маалымат……………………………………………………………….. 241

Байламталар…………………………………………………………………….. 242

Байламталардын тутумдук түзүлүшүнө карай бөлүнүшү………………………… 243

Байламталардын аткарган кызматына карай бөлүнүшү………………………….. 244

Байламталардын маанисине карай бөлүнүшү………………………………. 245

Багындыргыч байламталар…………………………………………………. 245

Багындырбас байламталар…………………………………………………………. 247

Тубаса жана туунду байламталар…………………………………………………….. 248

Жандоочтор………………………………………………………………………… 249

Жандоочтордун түзүлүшү………………………………………………………… 252

Атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор…………………… 253

Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор………………….. 255

Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор………………….. 256

Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор…………………. 256

Бөлүкчөлөр…………………………………………………………………………. 258

Чектегич бөлүкчөлөр……………………………………………………………… 259

Күчөткүч бөлүкчөлөр……………………………………………………………… 259

Аныктагыч-тактагыч бөлүкчөлөр……………………………………………….. 260

Таңгыч бөлүкчөлөр………………………………………………………………… 260

Сурама бөлүкчөлөр………………………………………………………………… 261

Ырастагыч бөлүкчөлөр…………………………………………………………… 261

Божомолдогуч бөлүкчөлөр……………………………………………………….. 261

Жалыныч бөлүкчө…………………………………………………………………. 262

Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр…………………………………………….. 262

Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөрдүн маанилери………………………………… 264

Терминдер……………………………………………………………………………… 266

Морфология боюнча тестер…………………………………………………………. 269

*Окуу басылмасы*

Абдувалиев Ибраим

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН МОРФОЛОГИЯСЫ

*«Кыргыз тили жана адабияты» адистиги боюнча жогорку окуу жайлардын студенттери*

*үчүн окуу китеп*

Редактор: Б. Усубалиев
Көркөм редактору: Б. Курманакунов
Техн. редактору: С. Тиллебаев
Корректор: Б. Кадырбекова
Компьютерде терип калыпка салган Э. Абдувалиев

Терүүгө 27.06.2008 берилди. Басуууга 07.08.2008 кол коюлду.
Офсет ыкма менен басылды. Офсет кагазы.
Ченеми 60+84 : 16. Көлөмү 17 басма табак. 16,02 шарттуу басма табак. Нускасы 500.
ЖЧК «Полиграф ресурс», Бишкек ш., Киев көч., 60